КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

## 2014

Бишкек 2015

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2014-жыл үчүн отчету**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2014-жыл үчүн отчету Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамынын 8 жана 10-беренелерине ылайык даярдалган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2014-жыл үчүн отчету Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын чын куран айынын жыйырмасындагы №18/1 токтому менен бекитилген.

2014-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчет, Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын чын куран айынын жыйырмасындагы №18/2 токтому менен бекитилген.


**Редакциялык кеңеш:**

Төрагасы: Жеңиш Н.

Кеңештин мүчөлөрү: Жеенбаева Б.Ж.
Кадыралиев А.Ж.
Исакова Г.А.
Лелевкина Э.В.
Урустемов С.А.
Чалбаев С.А.

Жооптуу катчы: Сырдыбаева Н.М.



Басылманын мазмунуна тиешелүү суроолор боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Басылмаларды чыгарууну уюштуруу бөлүмүнө:
(996 312) 66 91 15 телефону,
(996 312) 61 07 30 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: nsyrdybaeva@nbkr.kg

Басылманы таркатуу маселеси боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Коомдук байланыш жана протокол бөлүмүнө:
(996 312) 61 45 78 телефону,
(996 312) 61 07 30 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
Веб-сайт: http://www.nbkr.kg



© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2015-жыл



Басылма "Юнитпринт" ЖЧКсында басылып чыккан.
Нускасы 270 даана.

# МАЗМУНУ


**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын кириш сөзү ............................................... 5**

**I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2014-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2014-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮҮ БАГЫТЫ..............................................................................8

1.1. Экономиканын реалдуу сектору.................................8
1.2. Мамлекеттик финансы сектору...............................10
1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми.............11
1.4. Банк сектору...............................................................13
1.5. Банктык эмес финансы-кредит мекемелери сектору...............................................................................19
1.6. Финансылык рыноктор..............................................24
1.6.1. Валюта рыногу....................................................24
1.6.2. Банктар аралык кредит рыногу..........................25
1.6.3. Баалуу кагаздар рыногу.......................................26
1.6.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу...................31

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2014-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ..............................40

2.1. Акча-кредит саясатын аныктоо...............................40
2.2. Акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу....................43
2.2.1. Ички валюта рыногундагы операциялар...........43
2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен ишке ашырылган операциялар.............................................45
2.2.3. Репо операциялары...............................................46
2.2.4. Банктарды кайра каржылоо...............................46
2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар..............................47
2.3. Эл аралык камдарды тескөө.....................................48
2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары..................50

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРДИН ИШИНЕ КӨЗӨМӨЛДҮК ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ...................................................................54

3.1. Банктык көзөмөл.........................................................54
3.1.1. Лицензиялоо.........................................................54
3.1.2. Тышкы көзөмөл....................................................55
3.1.3. Инспектордук текшерүүлөр................................58
3.1.4. Таасир этүү чаралары..........................................59
3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөл...................................................................60
3.3. Көзөмөл жана жөнгө салуу методологиясы.............62

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ....................................64

4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү..................................65
4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр.......................................65
4.1.2. Төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк (оверсайт).......................................................................68
4.1.3. Нак эмес төлөмдөр үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар....................................................................69
4.2. Нак акча жүгүртүлүшү...............................................70

5-ГЛАВА. ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШ..............................................................73

5.1. Эл аралык уюмдар менен кызматташуу..................73
5.2. Борбордук (улуттук) банктар менен кызматташуу..77

6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР...............................................................80

6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү...............................................................................80
6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жыл ичинде аткарган иши..........88
6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү...............................91
6.4. Финансылык кеңешчинин милдетин аткаруу..........94
6.5. Ички аудит жана ички контролдук системасы......100
6.6. Коомчулукка маалымат берүү................................101

**III. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2014-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ**

7-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2014-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ...............................................106

7.1. Көз карандысыз аудитордун отчету........................107
7.2. 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата финансылык абал жөнүндө отчет......................109
7.3. 2014-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн түшкөн пайда же кеткен чыгым жөнүндө отчет....................................................110
7.4. 2014-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет..............................................................111
7.5. 2014-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл ичинде акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет................................................112
7.6. 2014-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл ичинде капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет..............................................................114
7.7. 2014-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр............................................................116

**IV. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. 2014-жыл ичинде акча-кредит чөйрөсүндөгү негизги окуялардын тизмеги..................172
2-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер)........................................185
3-тиркеме. Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары...............................209
4-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси.............216

Урматтуу окурмандар,

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы сиздердин кароонуздарга 2014-жыл үчүн жылдык отчетту сунуштайт. Отчет "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзам талабына ылайык даярдалган. Жылдык отчетто баанын жалпы деңгээлинин туруктуулугуна жетишүүгө жана аны колдоп турууга багытталган Улуттук банкка жүктөлгөн негизги милдеттердин аткарылышы боюнча маалыматтар камтылган.

Отчеттук жылы Улуттук банк акча-кредит саясатын ишке ашыруунун жаңы негизине өткөн. Улуттук банк өз алдынча акча-кредит саясатын ишке ашыра баштаган учурдан тартып биринчи жолу анын негизи өзгөртүлгөн, ал өлкө ичинде сыяктуу эле, глобалдуу экономикада жүрүп жаткан макроэкономикалык процесстердеги өзгөрүүлөргө карата өз учурунда чара көрүү зарылчылыгынан улам келип чыккан. Трансмиссиондук механизмдин пайыздык каналынын ишин жана анын экономиканын реалдуу секторуна таасирин күчөтүү жаңы негизге өтүүдөгү орто мөөнөткө каралган милдеттен болгон.

Акча-кредит саясатын ишке ашыруу Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн 2013-2017-жылдарга каралган улуттук стратегиясында аныкталган милдеттерди аткарууга багытталган. Улуттук банк ушул максатта акча-кредит саясатынын инструменттерин жана макропруденциалдык мүнөздөгү чараларды колдонгон. Бул 2014-жылы инфляциянын орточо жылдык деңгээлин белгиленген көрсөткүч чегинде токтотуп турууга өбөлгө түзгөн.

2014-жылы банк жана микрофинансылык системалардын ишинин негизги көрсөткүчтөрү ортомчулук деңгээлинин жана анын натыйжалуу ишин жогорулатуу үчүн туруктуу потенциалды сактоо менен арымдуу өнүгүү багытын тастыктаган. Финансы системасынын өнүгүү багытын жана банктар тарабынан улам жаңы инструменттер колдонулуп жатышын эске алуу менен коммерциялык банктардын ишинде орун алган проблемаларды алдын ала аныктоо максатында, Улуттук банктын отчеттук мезгил ичиндеги иши тобокелдиктерди алдын ала аныктоого негизделген көзөмөлдүктүн өзүнчө элементтерине иликтөөлөрдү жүргүзүп, аларды иш жүзүндө колдонууга багытталган.

Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктерди эске алуу менен ушул секторду андан ары сапаттуу өнүктүрүү максатында, Улуттук банк бул мекемелердин капиталынын минималдуу деңгээлине карата талаптарды жогорулатып, тобокелдикти аныктоого багытталган усулдук ыкмаларды иш жүзүндө жайылткан. Мына ушул аракеттердин натыйжасында сектордун ишинде тобокелдикти натыйжалуу тескөөгө алуу жөнгө салынып, сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жакшырып, атаандаштык күчөгөн.

Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу маселесине айрыкча көңүл бурулуп, отчеттук жыл ичинде бир катар долбоорлор ишке ашырыла баштаган.

Кыргыз Республикасынын улуттук төлөм системасы 2014-жыл ичинде туруктуу режимде иштеген. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан "Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө" мыйзамынын кабыл алынышы бул багытта маанилүү окуядан болгон. Аталган мыйзам долбоору экономикада акча каражаттарынын жылышынын ачык-айкындуулугун жана тескөөгө алынышын жогорулатуу боюнча чараларды күчөтүүгө багытталган.

Маалыматтардын ачык-айкындуулугу жана толук чагылдырылышы принциптерине ылайык, Улуттук банктын кароого сунушталган ушул жылдык отчетунда эл аралык стандарттарга ылайык түзүлгөн жана көз карандысыз аудит тарабынан тастыкталган финансылык отчет да камтылган.

Ишиңиздерге ийгилик каалап,

Төрага Т. Абдыгулов

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2014-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

# 1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2014-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮҮ БАГЫТЫ

## 1.1. Экономиканын реалдуу сектору[1]

2014-жылы Кыргыз Республикасынын экономикасынын өсүш арымынын басаңдашы байкалган. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (УСК) алдын ала берген маалыматтары боюнча 2014-жылы ички дүң өнүм (ИДӨ) реалдуу алганда, 2013-жылдагы ушул көрсөткүчтүн 10,9 пайызга өсүшүнө салыштырганда, 3,6 пайызга көбөйгөн. ИДӨнүн өсүш арымынын басаңдашы эң башкысы, "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүш көлөмүнүн төмөндөшүнө байланыштуу өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн кыскарышы жана өсүмдүк өстүрүү багытынан азыктардын азайышы менен шартталган. 2013-жылдагы статистикалык жогорку базанын таасири отчеттук жылда экономиканын өсүш арымынын салыштырмалуу төмөн болушуна таасир эткен. Мында, ИДӨнүн өсүшүнө негизги салымды курулуш жана кызмат көрсөтүү сектору кошкондугу байкалган. "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨнүн өсүшү 4,6 пайызды түзгөн (2013-жылы көбөйүү 6,1 пайызды түзгөн эле). Номиналдык туюндурулушунда ИДӨнүн көлөмү 397,3 млрд. сом чегинде катталган. ИДӨ дефлятору 2013-жылдагы 3,2 пайызга караганда 7,9 пайызды түзгөн.

***1.1.1-таблица***

Ички дүң өнүмдүн түзүмү

| | 2013-ж. | | | 2014-ж. | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Салыштырма салмак, *пайыздарда* | Өсүш арымы, *пайыздарда* | Өсүшкө салым, *п.п.* | Салыштырма салмак, *пайыздарда* | Өсүш арымы, *пайыздарда* | Өсүшкө салым, *п.п.* |
| **ИДӨ** | **100,0** | **10,9** | **10,9** | **100,0** | **3,6** | **3,6** |
| Айыл чарба, мергенчилик жана токой чарбасы | 14,6 | 2,7 | 0,4 | 14,8 | -0,6 | -0,1 |
| Өнөр жай | 18,5 | 35,9 | 5,7 | 15,5 | -1,7 | -0,3 |
| *Пайдалуу кендерди казып алуу* | 0,7 | -6,3 | -0,1 | 0,6 | -0,5 | -0,004 |
| *Иштетүү өндүрүшү (Кайра иштетүү өнөр жайы)* | 15,8 | 47,5 | 5,7 | 13,1 | -3,0 | -0,5 |
| *Электр энергиясы, газ, буу жана тазаланган аба менен камсыздоо (жабдуу)* | 1,8 | -1,8 | -0,05 | 1,6 | 7,8 | 0,1 |
| *Суу менен камсыздоо, калдыктарды тазалоо, иштеп чыгуу аркылуу кайра пайдалануучу чийки затты алуу* | 0,3 | 7,5 | 0,02 | 0,2 | 7,1 | 0,02 |
| Курулуш | 6,3 | 16,4 | 1,1 | 7,4 | 24,9 | 1,6 |
| Дүң жана чекене соода; автомобиль жана мотоциклдерди оңдоо | 16,5 | 7,3 | 1,2 | 17,4 | 8,3 | 1,4 |
| Транспорт иш чөйрөсү жана жүктөрдү сактоо | 3,9 | 6,1 | 0,3 | 4,2 | 2,9 | 0,1 |
| Маалымат жана байланыш | 4,4 | 15,7 | 0,8 | 4,2 | 5,0 | 0,2 |
| Жана башкалар | 21,7 | 0,5 | 0,1 | 22,3 | 1,1 | 0,2 |
| *Мейманканалар менен ресторандардын иши* | 1,6 | 13,3 | 0,2 | 1,7 | 9,6 | 0,2 |
| *Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу* | 0,8 | 2,7 | 0,02 | 0,8 | 0,8 | 0,01 |
| *Кыймылсыз мүлк менен операциялар* | 2,3 | -1,2 | -0,03 | 2,3 | 2,9 | 0,1 |
| *Кесиптик, илимий жана техникалык иш чөйрөсү* | 1,5 | -2,6 | -0,04 | 1,7 | -0,3 | -0,01 |
| *Административдик жана көмөкчү иш* | 0,4 | 1,7 | 0,01 | 0,4 | 5,3 | 0,02 |
| *Мамлекеттик башкаруу жана коргонуу; милдеттүү социалдык камсыздоо* | 5,0 | -1,6 | -0,1 | 5,4 | -2,5 | -0,1 |
| *Билим берүү* | 5,3 | 0,4 | 0,02 | 5,1 | 1,3 | 0,1 |
| *Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө* | 3,1 | 1,6 | 0,1 | 3,2 | 0,6 | 0,02 |
| *Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу* | 0,6 | 1,5 | 0,01 | 0,7 | 2,3 | 0,01 |
| *Башка тейлөө иши* | 1,1 | -1,3 | -0,01 | 1,0 | 1,0 | 0,01 |
| Продуктуларга таза (субсидияларды эсептен алып салуу менен) салыктар | 13,9 | 10,9 | 1,4 | 14,1 | 3,6 | 0,5 |

*Булагы: КР УСК*

[1] Алдын ала маалыматтар боюнча.

*Өнөр жай өндүрүшү*

Өнөр жай өндүрүш көлөмүнүн төмөндөшү 2014-жылы ИДӨнүн өсүш арымынын басаңдашына түрткү берген негизги себептен болгон, ал негизинен, “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүш көлөмүнүн кыскарышына (6,8 пайызга) байланыштуу кайра иштетүү өндүрүш ишканаларында өндүрүштүн төмөндөшүнүн (3,0 пайызга) эсебинен жүргөн. Натыйжада, өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн физикалык көлөмү 1,7 пайызга төмөндөп, 167,6 млрд. сомду түзгөн. Өнөр жай өндүрүшүнүн экономиканын өсүшүнө кошкон салымы терс болуу менен ал 0,3 пайыздык пунктту түзгөн (2013-жылы бул көрсөткүчтүн салымы оң калыптанып, 5,7 пайыздык пунктту түзгөн эле).

“Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшү 2014-жыл жыйынтыгы боюнча 3,4 пайызга көбөйгөн. Тазаланган мунай заттары өндүрүшүндө продукциялардын физикалык көлөмүнүн өскөндүгү (2,3 эсеге), буу жана тазаланган аба менен камсыздоо (52,7 пайызга), ошондой эле фармацевтика продукцияларын өндүрүүдө (28,3 пайызга) өсүш катталган.

ИДӨ түзүмүндө өнөр жайынын салыштырма салмагы 2014-жылы 15,5 пайызды түзгөн.

*Айыл чарба*

Отчеттук жыл ичинде айыл чарба азык-түлүгүн өндүрүүнүн төмөндөшү аба ырайынын алгылыксыз болушу менен шартталган, бул жагдай өсүмдүк өстүрүү тармагында алынуучу азыктардын 4,6 пайызга кыскарышына кесепетин тийгизген. Айыл чарба азык-түлүгүнүн 2014-жылдагы жалпы дүң көлөмү 194,4 млрд. сомду түзүп, реалдуу алганда 0,6 пайызга кыскарган. Бул тармактын ИДӨнүн өсүшүнө кошкон салымы терс болуп, ал 0,1 пайыздык пунктту түзүү менен 2013-жылдагыга салыштырганда 0,5 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

Айыл чарба азык-түлүгүн дүңүнөн алуу көлөмүнүн төмөндөшү негизинен, дан эгиндерин өстүрүп алуунун (буурчак өсүмдүгүн, күрүчтү жана гречиха) 21,9 пайызга, анын ичинде буудайдын 30,1 пайызга кыскарышы менен шартталган.

*Соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү*

Отчеттук жылы 2013-жылдагыга салыштырганда рыноктук кызмат көрсөтүүлөр көлөмүнүн өсүшү 6,5 пайызды түзгөн. Мурдагыдай эле, ушул тармактын ИДӨнүн өсүшүнө кошкон салымы алгылыктуу болуу менен жыл жыйынтыгы боюнча ал 1,9 пайыздык пунктту түзгөн.

Дүң жана чекене соода жүргүзүүнүн жалпы көлөмү, автоунааларды жана мотоциклдерди ремонттон өткөрүү 2014-жылы 2013-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда, 8,3 пайызга көбөйгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде ушул тармактын бардык секторлору боюнча, атап айтканда автоунааларды жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода жүгүртүүсү 9,4 пайызга өскөн; автоунааларды жана мотоциклдерди, алардын тетиктерин, аларга тиешелүү буюм заттарды сатуу көлөмү 7,3 пайызга өскөн. Мейманканалар жана тойканалар сунуштаган кызмат көрсөтүү көлөмү 9,6 пайыздык өсүшкө ээ болгон. Транспорттун бардык түрү менен жүк ташуулар отчеттук жыл ичинде 3,6 пайызга жогорулаган.

*Курулуш*

Курулуш материалдарын дүңүнөн чыгаруунун жалпы көлөмү 2014-жылы 96,9 млрд. сомду түзүп, реалдуу алганда 2013-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтүн 16,4 пайызга өсүшүнө салыштырганда, 24,9 пайызга көбөйгөн. Курулуш тармагы ИДӨнүн калыптанышына алгылыктуу салым кошуу менен ал 1,6 пайыздык пункт деңгээлинде катталган. Курулуш иштеринин көлөмүнүн артышы негизги капиталга инвестициялар көлөмүнүн өсүш арымынын тездеши менен шартталган.

*Инвестициялар*

Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 21,6 пайызга көбөйүп (салыштырмалуу баада), 105,8 млрд. сомду түзгөн. 2013-жылы бул көрсөткүчтүн өсүшү 7,6 пайыз чегинде катталган эле. Негизги капиталга өздөштүрүлгөн инвестициялардын көлөмү электр энергиясы, газ, буу жана тазаланган аба менен камсыздоо (жабдуу) объекттеринде, кайра иштетүү өндүрүшүндө, ошондой эле кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө көбөйгөн. Негизги капиталга инвестицияларды каржылоо булактарынын түзүмүндө тышкы булактардын эсебинен (35,6 пайызга) сыяктуу эле, ички булактардын эсебинен (13,7 пайызга) каржыланган ин-

вестициялардын көбөйгөндүгү байкалган. Тышкы булактардын каржылоосунун эсебинен инвестициялардын көбөйүүсү чет өлкө кредиттеринин өсүшү (2,5 эсеге) менен шартталган. Мында, ички каржылоо булактарынын эсебинен инвестициялардын түшүүсү "Калктын каражаттары жана Кыргыз Республикасынын резиденттеринин кайрымдуулук жардамы" статьясы боюнча инвестициялардын көбөйүүсү (15,2 пайызга), ошондой эле ишканалар жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен (15,0 пайызга) жүргөн.

## 1.2. Мамлекеттик финансы сектору[1]

*Бюджет-салык саясаты*

2014-жылы бюджет-салык саясаты бюджет тартибин чыңдоо, мамлекеттик чыгашалардын натыйжалуулугун арттыруу аркылуу макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылууга багытталган. Бюджеттин киреше бөлүгү салыктык жана салыктык эмес кирешелерди чогултуу боюнча пландык көрсөткүчтөрдүн аткарылышынын эсебинен камсыз кылынган. Мурдагыдай эле, бюджеттик каражаттардын олуттуу бөлүгү коргоого алынган милдеттенмелерди каржылоого багытталган, атап айтканда эмгекке төлөөгө, субсидияларга жана социалдык жөлөк пулдарга чыгашалардын көбөйгөндүгү катталган. Отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча бюджет тартыштыгы кыскарып, Борбордук казыналыктын маалыматтарына ылайык 1,9 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,5 пайызды түзгөн (2013-жылы бюджет ИДӨгө карата 0,7 пайыз өлчөмүндөгү тартыштыгы менен аткарылган эле).

2014-жылы мамлекеттик бюджеттин операциялык иштен түшкөн кирешелери 119,4 млрд. сомду же 2013-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 17,3 пайызга көбөйүү менен ИДӨгө карата 30,0 пайызды түзгөн (2013-жылы кирешелер да 17,3 пайызга көбөйгөн эле).

Кирешелер түзүмүндө негизги үлүштү ээлеген салыктык түшүүлөр 2013-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 13,4 пайызга көбөйүү менен 82,6 млрд. сомду түзгөн. Салыктык түшүүлөрдүн 48,5 пайызы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматынан түшүүлөр менен, ал эми 51,5 пайызы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик бажы кызматынан түшүүлөр менен камсыз кылынган (2013-жылы бул катыш тиешелүүлүгүнө жараша 49,3 жана 50,7 пайызды түзгөн эле).

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына ылайык, 2014-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) пайдасынын 70 пайызы мамлекеттик бюджетке чегерилген, бул 310,9 млн сомду түзөт.

***1.2.1-график***

Мамлекеттик бюджетке салыктык түшүүлөрдүн түзүмү




[1] Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдын ала маалыматтары.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерге жалпы чыгашалары 2014-жылы 95,6 млрд. сомду түзгөн жана 10,4 пайызга көбөйгөн (2013-жылы чыгашалардын 13,4 пайызга кыскарышы катталган эле). ИДӨгө карата чыгашалар 2013-жылдагы 31,9 пайыздан 2014-жылдагы 24,1 пайызга чейин азайган.

Экономикалык классификацияга ылайык бөлүштүрүлгөн чыгашалар түзүмү олуттуу деле өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес. 2014-жылы мамлекеттик бюджеттин эмгек акыны төлөөгө чыгашалары 11,5 пайызга көбөйүп (2013 жылы 3,1 пайызга), 35,1 млрд. сомду же операциялык ишке чыгашалардын жалпы көлөмүнүн 36,7 пайызын түзгөн. Социалдык жөлөк пулдарга жана субсидияларга чыгашалар операциялык ишке чыгашалардын жалпы көлөмүнүн 27,3 пайызын же 26,1 млрд. сомду түзүү менен 15,5 пайызга көбөйгөн.

Бюджеттик чыгашаларды функционалдык классификациялоого ылайык отчеттук мезгил ичинде төмөнкү топтор боюнча чыгашалардын өскөндүгү байкалган: коргонууга, коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоого – 19,1 пайыз, курчап турган чөйрөнү коргоого – 16,8 пайыз, жалпы мааниге ээ мамлекеттик кызматтарга – 15,7 пайыз, экономикалык маселелерге – 14,7 пайыз, социалдык жактан коргоого алууга – 14,4 пайыз, турак-жай коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө – 11,8 пайыз, эс алуу, маданий жана диний иш-чараларга – 6,5 пайыз, билим берүүгө – 3,3 пайыз жана саламаттыкты сактоого – 1,7 пайыз. 2014-жылы финансылык эмес активдерди таза сатып алуу 25,7 млрд. сом же ИДӨгө карата 6,5 пайыз чегинде катталган (2013-жылы ИДӨгө карата 4,9 пайыз)[1].

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматтарына ылайык, 2014-жылдын акырына карата абал боюнча мамлекеттик тышкы карыз 3,4 млрд. АКШ долларын же ИДӨгө карата 50,9 пайызды (2013-жылы 3,2 млрд. АКШ доллары же ИДӨгө карата 43,8 пайыз), ички карыз 12,4 млрд. сомду же ИДӨгө карата 3,1 пайызды (2013-жылы 11,9 млрд. сомду же ИДӨгө карат 3,3 пайызды) түзгөн. Мамлекеттик карызды тейлөөгө кеткен чыгашалар 13,7 млрд. сомду же ИДӨгө карата 3,5 пайызды түзгөн. Мунун ичинен пайыздык төлөөлөр 3,5 млрд. сом же ИДӨгө карата 0,9 пайыз чегинде катталган (2013-жылы мамлекеттик карызды тейлөөгө чыгашалар 13,9 млрд. сомду же ИДӨгө карата 3,9 пайызды түзгөн эле).

## 1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми[2]

2014-жылы күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгынын ИДӨгө карата 25,1 пайыздан ИДӨгө карата 23,7 пайызга чейин (1,8 млрд. АКШ доллары) азайгандыгы катталган.

***1.3.1-график***

Күндөлүк операциялар эсеби




[1] Эсептөөлөрдө 2013-жыл үчүн ИДӨнүн жыйынтык көрсөткүчү пайдаланылган.

[2] Алдын ала маалыматтар.

*Тышкы соода*

Товарлардын импорттук түшүүлөр көлөмүнүн экспорттук берүүлөргө салыштырганда озгон арымда төмөндөшү соода тартыштыгынын 4,7 пайызга (3,4 млрд. АКШ долларына чейин) кыскарышын шарттаган.

Отчеттук мезгил ичинде товарлардын экспорту 7,7 пайызга кыскарып, 1,9 млрд. АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн. Алтын экспорттун ири статьясынан болгон, анын нарктык көлөмү берүүлөрдүн орточо контракттын баасынын төмөндөшүнөн улам, 2,7 пайызга кыскарган. Алтынды эске албаганда экспорт 10,4 пайызга төмөндөп, 1,2 млрд. АКШ долларын түзгөн. Авиакеросинди[1] (21,6 пайызга), жашылчаларды (21,3 пайызга), электр тогун (99,2 пайызга), чоюнду жана болотту (50,4 пайызга), мөмө-жемиштерди жана жаңгактарды (32,5 пайызга) ж.б. бир катар товарларды берүүлөрдүн төмөндөгөндүгү белгиленген.

Отчеттук жыл ичинде импорт көлөмү (ФОБ баасында) 5,3 млрд. АКШ долларын түзгөн жана 5,8 пайызга төмөндөгөн. Мунай заттарын берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн жана импорттук баанын төмөндөшү жана анын натыйжасында алардын нарктык көлөмү 2013-жылдагы деңгээлден 11,5 пайызга төмөн калыптангандыгын импорттун кыскарышына түрткү берген башкы фактордон болгон. Мындан тышкары, чоюндан, болоттон жана алюминийден жасалган конструкцияларды берүүлөрдүн көлөмү (64,8 пайызга), жүк ташуучу автоунааларды, атайы багыттагы автоунааларды (45,7 пайызга), кийим-кечелерди жана аларга тиешелүү буюм заттарды (17,7 пайызга), электр трансформаторлорун (64,6 пайызга), буудай унун (60,9 пайызга) жана бир катар башка товарларды берүүлөрдүн көлөмүнүн кыскаргандыгы байкалган.

Отчеттук жыл ичинде кызмат көрсөтүүлөр экспортунун көлөмү 16,8 пайызга төмөндөгөндүгү, ошол эле учурда кызмат көрсөтүү импорту 8,9 пайызга өскөндүгү катталган. Мында, кызмат көрсөтүү динамикасына “кыдыруулар” статьясы аныктоочу таасирин тийгизген, ал боюнча экспорт көлөмүнүн 20,3 пайызга төмөндөшү, импорттун 11,1 пайызга өсүшү жүргөн. Натыйжада, кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгы 5,1 эсеге (340,6 млн. АКШ долларына чейин) көбөйгөн.

*Акча которуулар*

Күндөлүк трансферттердин таза агымынын көлөмү 2013-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 2,8 пайызга төмөндөө менен 2,2 млрд. АКШ долларын түзгөн. Күндөлүк трансферттер түзүмүндө валюталык түшүүлөрдүн олуттуу көлөмү эмгек мигранттарынын акчалай которуулары менен камсыз кылынган. 2014-жыл жыйынтыгы боюнча акча которуулардын таза агымы 2,0 млрд. АКШ доллары чегинде катталган (жеке адамдардын акча которуулар системасы аркылуу которуулары боюнча таза агымды – 1,8 млрд. АКШ долларын кошо алганда), бул 2013-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 5,1 пайызга аз.

Кирешелердин терс сальдосу 48,4 пайызга (213,7 млн. АКШ долларына чейин) кыскарган, бул негизинен, тике чет өлкө инвесторлоруна Кыргыз Республикасындагы инвестициялык ишкердигине төлөөлөргө каралган кирешелердин азайышы менен шартталган.

*Капиталдын жылышы эсеби*

Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсебинин сальдосу 2014-жыл жыйынтыгы боюнча оң калыптанып, 810,3 млн АКШ долларын түзгөн, бул 2013-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 28,5 пайызга төмөн.

Финансылык эсеп боюнча негизги түшүүлөр “башка инвестициялар” жана “тике инвестициялар” статьялары боюнча капиталдын агымы менен камсыз кылынган.

Отчеттук жылы “башка инвестициялар” статьясынын сальдосу оң абалда сакталып, 536, 2 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2013-жылдагы деңгээлден 2,4 эсеге жогору. Башка инвестициялар түзүмүндөгү өзгөрүүлөрдү негизинен мамле-

[1] Борттордогу запастарды ташуу.

кеттик[1] жана жеке сектор тарабынан алынган кредиттердин эсебинен капиталдын нетто-агымынын өсүшү менен түшүндүрүүгө болот.

Отчеттук жыл ичинде тике инвестициялардын таза агымы 66,4 пайызга кыскаруу менен 210,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Тике инвестициялардын негизги көлөмү тике инвестицияланылуучу ишканаларга реинвестицияланган кирешелердин таза агымы менен камсыздалган.

***1.3.2-график***

Финансылык эсеп




2014-жыл жыйынтыгы боюнча “каталар жана калтырып кетүүлөр” статьясынын сальдосу 838,4 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул өлкөгө капиталдын агылып киришине байланыштуу операциялар толук статистикалык эсепке алынбагандыгын далилдейт.

*Каталар жана калтырып кетүүлөр*

Ошентип, отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин сальдосу 2013-жылдагы 288,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү оң сальдого караганда, 128,4 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс калыптанган.

Дүң эл аралык камдардын (резерв) көлөмү отчеттук жылдын акырына карата 2,0 млрд. АКШ доллары чегине жакындашкан. Улуттук банктын камдык активдеринин өлчөмү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун келечектеги көлөмүнүн 4,0 айын жабууга жетиштүү.

*Эл аралык камдар*

## 1.4. Банк сектору[2]

2014-жыл жыйынтыгы боюнча банк секторунун негизги көрсөткүчтөрүнүн, атап айтканда, активдеринин, кредит портфелинин, ресурстук базасынын жана алынган таза пайдасынын өскөндүгү катталган.

*Банк секторундагы негизги тенденциялар*

Банк сектору капиталдын шайкештигинин жогорку деңгээлине ээ, бул финансылык ортомчулук деңгээлин андан ары жогорулатуу, ошондой эле банк сек-

[1] 2013-жылы мамлекеттик сектордун кредиттери боюнча таза агымдын калыптанышына Россия Федерациясы менен Кыргыз Республикасы ортосунда республиканын Россия Федерациясы алдында мурда сунушталган кредиттер боюнча карызды жөнгө салуу тууралуу келишимге ылайык, 188,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө карыздын Россия Федерациясы тарабынан эсептен алынып салынышы таасир эткен.

[2] Банктар тарабынан өткөн мезгилдеги маалыматтарга корректировкалоолорду эске алуу менен алардын регулятивдик отчетторунан алынган маалыматтар колдонулган.

торунун натыйжалуу ишин камсыз кылуу жана келечекте ишенимдүү иш алып баруу үчүн жетиштүү иш жигерине ээ экендигин тастыктайт.

Банк секторунда орун алышы ыктымал болгон системалуу тобокелдиктер жөнгө салууга боло турган чекте. Сектор мурдагыдай эле, эл аралык финансылык рынокторго таасирдүү аралаша албай келет.

*Банктардын саны*

2014-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда, 24 коммерциялык банк иш алып барган.

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын ичинен 16 банк чет өлкө капиталын тартуу менен иштеген. 2014-жылдын акырына карата чет өлкө капиталынын үлүшүнө банктардын капиталынын 35,8 пайызы туура келген (2013-жылы 36,5 пайыз).

*Банк секторунун активдери*

Отчеттук мезгил ичинде банк секторунун суммардык активдери 23,9 пайызга көбөйүп, 137,6 млрд. сомду түзгөн. Банктардын активдеринин негизги үлүшү – 57,2 пайызы берилген кредиттерге туура келген.

***<u>1.4.1-таблица</u>***

Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2013-жыл | | 2014-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом* | Үлүшү, *пайыздарда* | *млн. сом* | Үлүшү, *пайыздарда* |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 53 961,6 | 48,6 | 78 759,3 | 57,2 |
| "Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер" | 16 807,5 | 15,1 | 16 899,3 | 12,3 |
| Акча каражаттары | 8 705,2 | 7,8 | 11 482,9 | 8,3 |
| Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп | 6 685,5 | 6,0 | 7 935,4 | 5,8 |
| Негизги каражаттар | 6 033,8 | 5,4 | 6 546,6 | 4,8 |
| Баалуу кагаздар портфели | 10 285,0 | 9,3 | 6 444,5 | 4,7 |
| Финансы-кредит мекемелерине кредиттер | 3 724,6 | 3,4 | 3 779,4 | 2,7 |
| Репо боюнча сатып алынган баалуу кагаздар | 584,4 | 0,5 | 209,1 | 0,2 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 149,4 | 0,1 | 208,9 | 0,2 |
| Атайын РППУ* | -3 013,3 | -2,7 | -4 011,8 | -2,9 |
| Башка активдер | 7 168,3 | 6,5 | 9 370,4 | 6,8 |
| **Бардыгы болуп** | **111 092,0** | **100,0** | **137 621,0** | **100,0** |

**Атайын РППУ катары классификацияланган кредиттер боюнча (субстандарттык, шектүү, жоготуу) потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган камды түшүнүүгө болот.*

Коммерциялык банктар тарабынан акча каражаттарына, кыска мөөнөттүү активдерге жана Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерге жайгаштырылган жогорку ликвиддүү каражаттардын көлөмү отчеттук мезгил ичинде 12,7 пайызга көбөйүп, 2014-жылдын акырына карата 36,3 млрд. сомду же активдердин жалпы көлөмүнүн 26,4 пайызын түзгөн.

*Кредит портфели*

Кредит портфелинин көлөмү[1] 45,9 пайызга өсүп, 78,8 млрд. сомго жеткен. Банк секторунун активдериндеги кредит портфелинин үлүшү 2013-жылдагыга салыштырганда 8,6 пайыздык пунктка көбөйүп, 57,2 пайызды түзгөн. Отчеттук жылдын акырына карата банктардын карыз алуучуларынын саны 2013-жылдагыга салыштырганда 35,6 пайызга, 226 881 адамга көбөйгөн.

[1] Бул жерде жана мындан ары маалыматтар банктар жана башка финансы-кредит мекемелери тарабынан сунушталган кредиттерди эске алуусуз келтирилген.

МАЗМУНУ

**1.4.1-график**

Банктардын активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




"Классификацияланбаган"[1] активдердин көлөмү активдердин суммасынын 95,4 пайызын жана "классификацияланган"[2] активдердин 4,6 пайызын түзгөн. Классификацияланган кредиттердин үлүшү 4,5 пайызга чейин кыскарган, бул проблемалуу кредиттердин салыштырма салмагынын азайгандыгын тастыктайт.

Кредит портфелинин сапатынын өзгөрүүсүнүн алгылыктуу динамикасы сакталып турган шартта, РППУга чегерүүлөрдүн көлөмү 2014-жылы 545,0 млн. сомду түзгөн.

**1.4.2-таблица**

Активдерди, балanстан тышкаркы милдеттенмелерди жана кардарларга кредиттерди классификациялоо

*(эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, пайыздарда)*

| Категориясы | Активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер | | Кардарларга кредиттер | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013-жыл | 2014-жыл | 2013-жыл | 2014-жыл |
| **Бардыгы болуп классификацияланбагандар** | **95,6** | **95,4** | **94,5** | **95,5** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| Нормалдуу | 42,1 | 30,4 | 1,4 | 0,9 |
| Канааттандырарлык | 50,7 | 59,8 | 88,3 | 86,8 |
| Байкоого алынган | 2,8 | 5,2 | 4,8 | 7,8 |
| **Бардыгы болуп классификациялангандар** | **4,4** | **4,6** | **5,5** | **4,5** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| Субстандарттык | 1,5 | 1,6 | 1,8 | 1,5 |
| Шектүү | 1,1 | 1,1 | 1,8 | 1,4 |
| Жоготуулар | 1,8 | 2,0 | 1,9 | 1,5 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |

2014-жыл жыйынтыгы боюнча кредит портфелинин "долларлашуу" деңгээли 57,6 пайыз чегинде катталган.

[1] Классификацияланбаган активдер (кредиттер) категориясына "нормалдуу", "канааттандырарлык" жана "байкоого алынган" категорияларына чегерилген активдер (кредиттер) кирет.

[2] Классификацияланган активдер (кредиттер) категориясына "субстандарттык", "шектүү" жана "жоготуу" категорияларына чегерилген активдер (кредиттер) кирет.

*Активдердин институционалдык түзүмү*

Отчеттук мезгил ичинде банктык активдердин түзүмү институционалдык планда алып караганда жетиштүү диверсификацияланган. Банктардын корпоративдик сектордо жайгаштырылган активдери активдердин жалпы көлөмүнүн 39,1 пайызын, үй чарбасы секторунда 18,2 пайызды түзгөн.

***1.4.2-график***

Банктардын активдеринин институционалдык түзүмү




*Банк секторунун милдеттенмелери*

2014-жыл жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын милдеттенмелер көлөмү 26,5 пайызга, 116,8 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Милдеттенмелердин жалпы көлөмүндө депозиттик базанын үлүшү[1] 66,8 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Отчеттук мезгил ичинде банк секторунун депозиттик базасынын өсүшү 22,3 пайыз чегинде катталган.

***1.4.3-график***

Банктардын милдеттенмелеринин жана депозиттик базасынын динамикасы




Банктардын пассивдеринин түзүмүндө резидент эместер алдындагы милдеттенмелердин үлүшү 16,9 пайызды түзгөн. Мында, чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер алардын жалпы көлөмүнүн 58,2 пайызы чегинде болгон.

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн депозиттерин жана кредиттерин, ошондой эле банктардын жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда.

***1.4.3-таблица***

Коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2013-жыл | | 2014-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом* | Үлүшү, *пайыздарда* | *млн. сом* | Үлүшү, *пайыздарда* |
| Мөөнөттүү депозиттер | 22 048,6 | 23,9 | 31 059,8 | 26,6 |
| Эсептешүү эсептери | 21 309,9 | 23,1 | 24 941,3 | 21,4 |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | 15 222,6 | 16,5 | 16 115,8 | 13,8 |
| Башка милдеттенмелер | 9 516,1 | 10,3 | 12 821,1 | 11,0 |
| Алынган кредиттер | 9 113,7 | 9,9 | 12 374,4 | 10,6 |
| Өкмөттүн депозиттери | 6 033,3 | 6,5 | 6 252,8 | 5,4 |
| Банктардын эсептешүү эсептери жана депозиттери | 3 908,6 | 4,2 | 3 611,5 | 3,1 |
| Резидент эместердин депозиттери | 2 719,8 | 2,9 | 4 165,0 | 3,6 |
| Өкмөттүн кредиттери | 1 566,6 | 1,7 | 1 504,7 | 1,3 |
| Улуттук банк алдындагы милдеттенмелер | 850,2 | 0,9 | 3 735,1 | 3,2 |
| Репо келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар | 0,0 | 0,0 | 209,1 | 0,2 |
| **Бардыгы болуп** | **92 289,4** | **100,0** | **116 790,6** | **100,0** |

*Милдеттенмелердин институционалдык түзүмү*

Институционалдык планда алып караганда банктардын милдеттенмелери финансылык эмес корпоративдик сектордо жана үй чарбаларында топтоштурулган. Бул секторлорго 2014-жыл жыйынтыгы боюнча банктардын бардык милдеттенмелеринин тең жарымынан көбүрөөгү (57,8 пайызы) туура келген.

***1.4.4-график***

Банктардын милдеттенмелеринин институционалдык түзүмү




*Депозиттик база*

Депозиттик базанын түзүмү дээрлик өзгөргөн эмес. Алсак, 2014-жылдын акырына карата абал боюнча эсептешүү эсебине жана талап боюнча төлөнүүчү депозиттерге 52,7 пайыз, мөөнөттүү депозиттерге 39,8 пайыз туура келген. Бүтүндөй алганда, коммерциялык банктардын депозиттеринин көлөмү[1] 78,0 млрд. сомду түзгөн. Юридикалык жактардын депозиттери отчеттук мезгил ичинде 6,3 млрд. сомго же 23,7 пайызга көбөйгөн. Жеке адамдардын депозиттери да 6,3 млрд. сомго же 22,1 пайызга өскөн. Депозиттик базанын "долларлашуу" деңгээли 56,3 пайыз чегинде катталган.

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн депозиттерин жана кредиттерин, ошондой эле банктардын жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда.

*Коммерциялык банктардын капиталы*

Коммерциялык банктардын регулятивдик суммардык капиталы[1] 2014-жыл ичинде 16,6 пайызга өсүп, 21,8 млрд. сомду түзгөн. Төлөнгөн уставдык капитал[2] 7,7 пайызга, 11,2 млрд. сомго чейин көбөйгөн.

***1.4.5-график***

Капитал базасында көрсөткүчтөр динамикасы




Банк секторунун капиталынын шайкештик деңгээли банктардын активдүү операцияларын кошумча кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн чагылдырат.

***1.4.6-график***

Таза пайданын жана кирешелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




Банк системасынын таза пайдасы 2014-жыл жыйынтыгы боюнча 3,2 млрд. сомду түзүп, 2013-жылдагыга салыштырганда 0,5 млрд. сомго же 18,5 пайызга көбөйгөн.

[1] Банктардын регулятивдик суммардык капиталында уставдык капитал, камдар, өткөн жылдардын бөлүштүрүлбөгөн пайдасы (чыгым) отчеттук жылдын пайдасы (чыгымы) жана банкта классификацияланбаган активдерге түзүлгөн жалпы камдар камтылат.

[2] Бул категорияга жөнөкөй жана артыкчылыктуу акциялар кирет.

МАЗМУНУ

***1.4.4-таблица***

Кирешелер жана чыгашалар түзүмү

*(млн. сом)*

| Категориясы | 2013-жыл | 2014-жыл |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп пайыздык кирешелер | 9 902,3 | 13 381,5 |
| Бардыгы болуп пайыздык чыгашалар | 3 400,6 | 5 088,6 |
| Таза пайыздык киреше | 6 501,6 | 8 292,9 |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 166,7 | 545,0 |
| РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык киреше | 6 334,9 | 7 747,9 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес кирешелер | 4 852,7 | 4 336,9 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес чыгашалар | 1 312,9 | 17,4 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 6 877,3 | 8 216,0 |
| Таза операциялык киреше (чыгым) | 2 997,4 | 3 851,4 |
| РППУга чегерүүлөр (пайыздык активдер боюнча) | -2,9 | 244,4 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 3 000,3 | 3 606,9 |
| Пайдага салык | 302,0 | 398,9 |
| Таза пайда (чыгым) | 2 698,3 | 3 208,1 |

Активдердин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 2014-жыл ичинде 2,8 пайыздан 2,6 пайызга чейин төмөндөгөн, капиталдын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE) 0,7 пайыздык пунктка көбөйүп, 18,7 пайыз өлчөмүндө калыптанган.

## 1.5. Банктык эмес финансы-кредит мекемелери сектору[1]

*Микрокаржылоону өнүктүрүү стратегиясы*

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасында микрокаржылоону 2011-2015-жылдар аралыгында өнүктүрүү стратегиясын жүзөгө ашыруу иши улантылган. Кыргызстандын калкынын өз бизнесин өнүктүрүүсү үчүн сапаттуу финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу, кошумча жумуш орундарын түзүү, айрыкча айыл жеринде ишкердикти өнүктүрүү жана республиканын бүтүндөй калкынын жашоо деңгээлин жогорулатуу аталган стратегиянын максатынан болуп саналат.

2014-жылдын теке айында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын биргелешкен токтому менен стратегиянын иш-чаралар планынын жаңы редакциясы кабыл алынып, ага ылайык стратегиянын иш-чараларын жүзөгө ашыруу процесси оптималдаштырылган. Атап айтканда, иш-чараларды аткаруу мөөнөттөрү, пландын айрым пункттары, жооптуу аткаруучулардын курамы кайрадан каралган.

*БФКМдер секторундагы негизги тенденциялар*

2014-жыл жыйынтыгы боюнча банктык эмес финансы-кредит мекемелер (БФКМ) секторунун негизги көрсөткүчтөрүнүн, атап айтканда, активдердин, кредит портфелинин, ресурстук базанын, ошондой эле финансылык ортомчулук көрсөткүчтөрүнүн өсүшү байкалган. Микрокредиттөө иш багытында орун алган системалуу тобокелдиктер жөнгө салууга боло тургандай чекте болгон. Анткени, учурда БФКМдер финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү чектелген санда гана сунуштап жатышат.

*БФКМдердин саны*

2014-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында “Кредиттик союздардын финансылык компаниясы” ААКсын (“КСФК” ААКсы), микрофинансылык уюмдарды, кредиттик союздарды кошо алганда, 351 БФКМ иштеп турган.

*БФКМдердин активдери*

Кароого сунушталган регулятивдик отчетторго ылайык, отчеттук жыл ичинде БФКМдердин чогуу алгандагы активдери 23,0 пайызга көбөйүп, 2014-жылдын

[1] БФКМдердин регулятивдик отчетторунун маалыматтары пайдаланылган, мында БФКМ тарабынан өткөн мезгил үчүн маалыматтарга жүргүзүлгөн корректировкалоолор эске алынган.

бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча 28,9 млрд. сомду түзгөн. Кардарларга жана финансы-кредит мекемелерине (ФКМ) кредиттер БФКМдердин активдеринин негизги үлүшүн (79,3 пайызын түзгөн).

***1.5.1-таблица***

БФКМ активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2013-жыл | | 2014-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом* | Үлүшү, *пайыздарда* | *млн. сом* | Үлүшү, *пайыздарда* |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 18 063,3 | 76,9 | 21 780,0 | 75,3 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 2 001,1 | 8,5 | 2 841,2 | 9,8 |
| Башка активдер | 909,4 | 3,9 | 1 620,5 | 5,6 |
| Финансы-кредит мекемелерине кредиттер | 1 043,6 | 4,4 | 1 165,7 | 4,0 |
| Негизги каражаттар | 920,0 | 3,9 | 977,0 | 3,4 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 631,9 | 2,7 | 861,1 | 3,0 |
| Акча каражаттары | 304,4 | 1,3 | 175,7 | 0,6 |
| Баалуу кагаздар портфели | 92,2 | 0,4 | 12,7 | 0,0 |
| Атайын РППУ* | -469,5 | -2,0 | -528,6 | -1,8 |
| **Бардыгы болуп** | **23 496,4** | **100,0** | **28 905,4** | **100,0** |

** Атайын РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер боюнча (субстандарттык, шектүү, жоготуулар) потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камды түшүнүү зарыл.*



БФКМдер тарабынан акча каражаттарына, кыска мөөнөттүү активдерге жана коммерциялык банктардагы эсептешүү эсептерине жайгаштырылган ликвиддүү каражаттардын көлөмү отчеттук мезгил ичинде 0,6 пайыздык пунктка көбөйүү менен жыл акырында 3,0 млрд. сомду же активдердин жалпы көлөмүнүн 10,4 пайызын түзгөн.

*Кредит портфели*

БФКМдердин кредит портфелинин көлөмү[1] 2013-жылдагыга салыштырганда 20,1 пайызга өсүп, 22,9 млрд. сомду түзгөн. БФКМ активдериндеги кредит портфелинин үлүшү 2013-жылдагыга салыштырганда 2,0 пайыздык пунктка кыскарып, 79,3 пайыз чегинде катталган. Бул сектордун карыз алуучуларынын саны отчеттук жылдын акырына карата 445 675 адамды түзүп, 2013-жылдагыга салыштырганда 3,892 адамга же 0,9 пайызга көбөйгөн. Мында, калкты финансылык кызмат көрсөтүүлөр менен камтуу көрсөткүчү 7,6 пайызды түзгөн.

***1.5.1-график***

БФКМ активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




[1] БФКМ сектору боюнча маалыматтар "КСФК" ААКсынын кредит портфелин эске алуусуз чагылдырылган, анткени кредиттер кредиттик союздарга сунушталып, алар андан ары кредиттөөнү ишке ашырган.

"Классификацияланбаган" кредиттердин көлөмү кредит портфелинин суммасынын 96,8 пайызын, "классификацияланган" кредиттер 3,2 пайызды түзгөн. Мында, классификацияланган кредиттердин үлүшү жыл ичинде 0,3 пайыздык пунктка көбөйгөн.

***1.5.2-таблица***

БФКМдердин кредит портфелинин сапаты

| Категория | млн. сом | | пайыздар | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013-жыл | 2014-жыл | 2013-жыл | 2014-жыл |
| **Бардыгы болуп кредит портфели** | **19 106,9** | **22 945,7** | **100,0** | **100,0** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| мөөнөтү өтпөгөн кредиттер | 18 567,8 | 22 267,3 | 97,2 | 97,0 |
| мөөнөтү өткөн кредиттер | 539,1 | 678,4 | 2,8 | 3,0 |
| **Классификацияланган кредиттер** | | | | |
| *анын ичинен:* | | | | |
| Субстандарттык | 135,7 | 268,8 | 0,7 | 1,2 |
| Шектүү | 101,5 | 141,5 | 0,5 | 0,6 |
| Жоготуулар | 311,1 | 311,0 | 1,6 | 1,4 |
| **Бардыгы болуп** | **548,3** | **721,3** | **2,9** | **3,2** |

*БФКМдердин кредит портфелинин түзүмү*

БФКМдердин чогуу алгандагы кредит портфелинде микрофинансылык уюмдардын үлүшү 92,4 пайыздан (17,6 млрд. сом) 95,0 пайызга чейин (21,8 млрд. сом) өскөн, ал эми кредиттик союздардын үлүшү 7,6 пайыздан (1,5 млрд. сом) 5,0 пайызга чейин (1,1 млрд. сом) азайган.

"КСФК" ААКсынын иши кредиттик союздарды кредиттөөнүн алкагында айыл жеринде каржылоо системасын колдоого алууга багытталган. Аталган компаниянын кредит портфели отчеттук мезгилдин акырына карата 399,3 млн. сомду түзгөн. Бул 2013-жылдагы көрсөткүчтөн 1,3 пайызга көп.

Кредиттик союздардын (КС) чогуу алгандагы кредит портфели 20,9 пайызга азайган, бул алардын санынын кыскарышына байланыштуу келип чыгып, отчеттук жылдын акырына карата 1,1 млрд. сом чегинде катталган.

Кредит портфелинин түзүмүндө кредиттердин негизги үлүшү айыл чарбасына – 46,9 пайызы, соода жүргүзүүгө жана кызмат көрсөтүүгө – 34,6 пайызы туура келген (2013-жылы тиешелүүлүгүнө жараша, 43,3 жана 37,0 пайыз). КСтин карыз алуучуларынын саны жыл ичинде 25,0 пайызга кыскарып, 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата 11 376 адамды түзгөн.

Отчеттук жылдын акырына карата 11 кредиттик союздун депозиттик лицензиясы болгон. КС катышуучуларынан тартылган депозиттердин көлөмү 82,4 пайызга кыскарып, 14,2 млн. сомду түзгөн. Ал эми башка ФКМ алдындагы милдеттенмелер 21,9 пайызга кыскарып, 539,9 млн. сом чегинде катталган.

Микрофинансылык уюмдардын (МФУ) чогуу алгандагы кредит портфели 23,5 пайызга көбөйүп, 2014 жылдын акырына карата 21,8 млрд. сомду түзгөн. Бүтүндөй алганда, МФУлардын кредит портфели кыска жана орто мөөнөткө берилген кредиттерден турат, ал эми айыл чарбасы кредиттөөгө алынган негизги тармак болуп эсептелинет жана анын үлүшүнө чогуу алгандагы кредит портфелинин 36,7 пайызы (2013-жылдын акырында 41,7 пайызы), соода жүргүзүүгө жана кызмат көрсөтүүгө 26,1 пайызы (2013-жылдын акырында 27,0 пайызы) туура келген. Эл аралык финансылык институттардан жана чет өлкө уюмдарынан тартылган каражаттар МФУлардын негизги кредиттөө булагынан болуп саналат. Бул уюмдардын карыз алуучуларынын саны 1,8 пайызга көбөйүп, 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата 434 299 адамды түзгөн.

Отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча БФКМдердин милдеттенмелер көлөмү 30,8 пайызга, 19,3 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Милдеттенмелердин жалпы

көлөмүндө депозиттик базанын үлүшү 0,3 пайыз же 50,1 млн. сом өлчөмүндө түптөлгөн. 2014-жыл ичинде БФКМдердин депозиттик базасынын 38,0 пайызга кыскаргандыгы байкалган.

***1.5.2-график***

БФКМдер милдеттенмелеринин түзүмү

*(млн. сом)*







БФКМдердин пассивдер түзүмүндө чет өлкө уюмдары алдындагы милдеттенмелердин үлүшү 74,4 пайыз чегинде катталган. Мында, чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер анын жалпы көлөмүнүн 57,8 пайызын түзгөн.

***1.5.3-таблица***

БФКМдердин милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2013-жыл *млн. сом* | 2014-жыл *млн. сом* |
|---|---|---|
| Алынган кредиттер, анын ичинен: | 13 220,2 | 17 319,8 |
| *Кыргыз Республикасынын банктарынан* | *610,5* | *1 118,7* |
| *Кыргыз Республикасынын башка ФКМдеринен* | *1 043,6* | *1 165,7* |
| *эл аралык финансы уюмдардан жана донорлордон* | *5 522,8* | *7 951,9* |
| *эл аралык ФКМдерден* | *5 641,5* | *6 407,4* |
| *Өкмөттүн кредиттери* | *401,7* | *676,1* |
| Башка милдеттенмелер | 1 050,4 | 1 494,0 |
| Субординацияланган милдеттенмелер | 415,5 | 447,3 |
| Мөөнөттүү депозиттер | 79,7 | 49,6 |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | 1,1 | 0,4 |
| Бардыгы болуп | 14 766,8 | 19 311,2 |

*БФКМдер капиталы*

БФКМдердин төлөнгөн уставдык капиталынын жалпы суммасы 5,3 млрд. сом чегинде катталган. Алардын уставдык капиталынын жалпы өлчөмү 11,4 пайызга же 0,5 млрд. сомго көбөйгөн (2013-жылы 4,8 млрд. сом). Мында, БФКМдердин өздүк капиталы 8,3 млрд. сомду түзүп, 11,6 пайызга же 0,9 млрд. сомго көбөйгөн.

***1.5.3-график***

Таза пайда жана кирешелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




БФКМ системасынын таза пайдасы отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча 0,7 млрд. сомду түзүп, 2,0 млрд. сомго же 2013-жылдагыга салыштырганда 17,2 пайызга кыскарган.

***1.5.4-таблица***

Кирешелер жана чыгашалар түзүмү

*(млн. сом)*

| Категориясы | 2013-жыл | 2014-жыл |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп пайыздык кирешелер | 5 915,8 | 6 761,9 |
| Бардыгы болуп пайыздык чыгашалар | 1 710,9 | 2 435,5 |
| Таза пайыздык киреше | 4 204,9 | 4 326,4 |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 323,1 | 365,4 |
| РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык киреше | 3 881,8 | 3 961,0 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес кирешелер | 250,2 | 134,4 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес чыгашалар | 38,5 | 35,9 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 3 051,1 | 3 171,0 |
| Таза операциялык киреше (чыгым) | 1 042,5 | 888,5 |
| РППУга чегерүүлөр (пайыздык активдер боюнча) | 5,8 | 14,4 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 1 036,6 | 874,1 |
| Пайдага салык | 97,3 | 96,7 |
| Таза пайда (чыгым) | 939,3 | 777,5 |

Активдердин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 2014-жыл ичинде 4,3 пайыздан 3,0 пайызга чейин төмөндөгөн, капиталдын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE) 12,5 пайыздан 9,8 пайызга чейин кыскарган.

## 1.6. Финансылык рыноктор

### 1.6.1. Валюта рыногу

*Алмашуу курсунун динамикасы*

2014-жылы ички валюта рыногунда түптөлгөн жагдайга АКШ долларынын глобалдуу финансылык рыноктордо чыңдалышын, айрым өлкөлөрдүн-соода боюнча негизги өнөктөштөрдүн улуттук валюталарынын баасынын олуттуу нарксызданышын камтыган бир катар тышкы факторлор таасир эткен. Жыл жыйынтыгы боюнча АКШ долларынын эсептик курсу 19,6 пайызга, 1 доллар үчүн 49,2470 сомдон 58,8865 сомго чейин жогорулаган.

***1.6.1.1-график***

Валюта курсунун жана банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялар көлөмүнүн динамикасы




*Улуттук банктын валюталык интервенциялары*

Улуттук банк, кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар аралык валюта рыногунда алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында, чет өлкө валютасын сатуу сыяктуу эле, сатып алуу боюнча операцияларды ишке ашырган. Ушул операциялар боюнча таза сатуу 516,3 млн. АКШ доллары чегинде катталган.

*Валюталар түрү боюнча валюта рыногунун түзүмү*

Валюта рыногунда чет өлкө валютасын сатып алуу/сатуу боюнча спот-операциялардын жалпы көлөмү 56,3 пайызга көбөйүү менен 593,5 млрд. сомду түзгөн. Атап айтканда, жыл жыйынтыгы боюнча АКШ доллары менен операциялардын көлөмү 64,4 пайызга көбөйгөн. Ушул валютага суроо-талаптын артышынын натыйжасында, алардын операциялардын жалпы көлөмүндөгү үлүшү 62,9 пайызга чейин (+3,4 пайыздык пунктка) көбөйгөн. Евро менен операциялар 4,4 пайызга көбөйгөн болсо да, алардын салыштырма салмагы 1,0 пайыздык пунктка, 2,2 пайызга чейин азайган. Орус рубли менен операциялардын үлүшү, ушул валютадагы бүтүмдөр көлөмүнүн 54,0 пайызга көбөйүшү шартында, 28,8 пайыздан 28,4 пайызга чейин азайган. Казак теңгесинде ишке ашырылган операциялардын салыштырма салмагы 6,5 пайызга (-2,0 пайыздык пунктка) чейин төмөндөгөн. Бирок, бүтүмдөрдүн көлөмү 26,0 пайызга көбөйгөн. Башка валюталар менен операциялар көлөмү[1] 17,0 пайызга төмөндөгөн, ал эми алардын үлүшү 0,02 пайызга чейин (-0,01 пайыздык пунктка) азайган.

[1] Англис фунт стерлинги, швейцария франкы, түрк лири, өзбек суму, канада доллары, кытай юаны, япон йени.

2014-жылы коммерциялык банктардын нак эмес валюталык спот-операцияларынын көлөмү 109,6 млрд. сом эквивалентин түзүп, 2013-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 76,9 пайызга көбөйгөн. Валюта рыногунун нак эмес сегментинде банктар аралык валюта тооруктарындагы бүтүмдөрдүн басымдуу бөлүгү[1] АКШ долларында келишилген.

*Своп-операциялары*

Коммерциялык банктар тарабынан ички рынокто сыяктуу эле, банк-резидент эместер менен жүргүзүлгөн своп-операцияларынын жалпы көлөмү 16,8 млрд. сом эквивалентинде катталган, ал 2013-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 4 эсеге көбөйгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан 85,0 млн. сом суммасында своп-операциялары ишке ашырылган.

*Алмашуу бюролорундагы валюталар курсунун динамикасы*

Жыл жыйынтыгы боюнча алмашуу бюролорунда нак АКШ долларын сатуунун орточо алынган курсу 19,9 пайызга жогорулап, бештин айынын акырына карата 1 доллар үчүн 59,2205 сомду түзгөн. Мында, алмашуу бюролорунда жыл ичинде еврону сатуунун орточо алынган курсу 5,9 пайызга өсүп, 71,5211 сом/еврону, казак теңгеси – 0,9 пайызга, 0,3198 сом/теңгеге чейин өскөн. Орус рублинин курсу тескерисинче, 31,7 пайызга, 1,0176 сом/рублге чейин төмөндөгөн.

### 1.6.2. Банктар аралык кредит рыногу

Акча-кредит саясатынын жаңы негизине өтүү, жаңы инструменттерди колдонууга киргизүүнүн натыйжасында, 2014-жылы банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда иш жигеринин артышы байкалган. Жыл ичинде банктар аралык рынок чендери, эрежедегидей эле, Улуттук банк тарабынан аныкталган пайыздык чен алкагынан чыккан эмес.

*Улуттук валютадагы операциялар*

Жыл жыйынтыгы боюнча банктар аралык кредит рыногундагы сом түрүндө ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү (“овернайт”, 7 күндүк жана 1 күндүк кредиттерди эске алганда) 112,2 млрд. сомду түзүп, 2013-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда алты эсеге көбөйгөн. Рыноктун бардык сегменттеринде ишке ашырылган бүтүмдөрдүн сандык көрсөткүчүнүн өсүшү шартында сом түрүндөгү операциялардын негизги бөлүгү “овернайт” кредиттерине жана репо бүтүмдөрүнө туура келген.

***1.6.2.1-график***

Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөр көлөмү
*(млн. сом)*




[1] Улуттук банкта тооруктар Автоматташтырылган тоорук системасы (АТС) аркылуу ишке ашырылат.

Кароого алынган мезгилдин акырына карата улуттук валютада стандарттык шарттарда берилген банктар аралык кредиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен 18,5 пайызды (жылдык мааниде алганда +12,5 пайыздык пункт), ал эми репо операциялары боюнча 9,8 пайызды (+5,9 пайыздык пунктту) түзгөн. Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чен 0,5 пайыз чегинде катталган.

Репо операцияларынын орточо алынган мөөнөтү төрт күндөн үч күнгө чейин, ал эми улуттук валютадагы кредиттердин мөөнөтү 166 күндөн 59 күнгө чейин кыскартылган.

***1.6.2.1-таблица***

Ички банктар аралык кредит рыногунда орточо салмактанып алынган пайыздык чендер

*(пайыздарда)*

| | 2013-жыл | 2014-жыл |
|---|---|---|
| Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чен | 6,9 | 10,5 |
| Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча чен | - | 0,5 |
| Репо операциялары боюнча чен | 3,8 | 6,8 |
| “Овернайт” кредити боюнча чен | 4,1 | 9,1 |
| 7-күндүк кредиттер боюнча чен | - | 7,3 |

## 1.6.3. Баалуу кагаздар рыногу

### 1.6.3.1. Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу

Отчеттук жылы мамлекеттик баалуу кагаздар (МБК) рыногундагы иш баалуу кагаздардын төмөнкү түрлөрү менен ишке ашырылган:

- мамлекеттик казына векселдери (МКВ);
- мамлекеттик казына облигациялары (МКО);
- Улуттук банктын ноталары;
- казына милдеттенмелери (КМ);
- которулма векселдер;
- муниципалдык облигациялар.

*Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздар*

Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата 13,1 млрд. сомду түзүп, жыл ичинде 30,1 пайызга төмөндөгөн. Төмөндөө негизинен Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын жыл акырына карата көлөмүнүн азайышынын эсебинен келип чыккан.

***1.6.3.1.1-график***

Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздарынын түзүмү



### 1.6.3.1.1. Мамлекеттик казына векселдери

Кароого алынган мезгил ичинде мамлекеттик казына векселдери Финансы министрлиги тарабынан мамлекеттик бюджеттин утурумдук тартыштыгын каржылоо максатында 3, 6 жана 12 ай мөөнөтүнө чыгарылган. МКВларды баштапкы жайгаштыруу боюнча аукциондор аларды жайгаштыруу жана эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу боюнча башкы агент болуп саналган Улуттук банк тарабынан жума сайын ишке ашырылып турган.

***1.6.3.1.1.1-график***

МКВга суроо-талап жана аларды жайгаштыруу




Банк тутумунда ликвиддүүлүктүн ашыкча деңгээлин бир аз азайтуу карыздык мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда, анын ичинде мамлекеттик казына векселдери сегментинде жигердүүлүктүн басаңдашына түрткү берген. Мында, жарыяланган эмиссиянын жалпы жылдык көлөмү 2013-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда төмөндөгөн.

МКВнын жалпы орточо алынган кирешелүүлүгү отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча 9,5 пайыз чегинде катталган (2013-жылы 8,5 пайыз). Мында, жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВ боюнча орточо айлык кирешелүүлүк 0,2 пайыздык пунктка, 9,7 пайызга чейин көбөйгөн.

***1.6.3.1.1.2-график***

МКВнын бардык түрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүк




*МКВ эмиссиясынын көлөмү*

Мамлекеттик казына векселдеринин жарыяланган эмиссиясынын жалпы көлөмү 5,4 млрд. сомду түзүп, 2013-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 9,1 пайызга төмөндөгөн, ал эми МКВны сатуунун жалпы көлөмү 3,4 млрд. сом чегинде катталып, 40,5 пайызга азайган.

***1.6.3.1.1.1-таблица***

МКВ эмиссия көлөмү жана орточо жылдык кирешелүүлүк

| | 2013-жыл | | | 2014-жыл | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сатуу көлөмү, *млн. сом* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Кирешелүүлүк, *пайыздар* | Сатуу көлөмү, *млн. сом* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Кирешелүүлүк, *пайыздар* |
| **Бардыгы болуп** | **5 746,3** | **100,0** | **8,5** | **3 419,9** | **100,0** | **9,5** |
| анын ичинде: | | | | | | |
| Үч айлык МКВлар | 208,5 | 3,6 | 4,9 | 15,0 | 0,4 | 5,2 |
| Алты айлык МКВлар | 1 566,6 | 27,3 | 6,5 | 615,5 | 18,0 | 8,8 |
| 12 айлык МКВлар | 3 971,2 | 69,1 | 9,5 | 2 789,4 | 81,6 | 9,7 |

*МКВ рыногунун түзүмү*

МКВга ээлик кылып туруучулар түзүмүндө коммерциялык банктар жүгүртүүдөгү МКВнын жалпы көлөмүнүн 57,7 пайыздык үлүшүнө ээ болуу менен басымдуу абалды ээлеген, бул 2013-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 18,2 пайыздык пунктка төмөн. 2014-жылдын акырына карата абал боюнча банктардын портфелиндеги векселдердин номиналдык түрдөгү көлөмү 1,8 млрд. сом өлчөмүндө катталган. Коммерциялык банктардын жалпы активдериндеги МКВлардын салыштырма салмагы 2,2 пайызды түзгөн.

МКВга ээлик кылган банктардын саны 14кө чейин азайган, ал эми банк портфелинде ушул баалуу кагаздардын концентрациялануу индекси 0,14төн 0,23кө чейин жогорулаган, бул рынокту бирдей үлүштөгү төрт банк ортосунда бөлүштүрүүгө барабар. Банктардын үлүшүнүн азайышы менен бирге эле, юридикалык жактар-резиденттердин салыштырма салмагынын 9,8 пайыздан 1,0 пайызга чейин төмөндөшү, институционалдык инвесторлордун жигердүүлүгүнүн жо-

горулоосунан улам келип чыккан. Натыйжада, алардын үлүшү жыл ичинде 27,0 пайыздык пунктка, 41,3 пайызга чейин көбөйгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде резидент эместер аукциондорго катышкан эмес.

*МКВ экинчилик рыногундагы операциялар*

Коммерциялык банктар экинчилик рыногунда репо шарттарында бүтүмдөргө келишүүдө МКВны жигердүү пайдаланышкан. Отчеттук жылы ушул операциялардын көлөмү 2013-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда, 2,2 эсеге, 12,1 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Экинчилик рыногунда төлөөгө чейин кармалып туруучу МКВларды сатып алуу/сатуу боюнча банктар аралык операциялар көлөмү (“аутрайт” шарттарында) 1,7 эсеге көбөйүп, 83,1 млн. сом чегинде каттalган. Ушул бүтүмдөрдө төлөөгө чейинки МКВлардын орточо алынган мөөнөтү 298 күндү, ал эми орточо салмактанып алынган чени 8,5 пайызды түзгөн.

### 1.6.3.1.2. Мамлекеттик казына облигациялары

*МКО рыногундагы суроо-талап жана сунуш*

Мамлекеттик казына облигациялары Финансы министрлиги тарабынан 2009-жылдын тогуздун айынан бери жайгаштырылып келүүдө. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде эмитент тарабынан жүгүртүү мөөнөтү эки, үч жана беш жылдык МКО сунушталган.

МКОну сунуштоонун жалпы деңгээли Финансы министрлиги тарабынан 2013-жылдагыга салыштырганда 2,1 эсеге жогорулатылган. Ошентип, отчеттук жылы МКОну сатуу көрсөткүчү 4,8 млрд. сомду түзүү менен эки эсеге көбөйтүлгөн. Натыйжада, бул жүгүртүүдөгү ушул баалуу кагаздардын көлөмүнүн 7,2 млрд. сомго чейин 25 пайыздык өсүшүн шарттаган. Сатуулардын олуттуу бөлүгү рыноктун төрт катышуучусу тарабынан ишке ашырылган жана бул бүтүндөй жайгаштыруу көлөмүнүн 91,9 пайызын камсыз кылган. Бул МКО рыногунда жогорку концентрациялануу деңгээли сакталып калгандыгын көрсөтөт. Көпчүлүк банктар тарабынан суроо-талаптын төмөн болушу үстөк ликвиддүүлүктүн анча чоң эмес деңгээли менен шартталган.

Отчеттук мезгил ичинде МКОнун жалпы орточо алынган кирешелүүлүгү 14,4 пайызды түзүп, 2013-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 0,4 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

***<u>1.6.3.1.2.1-график</u>***

МКОго суроо-талап жана аларды жайгаштыруу




### 1.6.3.1.3. Улуттук банктын ноталары

2014-жылы рынокко жүгүртүү мөөнөтү 7, 28 күндүк ноталар жайгаштырылган. Акча-кредит саясатынын жаңы негизине өткөндөн кийин рынокко 7 күндүк ноталар гана чыгарылган. Улуттук банк акча-кредит саясатынын милдеттерине

жана банк тутумунда ликвиддүүлүк деңгээлине жараша гана аларды сунуштоо көлөмүн жөнгө салуу аркылуу ноталарды үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу инструменти катары колдонууну уланткан.

Бүтүндөй жыл ичинде Улуттук банктын ноталары 78,8 млрд. сом суммасында жайгаштырылган, ал эми 2013-жылы бул көрсөткүч 44,6 млрд. сом чегинде катталган эле.

***1.6.3.1.3.1-график***

Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу




*Улуттук банктын нота рыногунда суроо-талап жана сунуш*

2014-жылы Улуттук банк, акча-кредит саясатынын инфляциялык процесстерди токтотуу жагында стратегиялык жана тактикалык максаттарына ылайык, 2013-жылдагыга салыштырганда ноталарды сунуштоо көлөмүн 2,7 эсеге, 137,5 млрд. сомго чейин көбөйткөн. Ноталардын бардык түрүн жайгаштыруунун жалпы көрсөткүчү 2013-жылдагыга салыштырганда 76,7 пайызга көбөйгөн.

Ноталардын бардык түрү боюнча кирешелүүлүктүн орточо алынган деңгээли 2013-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 2,8 пайыздык пунктка, 6,3 пайызга чейин жогорулаган.

***1.6.3.1.3.2-график***

Улуттук банктын ноталарынын бардык түрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүк



Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү 2014-жылдын акырына карата 1,3 млрд. сомду түзгөн. Нотага ээлик кылуучулар түзүмүндө коммерциялык банктардын үлүшү 96,1 пайызга жеткен. Юридикалык жактардын-резиденттердин салыштырма салмагы 0,3 пайызды, институционалдык инвесторлордуку 3,6 пайызды түзгөн. Улуттук банктын ноталары алты банктын активинде турган.

### 1.6.3.1.4. Башка мамлекеттик баалуу кагаздар

2014-жылы мамлекеттик баалуу кагаздардын түзүмүндө казына милдеттенмелеринин (КМ) салыштырма салмагы 11,1 пайызга чейин (+7,3 пайыздык пункт) көбөйгөн. Жыйынтыгында, жыл ичинде жүгүртүүдөгү КМ көлөмү 8,9 пайызга төмөндөп, 658,9 млн. сомду түзгөн.

Финансы министрлиги тарабынан банктардын жана башка финансылык мекемелердин аманатчылар алдындагы карызын кайра тариздөө процессинде жүгүртүүгө чыгарылган코торулма векселдеринин көлөмү өзгөрбөстөн, 34,9 млн. сом деңгээлинде сакталып, ал эми алардын үлүшү 0,6 пайыз чегинде катталган.

Отчеттук мезгилдин акырына карата Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан муниципалдык баалуу кагаздардын көлөмү[1] 55,0 млн. сомду түзүп, жыл ичинде бул баалуу кагаздын бөлүгүнүн орду жабылышынын натыйжасында азайган, ал эми мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы түзүмүндө алардын үлүшү 0,9 пайызды түзгөн.

### 1.6.3.2. Корпоративдик баалуу кагаздар рыногу[2]

2014-жылы баалуу кагаздар менен келишилген бүтүмдөрдүн саны 2013-жылдын ушул мезгилиндегиге салыштырганда 5,7 пайызга көбөйгөн. Отчеттук жылы 16,4 млн. сом суммасына баалуу кагаздардын 56 чыгарылышы катталган.

Отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча 21 эмитент Кыргыз фондулук биржасында листингден өткөн. Листингден өткөн компаниялардын көпчүлүгү өз ишин кызмат көрсөтүү жана финансы чөйрөсүндө жүргүзгөн.

Фондулук рынокто баалуу кагаздар менен келишилген бүтүмдөрдүн жалпы көлөмү 3,9 млрд. сомду түзгөн. Алардын ичинен 2,3 млрд. сому биржадан тышкаркы рынокко туура келген. Тооруктардын жалпы көлөмү 2013-жылдагыга салыштырганда 72,7 пайызга көбөйгөн.

Корпоративдик баалуу кагаздар рыногунун негизги көрсөткүчтөрү бул рынок жетиштүү деңгээлде өнүгө албай жаткандыгын тастыктайт.

### 1.6.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу

*Депозиттик база*

Алмашуу курсунун өзгөрүүсүн эске албаганда жыл башынан тарта депозиттик база 11,3 пайызга өскөн. 2014-жылдын акырына карата коммерциялык банктардын депозиттик базасы[3] 82,5 млрд. сомду түзүп, жыл башынан бери 22,6 пайызга көбөйгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 4,5 пайызга, 36,0 млрд. сомго чейин, чет өлкө валютасындагы депозиттер көлөмү 41,6 пайызга, 46,5 млрд. сом эквивалентине чейин көбөйгөн.

[1] Бишкек шаардык мэриясынын маалыматтары боюнча.

[2] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик кызматтын маалыматтары боюнча.

[3] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана жергиликтүү бийлик органдарынын кредиттерин кошпогондо, Өкмөттүн жана башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин эске алуу менен.

***1.6.4.1-график***

Депозиттик базанын көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




*Депозиттик базанын түзүмү*

Депозиттик базанын түзүмүндө юридикалык жактардын депозиттеринин үлүшү олуттуу бойдон – 53,0 пайыз чегинде катталган. Ишканалардын чет өлкө валютасындагы депозиттеринин көлөмү 32,0 пайызга өскөн шартта, юридикалык жактардын жыл ичиндеги сом түрүндөгү аманаттары 11,0 пайызга жогорулаган. Калктын депозиттеринин үлүшү 42,1 пайыздан 41,9 пайызга чейин төмөндөгөн. Жеке адамдардын депозиттеринин валюталык түзүмүндө чет өлкө валютасындагы аманаттардын байкаларлык – 49,1 пайызга өсүшү катталган. Калктын улуттук валютадагы аманаттары жыл ичинде 3,6 пайызга төмөндөгөн.

Алмашуу курсунун өзгөрүшүнөн улам, депозиттик базанын убакыт аралыгы боюнча түзүмү да өзгөрүүгө дуушар болгон. Эсептешүү эсептериндеги жана талап боюнча төлөнүүчү эсептердеги каражаттардын үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша, 35,7 пайыздан 33,2 пайызга чейин жана 25,2 пайыздан 21,9 пайызга чейин азайган. Мында, банк кардарларынын мөөнөттүү депозиттериндеги калдыктарынын көлөмү 41,0 пайызга жогорулап, алардын үлүшү жыл ичинде 39,1 пайыздан 44,9 пайызга чейин көбөйгөн. Мөөнөттүү аманаттар түзүмүндө узак мөөнөткө салынган (бир жылдан ашкан) аманаттардын үлүшү 1,8 пайыздык пунктка көбөйүү жагына өзгөрүп, депозиттик базанын жалпы көлөмүндө 11,0 пайызга чейин жеткен (же мөөнөттүү депозиттердин көлөмүндө 24,6 пайызга чейин), ал эми кыска мөөнөткө салынган аманаттардын салыштырма салмагы 4,1 пайыздык пунктка, 33,9 пайызга чейин өскөн (же мөөнөттүү депозиттердин көлөмүндө 75,4 пайызга чейин). Ошентип, мөөнөттүү депозиттердин дюрациясы өткөн жылдын деңгээлинде 11,4 ай чегинде сакталган, ал эми бүтүндөй депозиттик база үчүн бул көрсөткүч 5,1 айга чейин узарган.

Жыл жыйынтыгы боюнча депозиттер рыногунун концентрациялануу индекси 0,10 деңгээлинде сакталган, бул ушул рыноктун концентрациялануу деңгээли төмөн экендигин чагылдырат.

*Жаңыдан кабыл алынган депозиттер*

2014-жыл ичинде банктар тарабынан жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] 392,8 млрд. сомду түзүү менен 2013-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 36,5 пайызга көбөйгөн. Өсүш улуттук валютадагы депозиттер боюнча

[1] Жаңыдан тартылган депозиттердин көлөмүндө эсептешүү эсебине келип түшкөн каражаттар эске алынган эмес.

– 22,8 пайызга, 179,5 млрд. сомго чейин сыяктуу эле, чет өлкө валютасында 50,7 пайызга, 213,2 млрд. сомго чейин жеткендиги байкалган. Мында, депозиттердин негизги агымы чет өлкө валютасындагы мөөнөттүү аманаттарга каражаттардын түшүүсү менен камсыз кылынган.

*Депозиттер боюнча пайыздык чендер*

Улуттук валютадагы депозиттик базанын орточо алынган пайыздык чени 2014-жылдын акырына карата 6,9 пайызды түзүп, жыл ичинде 1,3 пайыздык пунктка жогорулаган. Чет өлкө валютасындагы депозиттердин калдыгы боюнча чен 3,2 пайызга чейин (+0,4 пайыздык пунктка) көбөйгөн.

Улуттук валютада сыяктуу эле, чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2013-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 2,5 жана 0,9 пайыз чегинде катталуу менен бир аз өзгөрүүгө дуушар болгон. Мында, улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү депозиттердин наркы 1,1 пайыздык пунктка, 10,9 пайызга чейин көбөйгөн. Ал эми чет өлкө валютасында 2013-жылдагы деңгээлде – 5,8 пайыз чегинде сакталып калган. Калктын улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттери боюнча чендер 0,3 пайыздык пунктка жогорулап, 11,0 пайызды түзгөн. Ал эми чет өлкө валютасында 6,4 пайыз чегинде 2013-жылдагы деңгээлде сакталып калган.

***1.6.4.2-график***

Мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык чендердин динамикасы




*Кредит рыногунун негизги тенденциялары*

2014-жылы коммерциялык банктар тарабынан экономиканын реалдуу секторун кредиттөө көлөмүнүн артышы тенденциясы сакталып калгандыгы белгиленген.

Рынокто жүрүп жаткан сандык өзгөрүүлөр, мөөнөтүндө орду жабылбаган карыздын жана пролонгацияланган кредиттердин үлүштүк мааниси менен аныкталган банк тутумунун кредит портфелинин сапаттык мүнөздөмөлөрүнүн жакшыруусу менен коштолгон. Жыл жыйынтыгы боюнча банктардын улуттук жана чет өлкө валютасындагы кредиттери боюнча чендер төмөндөгөн.

*Банктардын кредит портфели*

Банктардын чогуу алгандагы кредит портфели[1] 45,9 пайызга өсүп, жылдын акырында 78,8 млрд. сомго жеткен. Алмашуу курсунун өзгөрүүсүн эске албаганда, банктардын кредит портфелинин өсүшү 32,2 пайызды түзгөн. Негизинен, улуттук валютадагы кредиттердин 33,3 пайызга, 33,4 млрд. сомго чейин, ал эми чет өлкө

[1] Чегерилген дисконтту эске алуусуз.

валютасындагы кредиттердин —56,9 пайызга, 45,4 млрд. сомго чейин өсүшү кредит портфелинин көбөйүшүн камсыздаган. Жыйынтыгында, кредит портфелинин “долларлашуусу” 53,6 пайыздан 57,6 пайызга чейин өскөн.

***1.6.4.3-график***

Банктардын кредиттеринин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




*Банктардын кредит портфелинин убактылуу түзүмү*

2014-жылы үч айдан үч жылга чейинки мөөнөткө берилген кредиттердин үлүшүнүн кыскарышы шартында, узак мөөнөттүү кредиттөөнүн артышынын алгылыктуу тенденциясы сакталып калган, бул кредит портфелинин дюрациясынын 29,6 айдан 30,6 айга чейин бир аз көбөйүүсүнө алып келген.

Кредиттөө рыногунун концентрацияланүусу 0,10 чектеги салыштырмалуу жогору болбогон деңгээлде сакталган, ошол эле учурда кредит портфелинин концентрацияланүусунун тармактык индекси тескерисинче, банктардын көпчүлүгүнүн кредиттеринин эки тармак ортосунда – соода жүргүзүү жана айыл чарбасына бөлүштүрүлгөндүгүн тастыктоо менен 0,40 өлчөмүн түзгөн.

***1.6.4.1-таблица***

Коммерциялык банктардын экономика секторлору боюнча кредит портфели

*(млн.сом)*

| Сектор | 2013-жыл | 2014-жыл |
|---|---|---|
| Өнөр жайы | 4 356,2 | 6 462,8 |
| Айыл чарбасы | 9 360,5 | 14 424,1 |
| Транспорт жана байланыш | 1 224,8 | 1 518,5 |
| Соода жана кызмат көрсөтүүлөр | 19 840,1 | 27 991,4 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 116,5 | 461,3 |
| Курулуш жана ипотека | 8 660,1 | 13 207,7 |
| Жеке адамдарга кредиттер | 4 861,6 | 6 645,5 |
| Жана башка | 5 541,7 | 8 045,0 |
| **Бардыгы болуп** | **53 961,6** | **78 756,3** |

Коммерциялык банктар тарабынан жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 2013-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 34,1 пайызга өсүп, 79,5 млрд. сомду түзгөн. Сом түрүндөгү кредиттердин 31,0 пайызга өсүп, 34,9 млрд. сомго жетиши, ошондой эле чет өлкө валютасындагы кредиттердин 36,7 пайызга, 44,6 млрд. сом эквивалентине чейин өсүшү мына ушундай натыйжага алып келген.

Жаңыдан берилген кредиттердин көлөмүнүн көрсөткүчүнүн көбөйүүсү экономиканын дээрлик бардык тармактары боюнча байкалган (байланышка кредиттерди кошпогондо). Жыл жыйынтыгы боюнча соода жүргүзүүгө кредиттердин үлүшү 3,0 пайыздык пунктка, 45,1 пайызга чейин жогорулаган. Айыл чарбасына кредиттердин салыштырма салмагы 11,6 пайызды (-5,3 пайыздык пункт), өнөр жайына 11,4 пайызды (+3,5 пайыз), керектөө максаттарына – 9,3 пайызды (+0,6 пайыздык пункт), ипотекага – 5,3 пайызды (-0,7 пайыздык пункт), курулушка – 4,3 пайызды (-1,5 пайыздык пункт) түзгөн. Социалдык кызмат көрсөтүүлөргө сунушталган кредиттердин үлүшү кредиттердин жалпы көлөмүндө 3,4 пайызды (+2,1 пайыздык пункт), транспортко – 2,0 пайызды (+1,0 пайыздык пункт), даярдоо жана кайра иштетүүгө – 0,2 пайызды (+0,1 пайыздык пункт) ээлеген. Башка кредиттердин үлүшү 7,4 пайыз (-2,5 пайыздык пункт) чегинде катталган.

*Банктар тарабынан берилген кредиттердин тармактык түзүмү*

***1.6.4.2-таблица***

Банк секторунун региондор боюнча кредит портфелинин өзгөрүүсү (бир мезгилдин акырына карата)*

| | 2013-жыл | | 2014-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом* | *Үлүшү, пайыздарда* | *млн. сом* | *Үлүшү, пайыздарда* |
| Бишкек шаары | 30 679,3 | 57,0 | 46 417,3 | 59,1 |
| Ош областы жана Ош шаары | 6 951,7 | 12,9 | 9 437,3 | 12,0 |
| Жалал-Абад областы | 5 227,3 | 9,7 | 7 091,9 | 9,0 |
| Чүй областы | 3 436,7 | 6,4 | 5 111,9 | 6,5 |
| Ысык-Көл областы | 2 953,1 | 5,5 | 3 953,1 | 5,0 |
| Талас областы | 1 710,4 | 3,2 | 2 436,7 | 3,1 |
| Баткен областы | 1 536,9 | 2,9 | 2 193,2 | 2,8 |
| Нарын областы | 1 337,2 | 2,5 | 1 880,2 | 2,4 |
| **Бардыгы болуп** | **53 832,5** | 100,0 | **78 521,6** | 100,0 |

** Кредит портфели чегерилген дисконтту эске алуу менен келтириген*

Кароого алынган мезгил ичинде региондор боюнча кредит портфелинин каражаттарынын негизги бөлүгү Бишкек шаарына (59,1 пайызы), Ош шаарына жана Ош областына (12,0 пайызы) бөлүнгөн.

Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо алынган чен бүтүндөй жыл ичинде 20,1 пайызды түзүп, 2013-жылдагыга салыштырганда 1,2 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Пайыздык чендердин төмөндөшү экономиканын реалдуу секторунун өнөр жайы, айыл чарбасы, соода жүргүзүү, курулуш иши, ипотека тармагы, ошондой эле байланыш, даярдоо жана кайра иштетүү сегментинде катталган. Кароого алынган мезгил ичинде чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен 2,7 пайыздык пунктка төмөндөп, 15,0 пайызды түзгөн. Улуттук жана чет өлкө валюталарындагы карыздык каражаттар боюнча эң эле төмөн пайыздык чендер өнөр жайына берилген кредиттер боюнча, ал эми эң жогоркусу, керектөө кредиттери боюнча белгиленген.

*Банктардын жаңыдан берилген кредиттери боюнча пайыздык чендери*

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын портфелин түзгөн кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен жыл акырында улуттук валютада 19,6 пайызды (-1,1 пайыздык пунктту), ал эми чет өлкө валютасында 16,1 пайызды (-0,3 пайыздык пунктту түзгөн).

*Банктардын кредиттер боюнча пайыздык чендери*

***1.6.4.4-график***

Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер динамикасы




2014-жылдын акырына карата банктардын жана БФКМдердин кредиттеринин жалпы көлөмү жыл ичинде 39,2 пайызга көбөйүү менен (2013-жылы 31,6 пайызга көбөйгөн эле) 101,7 млрд. сомду түзгөн.

***1.6.4.5-график***

БФКМдердин кредиттерин эске алуу менен экономикага сунушталган кредиттердин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




***1.6.4.3-таблица***

*БФКМдердин кредит портфели*

БФКМдердин кредит портфелинин областтар боюнча өзгөрүүсү (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом)*

| | 2013-жыл | 2014-жыл |
|---|---|---|
| Бишкек шаары | 3 806,6 | 4 745,4 |
| Баткен областы | 1 795,9 | 2 033,0 |
| Жалал-Абад областы | 2 982,7 | 3 718,1 |
| Ысык-Көл областы | 1 762,2 | 2 211,9 |
| Нарын областы | 1 308,7 | 1 565,6 |
| Ош областы жана Ош шаары | 3 316,7 | 4 048,4 |
| Талас областы | 1 318,0 | 1 334,2 |
| Чүй областы | 2 649,0 | 3 179,0 |
| Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары | 167,1 | 110,1 |
| **Бардыгы болуп** | **19 106,9** | **22 945,8** |

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде БФКМдердин кредиттеринин негизги көлөмү Бишкек шаарына туура келген, ал 24,7 пайызга көбөйүп, 20,7 пайыздык үлүшкө ээ болгон.

***1.6.4.4-таблица***

БФКМдердин экономика секторлору боюнча кредит портфели (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом)*

| Сектору | 2013-жыл | 2014-жыл |
|---|---|---|
| Өнөр жайы | 188,4 | 208,5 |
| Айыл чарбасы | 7 983,2 | 8 532,8 |
| Транспорт жана байланыш | 192,2 | 362,6 |
| Соода жана кызмат көрсөтүүлөр | 5 365,2 | 6 232,2 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 17,3 | 19,4 |
| Курулуш жана ипотека | 626,9 | 914,0 |
| Жеке адамдарга кредиттер | 1 534,1 | 2 953,3 |
| Жана башка | 3 199,6 | 3 722,9 |
| **Бардыгы болуп** | **19 106,9** | **22 945,8** |

БФКМдер тарабынан сунушталган кредиттердин эң чоң көлөмү жыл ичинде 6,9 пайызга көбөйүү менен айыл чарбасына (8,5 млрд. сом), соода жүргүзүү жана кызмат көрсөтүү секторуна (6,2 млрд. сом) (+16,2 пайыз) туура келген.

***1.6.4.5-таблица***

Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чендер

*(пайыздар)*

*БФКМдердин кредиттери боюнча пайыздык чендер*

| | 2013-жыл | 2014-жыл |
|---|---|---|
| Микрокаржылоо уюмдары | 31,0 | 30,0 |
| Кредиттик союздар | 27,3 | 25,6 |

Микрофинансылык уюмдардын кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган чендер 30,0 пайызга чейин (-1,0 пайыздык пункт), кредиттик союздардын кредиттери боюнча – 25,6 пайызга чейин (-1,7 пайыздык пункт) төмөндөгөн.

# II

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2014-ЖЫЛДАГЫ ИШИ

# 2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

2014-жылы Улуттук банк акча-кредит саясатынын жаңы негизине өтүүнү ишке ашырган. Жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын аралык көрсөткүчү (орентир) акча топтомдорунан пайыздык чендерге өзгөртүлгөн. Саясаттын трансмиссиондук механизминин пайыздык каналынын ишин жана анын экономиканын реалдуу секторуна таасирин күчөтүү ушул негизди өзгөртүүнүн негизги милдетинен болгон. Акча-кредит саясатынын максаты, мурдагыдай эле – баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоп туруу болуп саналат.

Отчеттук жылы бүтүндөй экономикага сыяктуу эле, баа жагдайына тышкы факторлордун таасири күчөгөн. Улуттук банктын акча-кредит саясаты инфляцияны монетардык түзүүчүлөрдү чектөөгө, демек алмашуу курсуна келтирилип жаткан басымды жеңилдетүүгө багытталган. Ушул максатта Улуттук банк акча-кредит саясатынын инструменттерин жана макропруденциалдык мүнөздөгү чараларды колдонгон. 2014-жылы инфляциянын орточо жылдык деңгээли 7,5 пайызды түзгөн, демек ал акча-кредит саясатынын жарыяланган көрсөткүчү чегинде сакталган.

Акча-кредит саясатынын жаңы негизинин алкагында жана Улуттук банк колдонгон инструменттерди өркүндөтүү максатында жаңы инструменттер – “овернайт” депозиттери жана 7 күндүк кредит колдонууга киргизилип, кредиттик аукциондорду өткөрүү ыкмаларына жана шарттарына өзгөртүүлөр киргизилген.

Жыл акырына карата дүң эл аралык камдын көлөмү 2,0 млрд. АКШ долларына жакынды түзгөн. Эл аралык камдар түзүмүнө валюта портфели, атайы карыз алышуу укугу (АКУ) жана алтын түрүндөгү активдер кирген. Отчеттук жылы Улуттук банк эл аралык камдар көлөмүн толуктоо үчүн ички рынокто алтынды сатып алууну ишке ашырган. Эл аралык камдар эң башкысы, акча-кредит саясатынын максаттарында, ошондой эле Өкмөт менен Улуттук банктын тышкы милдеттенмелерин тейлөө үчүн пайдаланылган.

## 2.1. Акча-кредит саясатын аныктоо

*Акча-кредит саясатынын максаты*

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзам талабына ылайык тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоп туруу Улуттук банктын негизги иш максаты болуп саналат. Улуттук банк ушул максатта учурда түптөлгөн макроэкономикалык жагдайга жана негизги экономикалык параметрлердеги өзгөрүүлөрдү болжолдоолордун негизинде акча-кредит саясатын аныктайт.

Ушул саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдары туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында аныкталган милдеттерди аткарууга багытталган.

Акча-кредит саясаты анын 2014-2017-жылдарга каралган негизги багыттарына[1] ылайык жүргүзүлгөн, аталган документте акча-кредит саясатынын стратегиялык милдеттери жана негизги көрсөткүчтөрү аныкталган. Орто мөөнөттүк мезгил ичинде инфляцияны 7 пайызга жакын деңгээлде токтотуп туруу акча-кредит саясатынын сандык көрсөткүчү катары белгиленген.

*Акча-кредит саясатынын жаңы негизи*

2014-жылдын баш жагынан бери Улуттук банк пайыздык чендерди таргетирлөөгө өтүү менен акча-кредит саясатынын негизин өзгөрткөн. Эсептик чендин (Улуттук банктын чендерди белгилөө саясатын) рыноктук пайыздык чендерге таасир этүүсүн күчөтүү ушул шартка өтүүнүн максатынан болгон.

Пайыздык чендерди таргетирлөөгө өтүү менен акча-кредит саясатынын бир катар инструменттери ыңгайлаштырылган. Атап айтканда, эсептик ченде пайыз-

[1] Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын бештин айынын төртүндө 48/2 токтому менен жактырылган.

дык чендердин “коридору” түзүлгөн: “овернайт” депозити боюнча чен ошол коридордун төмөнкү деңгээлин, ал эми “овернайт” кредити боюнча чен – жогорку деңгээлин аныктаган.

Акча-кредит саясатынын жаңы негизинин алкагында эсептик чен өлчөмү ай сайын Улуттук банк Башкармасынын чечими менен аныкталып келүүдө. Чечим макроэкономикалык болжолдоолор жана экономикалык саясатка талдап-иликтөөлөр (Forecasting and policy analysis system – FPAS) системасы аркылуу алынган модель түзүү жана болжолдоолордун натыйжасына негизденүү менен кабыл алынат. Түптөлгөн жагдайга шайкеш инфляциялык күтүүлөрдү калыптандыруу жана алар тууралуу маалымдап туруу максатында, жыл ичинде Улуттук банк Башкармасынын акча-кредит саясаты маселеси боюнча отурумдар графиги түзүлүп, мезгил-мезгили менен пресс-релиздер жарыяланып турган. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети тарабынан жумалык негизде тактикалык чечимдер кабыл алынып турган. Улуттук банк жана Финансы министрлиги Ведомство аралык координациялык кеңештин алкагында акча-кредит жана бюджет саясаттарынын чараларын оперативдүү макулдашуу максатында, жолугушууларды өткөрүп турган.

*Валюта саясаты*

Валюта саясаты Кыргыз Республикасы тандап алган өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу иш ыргагына ылайык жүзөгө ашырылган. Улуттук банк АКШ долларынын кыргыз сомуна карата алмашуу курсунун кескин өзгөрүшүн чектөө максатында гана банктар аралык валюта рыногуна катышкан. Ички валюта рыногунда чет өлкө валютасына карата жогорку суроо-талап орун алып турган шартта, Улуттук банк АКШ долларын сатуу көлөмүн көбөйткөн.

*Инфляция факторлору*

Керектөө баа индексинде (КБИ) мурдагыдай эле, импорттолуп алынган товарлар басымдуу үлүштү ээлейт. Ушуга байланыштуу ички керектөө баасынын дүйнөлүк товардык рыноктордо баа динамикасына жана АКШ долларынын курсунун өзгөрүшүнө олуттуу көз карандылыгы орун алууда.

2014-жыл ичинде инфляция бир катар ички жана тышкы факторлордун таасиринин натыйжасында түптөлгөн. Бул калк керектеген товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн негизги түрлөрүнө баанын өсүшүн шарттаган. Өлкөнүн айыл чарбасында өндүрүп алуу ишинин басаңдашы, АКШ долларынын позициясынын дүйнө жүзү боюнча, анын ичинде соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн финансылык рынокторунда бекемделиши, күйүүчү-майлоочу материалдарга (КММ) жөнөтүү баасынын жогорулоосу, импорттоп алынган буудай наркынын жогорулоосу, турак жай коммуналдык чарба кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин өсүшү негизги факторлордон болгон.

*Акча-кредит саясатынын чаралары*

Инфляциялык басымдын күчөшүн эске алуу менен 2014-жыл ичинде Улуттук банк инфляцияны монетардык түзүүчүлөрдү чектөөгө багытталган бир катар чараларды кабыл алган.

Ушул максатта Улуттук банк Башкармасы эсептик чен өлчөмү маселесин мезгил-мезгили менен кароого алып турган. Эсептик чен жыл ичинде 10,50 пайызга чейин жогорулатылган (2014-жылдын баш жагында 4,17 пайыз). Демек, акча-кредит саясатынын башка инструменттери боюнча чендер да жогорулатылган: “овернайт” кредити боюнча 11,50 пайызга чейин (2014-жылдын баш жагында – 5,00 пайыз), “овернайт” депозити боюнча – 4,50 пайызга чейин (2014-жылдын баш жагында – 1,00 пайыз).

Инфляцияны монетардык түзүүчүлөрдү чектөө жана валюта рыногуна келтирилип жаткан басымды жеңилдетүү үчүн Улуттук банк, ошондой эле, ачык рынокто операцияларды (Улуттук банктын ноталарынын эмиссиясы жана кайтарым репо-операциялары) жана депозиттик операцияларды жүргүзүү аркылуу үстөк ликвиддүүлүктөн арылтууну ишке ашырган. Жүгүртүүдөгү нота көлөмү 2014-жыл ичинде орточо алганда, 2,4 млрд. сомду (2013-жылы 3,1 млрд. сом) түзгөн, ал эми репо шарттарында сатылган мамлекеттик баалуу кагаздардын көлөмү – 200,1 млн. сом (2013-жылы 515,5 млн. сом) чегинде катталган. “Овернайт” депозиттеринин орточо күндүк көлөмү 768,4 млн. сомду түзгөн. Бүтүндөй 2014-жыл ичинде Улуттук банктын ноталарын сатуу түрүндө ишке ашырылган арылтуу операциялары-

МАЗМУНУ

нын көлөмү 78,8 млрд. сомду, ал эми “овернайт” депозиттери түрүндөгү операциялар 137,8 млрд. сомду түзгөн.

Отчеттук жыл ичинде банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда коммерциялык банктардын иш жигери олуттуу арткан. Банктар аралык рынокто жыл ичинде ишке ашырылган репо операциялары бүтүмдөрүнүн суммардык көлөмү 2013-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 5,7 эсеге көбөйгөн. Банктар аралык рыноктун пайыздык чендери Улуттук банк тарабынан белгиленген пайыздык чектин (коридор) чегинде өзгөрүлүп турган, бул Улуттук банктын эсептик ченинин таасирдүүлүгүн тастыктап турат.

***2.1.1-график***

Улуттук банктын чендеринин жана банктар аралык репо операциялардын (жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк) динамикасы




2014-жылы жүзөгө ашырылып жаткан акча-кредит саясатынын жана банктар аралык рыноктогу иш жигеринин артышынын натыйжасында, банк тутумунун үстөк камдарынын орточо күндүк көлөмү 2013-жылдагы 2,3 млрд. сомдон 2014-жылдагы 1,1 млрд. сомго чейин азайган. Жыл ичинде камдык акча 11,9 пайызга төмөндөгөн. Анын кыскарышына Улуттук банктын валюта рыногундагы операциялары негизги салым кошкон.

***2.1.2-график***

Улуттук банктын үстөк камдары жана операциялары



## 2.2. Акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу

Отчеттук жылы акча-кредит саясатынын жаңы негизине өтүшү менен кошо валюта рыногуна келтирилип жаткан басымды жеңилдетүү жагында көрүлгөн иш-аракеттер Улуттук банктын операцияларынын түзүмүн өзгөртүүнү шарттаган.

2014-жылы Улуттук банк "овернайт" депозиттери жана ноталар аукционун өткөрүү аркылуу банк тутумун үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу операцияларын ишке ашырган. Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын операциялар түзүмүндө "овернайт" депозиттеринин салыштырма салмагы 44,0 пайыз чегинде катталып, банктын ноталарынын эмиссия үлүшү 2013-жылдагы 77,5 пайыздан отчеттук жылдагы 25,2 пайызга чейин төмөндөгөн.

Коммерциялык банктар тарабынан карыздык ресурстарга жогорку суроо-талаптын орун алышына байланыштуу Улуттук банк кайра каржылоо операцияларынын көлөмүн көбөйткөн. Улуттук банк "овернайт" кредиттеринен жана бир күндүк кредиттерден тышкары кредиттик аукциондор аркылуу коммерциялык банктарга ресурстарды сунуштоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Бүтүндөй алганда, банктын операцияларынын жалпы көлөмүндө кайра каржылоо операцияларынын салыштырма салмагы 2014-жылы бир жыл мурдагыга салыштырганда 5,3 пайыздык пунктка, 20,9 пайызга чейин көбөйгөн.

***2.2.1-график***

Улуттук банктын операцияларынын түзүмү




Отчеттук жылда ички валюта рыногунда чет өлкө валютасына карата суроо-талаптын арткандыгы байкалган, бул Улуттук банктын банктар аралык валюта рыногуна катышуу деңгээлин жогорулаткан. Улуттук банктын 2014-жылдагы операциялар түзүмүндө валюталык интервенциялардын үлүшү 2013-жылдагы 1,2 пайыздан 9,7 пайызга чейинки өсүшкө ээ болгон. Улуттук банктын накталай АКШ долларын таза сатуу көлөмү 516,3 млн. АКШ долларын түзгөн (2013-жылы 14,7 млн. АКШ доллары).

Улуттук банк ошондой эле, ички рынокто алтынды сатып алуу боюнча операцияларды ишке ашырган. Алардын көлөмү 2014-жыл ичинде 714,7 млн. сом чегинде катталган.

### 2.2.1. Ички валюта рыногундагы операциялар

Отчеттук жылы алмашуу курсунун динамикасы ар түрдүү болгон. Улуттук банктын валюта рынокторуна катышуусу рынок конъюнктурасынын мүнөзүнө

жараша, алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө зарылчылыгы менен аныкталган.

Жылдын биринчи чейрегинде ички валюта рыногунда түптөлгөн жагдай АКШ долларынын курсунун өсүшү менен мүнөздөлгөн, бул тышкы таасирлердин алкагында (АКШнын Федералдык резерв системасынын сандык жеңилдетүү программасын токтотууну улантышы, геосаясий жагдайдын начарлашы, Казакстанда теңгенин бир учурдагы девальвациясы) жана сезондук фактордон улам чет өлкө валютасына карата суроо-талаптын сунуштан артышы менен шартталган. Ошентип, Улуттук банк алмашуу курсунун кескин өзгөрүшүнө бөгөт коюу максатында, чет өлкө валютасын сатуу операцияларын ишке ашырган. Алардын көлөмү биринчи чейрек ичинде 198,1 млн. АКШ долларын түзгөн.

Биринчи чейректин жыйынтыгы боюнча алмашуу курсу 10,8 пайызга өсүп, 1 доллар үчүн 54,4813 сомду түзгөн.

***2.2.1.1-график***

Улуттук банктын 2014-жыл ичинде чет өлкө валютасы менен ишке ашырган операциялары




Отчеттук жылдын экинчи чейрегинде сомдун чыңдалуусу жүргөн. Бул акча которуулар агымынын артышына жана туристтик сезондун башталышына байланыштуу сезондук факторго мүнөздүү болгон чет өлкө валютасына суроо-талапка караганда сунуштун көбөйүүсүнөн улам жүргөн. Ушул учурда, Улуттук банк АКШ долларын сатуу сыяктуу эле, сатып алуу боюнча операцияларды ишке ашырган. Мында, Улуттук банктын таза сатып алуусу 3,3 млн. АКШ доллары чегинде катталган. Экинчи чейрек ичинде АКШ долларынын сомго карата алмашуу курсу 4,5 пайызга төмөндөп, 1 доллар үчүн 52,0649 сомду түзгөн.

Үчүнчү чейректе АКШ доллары республиканын ички валюта рыногунда өз позициясын кыйла чыңдаган. Буга тышкы себептер (АКШ долларынын чыңдалуусунун жалпы дүйнөлүк тенденциясы, Европада жана Кыргызстандын негизги өнөктөш өлкөлөрүндө экономикалык жагдайдын начарлашы, айрым өлкөлөрдүн Россияга каршы катуулатылган санкциялардын киргизиши жана мунайга дүйнөлүк баанын төмөндөшү) жана бир катар ички факторлор түрткү берген. Чет өлкө валютасына суроо-талап жогору болуп турган шартта Улуттук банк долларды сатуу операцияларын ишке ашырган. Натыйжада, үчүнчү чейрек ичинде Улут-

тук банк тарабынан 96,1 млн. АКШ доллары сатылган. Доллардын алмашуу курсу 4,7 пайызга өсүп, 1 доллар үчүн 54,5202 сомго жеткен.

Төртүнчү чейрек ичинде алмашуу курсуна тышкы жана ички факторлордун таасир этүүсү сакталып калган. Ушундан улам, Улуттук банк төртүнчү чейрек ичинде 225,3 млн. АКШ долларын сатууга барган. Доллардын алмашуу курсу 8,2 пайызга өсүп, 1 доллар үчүн 58,8865 сомду түзгөн.

Бүтүндөй 2014-жылы Улуттук банк тарабынан ички валюта рыногунда сатылып алынган АКШ долларынын жалпы көлөмү 20,5 млн. доллар, ал эми сатуу 536,7 млн. АКШ доллары чегинде катталган. АКШ долларын таза сатуу көлөмү 516,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде АКШ долларынын сомго карата расмий алмашуу курсу 19,6 пайызга өскөн.

### 2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен ишке ашырылган операциялар

Улуттук банктын ноталары – бул жүгүртүү мөөнөтү 7, 14 жана 28 күндүк мамлекеттик баалуу кагаздар, Улуттук банк аларды банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлин жөнгө салуу максатында, аукциондук жана аукциондон тышкары жайгаштырат.

Улуттук банк 2014-жылы март айында 7 күндүк мөөнөтүндөгү ноталарды чыгарууга өткөн, ал эми жүгүртүү мөөнөтү 14 жана 28 күндүк ноталар акча-кредит саясатынын инструменттеринин таасирдүүлүгүн жогорулатуу максатында өзгөчө учурларда гана чыгарылган.

Акча-кредит саясатынын милдеттерине жараша жана банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлин эске алуу менен 2014-жылы ноталарды сатуунун жалпы көлөмү 2013-жылдагы 44,6 млрд. сомдон 78,8 млрд. сомго чейин көбөйтүлгөн.

Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталары сатуунун эң чоң бөлүгүн түзгөн (86,56 пайызын), ал эми жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарды сатуу көлөмү 13,44 пайыз чегинде катталган. 2014-жылы Улуттук банк жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталарды чыгарган эмес.

***2.2.2.1-график***

2014-жыл ичинде Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү жана эсептик чен динамикасы



### 2.2.3. Репо операциялары

Улуттук банк, банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлин жөнгө салуу максатында, 2014-жылдын баш жагында репо-шарттарында (кайтарым репо) мамлекеттик баалуу кагаздарды сатуу операцияларын ишке ашырган. Улуттук банктын портфелиндеги мамлекеттик казына облигациялары сатуу предметинен болгон.

2014-жылы Улуттук банктын репо операцияларынын жалпы көлөмү 421,4 млн. сомду, орточо алынган мөөнөтү 21 күндү, ал эми орточо алынган кирешелүүлүгү 4,0 пайызды түзгөн.

***2.2.3.1-таблица***

Улуттук банктын репо операциялары

*(млн. сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **2013-жыл, бардыгы болуп** | **1 892,4** | **749,0** | **0,0** | **584,4** | **3 225,8** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | 1 892,4 | 749,0 | - | 584,4 | 3 225,8 |
| **2014-жыл, бардыгы болуп** | **421,4** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **421,4** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | 421,4 | - | - | - | 421,4 |

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банктын репо операциялары 2013-жылдагы 3,2 млрд. сомдон 421,4 млн. сомго чейин азайган. Бул акча-кредит саясатынын жаңы негизине өтүүнүн жана “овернайт” депозити сыяктуу жаңы инструменттин колдонууга киргизилишинин алкагында үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуунун негизги инструменти катары 7 күндүк ноталардын колдонулушу менен шартталган.

### 2.2.4. Банктарды кайра каржылоо

Банктарды кайра каржылоо коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүн колдоо жана алардын утурумдук өзгөрүү багытын текшилөө үчүн каралган инструменттердин бири болуп саналат.

2014-жылы Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктарды кайра каржылоонун төмөнкүдөй түрлөрү колдонулган:

– төлөм системасынын иш натыйжалуулугун арттыруу үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында операциялык күн ичинде бир нече саатка, пайызсыз негизде улуттук валютада сунушталган “бир күндүк кредит”;
– банктардын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо максатында, күрөөлүк камсыздоо алдында бир күнгө акы төлөөнүн негизинде улуттук валютада сунушталган “овернайт” кредити;
– кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо максатында, күрөөлүк камсыздоо алдында жети күнгө акы төлөөнүн негизинде улуттук валютада сунушталган 7 күндүк кредит;
– ликвиддүүлүктү колдоо жана экономиканын айрым тармактарын кредиттөө үчүн акы төлөө негизинде коммерциялык банктарга улуттук валютада кредиттик ресурстарды үч жана алты айга чейинки мөөнөткө сунуштоо максатында, улуттук валютада кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максаттарында ишке ашырылган кредиттик аукциондор.

2014-жылы берилген бир күндүк кредиттердин көлөмү 4,3 млрд. сомду түз-

гөн. Булардын ичинен 3,2 млрд. сому “овернайт” кредитине кайра таризделген (2013-жылы бир күндүк кредиттерге талап болгон эмес). Отчеттук жыл ичинде берилген “овернайт” кредиттеринин көлөмү 56,7 млрд. сом чегинде катталган. Ал эми 2013-жылы берилген мындай кредиттин көлөмү 8,1 млрд. сомду түзгөн эле.

Коммерциялык банктарга кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүктү сунуштоо максатында, 2014-жылы Улуттук банк акча-кредит саясатынын жаңы инструментин – 7 күндүк кредитти колдоно баштаган. Отчеттук жылдын кулжа айынан тартып коммерциялык банктарга аукциондук негизде 1,1 млрд. сом суммасында 7 күндүк кредиттер берилген.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк кредиттик аукциондордун алкагында кредиттик каражаттарды коммерциялык банктарга сунуштоо инструменттерин өркүндөтүү, атап айтканда аларды жүзөгө ашыруу ыкмаларын жана шарттарын кеңейтүү жагында ишти уланткан.

Жыл ичинде кредиттик аукциондордун алкагында коммерциялык банктарга 3,3 млрд. сом суммасында кредиттик каражаттар берилген, анын ичинде 249,0 млн. сомду коммерциялык банктар аркылуу БФКМдер алууга жетишкен.

***2.2.4.1-таблица***

Улуттук банк тарабынан берилген кредиттер

*(млн. сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бир күндүк кредиттер*:** | | | | | |
| 2013-жыл | - | - | - | - | **0,0** |
| 2014-жыл | 153,3 | 3 664,7 | 527,5 | - | **4 345,6** |
| **“Овернайт” кредиттери:** | | | | | |
| 2013-жыл | 297,4 | 4 480,8 | 2 947,0 | 370,0 | **8 095,2** |
| 2014-жыл | 4 196,5 | 35 336,5 | 11 583,2 | 5 608,4 | **56 724,6** |
| **7-күндүк кредиттер:** | | | | | |
| 2013-жыл | - | - | - | - | **0,0** |
| 2014-жыл | - | 400,0 | 700,0 | - | **1 100,0** |
| **Кредиттик аукциондор**:** | | | | | |
| 2013-жыл | 95,0 | 337,0 | 298,8 | 170,1 | **900,9** |
| 2014-жыл | 360,0 | 1 200,0 | 990,0 | 710,0 | **3 260,0** |

** “Овернайт” кредиттерине кайра таризделген бир күндүк кредиттерди кошо алганда*
*** Көрсөтүлгөн мезгил ичинде айкын берилген кредиттердин көлөмү*

## 2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар

Милдеттүү камдык талаптар акча-кредит саясатынын инструменттеринин бири болуп саналат жана иштеп жаткан банктар белгиленген талаптарга ылайык Улуттук банктагы корреспонденттик эсепте милдеттүү түрдө кармап турууга тийиш болгон каражаттар суммасын түшүндүрөт. Милдеттүү камдардын өлчөмү жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын максаттарына жараша Улуттук банк Башкармасы тарабынан белгиленет.

Банктар үчүн милдеттүү камдардын өлчөмү 2011-жылдан бери өзгөрүүсүз, эсептик базанын көлөмүнүн 9,0 пайызы деңгээлинде 2014-жылы да сакталып калган.

Отчеттук жылы акча-кредит саясатынын ушул инструментин өркүндөтүү максатында, талапты сактоо мезгили эки иш жумасынан төрт календардык жумага чейин узартылган. Бүтүндөй базалык төрт жума ичинде ага ылайык бир деңгээлди аныктаган норма киргизилген. Ал эми буга чейин эсептик базанын өз-

гөртүлүшүнө жараша анын деңгээли жума сайын өзгөртүлүп келген эле. Аталган инструментти мына ушундай негизде өркүндөтүү иши төлөмдөрдө сезондуулуктун таасирин текшилөөгө жана коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүн тескөөгө алуу ийкемдүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзгөн.

2014-жыл ичинде ар бир коммерциялык банктын милдеттүү камдык талаптарды аткаруусу үчүн Улуттук банктагы корреспонденттик эсептердеги каражаттардын минималдуу чектүү деңгээлине тиешелүү маселе Улуттук банк Башкармасы тарабынан төрт жолу кароого алынган. Жыл акырында камдык талаптарды аткаруу үчүн корреспонденттик эсептердеги каражаттардын күндөлүк көлөмү банктын тиешелүү мезгили үчүн аныкталган милдеттүү камдарынын көлөмүнүн кеминде 90 пайызын түзгөн.

Буга кошумча алмашуу курсуна келтирилип жаткан басымды жеңилдетүү жана экономикада депозиттердин "долларлашуу" деңгээлин төмөндөтүүгө өбөлгө түзүү үчүн 2014-жылдын жетинин айында камдык талаптарды эсептөө базасын кыскартуу үчүн коммерциялык банктардын Улуттук банкта жайгаштырылган чет өлкө валютасындагы депозиттерди колдонуу боюнча норма алынып салынган.

Депозиттердин өсүшкө ээ болушуна байланыштуу жыл акырына карата милдеттүү камдар 6,7 млрд. сомду түзүп, жыл ичинде 25,8 пайызга көбөйгөн.

Отчеттук жыл ичинде коммерциялык банктардын бири 2011-жылы ошол банкка консервация режиминин киргизилишине байланыштуу милдеттүү камдык талаптарды аткара албай калган. Мындан тышкары, отчеттук мезгил ичинде беш банк тарабынан минималдуу деңгээлдин аткарылбай калышынын сегиз учуру катталып, алар боюнча күндөлүк негизде милдеттүү кам көлөмүнөн тиешелүү айыптык төлөмдөр кармалган.

***2.2.5.1-таблица***

Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы камдары*

*(млн. сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 3-чейрек |
|---|---|---|---|---|
| **2013-жыл, бардыгы болуп** | **7 591,1** | **6 340,8** | **5 993,7** | **7 362,6** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 4 106,2 | 4 298,4 | 4 572,1 | 4 976,3 |
| үстөк камдар | 3 484,9 | 2 042,4 | 1 421,6 | 2 386,3 |
| **2014-жыл, бардыгы болуп** | **7 904,0** | **6 388,5** | **6 542,3** | **7 076,0** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 5 768,1 | 5 759,7 | 5 798,6 | 6 202,0 |
| үстөк камдар | 2 135,8 | 628,8 | 743,7 | 874,0 |

** бир мезгил ичиндеги орточо көрсөткүчтөр*

## 2.3. Эл аралык камдарды тескөө

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзам талабына ылайык, эл аралык камдарды тескөө жагындагы негизги принциптерден улам камдык активдердин ликвиддүүлүгүн колдоо жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу Улуттук банктын артыкчылыктуу милдетинен болуп саналат.

Эл аралык камдарды тескөөгө алуу Инвестициялык саясат, Эл аралык камдарды тескөөдө тобокелдиктерди жөнгө салуу саясаты, "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эл аралык камдарынын 2014-жылга эталондук портфели жөнүндө" жана "Эл аралык камдардын инвестициялык активдерин тескөөдөгү лимиттер жөнүндө" жоболор менен жөнгө салынган.

Банктын инвестициялык стратегиясын, эл аралык камдардын портфелинин

түзүмүн, орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктер менен инвестициялык инструменттердин кирешелүүлүгү ортосундагы катышты аныктоо, ошондой эле банктын контрагенттерин тандоо жагында чечимдерди кабыл алуу Улуттук банк Башкармасы жана Инвестициялык комитет тарабынан жүзөгө ашырылган. 2014-жылы Инвестициялык комитет эл аралык камдарды тескөө маселеси боюнча 22 отурум өткөргөн. Камдык активдерди тескөө учурунда келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди азайтуу максатында, контрагенттерге карата критерийлер, талаптар жана чектөөлөр белгиленип, инвестициялоо инструменттеринин түрлөрү жана алардын өлчөмү, мөөнөттөрү аныкталган.

*Эл аралык камдар көлөмү жана түзүмү*

Отчеттук жылдын акырына карата дүң камдардын көлөмү жыл ичинде 280,8 млн. АКШ долларына же 12,5 пайызга төмөндөө менен 2,0 млрд. долларга жакынды түзгөн. Улуттук банктын эл аралык камдарынын курамына алтын түрүндөгү активдер, атайы карыз алышуу укугу жана чет өлкө валюталарынын портфели камтылган.

***2.3.1-график***

Улуттук банктын дүң эл аралык камдарынын динамикасы
*(млн. АКШ долл.)*




2014-жыл ичинде дүң эл аралык камдар көлөмүнө: өлкөнүн ички рыногунда Улуттук банк тарабынан ишке ашырылган валюталык операциялар; Кыргыз Республикасынын тышкы милдеттенмелер боюнча төлөөлөрү; эл аралык камдардын курамына кирген валюта курстарынын өзгөрүүсү; баалуу металлдарга баанын өзгөрүүсү; эл аралык камдарды тескөөдөн алынган кирешелер; Кыргызстан ички рыногунда алтынды сатып алуу боюнча операциялар; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн пайдасына түшкөн валюталык каражаттар таасир эткен.

***2.3.1-таблица***

Улуттук банктын камдык активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)
*(пайыздар)*

| | 2013-жыл | 2014-жыл |
|---|---|---|
| Валюта портфели | 84,9 | 83,0 |
| Алтын | 6,2 | 7,8 |
| Атайын карыз алуу укугу | 8,8 | 9,2 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Эл аралык камдын валюталык түзүмү*

Эл аралык камдардын валюта портфели 2014-жылы АКШ долларын, еврону, швейцария франкын, англия фунтун, австралия жана канада долларын, япон иенин, орус рублин, кытай юанын, сингапур долларын, норвегия жана швед кронасын камтып турган.

***2.3.2-таблица***

Улуттук банктын эл аралык камдарын жайгаштыруу түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздар)*

| | 2013-жыл | 2014-жыл |
|---|---|---|
| Борбордук банктар | 37,5 | 37,2 |
| Эл аралык финансы институттары | 19,3 | 17,5 |
| Коммерциялык банктар | 41,1 | 42,0 |
| Улуттук банк | 2,0 | 3,2 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

Ликвиддүүлүктү зарыл деңгээлде колдоп туруу, ошондой эле эл аралык камдарды натыйжалуу тескөө таасирин күчөтүү, камдык активдер менен иш алып баруу портфелдик негизде жүзөгө ашырылган. Валюта портфелин "жумушчу" жана инвестициялык портфелге бөлүштүрүү камдардын кирешелүүлүгүнүн оптималдуу деңгээлин колдоону камсыз кылган.

*"Жумушчу" капиталын жайгаштыруу*

"Жумушчу" капиталынын активдери алда канча ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылып, ички банктар аралык валюта рыногунда операцияларды жүргүзүү жана Улуттук банк менен Өкмөттүн чет өлкө валютасындагы төлөмдөрүн ишке ашыруу үчүн (тышкы карызды тейлөөнү кошо алганда) колдонулган.

*Инвестициялык портфелди тескөө*

Инвестициялык портфелди тескөөгө алуу эл аралык камдардын бекитилген эталондук портфелине ылайык ишке ашырылган. Улуттук банк эл аралык камдарды баалуу кагаздарга, мөөнөттүү депозиттерге, ошондой эле бир күндүк репо операцияларына жайгаштырган. Баалуу кагаздар портфелине айрым өлкөлөрдүн мамлекеттик баалуу кагаздары, ошондой эле эл аралык финансылык институттарынын кыска мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү инвестициялык инструменттери кирген. Мөөнөттүү депозиттер эл аралык финансылык институттарга, чет өлкөлөрдүн борбордук банктарына жана жогорку эл аралык рейтингге ээ коммерциялык банктарга жайгаштырылган.

2014-жыл ичинде инвестициялык саясаттын ишке ашырылышына алдыңкы экономикалардын абалы, алардын борбордук банктары жүзөгө ашырып жаткан акча-кредит саясаты, ошондой эле финансы рынокторуна таасир эткен негизги факторлордун биринен болгон дүйнөдө орун алган геосаясий жагдай таасир эткен.

## 2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары

*Акча базасы*

Отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча акча базасы 73,1 млрд. сомдон 64,5 млрд. сомго чейин, 11,9 пайызга төмөндөгөн. Экономикага акча сунуштоо эң башкысы, мамлекеттик финансы сектору тарабынан ишке ашырылып, ал акча базасынын 10,1 млрд. сомго көбөйүүсүнө салым кошкон. Үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу операциялары жана Улуттук банктын валюталык интервенциялары акча базасын 18,8 млрд. сомго төмөндөткөн.

*Акча топтомдору*

2014-жылы М0 (банктардын тышкаркы акча) акча топтому 10,0 млрд. сомго же 16,2 пайызга азаюу менен жыл акырына карата 51,9 млрд. сомду түзгөн (2013-жылы ал 13,5 пайызга көбөйгөн эле). М2 акча топтому (М0+улуттук валютадагы эсептешүү эсебин кошо алганда, депозиттер) 9,4 пайызга, 82,4 млрд. сомго чейин

төмөндөгөн (2013-жылы өсүш 17,4 пайыз чегинде катталган эле). Мында, улуттук валютадагы депозиттер 4,9 пайызга көбөйгөндүгү белгиленген.

**2.4.1-график**

Акча топтомдорунун жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы (M2 + чет өлкө валютасындагы эсептешүү эсебин кошо алганда, депозиттер) 2014-жылдын бештин айынын акырына карата 124,5 млрд. сомду түзүү менен жыл ичинде 3,6 млрд. сомго же 3,0 пайызга көбөйгөн (2013-жылы 22,8 пайызга). M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы банк тутумунун депозиттеринин[1] көбөйүшүнүн эсебинен жүргөн. Отчеттук мезгил ичинде алардын өсүшү 23,1 пайызды же 13,6 млрд. сомду түзгөн, анын ичинде чет өлкө валютасындагы депозиттер 40,8 пайыздык өсүшкө ээ болгон. Алмашуу курсунун өзгөрүүсүнүн таасирин эске албаганда, M2X 2,2 пайызга кыскарган. M2Хте камтылган депозиттер 12,7 пайызга көбөйгөн.

**2.4.2-график**

Коммерциялык банктардын M2Хте камтылган депозиттеринин жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана резидент эместердин депозиттерин эске алуусуз.

*М2Х таасир этken факторлор*

Банк тутумунун таза чет өлкө активдеринин көбөйүүсү М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчанын өсүшүнө негизги салым кошкон (2,4 пайыздык пунктка). Таза чет өлкө активдеринин өсүшүнө мамлекеттик бюджетке 489,6 млн. АКШ доллары суммасындагы чет өлкө валютасынын түшүүсү түрткү берген негизги фактордон болгон. Таза ички активдердин М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчанын өсүшүнө салымы (0,6 пайыздык пункт) башка секторлорго талаптардын көбөйтүлүшү, атап айтканда экономикага кредиттин 43,6 пайызга артышы менен шартталган.

***2.4.1-таблица***

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасын топтоо булактары (бир мезгилдин акырына карата)
*(млн. сом)*

| | 2013-жыл | 2014-жыл | Өсүш, *млн. сом* | Өсүш арымы, *пайыздар* | М2Хке таасир этүү, *п.п.* |
|---|---|---|---|---|---|
| Таза чет өлкө активдери | 105 723,8 | 108 589,6 | 2 865,8 | 2,7 | 2,4 |
| Таза эл аралык камдар | 110 241,4 | 109 754,8 | -486,6 | -0,4 | -0,4 |
| Башка тышкы активдер | 1 908,6 | 6 067,6 | 4 159,0 | 217,9 | 3,4 |
| Бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ | -6 426,3 | -7 232,9 | -806,6 | 12,6 | -0,7 |
| Таза ички активдер | 15 179,7 | 15 954,8 | 775,1 | 5,1 | 0,6 |
| Мамлекеттик башкаруу органдарына карата таза талаптар | -8 307,8 | -20 830,9 | -12 523,1 | 150,7 | -10,4 |
| Өкмөткө карата таза талаптар | -6 627,8 | -19 150,9 | -12 523,1 | 188,9 | -10,4 |
| Атайын фондуларга карата таза талаптар | -1 680,0 | -1 680,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду | -1 680,0 | -1 680,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Башка секторлорго карата талаптар | 57 191,1 | 82 148,3 | 24 957,2 | 43,6 | 20,6 |
| Башка статьялар | -1 377,0 | -1 352,0 | 24,9 | -1,8 | 0,0 |
| Капитал менен операциялардын эсеби | -32 326,6 | -44 010,6 | -11 683,9 | 36,1 | -9,7 |
| **М2Х акча массасы** | **120 903,4** | **124 544,4** | **3 640,9** | **3,0** | **3,0** |
| Банктардан тышкаркы акчалар | 61 907,2 | 51 904,1 | -10 003,1 | -16,2 | -8,3 |
| Башка депозиттик корпорациялардын депозиттери | 58 996,2 | 72 640,2 | 13 644,0 | 23,1 | 11,3 |
| Улуттук валютадагы депозиттер | 29 055,4 | 30 482,3 | 1 426,8 | 4,9 | 1,2 |
| Чет өлкө валютасындагы депозиттер | 29 940,8 | 42 158,0 | 12 217,2 | 40,8 | 10,1 |

Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча 2014-жылы инфляция деңгээлин мүнөздөгөн керектөө баасынын индексинин өсүшү 10,5 пайызды түзгөн (2014-жылдын декабры 2013-жылдын декабрына карата). Мында, дээрлик бүтүндөй жыл ичинде инфляция бир сандык көрсөткүч чегинде турган. Отчеттук жылы инфляциянын түптөлүшү ички сыяктуу эле, тышкы факторлордун таасири астында жүргөн. Керектөө баа индексине олуттуу салымды электр жана жылуулук энергиясына, ысык сууга тарифтердин, керектөө баасынын жогорулатылышы, ошондой эле жаратылыш шарттарынын катаал болушунан улам, начар түшүм алынышы себебинен керектөө баасынын жогорулоосу сыяктуу ички факторлор таасир эткен.

2014-жыл ичинде инфляциянын орточо мааниси 7,5 пайызды түзгөн (2014-жылдын үчтүн айы-бештин айы 2013-жылдын үчтүн айына-бештин айына карата), ал акча-кредит саясатынын орто мөөнөттүк мезгилге жарыяланган сандык көрсөткүчүнүн чегинде болгон.

***2.4.3-график***

Акча базасынын, КБИнин жана ИДӨнүн жылдык өзгөрүү арымдары (бир мезгилдин акырына карата)




*РЭАК жана НЭАК*

Алдын ала маалыматтар боюнча сомдун номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун (НЭАК) индекси 2014-жылдын баш жагынан тарта 9,4 пайызга көбөйүп, жылдын бештин айынын акырына карата 122,6 түзгөн. Өсүш, сомдун АКШ долларына карата салыштырмалуу нарксызданышынан улам, орус рублинин АКШ долларына карата көбүрөөк девальвацияланышына байланыштуу 2013-жылдын бештин айы ичиндеги орус рублине карата орточо курска салыштырганда, 2014-жылдын бештин айында сомдун 39,6 пайызга чыңдалуусу менен шартталган[1]. Ушуну менен катар эле, сомдун АКШ долларына карата 15,3 пайызга, кытай юанына карата 13,8 пайызга жана еврого карата 6,0 пайызга нарксызданышы байкалган.

Кыргыз Республикасында инфляциянын кыйла жогорку деңгээлде сакталып турушу менен катар эле[2] сомдун НЭАК индексинин көбөйүүсү 2013-жылдын бештин айынан бери 13,7 пайызга өсүп, отчеттук жылдын бештин айынын акырына карата 128,8 түзгөн реалдуу эффективдүү алмашуу курсу (РЭАК) индексинин жогорулоосуна түрткү берген.

[1] Сомдун номиналдык эки тараптуу алмашуу курсу боюнча маалыматтар келтирилген. Мында индексти эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2000-жыл алынган.

[2] Кыргыз Республикасында 2014-жылдын үчтүн айы-бештин айы ичинде инфляция 10,5 пайыз чегинде катталган, ал эми соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли, алдын ала эсептөөлөр боюнча 6,4 пайызды түзгөн.

# 3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРДИН ИШИНЕ КӨЗӨМӨЛДҮК ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ

Банк тутумунун ишинин туруктуулугун камсыз кылуу жана аманатчылардын, кредиторлордун таламдарын коргоо максатында, Улуттук банк Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык, банктардын жана банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин (БФКМ) ишине көзөмөлдүктү жана жөнгө салууну жүзөгө ашырат.

Финансы-кредит мекемелеринин ишине тышкы көзөмөлдүктү комплекстүү жана атайы (зарылчылыкка жараша) текшерүүлөрдү жүргүзүү менен айкалышта ишке ишке ашыруу көзөмөлдөө жана жөнгө салуу милдетин аткарууда негизги иш ыкмасынан болуп саналат.

2014-жылы банк жана микрофинансы системаларынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү арымдуу өнүгүү багытын тастыктоо менен ортомчулук деңгээлин жогорулатуу жана натыйжалуу иш алып баруу үчүн туруктуу потенциалын сактап калууга жетишкен.

Отчеттук мезгил ичинде банктык көзөмөлдүктүн сапатын жана анын таасирдүүлүгүн жогорулатуу, Улуттук банктын ушул багыттагы ченемдик укуктук актыларын, атап айтканда финансы-кредит мекемелердин ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди басаңдатуу маселеси жагында ченемдик актыларды иштеп чыгуу жана өркүндөтүү жагында иш улантылган.

Отчеттук жылы терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү жагында улуттук системаны өркүндөтүү боюнча 2012-2015-жылдарга каралган иш-аракеттердин ведомство аралык планын ишке ашыруу боюнча иштер бул маселени чечүүгө кызыкдар болгон мамлекеттик органдар менен бирге улантылып, натыйжада Кыргыз Республикасында бул багытта жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу отчет даярдалган. Терроризмди каржылоого жана акчанын изин жашырууга каршы күрөшүү жагында эл аралык стандарттарды иштеп чыгуу жана аларды жайылтуу боюнча топтун (ФАТФ) кезектеги пленардык отурумунда жогоруда белгиленген отчеттун кароого алынышынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын ФАТФнын “алгылыксыз” тизмесинен чыгаруу чечими кабыл алынган. Мындан тышкары, Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү боюнча Евразия тобунун (ЕАГ) пленардык отурумунун иш жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасын мониторинг жүргүзүү жол-жобосунан бошотуу чечими кабыл алынган.

## 3.1. Банктык көзөмөл

### 3.1.1. Лицензиялоо

*Банктардын уставдык капиталы*

Кыргыз Республикасынын аймагында 2014-жылдын акырына карата абал боюнча 24 коммерциялык банк иштеп турган. Коммерциялык банктардын төлөнгөн уставдык капиталынын жалпы суммасы 11,2 млрд. сомду түзгөн. Анын ичинде банк тутумунун уставдык капиталындагы чет өлкө капиталынын үлүшү 35,8 пайыз же 4,0 млрд. сом чегинде катталган. Отчеттук жыл ичинде банктардын уставдык капиталынын жалпы өлчөмү 0,7 млрд. сомго же 7,0 пайызга көбөйгөн.

2014-жылдын баш оона айынын он үчүндө банкка трансформациялоо аркылуу МКК “ФИНКА” ЖАКка банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия алууга алдын ала уруксат берилген.

2014-жылдын жетинин айынын бешинде алдын ала төлөнгөн карт формасында электрондук акчаны колдонуу менен төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоо укугуна “КИКБ” ЖАКка кошумча лицензия берилген.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктардын акцияларын сатып алууга билдирмелер кароого алынып, банктардын кызмат адамдарын макулдашуу жол-жоболору ишке ашырылган.

Отчеттук мезгил ичинде банктын кызмат көрсөтүүлөр тизмегин кеңейтүү максатында, “Айыл Банк” ААКсынын банк лицензиясындагы бир катар чектөөлөр алынып салынган. Ошентип, кайра иштетүү өнөр жай тармагын кредиттөө мүмкүнчүлүгү түптөлгөн. Банктын өтүнүч катынын негизинде эл аралык төлөм карттарын тейлөө жана чыгаруу жагында чектөөлөр алынып салынган.

Мындан тышкары, “Кыргыздыйканбанк” ААКсы аталышын “Кыргыз-Швейцария Банкы” ЖАКка (КШБ) өзгөрткөн.

***3.1.1.1-таблица***

Филиалдардын, аманат кассалар жана көчмө кассалар түйүндөрүнүн өнүгүү динамикасы

*Филиалдар, аманат жана көчмө кассалары*

| | Филиалдардын саны | | Аманат кассаларынын саны | | Көчмө кассаларынын саны | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| Бишкек шаары | 56 | 60 | 241 | 254 | 26 | 29 |
| Баткен областы | 19 | 21 | 56 | 55 | 1 | 1 |
| Жалал-Абад областы | 46 | 43 | 126 | 136 | 4 | 7 |
| Ысык-Көл областы | 38 | 40 | 40 | 44 | 10 | 11 |
| Нарын областы | 20 | 18 | 13 | 16 | 1 | 1 |
| Ош областы | 53 | 55 | 142 | 163 | 14 | 15 |
| Талас областы | 15 | 15 | 12 | 17 | 1 | 1 |
| Чүй областы | 40 | 41 | 51 | 57 | 8 | 10 |
| **Бардыгы болуп:** | **287** | **293** | **681** | **742** | **65** | **75** |

2014-жыл ичинде коммерциялык банктар тарабынан республиканын ар кайсы региондорунда 14 филиал, 67 аманат кассасы жана 17 көчмө касса ачылган. Ошону менен бирге эле, сегиз филиал, алты аманат кассасы жана жети көчмө касса жабылган.

### 3.1.2. Тышкы көзөмөл

Отчеттук жыл ичинде коммерциялык банктардын ишине сырттан (аралыктан туруп) көзөмөлдөө иши ар бир коммерциялык банк боюнча бекитилген көзөмөлдөө стратегияларынын жана Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктардын ишине көзөмөлдүктү жүргүзүүнүн жалпы стратегиясынын алкагында ишке ашырылган.

Көзөмөлдөө жана жөнгө салуу иши банк тутумунун туруктуулугун жана аманатчылар менен кредиторлор таламдарын коргоону камсыз кылууга багытталган.

Банктык көзөмөлдүктүн негизги күч-аракети банк ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерге баа берүүгө багытталган, бул үчүн CAMELS рейтинг системасынын көрсөткүчтөрү колдонулуп, банктардын ишине талдап-иликтөөлөр, стресс-тестирлөө, анын ичинде түздөн-түз жана кыйыр валюталык тобокелдикке таасир этүү аркылуу коммерциялык банктардын кредиттик тобокелдикке дуушарлануу мүмкүнчүлүгүн аныктоо жагында иштер жүргүзүлгөн.

Финансы системасынын өнүгүү багытын жана банктар колдонуп жаткан жаңы инструменттерди эске алуу менен коммерциялык банктардын ишинде ке-

лип чыгышы ыктымал болгон көйгөйлүү маселелерди алгачкы баскычында эле аныктоо максатында, Улуттук банк 2014-жылы тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүктүн айрым элементтерин иликтөөгө алып, иш жүзүндө колдоно баштаган.

Тышкы көзөмөлдүктүн алкагында финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануучулардын жана банктардын акционерлеринин укуктук мүнөздөгү, ошондой эле банктык тейлөө, кредиттерди администрлөө жана керектөөчүлөр укугун коргоо жагында маселелерди кошо алганда, ар кандай көйгөйлүү маселе боюнча кайрылуулары кароого алынган. Банктардын аманатчыларына, карыз алуучуларга жана күрөө коюучуларга алардын мыйзам белгиленген укуктарынын корголушу жагында ар тараптуу кеп-кеңештер берилип, калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатууга багытталган семинарлар, лекциялар өткөрүлгөн.

2014-жылы банк секторунун экономикадагы ролун, финансылык ортомчулук көрсөткүчтөрүн жогорулатуу (активдердин ички дүң өнүмгө карата катышы) Кыргыз Республикасынын банк секторун өнүктүрүүдөгү негизги натыйжадан болгон, ошентип финансылык ортомчулук көрсөткүчү 2013-жылдын акырындагы 31,3 пайыздан 2014-жыл ичинде 34,6 пайызга чейин өсүп, финансылык туруктуулукка жана банк ишинин ачык-айкындуулугуна жетишилип, өлкөнүн банк секторунун инвестиция тартуу мүмкүнчүлүгү колдоого алынган.

Отчеттук жылы "таза" суммардык капитал[1] 3,2 млрд. сомго жогорулап, "таза" тобокелдиктүү активдер[2] 23,8 млрд. сомго көбөйгөн.

*Капитал көрсөткүчтөрү*

Айрым бир төмөндөөгө карабастан, суммардык капиталдын шайкештиги көрсөткүчү анын нормативдик деңгээлинен олуттуу ашкан, бул банк тутумунун финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү үчүн белгилүү бир деңгээлде потенциалга ээ экендигин тастыктайт.

***3.1.2.1-таблица***

Коммерциялык банктардын капитал көрсөткүчү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2013-жыл | 2014-жыл |
|---|---|---|
| "Таза" суммардык капитал, *млн. сом* | 18 657,0 | 21 836,5 |
| "Таза" тобокелдүү активдер, *млн. сом* | 76 216,7 | 100 006,7 |
| Суммардык капиталдын шайкештик коэффициентин*, пайыздар* | 24,5 | 21,8 |
| Суммардык капиталдын шайкештик ченеми (keминде)*, пайыздар* | 12,0 | 12,0 |

*Кредиттик тобокелдик*

Кредиттик тобокелдик активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоонун негизинде бааланат[3]. Потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга түзүлгөн камдардын өзүндө кредиттик жоготуу тобокелдигин камтыган активдердин жалпы суммасына карата катышы катары эсептелинген кайтарылбай калуу тобокелдиги 2014-жылдын акырына карата 2013-жылдын акырына карата маанисине салыштырганда төмөндөп (3,3 пайызга), 2,6 пайызды түзгөн.

---

[1] Туунду уюмдарга жана башка финансы-кредит мекемелеринин капиталына инвестицияларды эске албаганда, банктын акционерлеринин капиталын, отчеттук жылдагы жана өткөн жылдардагы иштин финансылык натыйжаларын, түзүлгөн камдарды камтыган эсептик көрсөткүч. Улуттук банк тарабынан белгиленген экономикалык ченемдердин маанисин эсептөөдө колдонулат.

[2] Тобокелдиктүү активдерде кардарларга кредиттер, лизингдер, корпоративдик баалуу кагаздар, чет өлкө банктарында жайгаштырылган акчалай активдер, башка активдер жана ыйгарылган кредиттик тобокелдик деңгээли боюнча бааланган баланстан тышкаркы милдеттенмелер камтылат.

[3] Маалыматтар "Банк сектору" деп аталган 1.4-бөлүктүн "Активдерди, баланстан тышкаркы милдеттенмелерди жана кардарларга кредиттерди классификациялоо" деп аталган 1.4.2-таблицада келтирилген.

Отчеттук жылдын акырына карата мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттердин суммасын 3,7 млрд. сом же кредиттик жоготуу тобокелдигин камтыган активдердин 4,7 пайызы чегинде катталган. Ал эми 2013-жылдын акырында бул көрсөткүч 5,4 пайызды түзгөн эле.

*Валюта тобокелдиги*

Валюта тобокелдиги валюта курсунун өзгөрүшү шартында банктын чет өлкө валютасындагы активдеринин жана милдеттенмелеринин наркынын өзгөрүшүнөн улам, банк чыгымга учурап калышы ыктымалдыгы көз карашынан кароого алынат. Бул тобокелдик чет өлкө валютасындагы активдердин жана милдеттенмелердин катышына, ошондой эле коммерциялык банктардын суммардык активдериндеги же милдеттенмелериндеги алардын үлүшүнө жараша өлчөнөт. 2014-жыл жыйынтыгы боюнча банк тутумунун валюталык активдери 71,2 млрд. сомду же суммардык активдердин 51,8 пайызын түзгөн. Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери 67,9 млрд. сом же бардык милдеттенмелердин 58,2 пайызы чегинде катталган. Чет өлкө валютасындагы 978,3 млн. сом эквиваленттиндеги жалпы камдарды, ошондой эле 1,1 млрд. сом өлчөмүндөгү чет өлкө валютасындагы милдеттенмелерге теңештирилген каражаттарды эске алганда, банк тутумунун чогуу алгандагы таза ачык валюта позициясы 2014-жылдын акырына карата “узун” болуп 1,2 млрд.сомду же банк тутумунун таза суммардык капиталынын 5,6 пайызын түзгөн.

***<u>3.1.2.2-таблица</u>***

Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы активдери жана милдеттенмелери (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2013-жыл | 2014-жыл |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасындагы активдер, *млн.сом* | 51 455,4 | 71 222,9 |
| Чет өлкө валютасындагы активдер*, пайыздар* | 46,3 | 51,8 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер*, млн.сом* | 48 990,5 | 67 943,3 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер*, пайыздар* | 53,1 | 58,2 |

** Булагы: Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун 36-бөлүгү*

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

Ликвиддүүлүк тобокелдиги мөөнөттөрдүн ар бир аралыгында милдеттенмелердин активдер менен орду жабылышы көз карашынан кароого алынат. Бул мөөнөттөр жана милдеттенмелер боюнча ажырым орун алган шартта, каражаттарга болгон керектөөгө баа берүү мүмкүнчүлүгүн түзөт. Коммерциялык банктардын ликвиддүүлүк тобокелдигине 2014-жыл ичинде жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр, активдердин жана милдеттенмелердин ордун жабуу мөөнөттөрү боюнча терс ажырым 0-30 күндөн 181-365 күн аралыгы боюнча байкалган. Ошол эле учурда 365 күндөн ашкан мөөнөттөр боюнча алгылыктуу ажырым орун алган, бул банктар өз милдеттенмелеринин ордун жабуу үчүн узак мөөнөткө каралган каржылоо булагына ээ экендигин тастыктайт.

МАЗМУНУ

***3.1.2.3-таблица***

Мөөнөттөр боюнча активдер жана милдеттенмелер (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом)*

| 2014-жыл* | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Финансылык активдер | 44 653,5 | 7 383,3 | 6 661,4 | 14 046,9 | 65 571,1 | 138 316,2 |
| Финансылык милдеттенмелер | 52 690,1 | 11 766,1 | 9 536,3 | 15 484,6 | 22 481,9 | 111 959,0 |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден ашкан суммасы | -8 036,6 | -4 382,8 | -2 874,8 | -1 437,8 | 43 089,1 | 26 357,1 |
| Финансылык активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | -5,8% | -3,2% | -2,1% | -1,0% | 31,2% | 19,1% |

** Маалыматтар 2014-жылдын бештин айынын отуз бирин кошо камтуу менен келтирилген.*

| 2013-жыл** | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Финансылык активдер | 41 199,3 | 6 148,2 | 8 225,5 | 12 540,9 | 45 004,6 | 113 118,5 |
| Финансылык милдеттенмелер | 49 231,3 | 6 165,0 | 7 993,3 | 10 273,3 | 16 651,1 | 90 314,0 |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден ашкан суммасы | -8 032,0 | -16,7 | 232,2 | 2 267,6 | 28 353,5 | 22 804,5 |
| Финансылык активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | -7,1% | 0,0% | 0,2% | 2,0% | 25,1% | 20,2% |

*** Маалыматтар 2013-жылдын бештин айынын отуз бирин кошо камтуу менен келтирилген.*

Кароого алынып жаткан тобокелдиктерди чектеген экономикалык ченемдердин мааниси аларга туруштук берүүгө жана тобокелдиктерди чектеп турууга мүмкүнчүлүктүн бардыгын тастыктайт.

Коммерциялык банктардын ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктер орун алып жаткандыгына карабастан, банк секторунун арымдуу өнүгүп жаткандыгын эске алуу менен Улуттук банк көзөмөлдөө ыкмаларын туруктуу негизде өркүндөтүп келет. Ушундан улам, 2014-жылы Дүйнөлүк банктын долбоорунун алкагында Улуттук банк тобокелдиктерди аныктоого багытталган көзөмөлдүк ыкмаларын иштеп чыгууга жана аны тажрыйбада колдонууга киришкен.

### 3.1.3. Инспектордук текшерүүлөр

Отчеттук жылы инспектордук текшерүүлөрдүн алкагында (жеринде барып көзөмөлдүктү жүргүзүү) Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктардын ишине комплекстүү жана максаттуу текшерүүлөр ишке ашырылган. Комплекстүү текшерүүлөр бекитилген текшерүү пландарынын жана CAMELS рейтинг системасынын негизинде иштелип чыккан усулдук ыкмалардын алкагында жүргүзүлүп, ага ылайык банктардын иши тыкыр (толук) текшерүүгө алынган. Ал эми максаттуу текшерүүлөр коммерциялык банктардын бир же бир нече көрсөткүчтөрдүн олуттуу өзгөрүүсүнө алып келген айрым операцияларды кылдат талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү максатында, ошондой эле жарандардын кайрылуулары боюнча ишке ашырылган.

2014-жылы 18 коммерциялык банкта пландык комплекстүү текшерүүлөр жүргүзүлүп, 235 максаттуу текшерүү жүзөгө ашырылган. Банк мыйзамдарынын талаптарынын сакталышына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү жана баа берүү, айрым банк операцияларын: валюталык жана кассалык операциялардын жүргүзүлүшүнө, уставдык капиталдын топтолушуна, активдер боюнча камдардын түзүлүшүнө, Улуттук банк тарабынан белгиленген экономикалык ченемдерди эсептөөлөргө жана "Айыл чарбасын каржылоо" долбоору боюнча сунушталган мамлекеттик субсидиялардын пайдаланылышына, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жагында иш алып барууга баа берүү максаттуу текшерүүлөрдүн предметинен болуп саналат.

Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын жетекчилери менен жолугушуулар өткөрүлүп, анда текшерүүнүн жүрүшүндө аныкталган кемчиликтер жана тобокелдиктер талкууга алынып, орун алган тобокелдиктерди басаңдатууга банк ишин мыйзам талаптарына ылайык келтирүүгө багытталган жөнгө салуу чаралары кабыл алынган.

Жүзөгө ашырылган инспектордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгы коммерциялык банктардын финансылык абалы негизинен канааттандырарлык экендигин тастыктаган. Ошондой эле, мыйзамдардын инсайдерлер жана аффилирленген жактар менен операцияларды жүргүзүү, чет өлкө валютасындагы операциялар, кредиттик тобокелдикти тескөө, кредиттерди администрлөө, активдерди классификациялоо жана шайкеш камдарды учурунда түзүү, башка менчикти эсепке алуу, айрым экономикалык ченемдерди жана коэффициентттерди эсептөөдө орун алган кемчиликтерди аныктоо, мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттордун (ПРБО) бөлүктөрүнүн туура эмес толтурулушу, ошондой эле терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жагында мыйзамдын милдеттүү түрдө контролдукка алуу боюнча талаптарын бузууга жол берилиши жагында кемчиликтер орун алгандыгы аныкталган. Айрым банктарда ички контролдук жана банктык тобокелдиктерди тескөө системаларында кемчиликтер белгиленген.

Улуттук банктын көзөмөлдөө жагындагы иш натыйжалуулугунун сапатын арттыруу жагында аткарылып жаткан иштердин, атап айтканда тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүккө өтүүнүн алкагында 2014-жылы коммерциялык банктардын биринде тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүктүн ыкмаларын тажрыйба жүзүндө сынап көрүү жагында тесттик инспектордук текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансылык чалгындоо кызматы менен өз ара жигердүү иштер улантылган. Келишилген эки тараптуу макулдашуунун алкагында коммерциялык банктардын ишине тиешелүү жана алар тарабынан терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзам талабынын аткарылышы боюнча маалыматтар алмашылып турган. Комплекстүү жана максаттуу текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча Мамлекеттик чалгындоо кызматына жөнөтүлгөн маалыматтардын жыйынтыгында ал тарабынан сегиз коммерциялык банктын кызмат адамдарына карата административдик чаралар колдонулган.

### 3.1.4. Таасир этүү чаралары

Коммерциялык банктардын аманатчыларынын жана кредиторлорунун таламын коргоо максатында, отчеттук жылы көзөмөлдүк чаралары жана айрым коммерциялык банктардын ишине чектөөлөрдү белгилөө чаралары колдонулган.

МАЗМУНУ

Улуттук банктын талаптары аткарылгандыктан айрым коммерциялык банктарга карата белгиленген чектөөлөр кайрадан каралып, алынып салынган.

2014-жыл ичинде "ФинансКредитБанк КАБ" ААКсында жана "БТА Банк" ЖАКта тике банктык көзөмөлдүккө алуу сакталып калган. Ошондой болсо да бул банктар кадимки иш ыргагында банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн бүтүндөй түрмөгүн сунуштоого жетишкен.

Активдердин сакталышын жана аманатчылардын, башка кредиторлорун таламдарын коргоону камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын "Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө" мыйзам талабына ылайык Инвестбанк "Ысык-Көл" ААКсында жана "Манас Банк" ЖАКта консервация режими улантылган. Акционеринин алмашылышына байланыштуу "КыргызКредит Банк" ААКсындагы консервация режими токтотулуп, банк ишин тескөө боюнча убактылуу жетекчилик киргизилип, ал 2014-жылдын бештин айынын жыйырма экисине чейин иштеп турган.

Штаттык режимде иш алып барган коммерциялык банктарга карата тышкы көзөмөлдүктү жүргүзүүнүн алкагында, ошондой эле ишке ашырылган максаттуу текшерүүлөрдүн жана лицензиялоонун жыйынтыгы боюнча таасир этүү чаралары колдонулган.

2014-жылы Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети 47 отурум өткөрүп, анда коммерциялык банктардын ишине тиешелүү 72 маселе кароого алынган. Үч банк үчүн жеке адамдардан жана юридикалык жактардан депозиттерди тартууга чектөөлөр белгиленген.

Улуттук банк инспектордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча берилген материалдардын негизинде отчеттук жылы 10 коммерциялык банк үчүн ачык валюта позициялары боюнча лимиттердин маанилерин төмөндөтүп, эки коммерциялык банкка карата айыптык төлөм салынып, коммерциялык банктардын кызмат адамдарына айып салуу түрүндө үч административдик чара колдонулган.

Колдонулган таасир этүү чаралары эскертүү мүнөзүндө болуу менен Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө" мыйзам талабына ылайык банктардын ишенимдүү, туруктуу ишин камсыз кылуу жана иш натыйжалуулугун арттыруу максатында гана колдонулган.

### 3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөл

*БФКМдерди лицензиялоо*

2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банктан лицензиялануугa жана иши ал тарабынан жөнгө салынууга тийиш болгон банктык эмес финансы-кредит мекемелери системасы адистештирилген финансы-кредит мекемеси – "Кредиттик союздардын финансылык компаниясы" ААКсын ("КСФК" ААКсы) 135 кредиттик союзду, 215 микрофинансылык уюмду (анын ичинде беш микрофинансылык компания, 154 микрокредиттик компания, 56 микрокредиттик агенттик) жана 309 алмашуу бюросун камтып турган.

"КСФК" ААКсынын, микрофинансылык компаниялардын, кредиттик союздардын жана алмашуу бюролорунун иши Улуттук банктын лицензиясынын негизинде жүзөгө ашырылган, ал эми микрокредиттик компаниялар жана микрокредиттик агенттиктер каттоодон өткөндүгүн тастыктаган күбөлүктүн негизинде иш алып барган.

2014-жылы Улуттук банк тарабынан алмашуу бюролоруна 79 лицензия, МККнын каттоодон өткөндүгү тууралуу тогуз күбөлүк, МФКга бир лицензия жана КСке бир лицензия берилген.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын сактабагандыгы үчүн үч МККнын күбөлүгү жана беш кредиттик союздун лицензиясы кайтарылып алынган. Ишин токтотткон-

дугуна байланыштуу 14 кредиттик союздун лицензиясы, 60 МККнын күбөлүгү жана тогуз МКАнын күбөлүгү жокко чыгарылган.

***3.2.1-таблица***

БФКМдердин жана алмашуу бюролорунун саны

| Аталышы | 2013-жыл | 2014-жыл |
|---|---|---|
| "КСФК" ААКсы | 1 | 1 |
| Микрокаржылоо уюмдары (микрокаржылоо компаниялары, МКК жана МКА) | 277 | 215 |
| Кредиттик союздар | 153 | 135 |
| Алмашуу бюролору | 334 | 309 |
| **Бардыгы болуп БФКМ** | **765** | **660** |

*Тышкы көзөмөлдүк*

2014-жылы да буга чейин жөнгө салынгандай эле, банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөлдүк сектордун андан ары сапаттык жактан өсүшүнө микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн арттырууга, МФУларды капиталдаштырууга багытталган, бул түпкүлүгүндө келип ушул мекемелердин финансылык туруктуулугуна жана натыйжалуу иш алып баруусуна өбөлгө түзгөн. Мезгил-мезгили менен берилип турган регулятивдик отчеттордун негизинде жана жеринде барып инспектордук текшерүүлөр тышкы көзөмөлдүктүн негизги инструментинен болуп, алардын жыйынтыгында мыйзамдарда каралган таасир этүү чаралары колдонулган.

Алсак, банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишинде мыйзам талаптарын бузууга жол берүүлөрдүн аныкталгандыгына байланыштуу, төмөнкүдөй таасир этүү чаралары колдонулган:

- микрофинансылык уюмдарга 424 жазма буйрук, 59 эскертүү жөнөтүлүп, 26 МФУнун күбөлүгүнүн аракети токтотулган;
- кредиттик союздарга 217 жазма буйрук, 12 эскертүү жөнөтүлүп, үч кредиттик союздун лицензияларынын аракети токтотулган;
- "КСФК" ААКсына эки жазма буйрук жөнөтүлүп, айрым операцияларына чектөөлөр киргизилген.

*Инспектордук текшерүүлөр*

2014-жылдын бирдин айында Улуттук банк башкаруу органынын ишин макулдашып жүргүзө албагандыгынан улам, "КСФК" ААКсына убактылуу жетекчиликти киргизген. Убактылуу жетекчиликтин жүрүшүндө анын иши мыйзам талаптарына ылайык келтирилип, акционерлер тарабынан Директорлор кеңешинин жаңы курамы шайланган.

Отчеттук жылдын баш оона айында убактылуу жетекчилик режими токтотулган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктык эмес финансы-кредит мекемелери тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарынын сакталышын текшерүүнүн алкагында 108 микрофинансылык уюмдун, 208 кредиттик союздун ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүп, "КСФК" ААКсынын ишине эки жолу текшерүү ишке ашырылып, алмашуу бюролоруна 1280 текшерүү жүргүзүлгөн. Мындан тышкары, микрофинансылык уюмдардын ишине текшерүүлөрдүн жүрүшүндө Улуттук банктын кредиттик аукциондорунун жыйынтыгы боюнча берилген кредиттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышына мониторинг ишке ашырылып, ал эми "КСФК" ААКсынын ишине текшерүүлөрдүн алкагында бул мекеме алдында карызы болгон кредиттик союздардын иши утурлап текшерүүгө алынган. Кредиттөө ишинде активдердин сапатына баа берүүдө кемчиликтерге жол берүү, отчеттордун толук жана тактыгы жагында орун алган кемчиликтерди аныктоо, банктык эмес финансы-кредит мекемесинин отчеттук жылдагы ишиндеги негизги мыйзам бузуулардан болгон. Инспектордук текшерүүлөрдүн жыйын-

тыгы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Улуттук банктын ченемдик актыларынын талаптарын бузууга жол бергендиги үчүн жазма буйрук, эскертүүлөрдү жөнөтүү, күбөлүктүн/лицензиянын аракетин убактылуу токтотуу жана аларды кайтарып алуу, ошондой эле микрофинансылык уюмдардын айрым кызмат адамдарынан административдик айыптык төлөмдөрдү өндүрүү сыяктуу таасир этүү чаралары колдонулган (натыйжада, республикалык бюджеттин кирешесине 160,0 миң сом чегерилген).

Отчеттук мезгил ичинде алмашуу бюролорунун лицензиясыз иш алып баруусуна бөгөт коюу, алар тарабынан республиканын мыйзам талаптарын, анын ичинде терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жагында талаптарды системалуу түрдө бузууга жол берүүнү четтетүү маселелерине айрыкча көңүл бурулган. Улуттук банк тарабынан мамлекеттик органдар менен биргеликте лицензиясыз иш алып барган алмашуу бюролоруна бөгөт коюу максатында, чет өлкө валютасын алмашуу операциясын ишке ашырган ишкердик субъекттери тарабынан мыйзам талаптарынын сакталышына контролдукту жүргүзүү боюнча биргелешкен иш-чаралар планы кабыл алынган.

Ушул иш-чаранын алкагында 2014-жылы административдик жоопкерчиликке тартууну кошо алганда, төмөнкүдөй чаралар көрүлгөн: административдик укук бузууларга карата 304 протокол түзүлүп, 208 укук бузуучулардан республикалык бюджеттин пайдасына 317,5 миң сом суммасында административдик айыптык төлөм өндүрүлгөн.

Улуттук банк ошондой эле, лицензиясыз иш алып барган жактардын жоопкерчилигин күчөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине нак чет өлкө валютасын алмашуу операциясын лицензиясыз ишке ашыргандыгы үчүн айыптык төлөм суммасын көбөйтүү жагында өзгөртүүнүн жана толуктоонун киргизилишин караган мыйзам долбоорун демилгелеген.

Отчеттук жыл ичинде БФКМдердин ишине көзөмөлдүктү жүргүзүү жана жөнгө салуу ыкмаларын өркүндөтүү жагында иштер улантылган. Ушул багытта эл аралык тажрыйбаны эске алып жана Азия өнүктүрүү банкынын көмөктөшүүсү аркылуу тобокелдиктерди аныктоого багытталган көзөмөлдүктүн негизинде микрофинансылык уюмдардын ишине баа берүүнүн усулдук ыкмалары иштелип чыгып, колдонууга киргизилген. Ал Кыргыз Республикасынын микрофинансы секторунун иш өзгөчөлүгүн эске алуу менен жеткире иштелип чыгат жана өркүндөтүлөт. Айрыкча, республиканын алыскы региондорунда микрофинансы секторунун кызмат көрсөтүүлөрүнө жогорку талаптын сакталып жатышын эске алуу менен Улуттук банк БФКМдердин ишине көзөмөлдүктү өркүндөтүү жагында ишти андан ары улантат, бул өз кезегинде керектөөчүлөр укугун коргоону жана микрофинансылык уюмдардын ишин улантат.

### 3.3. Көзөмөл жана жөнгө салуу методологиясы

*Ченемдик укуктук базаны өркүндөтүүнүн негизги багыттары*

2014-жылы финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салган ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү жагында иш улантылган. Мында, банктардын жана БФКМдердин ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди тескөө, ошондой эле колдонулуп жаткан ченемдик укуктук актыларды өлкөнүн мыйзамдарына киргизилип жаткан өзгөртүүлөргө ылайыкташтыруу маселесине өзгөчө көңүл бурулган.

*БФКМдердин ишин жөнгө салуу*

Чет өлкө валютасында операцияларды жүргүзүү укугуна лицензияга ээ микрофинансылык компаниялардын жана кредиттик союздардын ишинде орун алышы ыктымал болгон валюталык тобокелдиктерди азайтуу максатында, ушул мекемелер тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби

жөнүндө нускоолор кабыл алынган. Мындан тышкары, айрым ченемдик укуктук актыларга микрофинансылык компаниялардын өздүк капиталын эсептөө жагында өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Микрофинансылык компаниялардын уставдык капиталында жана алмашуу бюролорунун жүгүртүү капиталында камтылган акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын аныктоо максатында, БФКМдердин ишин жөнгө салган айрым ченемдик укуктук актыларга сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, анын ичинде терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жагында талаптарга ылайык келтирүүнүн алкагында, алмашуу пункттарынын жана бюролорунун ишине тиешелүү айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган.

Микрофинансылык уюмдарга жана кредиттик союздарга карата таасир этүү чараларын колдонуу үчүн кошумча негиздерди киргизүү, ошондой эле БФКМдерге карата таасир этүү чараларын колдонуу тартибин оптималдаштыруу максатында, Улуттук банктын бир катар ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

*Банк ишин жөнгө салуу*

Кирешеси улуттук валютада топтолгон кардарларды чет өлкө валютасында кредиттеген банктардын кыйыр валюталык тобокелдикке дуушар болушу ыктымалдыгын кыскартуу үчүн Улуттук банк жогоруда белгиленген кредиттерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын, чыгымдардын ордун жабууга кошумча кам түзүүсү жагында талаптарды күчөткөн.

Ченемдик укуктук актыларга бир карыз алуучуга тобокелдиктин максималдуу өлчөмү ченемин эсептөөдө чогуу алынган бир карыз аркылуу бири-бирине байланыштуу болгон карыз алуучуларды аныктоо шарттарына тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген.

Банктарга өзгөртүп түзүлгөн микрофинансылык жана микрокредиттик компанияларга банк-резиденттерде чет өлкө валютасында эсептерди ачууга укук берүү максатында ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

*Ислам каржылоо принциптери*

Кыргыз Республикасында ислам банк иши жана каржылоо принциптерин андан ары өнүктүрүүнүн алкагында айрым ченемдик укуктук актыларга капиталдын шайкештигин эсептөө, ошондой эле банктар аралык каржылоодон пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болууну караган өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Мындан тышкары, ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетторду берүүсүнө, ошондой эле экономикалык ченемдерди аткарышына карата талаптар белгиленген.

# 4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

2014-жылы Кыргыз Республикасынын төлөм системасы туруктуу режимде иштеген.

Улуттук банк отчеттук мезгил ичинде учурда иштеп жаткан төлөм системасынын ишенимдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзгөн ченемдик-укуктук базаны оптималдаштырууну жана өркүндөтүүнү, төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногунун жаңы катышуучуларына жана алардын системаларына көзөмөлдүктү күчөтүүнү, чекене, нак эмес төлөмдөрдү камтуу чөйрөсүн кеңейтүүнү жана инновациялык технологияларды өнүктүрүүнү төлөм системасынын 2015-2017-жылдарга каралган негизги багыты катары аныктаган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө” мыйзамынын (мындан ары – мыйзам) кабыл алынышы негизги окуялардын биринен болгон. Бул мыйзам экономикада акча каражаттарынын жылышынын ачык-айкындуулугун жана тескөөгө алынышын жогорулатуу чараларын күчөтүүгө, нак акчанын көмүскө жүгүртүлүшүн азайтууга жана электрондук төлөм системасы менен иштөөдө түпкү керектөөчүлөр (калктын) укугун коргоого багытталган. Мыйзамда инновациялык технологияларды кошо алганда, Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын укуктук жана уюштуруу негиздери белгиленип, Улуттук банк төлөм системаларынын операторлоруна, төлөм уюмдарына жана алардын төлөм системаларына көзөмөлдөө органы катары дайындалган.

Акча которуу системасындагы тобокелдиктерди минималдаштыруу жагында иш алып баруунун алкагында “Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча акча которууларды жүргүзүү эрежелерине” өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Белгиленген талаптарга ылайык, акча которуулар системасынын оператору Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында каттоодон өтүүгө жана коммерциялык банктарда камсыздандыруу депозитин жайгаштырууга же болбосо инвестициялык деңгээлдеги эл аралык кредиттик рейтингге ээ банктардын гарантияларын сунуштоого, же болбосо акча которууларды камсыздандыруу аркылуу финансылык милдеттенмелердин кепилдигин камсыз кылууга тийиш. Акча которуулар системасы менен иш алып баруу жагында коопсуздукту сактоо талаптары белгиленген. 2014-жылдын баш оона айынан тартып Кыргыз Республикасынын аймагында акча которуулар системасы боюнча кызматтарды көрсөткөн операторлорду каттоодон өткөртүү иши башталып, анын ички тартиби жана уюмдардын реестри иштелип чыккан. 2014-жылдын акырына карата абал боюнча эл аралык системалардын 14 оператору жана акча которуулардын локалдык системаларынын беш оператору каттоодон өткөн.

2014-жылы Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү боюнча 2012-2017-жылдарга каралган мамлекеттик программанын иш-чараларын (мындан ары – Мамлекеттик программа) жүзөгө ашыруу боюнча план ченемдүү иштер улантылган. Бул процессте Улуттук банк менен бирге эле, Кыргыз Республикасынын министрликтери жана ведомстволору, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары, “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК жана республиканын коммерциялык банктары жигердүү катышкан. Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомстволор аралык комиссиянын ишинин алкагында, Мамлекеттик программанын иш-чаралар планынын аткарылышын координациялоо жана контролдоо ишке ашырылып, товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө нак эмес түрдө төлөөнү демилгелөө боюнча, анын ичинде банктык төлөм карттарын пайдалануу

менен механизмдер аныкталып, ошондой эле орун алган проблемалар жана аларды чечүү жолдору талкууга алынган.

Отчеттук мезгил ичинде төлөм инструменттеринин жана инновациялык технологиялардын жаңы түрлөрүн (электрондук акча, мобилдик төлөм жана башкалар) өнүктүрүү үчүн коммерциялык банктар жана бизнес-түзүмдөр менен биргеликте ченемдик документтерди иштеп чыгуу жана аны талкуулоо иши башталган, бул нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүүгө жана ал калкка, айрыкча өлкөнүн алыскы региондорунда банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жөнөкөйлөштүрүүгө өбөлгө түзөт.

Экономиканы зарыл улуттук валютадагы банкноттор жана монеталар менен камсыз кылуу үчүн Улуттук банк жүгүртүүдөгү нак акча түзүмүнө туруктуу негизде мониторингди жүргүзүп турган.

## 4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү

### 4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр

*Төлөм системасы*

Кыргыз Республикасынын төлөм системасы өзүндө Эсептешүүлөрдүн гросстук системасын (ГСРРВ), Пакеттик клиринг системасын (СПК), төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасын, акча которуулар системасын, төлөмдөрдү чек ара аркылуу өткөрүү системасын камтыйт. Кыргыз Республикасында жогоруда белгиленген төлөм системаларынын катышуучуларынан болуп Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, филиалдарын кошо алганда коммерциялык банктар, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Мамлекеттер аралык банк жана атайы катышуучу укугунда “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК саналат.

2014-жылы банктар аралык төлөм системалары аркылуу жалпы 1 513,4 млрд. сом суммасына 3,7 млн. төлөм ишке ашырылган, бул көрсөткүчтөр 2013-жылга салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 31,3 жана 80,3 пайызга көбөйгөн.

***<u>4.1.1.1-график</u>***

Төлөм системалары (ГСРРВ жана СПК) боюнча төлөмдөр көлөмү




Отчеттук мезгил ичинде Эсептешүүлөрдүн гросстук системасы жана Пакеттик клиринг системасы аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 2013-жылдагы көрсөткүчтөргө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 48,1 жана 30,1 пайызга, ал эми төлөмдөр көлөмү 87,9 жана 15,3 пайызга өскөн. Өсүш, финансы рынокторунда Улуттук банктын Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу ишке ашырылган төлөмдөр санынын жана көлөмүнүн, ошондой эле бюджеттик кириш

жана чыгыш төлөмдөрүнүн, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунан төлөмдөрдүн, бюджеттик эмес уюмдардын төлөмдөрүнүн көбөйүшү менен шартталган.

***4.1.1.2-график***

Төлөм системалары боюнча (ГСРРВ жана СПК) төлөмдөр саны




Эмитирленген төлөм карттарынын жалпы саны жыл ичинде 39,7 пайызга көбөйүү менен 908,9 миң дааналы түзгөн, алардын ичинен “Элкарт” улуттук системасынын карттарынын саны 221,4 миң даана чегинде катталган. Эмитирленген банктык карттардын санынын байкалаарлык өсүш арымы эмгек акы долбоорунун алкагында берилген банктык карттар санынын көбөйүүсү менен шартталган.

***4.1.1.3-график***

Банктык төлөм карттар санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




** “Алай-Кард” – бул товардык белги (бренд), ал аркылуу “Золотая Корона” төлөм системасынын карттары эмитирленет жана төлөөгө алынат.*

***4.1.1.4-график***

Банктык төлөм карттар санынын катышы




*Карттарды пайдалануу менен ишке ашырылган операциялар*

2014-жылы карттарды пайдалануу менен бардыгы болуп 15,4 млн. операция ишке ашырылган, бул 2013-жылга караганда 38,7 пайызга көп.

2014-жыл ичинде карттарды пайдалануу менен ишке ашырылган операциялардын чогуу алгандагы көлөмү 83,8 млрд. сомду түзүү менен 2013-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 61,4 пайызга көбөйгөн. Ушунун өзү Мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруунун алкагында банктык карттар рыногунда коммерциялык банктардын иш жигеринин артышын, ошондой эле калк тарабынан акча каражаттарын карттан картка которуу, интернет-банкинг жана башкалар сыяктуу банктык продукттарды пайдаланып жаткандыгын тастыктайт.

*Карттарды кабыл алуу жана тейлөө инфраструктурасы*

Соода-сервис ишканаларында карттарды пайдалануу менен келишилген бүтүмдөр көлөмү 2013-жылдагы 2,2 млрд. сомдон 2014-жылдагы 2,9 млрд. сомго чейин, 31,8 пайызга көбөйгөн.

Системалар боюнча алып караганда, отчеттук мезгилдин акырына иштеп жаткан терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны төмөнкүчө катталган:

- “Элкарт” улуттук системасы боюнча – 428 банкомат жана 1 498 терминал. Мындан тышкары, “Элкарт” улуттук системасынын карттары эл аралык төлөм системаларынын 154 банкоматында жана 662 терминалында тейлөөгө алынууда;
- “Золотая Корона” эл аралык системасы боюнча – 318 банкомат жана 1 180 терминал;
- “Visa&MasterCard” эл аралык системасы боюнча – 252 банкомат жана 1 997 терминал.

Ошентип, 2014-жылдын акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар Кыргыз Республикасынын бүтүндөй аймагы боюнча 998 банкоматта жана 4 675[1] терминал аркылуу тейлөөгө алынган (алардын ичинен 3 526 терминал соода-сервис түйүндөрүндө жана 1 149 терминал коммерциялык банктардын филиалдарында жана аманат кассаларында орнотулган).

[1] Өзүн өзү тейлөөгө алган автоматташтырылган терминалдарды эске албаганда (төлөм терминалдары же cash in).

***4.1.1.5-график***

Банкоматтар жана терминалдар санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




### 4.1.2. Төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк (оверсайт)

Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине көзөмөлдүктү (оверсайт) жүргүзүүнүн алкагында 2014-жылы ичинде өлкөнүн финансы тутуму үчүн маанилүү төлөм системаларынын туруктуу иштөөсүнө жана алардын модернизацияланышына өзгөчө көңүл бурулган.

Жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча системалуу мааниге ээ системалар (ГСРРВ, СПК) штаттык режимде иштегендигин, системадан пайдалануу деңгээли жогору болуп, орточо алганда 99,6 пайыз чегинде катталгандыгын көрсөткөн. Ликвиддүү каражаттардын системадагы жүгүртүүгө карата катышы жогорку деңгээлде сакталып турушунун эсебинен системадагы финансылык тобокелдиктер деңгээли минималдуу болгон (ликвиддүүлүк коэффициенти 2,4, ал эми жүгүртүү коэффициенти – 0,4 түзгөн).

Олуттуу сандагы транзакцияларды иштеп чыккан чекене төлөм системасынын үзгүлтүксүз иши өлкөнүн финансы системасынын туруктуулугу үчүн маанилүү болуп саналат. Бул системалар өзүндө төлөм карттары менен эсептешүүлөр системасын жана акча которуулар системасын камтыйт. Отчеттук мезгил ичинде аталган системалар, негизинен, туруктуу иштеген. “Элкарт” төлөм карттары аркылуу эсептешүүлөрдүн улуттук системасынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн деңгээли 99,9 пайызды түзгөн.

Карттар аркылуу ишке ашырылган төлөмдөр санынын жана көлөмүнүн өсүшү менен алдамчылык да көбөйгөн, айрыкча бул эл аралык төлөм системалары боюнча катталган. Банкоматтарга скиммингдик жабдууларды орнотуу, Интернет аркылуу санкцияланбаган төлөмдөрдү ишке ашыруу фактылары да белгиленген. Алсак, 2014-жыл ичинде 165 төлөм карттарын пайдалануу менен 316 шектүү транзакция, ошондой эле акча эл аралык которуулардын системалары боюнча алдамчылык аракеттер катталган. Ар бир кардарлардын кайрылуулары жана шектүү операциялар боюнча банктарда ички териштирүү иштери жүргүзүлүп, Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын өкүлдөрү да ишке тартылган. Карт ээлеринин жана соода-сервистик ишканалардын коопсуздук эрежелерин сактабагандыгы, санкцияланбаган көчүрүү жана алдамчылар тарабынан Интернет түйүнүндө төлөм карттардын реквизиттерин пайдалануу алдамчылык транзакциялардын келип чыгышынын негизги себептеринен болгон.

2014-жылдын башында соода боюнча өнөктөш-өлкөлөрдө өлкөлүк жана саясий тобокелдиктердин Кыргыз Республикасынын төлөм системасына, чек ара

аркылуу акча которууларга, чет өлкө банктарындагы коммерциялык банктардын корреспонденттик эсептерине жана алардын акча которуулар системаларында катышуусуна таасир этүү деңгээлине баа берилип, анын натыйжасында өлкөлүк тобокелдиктер Эсептешүүлөрдүн гросстук системасына, Пакеттик клиринг системасына жана "Элкарт" улуттук системасынын төлөм карттарына таасир тийгизбей тургандыгы белгиленген. Калган системалар боюнча Улуттук банк финансылык тобокелдиктерди минималдаштыруу чараларын иштеп чыккан.

*Төлөм системасынын эл аралык стандарттарга ылайык келиши*

2014-жыл ичинде FSAPтын алкагында системалуу мааниге ээ төлөм системаларынын жана "Элкарт" төлөм карттары менен эсептешүүлөрдүн улуттук системасынын системалуу мааниге ээ төлөм системаларынын негизги принциптерине (мындан ары – Негизги принциптер) ылайык келүүсүнө баа берүүлөрдүн жыйынтыгында белгиленген сунуш-көрсөтмөлөрдү аткаруу жагында иштер жүргүзүлгөн. Алсак, Пакеттик клиринг системасынын жана Эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын жабдууларын модернизациялоо иши жүргүзүлүп, аталган системалардын натыйжалуулугу кыйла жогорулаган. Сунуш-көрсөтмөлөрдүн аткарылышына жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр негизинен, системалуу мааниге ээ төлөм системалары жана "Элкарт" улуттук системасы Негизги принциптерге ылайык келерин көрсөткөн.

Борбордук банк катары Улуттук банктын системалуу мааниге ээ төлөм системалары үчүн Негизги принциптерди колдонуу жагында милдеттери негизинен аткарылып жатат, тактап айтканда төлөм системаларынын максаттары так аныкталып, алардын ролу жана негизги саясаты ачык-айкын чечмеленип, Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк (оверсайт) камсыз кылынган. 2014-жылдын тогуздун айында төлөм системаларына жана төлөм системаларынын операторлоруна көзөмөлдүк (оверсайт) жагында Россия Банкы менен тыгыз кызматташуу жөнүндө макулдашуу жетишилген.



### 4.1.3. Нак эмес төлөмдөр үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар

Мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруу боюнча иш-чаралар планын (мындан ары – иш-чаралар планы) жүзөгө ашыруунун жана Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомстволор аралык комиссиянын иш-аракеттеринин чегинде Улуттук банк, министрликтер жана ведомстволор, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары тарабынан төмөнкү долбоорлор боюнча иштер жүргүзүлгөн:

– республиканын алыскы региондорун кошпогондо, бюджеттик мекемелердин кызматкерлеринин 90,5 пайызы эмгек акыны банктык төлөм карттары аркылуу алышууда, ал эми отчеттук жылдын баш жагында аталган көрсөткүч 73,8 пайызды түзгөн эле; социалдык төлөөлөрдү – 27,5 миң адам алган, ошол эле учурда отчеттук жылдын башында 13,4 миң адамдын банктык карттарына социалдык төлөөлөр чегерилген; коммерциялык банк аркылуу пенсияларды 197,6 миң адам алган, бул отчеттук жылдын башындагы 29,9 пайызга салыштырганда, пенсионерлердин жалпы санынын 33,4 пайызын түзгөн;
– чек китепчелерди заманбап альтернативага жана колго иргөөнү автоматташтырылган эсепке алууга алмаштыруу катары бюджеттик уюмдар үчүн 92 "Бюджеттик каражаттарды алуучу" карты чыгарылган. Бюджеттик каражаттарды алуучунун карттары боюнча транзакциялар саны 365 дааналы, транзакциялар көлөмү – 31,9 млн. сомду түзгөн;
– Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол-кайгуул кызматынын автоунааларында орнотулган POS-терминалдар аркылуу жалпы 1,6 млн. сом суммасына 4 382 төлөм ишке ашырылган;
– жеке ишкерлер үчүн нак эмес формада патентти төлөө жүзөгө ашырылган.

Чекене төлөм кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануучулардын финансылык сабаттуулук деңгээлин жогорулатуу боюнча иш-чаралардын алкагында, ошондой эле Мамлекеттик программанын максаттарын жана милдеттерин түшүндүрүү үчүн республиканын региондорунда бюджеттик мекемелер үчүн семинарларды өткөрүү иши улантылган.

Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө нак эмес формада, анын ичинде банктык төлөм карттарын пайдалануу менен төлөөнү демилгелөө чараларын иштеп чыгуу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйруусу менен 2014-жылдын бирдин айында ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлгөн. Аталган топтун иш жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоору тууралуу" токтом долбоору даярдалган, ал Кыргыз Республикасында нак эмес эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартибин өркүндөтүүгө жана товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө нак эмес формада, анын ичинде банктык төлөм карттарын пайдалануу менен төлөөнү демилгелөөгө багытталган. 2014-жылдын жетинин айында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" мыйзам долбоору жактырылып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жиберилген.

## 4.2. Нак акча жүгүртүлүшү

Улуттук банк жүгүртүүдөгү акчанын түзүмүн жөнгө салат жана коммерциялык банктар аркылуу экономиканын нак акча менен камсыздалышына контролдукту жүргүзөт. Коммерциялык банктар акча каражаттарын финансы рыногунун керектөөсүнө ылайык бөлүштүрөт.

***4.2.1-график***

Жүгүртүүдөгү акчанын өзгөрүү динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасы 2014-жыл ичинде 14,8 пайызга төмөндөп, 57,1 млрд. сомду түзгөн.

*Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү жана аларды берүү*

2014-жыл ичинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү бир жыл мурдагыга салыштырганда 26,6 пайызга көбөйүп, 1 018,5 млрд. сом чегинде түптөлгөн. Коммерциялык банктардын кассаларынан нак акчаны берүү 23,5 пайызга өсүү менен 1 012,9 млрд. сом чегинде катталган. Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу 2014-жыл ичинде 100,6 пайызды түзүп, 2013-жылга салыштырганда 2,5 пайыздык пунктка көбөйгөн (2013-жылы 98,1 пайыз).

***4.2.1-таблица***

Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын жылышы

*(млн.сом)*

| | Түшүүсү, *млн. сом* | | Берилиши, *млн. сом* | | Кайтарымдуулугу, *проценты* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2013-жыл | 2014-жыл | 2013-жыл | 2014-жыл | 2013-жыл | 2014-жыл |
| **Бардыгы болуп** | **804 192,4** | **1 018 480,4** | **820 074,0** | **1 012 865,0** | **98,1** | **100,6** |
| Бишкек шаары | 431 565,6 | 518 455,7 | 419 985,4 | 489 261,6 | 102,8 | 106,0 |
| Баткен оюласты | 31 994,0 | 51 451,3 | 33 554,2 | 52 410,6 | 95,4 | 98,2 |
| Жалал-Абад областы | 77 915,3 | 102 174,3 | 89 249,7 | 114 415,2 | 87,3 | 89,3 |
| Ысык-Көл областы | 33 323,1 | 44 727,2 | 37 490,4 | 48 455,2 | 88,9 | 92,3 |
| Нарын областы | 12 850,7 | 18 014,2 | 16 604,9 | 20 675,0 | 77,4 | 87,1 |
| Ош шаары | 116 460,5 | 139 538,4 | 115 993,6 | 137 769,2 | 100,4 | 101,3 |
| Ош областы | 36 065,3 | 44 038,8 | 37 733,0 | 45 505,5 | 95,6 | 96,8 |
| Талас областы | 13 681,7 | 19 908,8 | 19 197,6 | 24 218,6 | 71,3 | 82,2 |
| Чуй областы | 50 336,2 | 80 171,7 | 50 265,2 | 80 154,1 | 100,1 | 100,0 |

2014-жылы банкнотторду жана моneталарды жүгүртүүгө чыгаруу, эскилиги жеткен банкнотторду жүгүртүүдөн алуу жана аларды жок кылуу иши улантылган.

2014-жылы нак акча жүгүртүү көлөмүндө 329,4 млн. банкнот жана 235,8 млн. даана монета катталган. 2014-жыл ичинде жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасында банкноттордун үлүшүнө 98,8 пайызы, монеталардын үлүшүнө 1,2 пайызы туура келген. Жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын купюралык түзүмү 4.2.2-таблицада берилген.

***4.2.2-таблица***

Жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасына карата банкноттордун жана монеталардын салыштырма салмагы

*(жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынан пайыздык катышта)*

| Номинал | 5 сомго чейин | 10 сом | 20 сом | 50 сом | 100 сом | 200 сом | 500 сом | 1 000 сом | 5 000 сом | **Бардыгы болуп** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2013-жыл | 0,8 | 0,5 | 0,6 | 1,2 | 2,4 | 4,7 | 12,1 | 46,1 | 31,6 | **100,0** |
| 2014-жыл | 0,9 | 0,6 | 0,7 | 1,3 | 2,4 | 4,7 | 11,5 | 46,4 | 31,5 | **100,0** |

2014-жылы аныкталган жасалма банкноттордун жалпы суммасы 214 000 сом, жалпы саны 225 дааnаны түзгөн (2013-жылы – 106 даана). Жасалма акча жасоонун ар бир фактысы боюнча кылмыш иши козголуп, укук коргоо органдары тарабынан оперативдүү-тергөө иштери жүргүзүлгөн.

*Эстелик монеталарын жана банкнотторун жүгүртүүгө чыгаруу*

Жыл сайын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан тарыхый окуяларга жана белгилүү бир күндөргө, жаныбарлар дүйнөсүнө, архитектуралык эстеликтерге жана башка кызыктуу темаларга арналган, коллекциялык эстелик акча белгилери чыгарылып жатат.

2014-жылы жүгүртүүгө коллекциялык эстелик монеталардын төмөнкүдөй беш түрү чыгарылган: түстүү тампондук мөөр ыкмасында аткарылган “Кыргызстандын Кызыл китеби” сериясындагы “Үкү” күмүш монетасы, “Кыргызстандын тарыхый жана архитектуралык эстеликтери” сериясындагы “Манас Күмбөзү” күмүш жана жез-никель монеталары, оксидирлөө ыкмасы менен аткарылган “Кыргыз каганатынын доору” сериясындагы “Барсбек – кыргыз каганы” күмүш жана жез-никель монетасы.

2014-жылы “Кыргызстандын тарыхый жана архитектуралык эстеликтери”

сериясындагы “Саймалуу Таш” монетасы “Уотер Марк” Басма үйү тарабынан өткөрүлгөн “Монеталар даражасы – 2014” эл аралык сынагында “Жылдын күмүш монетасы” номинациясында үчүнчү орунду ээлеген.







2014-жылы жүгүртүүгө эстелик банкноттордун төмөнкүдөй эки түрү: кыргыз акыны Алыкул Осмоновдун 100 жылдыгына арналган 200 сом номиналындагы эстелик банкноту жана улуу кыргыз акыны Токтогул Сатылгановдун 150 жылдыгына арналган 100 сом номиналындагы эстелик банкноту чектелүү нускада чыгарылган.

# 5-ГЛАВА. ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШ

2014-жыл ичинде борбордук банктар жана эл аралык уюмдар менен тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүү жана чыңдоо, ошондой эле эки тараптуу сыяктуу эле, көп тараптуу кызматташуу жагында жаңы мамилелерди жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ишинин негизги багыттарынын бири болуп саналган.

## 5.1. Эл аралык уюмдар менен кызматташуу

2014-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эл аралык финансы уюмдары менен өз ара кызматташуусу техникалык колдоо, консультациялык жардамдарды сунуштоо, маалымат менен алмашуу, ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү жагында биргелешкен долбоорлордун алкагында жүргүзүлгөн.

Кеңейтилген кредиттик механизмдин (ЕСФ) колдоосу астында 2011-2014-жылдарга каралган экономикалык программаны жүзөгө ашыруунун алкагында Эл аралык валюта фондусу (ЭВФ) менен кызматташуу улантылган. Бул программа өлкөнүн орто мөөнөттүк мезгил ичинде туруктуу экономикалык өнүгүшүн камсыз кылууга багытталып, ал 2014-жылдын кулжа айында аягына чыккан.

Отчеттук жыл ичинде Вашингтон шаарында ЭВФтин Башкаруучулар кеңешинин ар жылдык жыйыны болуп өткөн, анда Кыргыз Республикасынан ЭВФтин Башкаруучусу катары Улуттук банктын Төрагасы катышкан. Жолугушуунун жүрүшүндө учурда Кыргыз Республикасында Дүйнөлүк банк жана ЭВФтин колдоосу астында жүзөгө ашырылып жаткан программалардын жана долбоорлордун аткарылып жатышы жагында маселелер талкууланып, андан аркы кызматташуу багыттары кароого алынып, эл аралык финансы институттары жана борбордук банктары менен эки тараптуу жолугушуулар өткөрүлгөн.

Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы менен кызматташуунун алкагында, 2014-жылдын теке айында аталган банктын миссиясы иш боюнча кыдыруу менен келип, анын алкагында Улуттук банктын, жеке сектордун, финансы институттарынын, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда өлкөдө орун алган макроэкономикалык жагдай жана саясий кырдаал, инвестициялык климат, ошондой эле анын Кыргыз Республикасында кийинки төрт жылга каралган артыкчылыктуу иш багыттары боюнча маселелерди талкуулоо жагында жолугушуулар өткөрүлгөн. Жолугушуунун жыйынтыктарынын негизинде Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын Кыргыз Республикасы боюнча 2015-2018-жылдарга каралган өлкөлүк стратегия концепциясында стратегиялык артыкчылыктар макулдашылган.

Улуттук банктын кызматкерлери бештин айында Стамбул шаарында (Түркия) Дүйнөлүк банк тобунун өкүлдөрү менен жолугушууларга катышып, анын жүрүшүндө “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Дүйнөлүк банк тобу менен кызматташуусу” темасында презентация жасалган.

Бирдин айында акча-кредит инструменттерин пайдалануу боюнча негизги маселелерди, кыска мөөнөттүү болжолдоолорду жана коммуникациялык саясатты талкуулоо үчүн Улуттук банкка Эл аралык валюта фондусунун жана Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын бириккен миссиясы келип кеткен. Аталган миссиянын иш жыйынтыгы боюнча инфляцияны жана ИДӨнү болжолдоонун кыска мөөнөттүү модели сунушталып, акча-кредит саясатынын маселелери боюнча коммуникацияларды уюштуруу регламенти иштелип чыккан жана бе-

китилген. Ошондой эле, Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы Кыргыз Республикасында мобилдик банкингди өнүктүрүү саясаты жана төлөм системасы боюнча ченемдик укуктук актыларды өнүктүрүү жагында сунуштарды иштеп чыгуу боюнча консультациялык жардамдарды берген.

Отчеттук жыл ичинде Эл аралык валюта фондусунун миссиясынын банктык көзөмөл, макроэкономикалык модель түзүү жана акча-кредит саясатын иштеп чыгууда болжолдоо маселелери боюнча техникалык жардам жагында андан ары кызматташууну талкуулоо максатында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына кезектеги иш сапары менен келген.

2014-жылдын жетинин айында Улуттук банктын жетекчилиги ЭВФтин Кавказ жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн финансы институттарынын жетекчилери үчүн акча-кредит саясаты боюнча семинарына катышкан. Семинардын жүрүшүндө алмашуу курсунун саясаты, инфляция деңгээлин төмөндөтүү жана финансы секторун өнүктүрүү жагында жетишкендиктер айтылып, талкууга алынган.

Эл аралык валюта фонду менен кызматташуунун алкагында, 2014-жылдын жетинин айында ЭВФтин Аткаруу директору Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына расмий сапары менен келген. Иш сапардын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана мамлекеттик органдарынын өкүлдөрү менен жолугушуулар өткөрүлгөн. Улуттук банк менен техникалык кызматташуунун алкагында, ЭВФ тарабынан банктык көзөмөл жана акча-кредит саясаты маселелери боюнча консультацияларды берүү мүмкүнчүлүгү талкууга алынган.

2014-жылы ЭВФ тарабынан бир катар маселелер, анын ичинде макропруденциалдык саясат инструменттери, финансылык программалар, акча-кредит жана финансы статистикасынын негизги компоненттери, финансылык каатчылыкка жана анын кесепеттерине туруштук берүү, төлөм теңдеминин (балансынын) статистикасы жана башка маселелер боюнча Улуттук банктын кызматкерлеринин квалификацияларын жогорулатууда көмөк көрсөтүлгөн.

Отчеттук жыл ичинде Экономика маселелери боюнча мамлекет катчылыгы (SECO) тарабынан каржылоого алынган Кыргыз Республикасынын финансы секторун өнүктүрүү долбоорунун алкагында Улуттук банктын Дүйнөлүк банк менен кызматташуусу улантылган. Улуттук банк Дүйнөлүк банктын миссиясы менен жолугушууларды жана семинарларды өткөрүп, анын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын банк системасы үчүн сунуш кылынган стресс-тестирлөө моделин колдонуу маселелеринин иш натыйжалары, ошондой эле долбоорду иштеп чыгуу боюнча андан аркы иш-аракеттер талкууга алынган.

Бул жолугушуулардын жыйынтыгы боюнча Улуттук банк, Дүйнөлүк банктын өкүлдөрү менен биргеликте долбоорду жүзөгө ашыруу жагында андан ары да өз ара иш алып баруу боюнча макулдашууга жетишилген.

Улуттук банктын SECO менен кызматташуусунун алкагында, 2014-жылдын теке айында Улуттук банктын жетекчилиги Швейцариянын Федералдык кеңешчиси-финансы министри менен жолугушкан. Жолугушуунун жүрүшүндө акча-кредит саясатына, ошондой эле Улуттук банктын ишине тиешелүү маселелер талкууга алынган.

SECOнун финансылык колдоосу алдында 2014-жылы ЭВФтин “Тышкы сектор статистикасын өркүндөтүү” регионалдык долбоору жүзөгө ашырыла башталган. Аталган долбоордо Улуттук банктын кызматкерлерине консультациялык жардам сунуштоо, ошондой эле окутуу семинарларын өткөрүү болжолдонгон. Бул долбоордун алкагында, 2014-жылдын жетинин айында Бишкек шаарында биринчи практикалык семинар өткөрүлүп, анда Улуттук банктын, Азербайжан, Тажикстан жана Кыргызстандын Финансы министрлигинин жана Статистика комитеттеринин өкүлдөрү катышкан.

Азия өнүктүрүү банкы менен кызматташуунун алкагында 2014-жылдын чын куран айында Кыргыз Республикасынын финансы секторунун финансылык абалына баа берүү максатында техникалык жардам көрсөтүү жөнүндө меморандумга кол коюлган. Улуттук банктын макропруденциалдык саясатын калыптандырууда көмөктөшүү анын максаты болуп саналат. Инвестициялык климатты жакшыртуу боюнча экинчи программанын чегинде 2014-жылдын аяк оона айында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө бул багытта консультацияларды берүү максатында техникалык көмөктөшүү маселеси жактырылган.

2014-жылы Улуттук банктын кызматкерлери Азия өнүктүрүү банкынын консультанттары менен жолугушуп, анда жаңы финансылык инструменттерди ишке киргизүү, төлөм системаларын өркүндөтүү, инвестициялык климатты жакшыртуу, кыймылдуу күрөөнү каттоо маселелери каралган.

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк интеграциялык бирикмелерде мүчө катары өз ишин уланткан. 2014-жылы ЕврАзЭСке мүчө- мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилеринин кеңешинин 30 жана 31-отурумдары болуп өткөн. Отурумдардын жүрүшүндө банк ишинин актуалдуу маселелери, катышуучу-мамлекеттердин банк секторунун финансылык туруктуулугун камсыз кылуу, төлөм системаларын өнүктүрүү жана башка маселелер каралган. Анын жыйынтыгында жогоруда аталган маселелер боюнча Кеңештин катышуучуларынын ченемдик укуктук базасын өркүндөтүү жагында сунуш-көрсөтмөлөр иштелип чыккан. Белгиленген кезектүүлүккө жараша аталган Кеңештин 30-отуруму Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан уюштурулган. Отурумда, Кеңештин мүчөлөрү-Белоруссия, Казакстан, Кыргызстан, Россия жана Тажикстан борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилери, Кеңештин катчылыгы жана Мамлекеттер аралык банктын өкүлдөрү, ошондой эле Кеңештин коноктору – ЕврАзЭСтин Интеграциялык комитетинин катчылыгы жана Кыргыз Республикасында Мамлекеттер аралык банктын өкүлдөрү катышкан.

2014-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өкүлдөрү Мамлекеттер аралык банктын кеңешинин отурумдарында катышып келген. Отурумдарда Мамлекеттер аралык банктын ишине тиешелүү маселелердин кеңири чөйрөсү, анын иш жыйынтыгы, банктын финансылык абалы жана башка маселелер каралган.

Отчеттук жыл ичинде Бажы бирлигине жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке Кыргыз Республикасынын кошулуусу боюнча иштер жүзөгө ашырылган. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өкүлдөрү, Кыргыз Республикасынын Бажы бирлигине жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке кошулуусу боюнча Жол картасын, ошондой эле Евразия экономикалык бирлигине кошулуусу жөнүндө келишимди жүзөгө ашыруу маселелери боюнча Евразия экономикалык комиссиянын иш-чараларында, жумушчу топтордун кеңешмелеринде жана отурумдарында, Евразия экономикалык комиссиянын жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке катышуучу-мамлекеттердин мамлекеттик органдарынын өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөргө катышкан. Бул келишимге 2014-жылдын бештин айынын жыйырма үчүндө кол коюлган. Ага ылайык, андан ары Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук базасын Евразия экономикалык бирлигинин талаптарына шайкеш келтирүү боюнча иш-чаралар өткөрүлөт.

2014-жылы Улуттук банктын Төрагасы Бажы бирлигинин жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндигине катышуучу-мамлекеттердин валюта саясаты боюнча Консультациялык кеңештин кезектеги отурумдарына катышкан. Отурумдардын жүрүшүндө учурдагы экономикалык жагдай жана Беларусь Республикасында, Казакстан Республикасында, Россия Федерациясында, Армения Республикасын-

да жана Кыргыз Республикасында акча-кредит саясатынын жүзөгө ашырылышы талкууга алынган.

Улуттук банктын жетекчилиги 2014-жылы Борбордук Азия, Кара деңиз аймагындагы жана Балкан жарым аралындагы өлкөлөрдүн борбордук банктарынын Башкаруучулар Клубунун кезектеги отурумдарында катышкан. Бүгүнкү күндө жыйырмадан ашык борбордук банктардын Башкаруучулары бул Клубдун мүчөлөрү болуп саналат.

2014-жылы ЭВФ менен кызматташуунун алкагында, Улуттук банктын көзөмөлдөө потенциалын күчөтүү боюнча иши улантылып, коммерциялык банктардын ишин жөнгө салган бир катар ченемдик документтер иштелип чыккан.

SECОнун финансылык колдоосу астында финансы секторун өнүктүрүү программасынын алкагында, 2014-жылы Дүйнөлүк банктын миссиясы тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүктү ишке киргизүү маселелерин талкуулоо максатында Улуттук банкка иш боюнча кыдыруу менен келип кетишкен. Жолугушуулардын жүрүшүндө коммерциялык банктардын финансылык көрсөткүчтөрүнүн негизинде индикаторлорду иштеп чыгуу боюнча кошумча жумушчу топту түзүү талкууга алынган.

Улуттук банк Дүйнөлүк банктын, Германия эл аралык кызматташуу коомунун жана Микрофинансылык уюмдар ассоциациясынын финансылык колдоосу алдында 2014-жылдын кулжа айында “Микрокаржылоо – жетишкендиктер, проблемалар жана аларды чечүү жолдору” темасында эл аралык конференция өткөргөн. Конференциянын жүрүшүндө мамлекеттин ролу, микрофинансылык секторду жөнгө салуу негиздери, финансылык каражаттардан пайдалануу – негизги проблемалар жана негизги милдеттер, пайыздык ченди жөнгө салуу – эл аралык тажрыйба, ошондой эле башка маселелер талкууга алынган.

Отчеттук жыл ичинде, Түркия Премьер-министринин Аппаратына караштуу Кызматташуу жана координациялоо боюнча түрк агенттиги Улуттук банктын кызматкерлерине банктык көзөмөлдүктү өнүктүрүү, стандарттар жана аларды жөнгө салуу, инвестициялар жана корпоративдик коммуникация, төлөм системаларын өнүктүрүү багыттарында квалификацияны жогорулатуу жагында көмөк көрсөткөн.

Отчеттук жыл ичинде Евразия тобу менен терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга каршы аракеттенүү жагында кызматташуу улантылган. 2014-жылдын жетинин айында Душанбе шаарында (Тажикстан) Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга каршы аракеттенүү боюнча Евразия тобунун 21 пленардык отуруму өткөрүлгөн, анда Кыргыз Республикасынын Терроризмди (экстремизмди) каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүүнүн улуттук системасын өнүктүрүү боюнча отчет кароого алынган, ошондой эле техникалык кызматташуу маселелери талкууга алынган.

2014-жылы Дүйнөлүк банктын эксперттери тарабынан пайдалануучулардын укугун коргоо түзүмүнө жана финансылык сабаттуулук стандарттарына Диагностикалык баяндама жүргүзүлгөн, ал банк жана микрофинансылык сегменттерде институционалдык, укуктук жана ченемдик базага кылдат баа берүүнү түшүндүрөт. Баяндаманын жүрүшүндө эксперттер тарабынан ошондой эле финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануучулардын укуктарын коргоону жана өлкөдөгү финансылык сабаттуулукту жакшыртуу жолдору тууралуу сунуш-көрсөтмөлөр берилген.

Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы тарабынан калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу, депозиттик продукттардын жеткиликтүү түр-

лөрүн иштеп чыгуу жана валюталык тобокелдиктерди хеджирлөө кызматтарын көрсөтүү боюнча банк системасынын потенциалы боюнча консультативдик жардам берилген.

2014-жылы Улуттук банк Германия эл аралык кызматташуу коому (GIZ) менен өз ара иш алып барууну уланткан. Улуттук банктын жетекчилиги 2014-жылдын тогуздун айында Скопье шаарында (Македония) GIZ менен биргеликте Македония Республикасынын Борбордук банкы тарабынан уюштурулган Европа жана Борбордук Азия боюнча үчүнчү Регионалдык жолугушууга катышып келген. Жолугушуулардын жүрүшүндө финансылык сабаттуулук жана финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгү маселелери кароого алынган.

2014-жылдын жетинин айында Лондон шаарында (Улуу Британия) Улуттук банктын өкүлдөрү Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын финансылык мүмкүнчүлүктөрдү жайылтуу боюнча регионалдык конференцияга катышып келишкен, анда ар кайсы өлкөлөрдүн жөнгө салуучуларынын тажрыйбасына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгү берилген.

2014-жылдын декабрь айында Бангкок шаарында (Таиланд) Азияда финансылык сабаттуулук жана финансылык жеткиликтүүлүк маселелери боюнча семинар жана финансылык сабаттуулук боюнча тегерек стол өткөрүлгөн, ал Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму (OECD) тарабынан уюштурулган. Ошондой эле GIZтин чакыруу каты жана финансылык колдоосу астында Улуттук банктын адистери аталган иш-чараларга катышып келишкен.

Финансылык жеткиликтүүлүк альянсы менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ортосунда 2014-жылы келишилген гранттык макулдашуунун алкагында, учурда “Финансылык жеткиликтүүлүктү колдоого карата финансылык сабаттуулук” долбоору иштелип чыгууда. Бул долбоордун негизинде Финансылык сабаттуулук боюнча концепцияны иштеп чыгуу пландаштырылууда.

2014-жылдын аяк оона айында Улуттук банктын өкүлдөрү Тринидад жана Тобагодо өткөн Финансылык жеткиликтүүлүк альянсынын ар жылдык форумуна катышып келишкен. Бул форум, финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануучулар укуктарын коргоо жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу жагында эл аралык тажрыйбаны өздөштүрүү үчүн өзүнчө бир иш мейкиндигинен болгон.

Отчеттук жыл ичинде кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуунун алкагында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы Ислам өнүктүрүү банкы жана Бириккен Вена институту менен кызматташууну уланткан.

МАЗМУНУ

## 5.2. Борбордук (улуттук) банктар менен кызматташуу

Улуттук банк 2014-жылы акча-кредит саясатын жүргүзүү, банктык көзөмөлдүктү уюштуруу, төлөм системаларынын өнүктүрүү, коопсуздукту камсыз кылуу жана башка маселелер боюнча борбордук (улуттук) банктар менен иш алып барган.

*Армения Борбордук банкы менен кызматташуу*

2014-жылы Армениянын Борбордук банкы менен кызматташуу улантылган. ЕврАзЭСке катышуучу - мамлекеттердин персоналын кесиптик жактан окутуу боюнча кызматташуу жөнүндө макулдашуунун алкагында, Армениянын Борбордук банкы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кызматкерлерин электрондук документ жүргүзүүнү ишке киргизүү, Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Россия Федерациясынын Бажы бирлигине жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке Кыргыз Республикасынын кошулуусу жөнүндө маселелери боюнча квалификацияларын жогорулатууда көмөк көрсөткөн.

Беларусь Республикасынын Улуттук банкы менен кызматташуунун алкагын-

*Беларусь Республикасынын Улуттук банкы менен кызматташуу*

да, 2014-жылдын аяк оона айында Минск шаарында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын кызматкерлери үчүн алып кирүү боюнча бажы алымдарын киргизүү жана бөлүштүрүү механизми боюнча консультациялар өткөрүлгөн. Беларусь Республикасынын Улуттук банкы тарабынан ар кандай семинарлар уюштурулган, анда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кызматкерлери катышкан. Бул семинарлардын жүрүшүндө банктар аралык эсептешүүлөрдү жүргүзүүнүн уюштуруу-укуктук аспекттери, Улуттук банктын эсептешүү кызматтарын төлөө жагында баа саясаты, Беларусь Республикасынын Улуттук банкынын төлөм системасына көзөмөлдүктүн тажрыйбалык аспекттери, төлөм системаларынын үзгүлтүксүз ишин камсыз кылуу жана анын катышуучуларынын иш жөндөмдүүлүгүн калыбына келтирүү процессин уюштуруу сыяктуу маселелер кароого алынып, талкууланган.

*Грузия Улуттук банкы менен кызматташуу*

Өз ара мамилелерди чыңдоо жана өнүктүрүүнүн алкагында, 2014-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын делегациясы тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк, төлөм системаларын өнүктүрүү, кассалык борборду уюштуруу жана аудитти жүргүзүү маселелери жагында тажрыйба алмашуу үчүн иш боюнча кыдыруулар менен Грузия Улуттук банкына барып келишкен. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кызматкерлери 2014-жылы Грузия Улуттук банкында эл аралык камдарды тескөө процессин өркүндөтүү маселелерине талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон.

*Дойче Бундесбанк менен кызматташуу*

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк консультативдик жардамдын жана тажрыйба алмашуунун алкагында, Дойче БундесБанк менен жигердүү өз ара иш алып барууну уланткан. 2014-жылдын чын куран айында Техникалык кызматташуу борборунун директору Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына иш сапар менен келип кеткен. Иш сапардын жыйынтыгы боюнча Дойче БундесБанк менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы ортосунда 2014-жылга техникалык кызматташуу программасы бекитилген.

2014-жылдын бугу айында жана тогуздун айында Дойче БундесБанктын консультанттары Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк боюнча бир катар семинарларды өткөргөн. Бул семинарда коммерциялык банктарга карата инспекциялоо жана аралыктан көзөмөлдөө маселелери боюнча көзөмөл иш-чараларын өткөрүү жагында сунуш-көрсөтмөлөр берилген.

Ошондой эле Дойче БундесБанк кылмыш жолу менен алынган акчанын изин жашырууга каршы аракеттенүү, финансылык каатчылыкты, финансылык туруктуулукту контролдоо инструменттери жагында Улуттук банктын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууда көмөк көрсөткөн. Бул семинардын жүрүшүндө финансылык каатчылык менен күрөшүү ыкмалары сунушталган, ошондой эле “Кыргыз Республикасынын Финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчетту” жакшыртуу боюнча эксперттик сунуштар алынган.

*Казакстан Республикасынын Улуттук банкы менен кызматташуу*

Отчеттук жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Казакстан Республикасынын Улуттук банкы менен кызматташуусу чыңдалган. Ислам каржылоо принциптерин жана ислам банкингин жайылтуу маселелери боюнча тажрыйба алмашуу жагында иштер жүргүзүлгөн.

2014-жылы Кыргыз Республикасынын Беларусь Республикасы, Казакстан Республикасы, Россия Федерациясынын Бажы бирлигине, Евразия экономикалык мейкиндигине жана Евразия экономикалык бирлигине кошулуусу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жумушчу тобунун мүчөлөрү Казакстан Республикасынын Улуттук банкына алып кирүүгө бажы алымдарын киргизүү жана бөлүштүрүү тартибин белгилөө жана колдонуу жөнүндө макулдашууну

жүзөгө ашыруу маселелери боюнча Казакстан Республикасынын тажрыйбасын өздөштүрүү максатында иш сапары менен барып келген.

*Кытай мамлекеттик өнүктүрүү банкы менен кызматташуу*

Кытай Мамлекеттик өнүктүрүү банкынын Президентинин Кыргыз Республикасына иш сапарынын алкагында кызматташуу жана инвестициялык иш чөйрөсүн кеңейтүү маселелери кароого алынган.

*Россия Федерациясынын Борбордук банкы менен кызматташуу*

Улуттук банктын кызматкерлери 2014-жылдын ичинде Россия Федерациясынын Борбордук банкы тарабынан өткөрүлгөн семинарларда катышып келишкен. Бул семинарлардын жүрүшүндө борбордук (улуттук) банктардын төлөм жана эсептешүү системаларына байкоо жүргүзүү, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдоого каршы аракеттенүү маселелери каралган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алып келүү бажы алымдарын киргизүү жана бөлүштүрүү жөнүндө операцияларды жүргүзүү боюнча жол-жоболорду иштеп чыгуу маселелери да Россия Федерациясынын Борбордук банкы менен кызматташуунун алкагында кароого алынган.

2014-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен Россия Банкы ортосунда төлөм системаларына карата биргелешкен оверсайт боюнча меморандумдун долбоору макулдашылып, тегерек стол өткөрүлгөн, анын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кызматкерлери менен ЕврАзЭСке мүчө-өлкөлөрдүн борбордук банктарынын өкүлдөрү ортосунда төлөм системалары чөйрөсүндө эл аралык стандарттар маселелери боюнча тажрыйба алмашуу болгон.

*Швейцария Улуттук банкы менен кызматташуу*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2014-жылы Швейцария Улуттук банкы менен жигердүү кызматташууну уланткан, анын алкагында бир катар долбоорлор жүзөгө ашырылган. Өткөрүлгөн консультациялардын жүрүшүндө 2014-жылдын жалган куран айында Швейцария Улуттук банкынын консультанттарынын Автоматташтырылган тоорук системасынын (АТС) натыйжалуу иши боюнча берген баалары, ошондой эле акча-кредит саясаты инструменттери боюнча консультативдик колдоо көрсөтүлгөн. Швейцария Улуттук банкынын эксперти тарабынан Кыргыз Республикасынын макроэкономикалык моделин иштеп чыгууда консультативдик жардам көрсөтүлгөн, анын натыйжасында өлкөнүн макроэкономикалык моделинин долбоору жаңыртылган.

Мындан тышкары, Швейцария Улуттук банкы финансылык тобокелдиктер, төлөм системалары жана бизнес-процесстер, төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө байланыштуу бизнес-процесстерди оптималдаштыруу, жаңы бухгалтердик китепти ишке киргизүү, ошондой эле жалпы процессте катышкан ар бир бөлүмдүн ролун бөлүштүрүү маселелери боюнча адистердин квалификациясын жогорулатууда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына көмөк көрсөткөн.

Мындан ары кызматташуу маселелерин талкуулоо максатында 2014-жылдын жетинин айында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын Швейцария Улуттук банкына иш сапары болуп өткөн.

2014-жылы ЕврАзЭСке катышуучу-мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын адистерин кесиптик жактан окутуу программасынын алкагында, Улуттук банктын борбордук (улуттук) банктар, ошондой эле эки жана ар тараптуу макулдашуулардын алкагында, Түркия Республикасынын Борбордук банкы жана Нидерланд Банкы менен кызматташуу улантылган.

# 6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР

## 6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү

2014-жылы Улуттук банктын уюштуруу түзүмү өзүндө борбордук аппараттын 26 түзүмдүк бөлүмүн, беш областтык башкармалыгын жана Баткен областындагы өкүлчүлүктү камтып турган.

2014-жылы ичинде Улуттук банктын уюштуруу түзүмүнө төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилген.

Экономикалык изилдөө борбору өз алдынча бөлүм статусунда Экономика башкармалыгынын курамынан ажыратылган.

Өз алдынча бөлүм статусунда Эл аралык кызматташуу бөлүмү түзүлгөн.

Административдик-чарбалык камсыздоо башкармалыгынын курамынан өз алдынча бөлүм статусунда Окуу-ден соолукту чыңдоо борбору чыгарылган.

Курулуш жана ремонт иштерин уюштуруу бөлүмү Административдик-чарбалык камсыздоо башкармалыгынын курамынан чыгарылып, өз алдынча бөлүм статусуна ээ болуп Капиталдык курулуш бөлүмүнө өзгөртүп түзүлгөн.

Юридика башкармалыгынын курамында Банктык жана микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн керектөөчүлөрдүк укуктары боюнча бөлүм түзүлгөн.

Төлөм системалары башкармалыгынын Төлөм системаларынын методологиясы жана саясаты бөлүмүнүн курамында операторлор жана төлөм уюмдары боюнча топ түзүлгөн.

Ревизорлор Коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгынын курамынан чыгарылган.

Бир катар түзүмдүк бөлүмдөрдө коюлган максаттарды жана милдеттерди жүзөгө ашырууга багытталган ички өзгөртүүлөр да жүргүзүлгөн.

### Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн негизги милдеттери

| | |
|---|---|
| ***Экономика башкармалыгы*** | акча-кредит саясаты жана аны жүзөгө ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгат; экономиканын монетардык, реалдуу, финансы, бюджет-салык секторлор чөйрөсүндө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзөт; макроэкономикалык модель түзүүнү жана болжолдоолорду жүзөгө ашырат; |
| ***Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы*** | акча саясатынын ишке ашырылышын камсыз кылып, финансы рынокторунда операцияларды ишке ашырат, аларга баа берүү жана талдап-иликтөө иштерин жүргүзөт, ачык рынокто операцияларды натыйжалуу координациялоо максатында, финансы рынокторундагы тенденциялардын жана өзгөрүү себептерин аныктайт; |
| ***Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгы*** | акча-кредит жана финансы рыногуна тиешелүү көрсөткүчтөр статистикасын, банктык сектор жана банктык эмес финансы-кредит мекемелери боюнча статистиканы жүргүзөт; төлөм теңдемин түзөт, тышкы карыз маселелерин эксперттик колдоого алат; Кыргыз Республикасынын финансылык туруктуулугуна талдап-иликтөөлөрдү жана баа берүүнү ишке ашырат, Улуттук банктын расмий басылмаларын чыгарат; |

| | |
|---|---|
| ***Тышкы көзөмөл башкармалыгы*** | аманатчылардын жана башка кредиторлордун таламдарын коргоо жана ак ниеттүү атаандаштыкты камсыз кылуу максатында, банктардын жана банктык эмес финансы-кредит мекемелердин ишине тышкы (аралыктан) көзөмөлдүктү жүзөгө ашырат; |
| ***Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы*** | банктарга жана банктык эмес финансы-кредит мекемелерге көзөмөлдүктүн методологиялык базасын иштеп чыгат жана алардын ишин лицензиялоону жүзөгө ашырат; |
| ***Инспекциялоо башкармалыгы*** | банктардын жана банктык эмес финансы-кредит мекемелердин ишинин мыйзам талаптарына ылайык жүзөгө ашырылышына жеринде барып инспектордук текшерүүлөрдү ишке ашырат; |
| ***Уюштуруу-бюджет башкармалыгы*** | Улуттук банкта ишти пландаштыруу жана бюджет түзүү процессин уюштурат, финансылык контролдукту жүзөгө ашырат, түзүмдүк бөлүмдөрдү кадр менен камсыз кылуу жана Улуттук банктын уюштуруу түзүмүн өркүндөтүү жагында сунуштарды иштеп чыгат; |
| ***Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы*** | Кыргыз Республикасынын экономикасынын банкнотторго жана монеталарга болгон керектөөсүн аныктап, алардын оптималдуу запастарын колдоо менен акча банкнотторунун, монеталардын жана баалуулуктардын сакталышын жана ташып жеткирилишин камсыз кылып, эскилиги жеткен банкноттор менен монеталарды жок кылуу боюнча чаралар топтомун жүзөгө ашырат; |
| ***Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы*** | банктар аралык эсептешүүлөр системасынын ишинин уюштурулушунун камсыз кылат, финансы рыноктордо операциялар жана бүтүмдөр боюнча эсептешүүлөрдү жүзөгө ашырат; |
| ***Банк ишин автоматташтыруу башкармалыгы*** | маалымат технологиялары жана маалымат агымдарын оптималдаштыруу жагында ишенимдүү жана коопсуз чечимдердин өз убагында сунушталышын камсыз кылат; |
| ***Төлөм системалары башкармалыгы*** | методологиялык базаны иштеп чыгат, төлөм системаларынын натыйжалуу ишин, анын ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылат, контролдукту жана көзөмөлдүктү (оверсайтты) жүзөгө ашырат, төлөм системасынын өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт; |
| ***Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы*** | Улуттук банкта операциялар эсебин жүргүзөт жана финансылык отчетту түзөт, банктагы бухгалтердик эсепти жөнгө салуучу ченемдик актыларды иштеп чыгат, операциялык иштерге ички контролдукту жүзөгө ашырат; |
| ***Юридика башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишин комплекстик укуктук коштоп жүрүүнү, банк мыйзамдарын өнүктүрүү жана өркүндөтүү ишинин аткарылышын камсыз кылат, ошондой эле Улут- |

| | |
|---|---|
| | тук банктын көзөмөлүндөгү коммерциялык банктардын жана банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин кызмат көрсөтүүлөрүнүн керектөөчүлөрүнүн укуктары боюнча иш-чараларды иштеп чыгат, координациялайт жана жүзөгө ашырат; |
| ***Документ менен иштөө жана коммуникация башкармалыгы*** | Борборлоштурулган документ жүгүртүүнү жана алардын аткарылышына контролдукту уюштурат, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамынын аткарылышын камсыз кылат, протоколдук иш-чаралардын уюштурулушун жана өткөрүлүшүн, коомчулук менен байланыштын өнүгүшүн камсыз кылат; |
| ***Ички аудит кызматы*** | Улуттук банктагы ички контролдук системасынын шайкештигине жана натыйжалуулугуна көз карандысыз баа берүүнү жүргүзөт жана аны өркүндөтүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгат; |
| ***Эл аралык кызматташуу бөлүмү*** | Улуттук банктын тышкы уюмдар менен эл аралык кызматташуусун белгилөөнү, чыңдоону жана өнүктүрүүнү жүзөгө ашырат; |
| ***Экономикалык изилдөө борбору*** | макроэкономикалык маселелер боюнча прикладдык изилдөөлөрдү жүргүзөт, ошондой эле жергиликтүү жана чет өлкөлүк изилдөө институттары менен макроэкономикалык маселелер боюнча ишти координациялайт; |
| ***Тобокелдиктерди контролдоо бөлүмү*** | Улуттук банктын тышкы рыноктордо операцияларын жүргүзүү учурунда финансылык тобокелдиктерди тескөөгө алат, банкта тобокелдиктерди тескөө стратегиясы жана саясаты боюнча сунуштарды иштеп чыгат, бөлүмдөрдүн тобокелдиктерди тескөө маселелери боюнча ишин координациялайт; |
| ***Долбоорлорду жүзөгө ашыруу бөлүмү*** | эл аралык финансы уюмдарынын жана донор өлкөлөрдүн Улуттук банкта же анын катышуусунда ишке ашырылуучу долбоорлорунда коштоп жүрүүнү камсыз кылат, ошондой эле Улуттук банкта сатып алуулардын борборлоштурулган системасын уюштурат; |
| ***Банк Башкармасынын катчылыгы*** | Улуттук банк Башкармасынын ишинин камсыз кылынышын уюштурат жана анын чечимдеринин аткарылышына контролдукту жүзөгө ашырат; |
| ***Коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишинин жана маалымат ресурстарынын коопсуздугун камсыз кылат; |
| ***Басма-сөз кызматы*** | жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу Улуттук банктын иши жана саясаты тууралуу коомчулукка маалымдоону жүзөгө ашырат; |

| | |
|---|---|
| ***Администра-тивдик-чарбалык камсыздоо башкармалыгы*** | Улуттук банктын объектилерин тейлөөнү жана техникалык коопсуздук эрежелерине жана нормаларына, ошондой эле өндүрүштүк санитарияга ылайык, алардын тиешелүү абалда күтүлүшүн, бюджеттин жана чарба багытындагы ресурстардын туура пайдаланылышын камсыз кылат; |
| ***Капиталдык курулуш бөлүмү*** | Улуттук банктын имараттарында жана курулмаларында капиталдык ремонт жана реконструкциялоо иштеринин жүргүзүлүшүн камсыз кылат; |
| ***Окуу-ден соолукту чыңдоо борбору ("Толкун" пансионаты)*** | Улуттук банктын кызматкерлеринин жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн толук кандуу эс алышын камсыз кылат, Улуттук банктын кызматкерлеринин катышуусунда семинарлардын, тегерек столдордун, башка окуу иш-чаралардын жогорку деңгээлде өткөрүлүшүнө өбөлгө түзөт; |
| ***Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү*** | коммерциялык банктардын филиалдарын нак акча менен камсыз кылат, Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган финансы-кредит мекемелердин банктык мыйзам талаптарын сактоосуна көзөмөлдүк жүргүзүү боюнча иш-чараларга катышат, ошондой эле төлөм системасын өнүктүрүүнүн алкагында иш-чараларды жүзөгө ашырат. |

*Улуттук банктын кызматкерлеринин саны*

Отчеттук жылдын акырына карата Улуттук банктын кызматкерлеринин саны 645 адамды түзгөн, анын ичинде 568 адам – борбордук аппаратта, 77 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен өкүлчүлүгүндө эмгектенет. Алардын ичинен аялдардын саны борбордук аппаратта – 282 адамды, областтык башкармалыктарда жана Баткен өкүлчүлүгүндө – 35 адамды түзгөн. Пайыздык катышта аялдардын саны 49,0 пайызды жана эркектердин саны – 51,0 пайызды түзгөн.

2013-жылы Улуттук банктын кызматкерлеринин саны 595 адамды түзгөн, анын ичинде 517 адам – борбордук аппаратта жана 78 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен өкүлчүлүгүндө эмгектенип келген. Алардын ичинен аялдардын саны борбордук аппаратта – 263 адамды, областтык башкармалыктарда жана Баткен өкүлчүлүгүндө – 34 адамды түзгөн. Пайыздык катышта аялдардын саны 50,0 пайыз жана эркектердин саны – 50,0 пайыз чегинде катталган.

2013-жылга салыштырганда 2014-жылы ичинде кызматкерлердин санынын өзгөрүшү, атайы багытта жана тез арада бүткөрүлүшүн талап кылган иштерди аткарууга кызматкерлерди убактылуу мөөнөткө тартуу зарылчылыгына байланыштуу болгон. Убактылуу ишке тартылган кызматкерлердин болушу түзүмдүк бөлүмдөрдө иш үзгүлтүксүздүгүн жана коопсуздугун камсыз кылууга мүмкүндүк берген инструменттердин бири болуп саналат.

*Сынак өткөрүү аркылуу тандоо*

Кызматкерлерди ачык-айкындуулук жана адилеттүүлүк принцибинин негизде ишке кабыл алуу максатында, сынак өткөрүү аркылуу тандоо системасы колдонулат, ал кесиптик даярдыгын эске алуу менен кыйла квалификациялуу адистерди тандоого өбөлгө түзөт. Бош турган кызмат орундарына сынак өткөрүлө тургандыгы тууралуу кулактандыруулар Улуттук банктын веб-сайтында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланат.

2014-жылы 104 сынак, анын ичинен 15 сынак областтык башкармалыктарда өткөрүлгөн. Бардыгы болуп сынакка 414 адам катышкан. Сынактын жыйынтыгы боюнча Улуттук банкка 60 адам ишке кабыл алынган.

2014-жылы кадрлардын иште токтобостон улам бошонуп кетиши 13,4 пайызды түзгөн, ал эми 2013-жылы ал 12,3 пайыз чегинде катталган эле.

Персоналдын эмгек стажы жана жаш курагы боюнча түзүмү тиешелүүлүгүнө жараша 6.1.1 жана 6.1.2-графиктерде келтирилген.

***6.1.1-график***

Адистердин иш стажы боюнча курамы




***6.1.2-график***

Адистердин жаш курагы боюнча курамы




Улуттук банкта комитеттер жана комиссиялар туруктуу негизде иштешет. 2014-жылдын акырына карата жети комитет, он бир комиссия, Улуттук банктын басылмаларынын алты редакциялык кеңеши, илимий-эксперттик кеңеш жана байкоо кеңеши иш алып барган. Комитеттердин, комиссиялардын жана редакциялык кеңештердин иш тартиби жана жол-жоболору тиешелүү жоболор менен жөнгө салынат. Комитеттердин жана комиссиялардын иши Улуттук банкта корпоративдик башкарууну өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын негизги комитеттеринин жана комиссияларынын максаттары жана милдеттери

| | |
|---|---|
| ***Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети*** | ликвиддүүлүктү күндөлүк негизде тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгууну жана аларды ыкчам кабыл алууну жүзөгө ашырат.<br>Ачык рынокто иш-аракеттер варианттарына баа берүү жана тандоо, тандалып алынган иш-аракеттер варианты боюнча келип чыгуучу кесепеттерге талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү, чечимдерди кабыл алуу жана акча-кредит саясатынын инструменттерин пайдалануу шарттарын белгилөө – комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат; |
| ***Инвестициялык комитет*** | белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде эл аралык камдарды тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана кабыл алат.<br>Инвестициялык стратегияны карап чыгуу, жактыруу жана анын аткарылышына мониторинг жүргүзүү, финансы рынокторундагы абалды эске алуу менен инвестициялык ишкердиктин натыйжалуулугуна баа берүү жана бекитилген стратегиянын алкагында тактикалык чечимдерди жана Башкарма үчүн инвестициялык ишкердик маселелери боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү жана сунуштарды иштеп чыгуу комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат; |
| ***Көзөмөл боюнча комитети*** | Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишине белгиленген компетенциясынын чегинде жөнгө салуу жана көзөмөлдөө маселелери боюнча чечимдерди кабыл алат; |
| ***Төлөм системасы боюнча комитет*** | түзүмдүк бөлүмдөрдүн төлөм системасынын натыйжалуулугун, ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ишин координациялайт. Төлөм системасына тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу, сунуш-көрсөтмөлөрдү (корутундуларды) иштеп чыгуу жана сунуштоо негизги милдеттеринен болуп саналат; |
| ***Тобокелдиктер боюнча комитет*** | Улуттук банктын ишине мүнөздүү тобокелдиктерди идентификациялоо, аларга баа берүү жана чектөө жагында түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин координациялоо аркылуу тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат; |
| ***Маалымат системалары боюнча координациялык комитет*** | маалымат системасын өнүктүрүү стратегиясын жана Маалымат системаларын өнүктүрүүнүн келечекке каралган планын жүзөгө ашыруу боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана иш-чаралардын аткарылышына контролдукту жүзөгө ашырат; |

| | |
|---|---|
| ***Аудит боюнча комитет*** | Улуттук банктын финансылык отчетунун толук жана анык берилишине тиешелүү контролдуктун жүргүзүлүшүн, ички контролдук системасынын ишенимдүүлүгүн жана натыйжалуулугун, тышкы жана ички аудиттин көз карандысыздыгын камсыз кылууга көмөк көрсөтөт; |
| ***Аттестациялык комиссия*** | кызматкердин ээлеген кызмат ордуна ылайык келишин белгилейт. Комиссиянын иши кадрларды тандоону жана жайгаштырууну өркүндөтүүгө, персоналдын натыйжалуу иш алып барышына өбөлгө түзүүгө, кызматкердин потенциалын колдонуу келечегин аныктоого багытталган; |
| ***Дисциплинардык комиссия*** | Улуттук банктын кызматчылары тарабынан эмгек тартибинин бузулушу, ошондой эле Кызматтык иш этикасы кодексинин нормаларынын сакталышы боюнча маселелерди кароого алат; |
| ***Коррупцияны алдын алуу боюнча комиссия*** | коррупцияга каршы багытталган иш-чараларды жүзөгө ашыруу жана мониторинг жүргүзүү аркылуу коррупцияны алдын алуу жана ага каршы аракеттерди көрүү максатында түзүлгөн; |
| ***Ишке байланыштуу талаш маселелерди чечүү боюнча комиссия*** | Улуттук банкта ишке байланыштуу келип чыккан жеке мүнөздөгү талаш-тартыштарды Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык кароого алат; |
| ***Методологиялык комиссия*** | Айрым ченемдик актылар долбоорлорунун методологиялык жактан иштелип чыгышын кароого алат; Улуттук банктын ченемдик актыларында колдонулган терминдерди жана аларга карата түшүндүрмөлөрдү бекитет; |
| ***Улуттук банкты комплекстик өнүктүрүү боюнча комиссия*** | бизнес-процесстер боюнча түшүндүрмөлөрдүн негизинде иш-чаралардын жыйынтыгын кароого алат жана башкаруу ыкмаларын жайылтуу максатында Улуттук банкты комплекстик өнүктүрүү жагында сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат; |
| ***Борбордук эксперттик комиссия*** | Улуттук банктын документтерине экспертизанын жүргүзүлүшүн уюштурат жана аларды сактоо же жок кылуу үчүн бөлүштүрүү иштерин жүзөгө ашырат. |

МАЗМУНУ

### Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча уюштуруу түзүмү




МАЗМУНУ

## 6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жыл ичинде аткарган иши

*Жалпы маалыматтар*

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына ылайык, банк Башкармасы Улуттук банктын жогорку башкаруу органы болуп саналат жана ал банктын негизги иш багыттарын бекитет. Банк Башкармасынын ыйгарым укуктары "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамы менен аныкталат. Башкарманын ишин Улуттук банктын Төрагасы жетектейт, ал Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан шайланат. Банк Башкармасынын мүчөлөрү Улуттук банктын сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дайындалат.

Банк Башкармасы акча-кредит саясатын, банктык көзөмөл жана төлөм системасын өнүктүрүү жагында саясатты аныктайт, ченемдик актыларды, жылдык отчетту бекитип, жаңы үлгүдөгү жана номиналдагы акча белгилерин чыгаруу, банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүдөн алуу тартибин, ошондой эле Улуттук банктын, коммерциялык банктардын жана БФКМдердин негизги өнүгүү багыттарын белгилейт. Улуттук банк Башкармасынын регламентине ылайык, банк Башкармасы анын ыйгарым укуктарына тиешелүү башка маселелерди кароого алат.

Отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын иши бекитилген жылдык жана чейректик иш пландарына ылайык жүргүзүлгөн. 2014-жылы 60 отурум өткөрүлүп, 395 маселе кароого алынып, алар боюнча 229 тиешелүү токтом кабыл алынган. Мындан тышкары, 15 маалыматтык отурумдар өткөрүлүп, анын жүрүшүндө 89 маселе кароого алынган.

*Акча-кредит саясаты боюнча маселелерди кароо*

Улуттук банктын акча-кредит саясатынын жаңы негизге өтүшүнө байланыштуу, акча-кредит саясатын иштеп чыгууда Улуттук банк Башкармасынын ролу күчөтүлгөн. 2014-жылдын жалган куран айынан тартып Улуттук банктын эсептик чен өлчөмү Улуттук банк Башкармасынын чечимдери менен белгиленет. Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө маселе боюнча отуруму ар айлык негизде өткөрүлгөн, ал эми бул отурумдардын графиги Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын веб-сайтында жарыяланган.

Акча-кредит саясатынын жаңы негизин жүзөгө ашыруу максатында, банк Башкармасы жаңы акча-кредиттик инструментти – жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк кредиттерди ишке киргизүү жөнүндө чечимин кабыл алган.

Улуттук банктын пайыздык чендерди таргетирлөөгө өтүүнүн алкагында, Улуттук банк Башкармасы "Акча-кредит саясаты жөнүндө отчет" документинин түзүмүн өзгөртүү жана аны "Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама" басылмасы менен "Акча-кредит саясаты жөнүндө отчет (Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама)" деп аталган бир басылмага бириктирүү чечимин кабыл алган. Бул документ банк Башкармасы тарабынан чейректик негизде каралып турган. Отчетто акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруунун натыйжалары, инфляция динамикасын аныктаган факторлор, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөргө талдап-иликтөөлөр жана орто мөөнөткө каралган болжолдоолор камтылган. Документке Кыргыз Республикасынын негизги соода боюнча өнөктөш-өлкөлөрдүн экономикаларынын өнүгүү тенденциялары жана дүйнөлүк азыктүлүк рынокторунда жана энергия продукциялары рынокторунда орун алган жагдай тууралуу баяндама мүнөзүндөгү материалдар да камтылган. Документте камтылган маалымат акча-кредит саясаты жагында чечимдерди кабыл алуу үчүн негиз болгон.

Улуттук банк Башкармасы 2014-жылдын бештин айында "Акча-кредит саясатынын орто мөөнөттүк мезгилге каралган негизги багыттары" документин жактырган. Жактырылган документтин түзүмү жана мазмуну акча-кредит саясатынын жаңы негизине ылайык өзгөртүлгөн жана стандартташтырылган. "Ак-

ча-кредит саясатынын орто мөөнөттүк мезгилге каралган негизги багыттары" Улуттук банктын иш максатын, анын мыйзамдуу негизин, Банктын негизги максатка жетишүү үчүн колдонулуучу системасын чагылдырат.

Отчеттук жылдын акырында банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2015-жылга акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүнүн тексти жактырылган. Билдирүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын келээрки жылга каралган экономика саясатынын негизги багыттары жөнүндө биргелешкен билдирүүсүнүн бөлүгү болуп саналат.

2014-жылдын бештин айында Улуттук банктын коммуникациялык саясатын жүзөгө ашыруунун алкагында банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын эсептик чен өлчөмүнө тиешелүү маселелер боюнча 2015-жылга каралган отурумдар графиги жактырылып, ал банктын расмий веб-сайтында жайгаштырылган.

Улуттук банктын акча-кредит саясатынын инструменттерин кеңейтүү жана өркүндөтүү максатында, банк Башкармасы акча-кредит саясатынын инструменттери боюнча ченемдик актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор долбоорлорун кароого алган.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына ылайык, Улуттук банктын эл аралык камдарды тескөө жагында негизги милдеттеринен болуп, ликвиддүүлүктү колдоо жана камдык активдердин коопсуздугун камсыз кылуу саналат. Банк Башкармасы белгиленген милдеттерди ишке ашыруу максатында, келээрки мезгилге каралган инвестициялык саясатты жана эталондук портфелди кароого алат жана бекитет, ошондой эле эл аралык камдарды тескөө натыйжалуулугуна баа берүү үчүн жыл сайын эл аралык камдарды тескөө боюнча отчетту кароого алат.

Эл аралык камдар көлөмүн көбөйтүү максатында Улуттук банк Башкармасы, Кыргыз Республикасынын ички рыногунда монетардык алтынды улуттук валютага сатып алуу көлөмүн жылдык негизде карап чыгат жана бекитет.

Ошондой эле банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын финансылык туруктуулугу жөнүндө отчет кароого алынган. Бул отчеттордо Кыргыз Республикасынын финансы системасында орун алган тобокелдиктерге талдап-иликтөөлөр, ошондой эле, алардын бүтүндөй финансы секторунун туруктуулугуна таасири чагылдырылат. Улуттук банк тарабынан финансылык туруктуулукка мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн натыйжалары Улуттук банктын акча-кредит саясатынын негизги багыттарын калыптандырууда эске алынган.

Бүтүндөй алганда, 2014-жылы акча-кредит саясаты маселелери жана эл аралык камдарды тескөө маселелери боюнча 43 маселе каралып, алардын ичинен 40 маселе боюнча тиешелүү токтомдор кабыл алынган.

*Банктык жана банктык эмес мекемелердин ишине көзөмөлдүк боюнча маселелерди кароо*

Банк Башкармасы тарабынан банк тутумунун жана банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин коопсуз, ишенимдүү жана туруктуу ишин камсыз кылууга, банк аманатчыларынын жана башка кредиторлорунун таламдарын коргоо үчүн активдерди сактоого, калктын финансы-кредит мекемелерине карата ишенимин жогорулатууга багытталган маселелер туруктуу негизде кароого алынып турган.

Көзөмөл иштерин жүзөгө ашыруу жөнүндө отчеттор чейректик негизде Улуттук банк Башкармасы тарабынан каралып турган.

Отчеттук жыл ичинде банк Башкармасы тарабынан негизинен, банктардын, микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын валюталык жана кредиттик тобокелдиктерин минималдаштыруу маселелерине тиешелүү бир катар токтомдор кабыл алынган.

Банк Башкармасы тарабынан бекитилген документтер, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык келтирүүгө, ошондой эле банктардын кыймылсыз мүлк менен иштөө тартиби каралган маселелерди жөнгө салууга, банкка кайра

өзгөртүлүп түзүлгөн микрофинансылык жана микрокредиттик компаниялардын үзгүлтүксүз иши үчүн шарттарды түзүүгө, Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктык эмес финансы-кредит мекемелерине таасир этүү чараларын көрүүгө багытталган. Алмашуу бюролорунун жүгүртүү капиталында жана микрофинансылык уюмдардын уставдык капиталында акча каражаттарынын келип чыгуу булактарына тиешелүү маалыматты сунуштоо, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында, алмашуу бюролорунда ички контролдукту күчөтүү боюнча талаптар белгиленген.

Кыргыз Республикасында ислам банк иши жана каржылоо принциптерин жайылтуу шарттары каралган мыйзамды жүзөгө ашыруунун алкагында, ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан банктардын, микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу маселелери боюнча ченемдик укуктук актылар кабыл алынган.

"Банк секторун 2014-жылдын акырына чейин өнүктүрүүнүн негизги багыттарында" каралган банк тутумун өнүктүрүүнүн максаттуу көрсөткүчтөрүнө жетишүүсүнө жүргүзүлгөн мониторингдин натыйжалары Улуттук банк Башкармасы тарабынан жарым жылдык негизде каралып турган.

Бүтүндөй алганда, отчеттук жыл ичинде Улуттук банктан лицензия алышкан айрым коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин иши боюнча 98 маселе каралып, 58 токтом, анын ичинде алардын ишин жөнгө салуучу ченемдик база боюнча 29 токтом кабыл алынган. Буларга, жаңы ченемдик актылар сыяктуу эле, мурда кабыл алынган ченемдик актыларга киргизилген өзгөртүүлөр да камтылган.

*Төлөм системасы боюнча маселелерди кароо*

Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын жалпы түзүмүнө жана тажрыйбалык ишине карата саясатты иштеп чыгуу максатында, Улуттук банк Башкармасы өлкөнүн төлөм системасын жөнгө салууга жана өнүктүрүүгө багытталган чечимдерди кабыл алган.

Улуттук банк үчүн маанилүү милдеттердин бири Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө" мыйзам долбоорун ишке киргизүү саналат.

Улуттук валютадагы нак эмес каражаттардын агымына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү жана алардын ачык-айкындуулугун камсыз кылуу үчүн көрсөткүчтөрдү системага салууну өркүндөтүү максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторуна тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

Акча которуу системасы аркылуу банк эсебин ачуусуз төлөмдөрдүн натыйжалуу жана коопсуз жүргүзүлүшүн камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча акча котормуларды ишке ашыруу эрежелерине" өзгөртүүлөр киргизилген.

"Кыргыз Республикасында лицензиялык-уруксат берүү жөнүндө" мыйзамын аткаруу максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан "Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялоо жөнүндө" жобо бекитилген.

Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы тууралуу отчет жана төлөм системасына көзөмөлдүк жүргүзүүнүн натыйжалары банк Башкармасы тарабынан чейректик негизде каралып турган.

*Башка маселелер*

Отчеттук жыл ичинде банк Башкармасы тарабынан төлөм системасына тиешелүү 14 маселе, алардын ичинен сегиз маселе боюнча, төлөм системасын андан ары өнүктүрүүгө, колдонулуучу төлөм инструменттери спектрин кеңейтүүгө жана төлөм системасында тобокелдиктерди төмөндөтүүгө багытталган тиешелүү токтомдор кабыл алынган.

Отчеттук жыл ичинде банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын ишин уюштуруу маселелери жана башка маселелер каралып, алар боюнча 101 токтом кабыл алынган.

## 6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү

*Мыйзамдарды өркүндөтүү*

2014-жылы Улуттук банк Кыргыз Республикасында банк ишин жөнгө салган мыйзам базасын өркүндөтүү жана өнүктүрүү ишин жүргүзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде банк мыйзамдарын өркүндөтүүнүн алкагында, Улуттук банктын юридикалык жактардын капиталында катышуу мүмкүнчүлүгүн такташтыруу каралган Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына түзөтүүлөр киргизилген.

Банк мыйзамдарын өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2014-жылдын бештин айынын он жетисинде "Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө" мыйзамы кабыл алынган. Мыйзам натыйжалуу улуттук төлөм системасынын ишин акча жүгүртүүнү уюштуруу боюнча мамлекеттик саясатка ылайык жөнгө салууга багытталган.

Ошондой эле 2014-жылы финансы секторунда үстү-үстүнөн кредиттөөнү жана катар кредиттерди төмөндөтүүгө багытталган "Насыялык маалымат алмашуу жөнүндө" мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кол коюлган. Мыйзамда бардык финансы-кредит мекемелери маалыматтарды милдеттүү түрдө кредиттик бюрого берүүсү каралат, бул финансы ресурстарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жакшыртууга, кредиттик тобокелдиктерди төмөндөтүүгө, кредиттердин кайтарымдуулугун жогорулатуунун эсебинен кредиттөө көлөмүнүн көбөйүшүнө жана финансылык тартипти бекемдөөгө көмөк көрсөтөт.

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Банк кодексинин долбоорун, ошондой эле "Кыргыз Республикасынын Банк кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" мыйзам долбоорун Жогорку Кеңеште өткөрүү боюнча ишин уланткан. Кыргыз Республикасынын Банк кодексинин долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна сунушталган.

Жеке адамдардын, юридикалык жактардын, банктардын, башка финансы-кредит мекемелеринин жана алардын кызмат адамдарынын мыйзам чегинде иш алып барышын жогорулатуу жана Улуттук банктын көзөмөл чараларынын эффективдүүлүгүн жана иш натыйжалуулугун камсыз кылуу максатында, отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан банк мыйзамдары чөйрөсүндө административдик укук бузуулар үчүн айып өлчөмдөрүн кыйла көбөйтүүнү жана аны такташтырууну караган "Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекске өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" мыйзам долбоору демилгеленген. Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна сунушталган.

*Ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү*

2014-жылы акча-кредит саясатына тиешелүү ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү, алардын иши Улуттук банк тарабынан көзөмөлдүккө алынган банктар жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салуу, лицензиялоо, ошондой эле төлөм системасынын ишин жөнгө салуу жагында иштер улантылган. Ушул маселелер боюнча Улуттук банк Башкармасы жана Көзөмөл боюнча комитети төмөнкүдөй 220дан ашык токтом кабыл алган, алардын ичинде:

– 2014-жылдын үчтүн айынын жыйырма тогузундагы – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" ("Кыргыз Республикасында нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө" жобого жана "Терроризмди (экстремизмди) каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого)

каршы аракеттерди көрүү максатында, Кыргыз Республикасындагы алмашуу бюролорунда ички контролдукту уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө" жобого; "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жети күндүк кредити жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу", "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын жалган куран айынын жыйырма сегизиндеги №10/11 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын улуттук валютада депозиттик операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын жалган куран айынын жыйырма сегизиндеги №10/6 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө";

– 2014-жылдын бирдин айынын он жетисинде – "Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын ачык валюталык позицияларынын лимиттери туралуу"; "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын жалган куран айынын он тогузундагы №8/2 "Милдеттүү камдар жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө";
– 2014-жылдын бирдин айынын он тогузунда – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктарга жана башка айрым финансы-кредит мекемелерине карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө" жобого, "Банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда басымдуулук абалын аныктоо тууралуу" жобого жана Кыргыз Республикасынын финансы-кредит мекемелердин кызмат көрсөтүүлөр рыногунда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган коммерциялык банктар жана башка финансы-кредит мекемелери тарабынан көрсөтүүчү кызматтарды монополияга каршы жөнгө салуу, атаандаштыкты өнүктүрүү жана керектөөчүлөрдүн таламдарын коргоо саясатына жана негизги принциптерине);
– 2014-жылдын бирдин айынын жыйырма бешинде – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын аяк оона айынын отузундагы №36/20 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чени тууралуу жана "овернайт" кредити боюнча пайыздык чен жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу";
– 2014-жылдын жалган куран айынын жыйырма алтысында – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" ("Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчету жөнүндө жобого жана "Мезгил-мезгили менен берилүүчү консолидацияланган отчету жөнүндө" жобого");
– 2014-жылдын чын куран айынын жыйырма үчүндө – "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздарда активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын, чыгым тартуулардын ордун жабуу үчүн каралган камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө"; "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын жалган куран айынын он тогузундагы №8/2 "Милдеттүү камдар жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө";
– 2014-жылдын бугу айынын отузунда – "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын төлөм карттары жөнүндө" убактылуу жобону бекитүү тууралуу"; "Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча операцияларды жүзөгө ашырышкан микрокаржы-

лоо компанияларынын ишин жөнгө салуу эрежелерин" бекитүү тууралуу"; "Кредиттик союздар тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө" нускоону бекитүү тууралуу", "Микрокаржылоо компаниялары тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө" нускоону бекитүү тууралуу";

– 2014-жылдын кулжа айынын он биринде – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын тогуздун айынын отузундагы №32/2 "Кыргыз Республикасында каржылоонун ислам принциптерин алгачкы долбоордун алкагында жүзөгө ашыруу жөнүндөгү" жобо тууралуу" токтомуна толуктоолорду киргизүү жөнүндө";
– 2014-жылдын кулжа айынын он экисинде – "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык уюмдар жана кредиттик союздар үчүн бухгалтердик эсепке алууну уюштуруу жана жүргүзүү боюнча усулдук сунуш-көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө";
– 2014-жылдын теке айынын он алтысында – "Аманаттарды (депозиттерди) тартуу менен иш алып барбаган микрокаржылоо компаниялары үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын бугу айынын отузундагы №24/8 "Микрокаржылоо компаниялары тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө" нускоону бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген "Микрокаржылоо компаниялары тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө" нускоону колдонууга киргизүү жөнүндө"; "Операцияларды ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча жүзөгө ашырган кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу эрежелерин" бекитүү жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" (Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктардын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо боюнча нускоого, "Кыргыз Республикасында каржылоонун ислам принциптерин алгачкы долбоордун алкагында жүзөгө ашыруу жөнүндөгү" жобого);
– 2014-жылдын теке айынын отуз биринде – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын "Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу";
– 2014-жылдын аяк оона айынын жыйырма төртүндө – "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык уюмдар тарабынан активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу";
– 2014-жылдын тогуздун айынын он жетисинде – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жоболорун бекитүү жөнүндө" (Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрофинансылык компаниялардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө" жобону, "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө" жобону жана "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө" жобону");
– 2014-жылдын тогуздун айынын отузунда – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын жалган куран айынын жыйыр-

ма сегизиндеги №10/15 "Чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курстарын аныктоо эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу", Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын кулжа айынын жыйырма алтысындагы №20/1 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу");

- 2014-жылдын жетинин айынын жыйырма жетисинде – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын бирдин айынын жыйырма төртүндөгү №3/3 "Банктар аралык ички валюта рыногунда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын соода-маалымат электрондук системасы аркылуу Улуттук банк тарабынан операцияларды жүргүзүүнүн убактылуу тартибин бекитүү тууралуу";
- 2014-жылдын бештин айынын сегизинде – "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын жетинин айынын отузундагы №51/4 "Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу";
- 2014-жылдын бештин айынын жыйырма төртүндө – "Төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялоо жөнүндө"; "Кыргыз Республикасында төлөм системасынын 2015-2017-жылдарга каралган негизги багыттарын бекитүү жөнүндө"; "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна толуктоолорду киргизүү жөнүндө" ("Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө" жобого жана "Кыргыз Республикасынын аймагындагы коммерциялык банктардын ачык валюта позицияларынын лимиттерин сактоонун тартиби жөнүндө" нускоого);
- 2014-жылдын бештин айынын жыйырма алтысында – "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин, кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөрү жөнүндө";
- 2014-жылдын бештин айынын отуз биринде – Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын жетинин айынын жыйырма жетисиндеги №45/13 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын тарабынан кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" жана башкалар.

## 6.4. Финансылык кеңешчинин милдетин аткаруу

Улуттук банк 2014-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңештин жана Өкмөттүн финансылык кеңешчисинин милдетин аткаруусунун чегинде төмөнкү иш-чараларды жүзөгө ашырган:

- акча-кредит саясатын ишке ашыруу, банк жана төлөм системаларынын абалына тиешелүү маселелер боюнча маалыматтарды жана аналитикалык материалдарды Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңешке жана Өкмөткө туруктуу негизде берип турган;
- мыйзам долбоорлоруна жана башка ченемдик укуктук актыларга, финан-

сы жана банк маселелери же Улуттук банктын ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнө тиешелүү маселелерди козгогон чечимдерге экспертиза жүргүзгөн;
- республикалык бюджеттин долбоорун кароого алуу учурунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө консультацияларды берип турган;
- Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңешине жана Өкмөтүнө (министрликтерди жана ведомстволорду кошо алганда) финансы жана банк тутумунун маселелери боюнча консультацияларды жана сунуш-көрсөтмөлөрдү берип турган.

Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңешине жана Өкмөтүнө туруктуу негизде сунушталуучу аналитикалык маалыматтарда Улуттук банктын акча-кредит саясатынын негизги багыттары, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнүн болжолдоолору, экономиканын тышкы секторундагы жагдай, банк тутумунун, банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин системасынын абалы, республиканын валюта рыногундагы жагдай жөнүндө маалыматтар камтылган. Атап айтканда, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жыйынтыктары; төлөм теңдеминин абалы; экономикага таасир тийгизген тышкы жана ички факторлордун терс таасирин жеңилдетүү боюнча биринчи кезектеги чаралар; банктык жана банктык эмес финансы-кредит системасынын негизги көрсөткүчтөрүнүн динамикасы; Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан алынган кредиттерди ишке ашыруу жана мониторинги; тышкы насыялар жөнүндө маалыматтык каттар жөнөтүлгөн. Экономиканын диверсификацияланышы жана импортту алмаштыруучу өндүрүштү өнүктүрүү, ошондой эле соода тендеминин тартыштыгын кыскартуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөр берилген.

Кеңейтилген кредиттик механизмдин алкагында Эл аралык валюта фондусу тарабынан колдоого алынган 2011-2014-жылдарга каралган экономикалык программаны аткаруунун чегинде Улуттук банк, макроэкономикалык өнүктүрүүнүн болжолдоолору маселелери боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү жана сунуштарды берген. Эл аралык валюта фондусунун жана Дүйнөлүк банктын миссиясынын Финансы секторуна баа берүү программасы боюнча жүргүзгөн иштери боюнча маалымат берилген.

Финансылык кеңешчинин милдетин аткаруунун алкагында Улуттук банк, мамлекеттик бийлик органдарынын дарегине отчеттук мезгил ичинде бардыгы болуп 700дөн ашык кат жана корутунду жөнөткөн.

*Мыйзам долбоорлоруна экспертиза жүргүзүү*

Улуттук банк отчеттук жыл ичинде төмөнкү 35 мыйзам долбооруна экспертиза жүргүзгөн, анын ичинде:
- Кыргыз Республикасынын 2015-жылга республикалык бюджети жана 2016-2017-жылдарга болжолдоолору жөнүндө;
- Бюджет кодексинин долбоору;
- Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду киргизүү жөнүндө (“Банктар жана банк иши жөнүндө”, “Банктык сыр жөнүндө” мыйзамдарга);
- Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;
- Кызмат адамдарынын айрым категорияларына Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары активдерге ээлик кылуусуна тыюу салуу жөнүндө;
- улутташтыруу жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө (Жер кодексине, “Күрөө жөнүндө”, “Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө”, “Кыргыз Республикасында банктар жана банк иши жөнүндө” мыйзамдарга);
- Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине толуктоолорду киргизүү тууралуу;
- “Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө” кодексинин долбоору;

- Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;
- Ипотекалык баалуу кагаздар жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу”;
- Ломбарддык иш жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;
- Кыргыз Республикасынын “Күрөө жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;
- Насыялык маалымат алмашуу жөнүндө;
- Кыргыз Республикасы менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы каржылоо жөнүндө келишимди ратификациялоо тууралуу;
- Кыргыз Республикасындагы актуардык иш жөнүндө;
- Инфляцияны эске алуу менен калктын кирешесин индексациялоо жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду киргизүү тууралуу (Жарандык кодекс, “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө”, “Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө” мыйзамдарына;
- Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу (Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине, Кылмыш-жаза кодексине);
- Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу (Кылмыш-жаза кодексине, “Банктык сыр жөнүндө”, “Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө”, “Чет өлкө валютасы менен операцияларды жүргүзүү жөнүндө” мыйзамдарына);
- Кыргыз Республикасында мамлекеттик стратегиялык пландаштыруу системасы жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу (“Саясий партиялар жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө”, “Административдик жоопкерчилик жөнүндө” кодексине);
- Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу (“Атаандаштык жөнүндө”, “Керектөөчүлөр укуктарын коргоо жөнүндө”, “Ички соода жөнүндө” мыйзамдарына);
- Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу (“Саясий партиялар жөнүндө”, “Электр жана почта байланышы жөнүндө” мыйзамдарына);
- Кыргыз Республикасынын Салык кодексине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын “Салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;
- баалоо иш-аракеттери жөнүндө;
- Кыргыз Республикасы менен Европа бирлиги ортосунда өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумду, Кыргыз Республикасы менен Европа бирлиги ортосунда Макрофинансылык жардам гранты жөнүндө макулдашууну, карыз алуучу катары Кыргыз Республикасы жана кредитор катары Европа бирлиги ортосунда түзүлгөн кредиттик келишимди ратификациялоо тууралуу;

– Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу (“Керектөөчүлөр укуктарын коргоо жөнүндө”, “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” мыйзамдарына) жана башкаларга.

2014-жылы Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн төмөнкүдөй 70тен ашуун токтомдорунун жана буйрууларынын долбоорлоруна экспертиза жүргүзүлүп, сунуштар даярдалган, анын ичинде:

– Кыргыз Республикасынын 2015-жылга жана 2016-2017-жылдарга каралган социалдык-экономикалык өнүгүүсүн болжолдоо жөнүндө;
– Ишкердиктин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө;
– “2030-жылга чейин жеткиликтүү турак-жай” мамлекеттик программасын бекитүү жөнүндө;
– “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААКсын түзүү жөнүндө;
– “Кыргыз Республикасынын 2020-жылдарга чейин пенсиялык камсыздоо системасын өнүктүрүү концепциясын бекитүү” жөнүндө;
– “Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишинде терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга каршы аракеттенүү чараларынын сакталышы боюнча талаптар жөнүндө” жобо тууралуу;
– мамлекеттик карыздык каражаттарды жайгаштыруу, эсепке алуу жана кайтарууну камсыз кылуу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу;
– мамлекеттик карыздык каражаттарды жайгаштыруунун, эсепке алуунун жана кайтарууну камсыз кылуунун механизмдерин өркүндөтүү жөнүндө;
– Кыргыз Республикасынын республикалык жана жергиликтүү бюджеттерине түшкөн каражаттардын администраторлору жөнүндө;
– мамлекеттик үлүш менен катышкан чарба коомдорунун Директорлор кеңеши, ревизиялык комиссиясы жана катчылары үчүн кадрдык резервди түзүүнүн жана пайдалануунун жаңы принциптери жөнүндө;
– мамлекеттик үлүш менен катышкан чарба коомдордун Директорлор кеңешинин комитеттери жөнүндө;
– ишкердик ишинин субъекттерин коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган жөнүндө;
– 2014-2017-жылдарга курулуш тармагын өнүктүрүү стратегиясы жөнүндө;
– Мамлекеттик үлүш менен катышкан чарба коомдордун Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө баа берүү жөнүндө;
– Кыргыз Республикасында бажы системасын өнүктүрүүнүн жана тышкы экономикалык ишине көмөк көрсөтүүнүн 2014-2017-жылдарга каралган стратегиясын бекитүү жөнүндө;
– Транспорт жана коммуникация министрлигине караштуу “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасын модернизациялоонун жана Кыргыз Республикасынын почта-аманат системасын өнүктүрүүнүн программаларын бекитүү тууралуу;
– Касса иши тартибин күчөтүү үчүн Кыргыз Республикасынын аймагында пайдаланылуучу контролдук-кассалык машиналарды (компьютердик системаларды) техникалык тейлөө жагында биргелешкен ишкананы түзүү тууралуу;
– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын жалган куран айынын жыйырма жетисиндеги №208 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарын жайгаштырууну жана жүгүртүүнү тооруктардын лицензияланган уюштуруучусунун соода аянтына которуу жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу.

*Мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу*

2014-жыл ичинде Улуттук банк бир катар мамлекеттик программаларды жана пландарды иштеп чыгууда жана аны жүзөгө ашырууда катышкан, анын ичинде:

- Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн 2013-2017-жылдарга каралган улуттук стратегиясы;
- Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдарга туруктуу өнүгүүгө өтүү программасы;
- кеңейтилген кредиттик механизмдин (ЕСФ) алкагында, Эл аралык валюта фонду тарабынан колдоого алынган Кыргыз Республикасынын 2011-2014-жылдарга экономикалык программасы;
- Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн арттыруу боюнча иш-чаралардын 2012-2017-жылдарга каралган мамлекеттик программасы;
- Микрокаржылоону 2011-2015-жылдарда өнүктүрүү стратегиясы;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясы;
- Кыргыз Республикасын 2013-жылда жана 2014-2015-жылдарда социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү болжолдоолору;
- Өкмөттүн коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча 2012-2014-жылдарга каралган иш-чаралар планы;
- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылын өткөрүү боюнча иш-чаралар планы;
- Экспортко багытталган өндүрүштү каржылоо программасынын долбоору;
- 2014-2020-жылдарга Фискалдык саясат боюнча мамлекеттик программанын долбоору;
- 2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын экспортун өнүктүрүү программасынын долбоору.

*Эл аралык келишимдерге экспертиза жүргүзүү*

Кыргыз Республикасынын эл аралык жана мамлекеттер аралык уюмдарга катышуусунун алкагында Улуттук банк, Кыргыз Республикасынын финансы жана банк тутумуна тиешелүү төмөнкүдөй эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга экспертиза жүргүзгөн:

- Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигине кирген мүчө мамлекеттердин Кызмат көрсөтүүлөрдү эркин сатуу жөнүндө келишим долбоору;
- Евразия экономикалык комиссиянын валютага тиешелүү укуктук мамилелерди жөнгө салууга карата макулдашылган ыкмалар жана либералдаштыруу чараларын кабыл алуу жөнүндө келишим долбоору;
- Евразия өнүктүрүү банкынын Кризиске каршы чара көрүү фондусунун каражаттарынын эсебинен инвестициялык кредит берүү жөнүндө келишим долбоору;
- Кыргыз-Россия өкмөттөр аралык комиссиясынын соода-экономикалык, илимий-техникалык жана гуманитардык кызматташуу боюнча 17-отурумунан толтурулган протокол долбоору;
- Экономикалык кызматташуу уюмунун соода жана өнүктүрүү банкын түзүү жөнүндө макулдашуу долбоору;
- Кыргыз-казак өкмөттөр аралык кеңештин бешинчи отурумунан толтурулган протокол долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Германия Федеративдик Республикасынын Өкмөтү ортосунда техникалык жана финансылык кызматташуу жөнүндө келишим долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Австрия Республикасынын Өкмөтү ортосунда инвестицияларды коргоо жана аларды колдоого алуу жөнүндө макулдашуу долбоору;
- Кыргыз Республикасы менен Өзбекстан Республикасы ортосунда 2014-2017-жылдарга экономикалык, илимий-техникалык жана гуманитардык кызматташуу жөнүндө макулдашуунун жана программанын долбоору;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Эстония ортосунда инвестицияларды коргоо жана колдоого алуу жөнүндө макулдашуу долбоору;
– Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтү ортосунда Евразия экономикалык интеграция шарттарында экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү жөнүндө макулдашуу жана Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондусунун уставынын долбоору.

Мыйзам долбоорлоруна, Өкмөттүн токтомдорунун жана буйруктарынын долбоорлоруна, эл аралык келишимдердин жана макулдашуулардын долбоорлоруна жана башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна экспертиза жүргүзүүнүн натыйжасында, Улуттук банктын компетенциясына кирген маселелер боюнча корутундулар, ошондой эле сын-пикирлер жана сунуштар берилген.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк Россия, Казакстан, Кытай, Швейцария, Австрия, Иран, Түркия, Азербайжан сыяктуу өлкөлөр менен соода-экономикалык, маданий, илимий-техникалык жана гуманитардык кызматташуу боюнча өкмөттөр аралык комиссиялардын ишине катышкан.

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банктын өкүлдөрү 15 ведомство аралык жумушчу тобунун жана комиссиялардын төмөнкү маселелерине тиешелүү иштерге катышкан:

– Финансы министрлиги менен Улуттук банк ортосунда Ведомство аралык координациялык кеңештин ишинин алкагында акча-кредит саясаты жана салык-бюджет саясатына тиешелүү маселелерди координациялоо;
– Кыргыз Республикасынын Бажы бирлигине жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке кирүүсүнүн алкагында иш-чаралар планын (“Жол картасын”) жүзөгө ашыруу;
– Кыргызстандын Бажы бирлигине жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке кирүү кесепеттерине баа берүү;
– Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү;
– Жогорку Кеңештин жана ФСАПтын сунуш-көрсөтмөлөрүн жүзөгө ашыруу максатында, депозиттерди коргоо системасын кеңейтүү жана гарантиялык сумманын деңгээлин жогорулатуу;
– Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигине кирген мүчө мамлекеттердин финансылык каражаттары үчүн орун алган тобокелдиктерди минималдаштырууга багытталган мамлекеттер аралык өз ара аракеттенүү механизмдерин заманбап шарттарда даярдоо жана аны макулдашуу;
– кыймылдуу мүлк күрөөнү каттоо чөйрөсүндө ченемдик укуктук актынын долбоорун иштеп чыгуу;
– узак мөөнөттүү ипотекалык кредиттөө механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;
– - мобилдик төлөмдөрдү жөнгө салган ченемдик укуктук актылар долбоорун иштеп чыгуу;
– ломбард ишин жөнгө салган мыйзам долбоорун иштеп чыгуу;
– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын жалган куран айынын жыйырма жетисиндеги №208 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарын жайгаштырууну жана жүгүртүүнү тооруктардын лицензияланган уюштуруучусунун соода аянтына которуу жөнүндө” токтомун жүзөгө ашыруу;
– Кыргыз Республикасында банктык баалуу металлдар рыногун түптөө жана өнүктүрүү концепциясын жүзөгө ашыруунун алкагында Салык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
– салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө кодекс долбоорун иштеп чыгуу;
– Кыргыз Республикасынын “Баалоо иш-аракеттери жөнүндө” мыйзам долбоорун иштеп чыгуу боюнча;

- "АКШ салык төлөөчүлөрүнүн чет өлкөдөгү эсептерине салык салуу жөнүндө" мыйзамга тиешелүү маселелер боюнча (FATCA);
- Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын инвентаризациялоо.

Өкмөттөр аралык комиссиялардын жана ведомство аралык жумушчу топтордун ишине катышуунун алкагында Улуттук банк өз компетенциясына кирген маселелер боюнча маалыматтарды берип, сунуштарды киргизген.

## 6.5. Ички аудит жана ички контролдук системасы

*Укуктук негиз*

Улуттук банктын ички аудити, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына ылайык Ички аудит кызматы тарабынан жүргүзүлөт.

Ички аудит кызматынын негизги милдеттеринен болуп, Улуттук банкта ички контролдук, тобокелдиктерди тескөө жана корпоративдик башкаруу системасынын шайкештигине жана натыйжалуулугуна көз карандысыз баа берүү, тышкы аудиторлор жана Аудит боюнча комитет менен Улуттук банктын финансылык отчетуна аудит боюнча өз ара иш алып баруу саналат.

Улуттук банктын Ички аудит кызматынын иши ички аудиттин эл аралык стандарттарына, Ички аудитти жүргүзүүнүн кесиптик тажрыйбасы боюнча стандарттарга жана Этика кодексине ылайык жүзөгө ашырылат.

*Ишкердикти жүзөгө ашыруу*

2014-жылы аудитордук текшерүүлөр Ички аудит кызматынын жылдык иш планына ылайык жүргүзүлүп келген. Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банктын ишинин негизги багыттары, анын ичинде финансы-кредит мекемелеринин ишине тышкы көзөмөлдүктү уюштуруу жана жүргүзүү маселелери, финансы-кредит мекемелерин лицензиялоо, банктар аралык валюта рыногунда операцияларды уюштуруу жана ишке ашыруу, мамлекеттик баалуу кагаздар менен операцияларды жүргүзүү, тобокелдиктерди контролдоо, Улуттук банктын ишин автоматташтыруу багыттары боюнча аудитордук текшерүү иштери жүзөгө ашырылган. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча ички аудиторлор тарабынан ички ченемдик укуктук актыларды, ички контролдук жана тобокелдиктерди тескөө системаларын өркүндөтүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөр берилген. Бөлүмдөрдүн иши аларга жүктөлгөн милдеттерге жана функцияларга ылайык келиши тууралуу аудитордук текшерүүлөрдүн жыйынтыктары Улуттук банктын жетекчилигине берилип турган.

2014-жылы жүргүзүлгөн аудитордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгынан улам, Улуттук банктын олуттуу аспектилери боюнча иши Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык келет деген тыянак чыгарууга болот. Ички контролдук системасы жалпысынан, тобокелдиктерге туруштук берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ички аудит кызматы аудитордук текшерүүлөрдүн натыйжалары боюнча түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан сунуш-көрсөтмөлөрдүн аткарылышына туруктуу негизде мониторинг жүргүзүп келген.

*Тышкы аудиторлор менен өз ара иш алып баруу*

Ички аудит кызматынын тышкы аудиторлор менен өз ара иш алып баруусунун алкагында, Улуттук банктын 2013 жана 2014-жылдар үчүн финансылык отчетуна көз карандысыз аудит жүргүзүү боюнча ЖЧК "Грант Торнтон" эл аралык аудитордук уюму менен иштөөнү координациялаган. Бул аудитордук уюм тендер өткөрүү аркылуу тандалып алынып, тиешелүү мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилген.

Тышкы аудиттин жыйынтыгында сунуш-көрсөтмөлөрдү аткаруу үчүн иш-чаралар иштелип чыгып, алардын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан аткарылышына контролдук Ички аудит кызматы тарабынан жүргүзүлүп келген.

Улуттук банктын Аудит боюнча комитети менен өз ара иш алып баруунун алкагында, Ички аудит кызматы комитеттин отурумдарынын уюштурулуп жана өткөрүлүшүн камсыз кылган.

*Аудит боюнча комитет*

Аудит боюнча комитеттин курамына беш мүчө кирет, анын ичинен үчөө Улуттук банктын ишине байланышы жок көз карандысыз эксперттер болуп саналат; ал эми комитеттин эки мүчөсү Улуттук банктын кызматкери, анын бирөөсү Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү болууга тийиш.

Улуттук банктын Аудит боюнча комитетинин негизги милдеттерине ылайык иши Улуттук банктын финансылык отчетунун сапатына баа берүү, тышкы аудиторлордун көз карандысыз ишин жана ички контролдуктун натыйжалуу системасын камсыз кылуу саналат.

Отчеттук мезгил ичинде комитеттин он эки отуруму өткөрүлгөн, анда анын компетенциясына кирген маселелер кароого алынган. Аудит боюнча комитет ички аудиттин отчеттору, ички жана тышкы аудиттин сунуш-көрсөтмөлөрүнүн аткарылышына жүргүзүлгөн мониторинг боюнча маалыматтар менен таанышкан. Комитет тарабынан Улуттук банктын тышкы, ички аудитинин жана ички контролдук системасынын ишине баа берүү жагында иштер талдап-иликтөөгө алынган. Ошондой эле Аудит боюнча комитет Улуттук банктын жетекчилигине жана түзүмдүк бөлүмдөрүнө консультация катары эксперттик корутундуларды сунуштаган.

Тажрыйба алмашуу, ички аудиттин алдыңкы тажрыйбаларын ишке киргизүү жана колдонуу максатында, 2014-жылдын кулжа айында ЕврАзЭСке катышуучу-мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилеринин кеңешинин 30-отурумунун алкагында, “ЕврАзЭСке катышуучу-мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын аудитордук иши боюнча Консультативдик кеңеш түзүү жөнүндө” чечимин кабыл алган. Консультативдик кеңештин курамына Улуттук банктын атынан Ички аудит кызматынын жетекчиси кирген.

## 6.6. Коомчулукка маалымат берүү

Улуттук банк өз ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатуу максатында, 2014-жылы Коммуникациялык саясатты иштеп чыккан. Документ коомчулукка маалымат берүү жагында негизги мамилелерди жана Улуттук банктын базалык принциптерин, анын ичинде – маалыматтын жеткиликтүү, анык болушун, анын толук камтылышын жана пайдалануучулардын алардан бирдей пайдалануу мүмкүнчүлүгүн аныктайт. 2014-жылы коомчулукка маалымат берүү расмий басылмаларды чыгаруу, маалыматтарды Улуттук банктын расмий веб-сайтында жайгаштыруу, маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоо, теле көрсөтүүлөрдү, радио берүүлөрдү эфирге чыгаруу, Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусу менен пресс-конференцияларды жана брифингдерди өткөрүү, ошондой эле калктын ар кандай максаттуу топтору үчүн маалымат берүү, агартуу багытында дагы башка иш-чараларды өткөрүү аркылуу жүзөгө ашырылган.

*Жалпыга маалымдоо каражаттары менен кызматташуу*

Отчеттук жылда Улуттук банктын коомчулукка маалымат берүү жагында маанилүү иш багыттарынын биринен болуп, Улуттук банктын бардык иш багыттарына, анын функцияларына жана милдеттерине тиешелүү маалыматтык, билим берүү жана аналитикалык материалдарды жалпыга маалымдоо каражаттарына туруктуу негизде жайгаштыруу саналган. Мында, темалардын актуалдуулугу жана маанилүүлүгү, жалпыга маалымдоо каражаттарынын иш чөйрөсү эске алынган.

Жалпысынан отчеттук жыл ичинде журналисттердин суроо-талаптарына ылайык республикалык сыяктуу эле, эл аралык жалпыга маалымдоо каражаттарында 162ге жакын макалаларды Улуттук банк даярдап, алардын жарыяланышын демилгелеген. Кызматкерлердин өзүнчө берген интервьюларын кошо алганда, Улуттук банктын өкүлдөрүнүн коом алдында чыгып сүйлөгөн 158 маалыматтык, аналитикалык теле жана радио программалары жана ток-шоуго катышуусу уюштурулган. Улуттук банктын жетекчилиги акча-кредит саясаты маселелери

жана валюта рыногундагы жагдай тууралуу 12 пресс-конференцияга жана брифингге катышкан. Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банкка журналисттерден 380 кат жүзүндө жана оозеки түрүндөгү кайрылуулар келип түшкөн, бул кайрылууларга өз убагында жооптор жазылып жөнөтүлгөн.

*Маалыматтык билдирүүлөр*

2014-жылы Улуттук банктын веб-сайтына 80ден ашык маалыматтык билдирүүлөр жарыяланып, ал аркылуу коомчулукка Улуттук банктын актуалдуу маселелер боюнча расмий позициясы, ошондой эле уюштуруу ишинин натыйжалары жөнүндө маалымдалган.

*Жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн атайын иш-чаралар*

Жалпыга маалымдоо каражатынын өкүлдөрү үчүн маалымдоо иш-чараларын өткөрүү улантылган. Отчеттук жыл ичинде “Улуттук банк: статусу, милдеттери, миссиясы” аттуу бир катар атайын семинарлар уюштурулган, ага финансы-экономика темасын чагылдырган республика боюнча 100дөн ашык журналисттер келип катышкан. Семинарлардын жүрүшүндө журналисттер Улуттук банктын ишинин ар кандай аспектилери боюнча маалыматтар, ошондой эле банк тутумунун негизги көрсөткүчтөрү, төлөм системалары рыногунун абалы, Улуттук банктын жалпыга маалымдоо каражаттары жана коомчулук менен иш алып баруу тартиби жана башка маселелер тууралуу маалыматтар менен таанышкан. Журналисттер, көзөмөлдөө жагында Улуттук банктын инспекторлору тарабынан жүргүзүлгөн рейддик текшерүүнү чагылдыруу боюнча иш-чараларга да чакыртылган. Атап айтканда, журналисттер алмашуу бюролорунун ишин текшерүү боюнча рейддерге катышкан.

2014-жылы Улуттук банк тарабынан жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн “Микрокаржылоо: мүмкүнчүлүктөр жана тобокелдиктер” темасына жарыяланган жыл сайын өтүүчү республикалык сынакка республиканын электрондук жана басма сөз жалпыга маалымдоо каражаттарынан 27 автордон 40тан ашык эмгек келип түшкөн. Сынактын жыйынтыктары тууралуу маалыматтар Улуттук банктын сайтында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган.

*Теле жана радио берүүлөр*

Өздүк медиа продукцияларын чыгаруу Улуттук банктын коомчулукка маалымат берүү боюнча ишинде дагы бир маанилүү инструменттердин бири болуп саналат. 2014-жылы “Улуттук банк билдирет” теле көрсөтүүсүнүн жана радио берүүлөрүн чыгаруу иши улантылган. Мында, программалардын маанилүү бөлүгү банктын иш багыттарын түшүндүрүүгө басым жасалган. Отчеттук жыл ичинде “ЭлТР” телеканалында 22 телекөрсөтүү программасы жана “Биринчи радиого” 83 радио берүү жарыкка чыккан. Маалымдоо жагында уюштурулган телекөрсөтүү жана радио берүүлөр Улуттук банктын алып барган иш багытына жана функцияларына арналган, ошондой эле банк мыйзамдарына тиешелүү маселелер, финансы рыногу, валюта рыногу, баалуу кагаздар рыногу чагылдырылып, төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу жана башка актуалдуу темалар боюнча маалымат берилген.

Улуттук банктын демилгеси менен жарыкка чыккан бардык материалдар, ошондой эле “Улуттук банк билдирет” теле жана радио программаларынын чыгарылыштары Улуттук банктын веб-сайтында “Басма сөз борбору” бөлүгүндө жайгаштырылган.

*Коомдук кабылдаманын иши*

Коомчулук менен байланышты түзүү жана кеңейтүү максатында Улуттук банкта Коомдук кабылдама иш алып барат, анын иш милдетине калайык-калкка Улуттук банктын компетенциясына кирген маселелер боюнча консультацияларды берүү, банк жана финансы чөйрөсүндө актуалдуу көйгөйлөр боюнча Улуттук банктын жетекчилиги жана адистери менен коомчулук ортосунда жолугушууларды уюштуруу, ошондой эле жарандардын кат жүзүндөгү кайрылуулары жана өтүнүч каттары менен иш алып баруу кирет.

Жалпысынан 2014-жылы Улуттук банктын дарегине 1 065 кат жүзүндө кайрылуу (анын ичинде областтык башкармалыктарга – 402) келип түшкөн. Бардык келип түшкөн суроо-талаптарга өз убагында жооптор жазылып жөнөтүлгөн. Атап айтканда, кыргыз сомуна карата чет өлкө валюталарынын расмий алмашуу курсу

жана Улуттук банк тарабынан белгиленүүчү эсептик чен; республиканын банктык жана банктык эмес мекемелеринин иши; финансы-кредит мекемелери тарабынан кредиттөөгө жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоого тиешелүү маселелер боюнча маалыматтар берилген.

*Эксперттик форумдар*

Улуттук банк тарабынан мамлекеттик жана жеке сектордун, эл аралык уюмдардын жана жогорку окуу жайларынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен эксперттик форумдар чейректик негизде өткөрүлүп турган, мында акча-кредит саясатына тиешелүү маселелер талкууга алынган. 2014-жылдын кулжа айында акча-кредит саясатына тиешелүү маселелер боюнча эксперттик форумдар Улуттук банктын бардык областтык башкармалыктарында жана Баткен областындагы өкүлчүлүктө өткөрүлгөн. Эксперттик форумдардын отурумдарында талкууланган маселелердин натыйжалары Улуттук банктын пресс-релизинде, жалпыга маалымдоо каражаттарынын материалдарында жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын веб-сайтында дайыма чагылдырылып турат.

*Коммерциялык банктардын жетекчилери катышкан тегерек стол маеги*

Банк сектору чөйрөсүндөгү актуалдуу маселелер, аларды жүзөгө ашыруу милдеттери жана ыкмалары “Кыргызстан банктарынын союзу” юридикалык жактар бирикмеси менен биргеликте уюштурулган коммерциялык банктардын жетекчилеринин катышуусу менен тегерек стол маегинин жүрүшүндө талкууга алынган.

*Аймактарда маалымат берүү*

Улуттук банктын аймактык жалпыга маалымдоо каражаттары менен жигердүү кызматташуусу улантылган. Коомчулукка маалымат берүү боюнча ишке Улуттук банктын бардык аймактык башкармалыктары тартылып, жарыялануучу маалыматтардын көлөмү олуттуу көбөйгөн. 2014-жылы аймактардагы областтык башкармалыктар аркылуу 100дөн ашык маалыматтык материалдар жарыкка чыккан. Областтык теле жана радио компанияларында Улуттук банктын кызматкерлеринин банкноттордун коргоо белгилери, эскилиги жеткен банкнотторду жарактуу банкнотторго алмаштыруу тартиби, жаңы нумизматикалык монеталарды чыгаруу жана аларды сатып алуу тартиби маселелери боюнча коом алдында чыгып сүйлөө иш-чаралары уюштурулуп, видеороликтер чыгарылган.

Орто мектептердин окуучулары жана студенттери үчүн областтык башкармалыктарынын адистери улуттук валютага аяр мамиле жасоо, улуттук валютанын коргоо белгилери, инфляция жана акча-кредит саясаты тууралуу маалыматтарды беришкен, жогорку класстын окуучулары арасында “Эскилиги жеткен банкнотторду талапка жооп берген банкнотторго кайсы жерден жана кантип алмаштырууга болот” темасындагы эң мыкты дилбаянга сынак жарыяланган.

Аймактардагы коммерциялык банктардын филиалдарынын жетекчилери жана кассалык кызматкерлери үчүн кассалык тартипти сактоо, эскилиги жеткен акчаларды жүгүртүүдөн алып салуу, Улуттук банктын областтык башкармалыктарынын жүгүртүү кассасына аларды өткөрүп берүү маселелери боюнча тегерек стол өткөрүлгөн.

Областтык башкармалыктарынын кызматкерлери тарабынан карыз алуучулар менен микрофинансылык уюмдардын жетекчилери жана кредиттөөнүн көйгөйлүү маселелери боюнча жолугушууларды туруктуу негизде өткөргөн.

Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруунун алкагында, бир катар областтарда коммерциялык банктардын филиалдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен жолугушуулар уюштурулган жана бюджеттик мекемелери жана айыл өкмөттөрүнүн өкүлдөрү үчүн түшүндүрмө иштери жүргүзүлгөн.

*Нумизматикалык музей*

2014-жылы жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын нумизматикалык музейине экскурсиялар уюштурулган, алардын жүрүшүндө акчанын келип чыгуу тарыхы, даярдоо технологиясы жана азыркы банкноттордун жана монеталардын дизайнынын өзгөчөлүктөрү тууралуу маалымат берилген. Улуттук банктын музейинде ар кайсы

өлкөлөрдүн жана тарыхый монеталар, акча белгилери, Улуттук банктын улуу инсандардын элеси түшүрүлгөн, архитектуралык имараттар жана курулмалар, флора жана фауна чагылдырылган заманбап банкноттору жана коллекциялык монеталары түрүндө экспонаттар сунушталган.

*Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу*

2014-жылы Улуттук банк калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча иш-чаранын алкагында республиканын орто мектептеринин, кесиптик лицейлеринин окуучулары жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн бир катар көчмө лекцияларды окууну баштаган. Мында, борборубуздун чет жакаларында жана республиканын алыскы региондорунда жайгашкан билим берүү мекемелерине өзгөчө көңүл бурулган. Улуттук банктын негизги башкармалыктарынын адистери окуу сабактарын өткөргөн, актуалдуу финансы темасына интерактивдик презентациялар иштелип чыккан. Сабактын жүрүшүндө Улуттук банктын эксперттери өздүк финансы каражаттарды кантип тескөө жана үй-бүлөлүк бюджетти сарамжалдуу пайдалануу тууралуу; өздүк жыйымдарды сактоо жана көбөйтүү мүмкүнчүлүктөрү тууралуу; кредитти алуунун ар түрдүү жагдайлары жөнүндө; нак эмес эсептешүү системасынын пайдасы жана артыкчылыктары тууралуу; улуттук валютанын коргоо белгилери тууралуу маалыматтарды берген.

*Улуттук банктын веб-сайты*

Коомчулукка маалымат берүүдө жигердүү колдонулуп келген инструменттердин бири катары пайдалануучулардын бардык категорияларына маалыматтан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган, Улуттук банктын расмий веб-сайты саналат. Отчеттук жыл ичинде жаңы бөлүкчөлөрдү түзүү жана колдонулуп келген бөлүктөрүндө маалыматтар чөйрөсүн кеңейтүү жагында иш улантылган. Алсак, “Банк тууралуу” бөлүгүндө “Терроризмди каржылоого жана акчанын изин жашырууга каршы күрөшүү”, “Кыргызстанда финансылык сабаттуулук концепциясы” деп аталган жаңы бөлүкчөлөр түзүлгөн. “Төлөм системасы” бөлүгүнө “Төлөм системаларынын операторлору” бөлүкчөсү киргизилип, анда акча которуу системасынын операторлорун каттоого тиешелүү маалымат жана Кыргыз Республикасында каражаттарды которуу системасынын операторлорунун система аркылуу которууларды жүргүзүү тартибине тиешелүү суроолорго жооптор жайгаштырылган.

III

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2014-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

МАЗМУНУ

# 7-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2014-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

## МАЗМУНУ


| | Бети |
|---|---|
| Көз карандысыз аудитордун отчету | 107-108 |
| Финансылык абал жөнүндө отчет | 109 |
| Түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар жөнүндө отчет | 110 |
| Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет | 111 |
| Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет | 112-113 |
| Капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет | 114-115 |
| Финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр | 116-170 |

Grant Thornton

**ЖЧК Грант Торнтон**
Раззакова к. 15- үй.
720040 Бишкек, Кыргызстан
T + 996 312 98 60 40
F + 996 312 98 60 40
E info@kg.gt.com

**ОсОО Грант Торнтон**
ул. Раззакова, д. 15
720040 Бишкек, Кыргызстан
T + 996 312 98 60 40
F + 996 312 98 60 40
E info@kg.gt.com

**Grant Thornton LLC**
15 Razzakova str
720040 Bishkek, Kyrgyzstan
T + 996 312 98 60 40
F + 996 312 98 60 40
E info@kg.gt.com

www.grantthornton.kg

# Көз карандысыз аудиторлордун отчету



Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасына

Биз, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата финансылык абалы тууралуу отчеттон, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө, чогуу алгандагы киреше жөнүндө, капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө жана көрсөтүлгөн күнү бүткөн жыл ичиндеги акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттордон, ошондой эле финансылык отчетту түзүүнүн негизги принциптерин чечмелөөдөн жана башка түшүндүрмөлөрдөн турган финансылык отчетуна аудит жүргүздүк.

*Жетекчиликтин финансылык отчеттун даярдалышы үчүн жоопкерчилиги*

Жетекчилик, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзам талаптарын аткаруу максатында, өздөрү аныктаган, 2-түшүндүрмөдө баяндалган финансылык отчетту даярдоонун негизги принциптерине ылайык, ушул финансылык отчеттун даярдалышы жана анын ачык-айкын сунушталышы, ошондой эле алдамчылыкка баруунун кесепетинен же каталарга жол берүүдөн улам, олуттуу бурмалоолорду камтыбаган финансылык отчетту даярдоо үчүн жетекчиликтин пикири боюнча зарыл болгон ички контролдук системасынын уюштурулушу үчүн жоопкерчиликтүү.

*Аудиторлордун милдеттери*

Жүргүзүлгөн аудиттин негизинде ушул финансылык отчет боюнча корутунду даярдоо биздин милдет. Биз, аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык аудит жүргүздүк. Көрсөтүлгөн стандартсарга ылайык биз, этикалык нормаларды сактоого, ушул финансылык отчетто олуттуу бурмалоолор камтылбагандыгына жетиштүү тастыктоону ала алгандай негизде аудитти пландаштырып, жүргүзүүгө милдеттүүбүз.

Аудит, финансылык отчетто чагылдырылган суммаларды жана маалыматтарды тастыктаган аудитордук далилдерди алууга багытталган жол-жоболордун аткарылышын камтыйт. Талаптагыдай жол-жоболорду тандоо, финансылык кыянатчылыкка баруунун же каталарга жол берүүнүн кесепетинен болобу, финансылык отчетто олуттуу бурмалоолордун орун алышы тобокелдигине баа берүүнү кошо алганда, аудитордун кесипкөйлүк ой-пикирине негизденет. Мындай тобокелдиктерге баа берүүдө аудитор, уюмдун ички контролдук системасынын натыйжалуулугу тууралуу ой-пикирди

билдирүүнү эмес, мындай жагдайларда зарыл болгон аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында, финансылык отчетту даярдоого жана аны адилет сунуштоого байланыштуу ички контролдук каражаттарын кароону көздөйт.

Аудит ошондой эле, финансылык отчеттун жетекчилик тарабынан жалпы сунушталышына баа берүү сыяктуу эле, эсепке алуу саясатына таянуунун максатка ылайыктуулугуна жана эсептик баа берүүлөрдүн негиздүүлүгүнө баа берүүнү да камтыйт.

Биз, алынган аудитордук далилдер аудитордук корутундуну негиздеп берүү үчүн жетиштүү жана ишенимдүү деп эсептейбиз.

*Пикир*

Биздин пикирибиз боюнча кароого сунушталган финансылык отчетто Улуттук банктын 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата финансылык абалынын олуттуу багыттары, ошондой эле көрсөтүлгөн күнү бүткөн жыл ичиндеги анын финансылык натыйжалары жана акча каражаттарынын жылышы Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзам талабын аткаруу максатында, жетекчилик тарабынан аныкталган, 2-түшүндүрмөдө баяндалган финансылык отчетту даярдоонун негизги принциптерине ылайык так чагылдырылган.

2015-жылдын жалган куран айынын жыйырмасы

"Грант Торнтон" ЖЧКсы

## *7.2. 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата финансылык абал жөнүндө отчет*

| | Эскер-түүлөр | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР:** | | | |
| Баалуу металлдар | 5 | 8 991 957 | 6 885 077 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 6 | 73 674 946 | 74 380 651 |
| Берилген кредиттер | 7 | 3 762 618 | 854 131 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 8 | 32 439 375 | 28 864 607 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 9 | 1 453 614 | 755 502 |
| Репо-келишими боюнча күрөөгө коюлган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 9 | - | 756 049 |
| Негизги каражаттар | 10 | 1 146 559 | 1 065 042 |
| Материалдык эмес активдер | | 31 964 | 50 631 |
| Башка активдер | 11 | 1 156 994 | 1 038 057 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | | **122 658 027** | **114 649 747** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 12 | 57 074 591 | 66 954 154 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 13 | 8 900 285 | 6 707 152 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 14 | 19 618 361 | 8 425 690 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | | - | 585 744 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 15 | 1 325 725 | 6 634 637 |
| Алынган кредиттер | 16 | 3 357 486 | 4 029 843 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер | 17 | 7 232 900 | 6 426 299 |
| Башка милдеттенмелер | | 58 406 | 35 046 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | | **97 567 754** | **99 798 565** |
| **КАПИТАЛ** | 18 | | |
| Уставдык капитал | | 1 000 000 | 1 000 000 |
| Милдеттүү камдар | | 3 321 442 | 3 188 193 |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | | 15 368 404 | 10 207 689 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | | 4 687 | 11 135 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 5 395 740 | 444 165 |
| **Жыйынтыгында, капитал** | | **25 090 273** | **14 851 182** |
| **Бардыгы болуп, милдеттенмелер жана капитал** | | **122 658 027** | **114 649 747** |

Абдыгулов Т.С.
*Улуттук банктын Төрагасы*

2015-жылдын жалган куран айынын жыйырмасы

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Алыбаева С.К.
*Башкы бухгалтер*

2015-жылдын жалган куран айынын жыйырмасы

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Финансылык абал жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган түшүндүрмөлөр менен бирге каралууга тийиш.



МАЗМУНУ

## *7.3. 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар жөнүндө отчет*

| | Эскер-түүлөр | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 19 | 1 349 246 | 1 018 119 |
| Пайыздык чыгашалар | 19 | (146 453) | (172 350) |
| **Таза пайыздык киреше** | | **1 202 793** | **845 769** |
| Комиссиондук кирешелер | | 41 735 | 25 875 |
| Комиссиондук чыгашалар | | (4 741) | (9 211) |
| **Таза комиссиондук киреше** | | **36 994** | **16 664** |
| Активдердин баасынын түшүүсүнө камды калыбына келтирүү | 20 | 18 342 | 14 563 |
| Баалуу металлдар жана чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза пайда | 21 | 5 021 978 | 320 042 |
| Башка кирешелер | | 40 497 | 49 579 |
| **Таза пайыздык эмес киреше** | | **5 080 817** | **384 184** |
| **Операциялык кирешелер** | | **6 320 604** | **1 246 617** |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | | (224 060) | (239 986) |
| Административдик чыгашалар | 22 | (685 971) | (552 414) |
| Башка чыгашалар | | (14 833) | (10 052) |
| **Операциялык чыгашалар** | | **(924 864)** | **(802 452)** |
| **Жыл ичинде алынган пайда** | | **5 395 740** | **444 165** |

Абдыгулов Т.С.
*Улуттук банктын Төрагасы*

2015-жылдын жалган куран айынын жыйырмасы

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Алыбаева С.К.
*Башкы бухгалтер*

2015-жылдын жалган куран айынын жыйырмасы

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Финансылык абал жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган түшүндүрмөлөр менен бирге каралууга тийиш.

### *7.4. 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет*

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Жыл ичинде алынган пайда** | **5 395 740** | **444 165** |
| **Түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар жөнүндө отчеттун курамында кайра классификацияланышы мүмкүн болгон статьялар** | | |
| Чет өлкө валюталарын жана баалуу металлдарды кайра баалоо камы: | | |
| - чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди, баалуу металлдарды кайра баалоодон (чыгым)/пайда | 9 891 524 | (1 914 626) |
| - чет өлкө валютасы жана баалуу металлдар менен операциялардан алынган, пайданын же чыгымдын курамына которулган таза пайда | (4 730 809) | (258 107) |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардан таза чыгым | (6 448) | (5 343) |
| **Түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар жөнүндө отчеттун курамында кайра классификацияланышы мүмкүн болбогон статьялар** | **-** | **-** |
| **Жыйынтыгында, жыл ичинде башка чогуу алгандагы финансылык натыйжа** | **5 154 267** | **(2 178 076)** |
| **Жыл ичинде жыйынтыгында чогуу алгандагы киреше / (чыгым)** | **10 550 007** | **(1 733 911)** |

Абдыгулов Т.С.
*Улуттук банктын Төрагасы*

2015-жылдын жалган куран айынын жыйырмасы

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Алыбаева С.К.
*Башкы бухгалтер*

2015-жылдын жалган куран айынын жыйырмасы

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Финансылык абал жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган түшүндүрмөлөр менен бирге каралууга тийиш.

### *7.5. 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет*

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | |
| Пайыздар жана алынган комиссиондук төлөмдөр | 1 758 928 | 1 129 914 |
| Пайыздар жана төлөнгөн комиссиондук төлөмдөр | (159 277) | (130 404) |
| Чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча өздөштүрүлгөн (реализацияланган) пайда | 291 168 | 61 935 |
| Башка кирешелер | 26 848 | 27 892 |
| Эмгек акы боюнча чыгашалар | (402 054) | (351 538) |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | (294 314) | (239 986) |
| Административдик чыгашалар | (174 684) | (308 886) |
| **Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсүнө чейинки операциялык иштен акча каражаттарынын агылып кириши** | **1 046 615** | **188 927** |
| **Операциялык активдердин (көбөйүүсү)/ азаюусу** | | |
| Баалуу металлдар | (714 827) | (1 198 781) |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 11 142 888 | (9 335 426) |
| Берилген кредиттер | (2 874 687) | (32 846) |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | (1 195 328) | 2 599 838 |
| Башка активдер | (25 738) | (55 361) |
| **Операциялык милдеттенмелердин көбөйүүсү /(азаюусу)** | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | (9 879 562) | 8 701 986 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 2 019 365 | (694 365) |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 10 096 753 | 2 609 978 |
| Операциялык иштин жүрүшүндө чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | (5 301 764) | 3 583 083 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | (584 440) | (211 373) |
| Башка милдеттенмелер | (3 126) | 1 829 |
| **Операциялык иштен акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү** | **3 726 149** | **6 157 489** |

Финансылык абал жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган түшүндүрмөлөр менен бирге каралууга тийиш.

| | 2014-ж. мин сом | 2013-ж. мин сом |
|---|---|---|
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | |
| Негизги каражаттарга жана материалдык эмес активдерге ээ болуу | (126 026) | (166 447) |
| Төлөөгө чейин кармалып турган инвестициялардын ордун жабуудан түшүүлөр | 64 352 | 683 352 |
| Ассоциацияланган уюмдардын капиталына инвестициялардын көбөйүүсү | (51 000) | - |
| Төлөөгө чейин кармалып турган инвестициялардан алынган пайыздар | 82 753 | 101 400 |
| Алынган дивиденддер | 13 029 | 22 075 |
| **Инвестициялык ишкердиктен акча каражаттардын таза агылып кириши/(чыгышы)** | **(16 892)** | **640 380** |
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | |
| Алынган кредиттердин ордунун жабылышы | (1 127 118) | (872 468) |
| **Финансылык иштен акча каражаттарынын таза агылып чыгышы** | **(1 127 118)** | **(872 468)** |
| **Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин таза көбөйүүсү** | **2 582 139** | **5 925 401** |
| Чет өлкө валюталарынын курстарынын өзгөрүүсүнүн акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири | 4 823 270 | 759 732 |
| Жыл башына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 34 142 001 | 27 456 868 |
| **Жылдын акырына карата акча каражаттар жана алардын эквиваленттери** (6-түшүндүрмө) | **41 547 410** | **34 142 001** |

| | |
|---|---|
| Абдыгулов Т.С.<br>*Улуттук банктын Төрагасы* | Алыбаева С.К.<br>*Башкы бухгалтер* |
| 2015-жылдын жалган куран айынын жыйырмасы | 2015-жылдын жалган куран айынын жыйырмасы |
| Бишкек ш.<br>Кыргыз Республикасы | Бишкек ш.<br>Кыргыз Республикасы |

Финансылык абал жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган түшүндүрмөлөр менен бирге каралууга тийиш.

## 7.6. 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет

| *миң сом* | Уставдык капитал | Милдеттүү кам | Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2013-жылдын үчтүн айынын бирине карата калдык | 1 000 000 | 2 953 496 | 12 380 422 | 16 478 | 782 323 | 17 132 719 |
| **Жыйынтыгында, чогуу алгандагы киреше** | | | | | | |
| Жыл ичинде алынган пайда | - | - | - | - | 444 165 | 444 165 |
| **Башка чогуу алгандагы киреше** | | | | | | |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардан таза чыгым | - | - | - | (5 343) | - | (5 343) |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди, баалуу металлдарды кайра баалоодон чыгым | - | - | (1 914 626) | - | - | (1 914 626) |
| Чет өлкө валютасы жана баалуу металлдар менен операциялар боюнча, пайданын же чыгымдын курамына которулган таза пайда | - | - | (258 107) | - | - | (258 107) |
| Жыйынтыгында, чогуу алгандагы башка киреше | - | - | (2 172 733) | (5 343) | - | (2 178 076) |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги чогуу алгандагы киреше** | **-** | **-** | **(2 172 733)** | **(5 343)** | **444 165** | **(1 733 911)** |
| **Түздөн-түз капиталдын курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын мамлекеттик бюджетке бөлүштүрүү | - | - | - | - | (547 626) | (547 626) |
| Милдеттүү камга которуу | - | 234 697 | - | - | (234 697) | - |
| **Жыйынтыгында** | **-** | **234 697** | **-** | **-** | **(782 323)** | **(547 626)** |
| **2013-жылдын бештин айынын отуз бирине карата калдык** | **1 000 000** | **3 188 193** | **10 207 689** | **11 135** | **444 165** | **14 851 182** |

Финансылык абал жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган түшүндүрмөлөр менен бирге каралууга тийиш.

| *миң сом* | Уставдык капитал | Милдеттүү кам | Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2014-жылдын үчтүн айынын бирине карата калдык | 1 000 000 | 3 188 193 | 10 207 689 | 11 135 | 444 165 | 14 851 182 |
| **Жыйынтыгында, чогуу алгандагы киреше** | | | | | | |
| Жыл ичинде алынган пайда | - | - | - | - | 5 395 740 | 5 395 740 |
| **Башка чогуу алгандагы киреше** | | | | | | |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардан таза пайда | - | - | - | (6 448) | - | (6 448) |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди, баалуу металлдарды кайра баалоодон пайда | - | - | 9 891 524 | - | - | 9 891 524 |
| Чет өлкө валютасы жана баалуу металлдар менен операциялар боюнча, пайданын же чыгымдын курамына которулган таза пайда | - | - | ( 4 730 809) | - | - | (4 730 809) |
| Жыйынтыгында, чогуу алгандагы башка киреше | - | - | 5 160 715 | (6 448) | - | 5 154 267 |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги чогуу алгандагы киреше** | **-** | **-** | **5 160 715** | **(6 448)** | **5 395 740** | **10 550 007** |
| **Түздөн-түз капиталдын курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын мамлекеттик бюджетке бөлүштүрүү | - | - | - | - | (310 916) | (310 916) |
| Милдеттүү камга которуу | - | 133 249 | - | - | (133 249) | - |
| **Жыйынтыгында** | **-** | **133 249** | **-** | **-** | **(444 165)** | **( 310 916)** |
| **2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата калдык** | **1 000 000** | **3 321 442** | **15 368 404** | **4 687** | **5 395 740** | **25 090 273** |

Абдыгулов Т.С.
*Улуттук банктын Төрагасы*

2015-жылдын жалган куран айынын жыйырмасы

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Алыбаева С.К.
*Башкы бухгалтер*

2015-жылдын жалган куран айынын жыйырмасы

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Финансылык абал жөнүндө отчет, ушул финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган түшүндүрмөлөр менен бирге каралууга тийиш.

МАЗМУНУ

*7.7. 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата Финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

# 1 НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР

## (а) Уюм жана анын негизги иши

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик банкынын укугу өткөн мекеме болуп саналат, 1992-жылдын бештин айынын он экисинде "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы деп аталып калган. 1997-жылдын теке айынын экисинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (Парламент) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" жаңы мыйзамды кабыл алып, ал бүгүнкү күндө да сунушталган толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен Улуттук банктын ишин жөнгө салып келет.

Кыргыз Республикасында баанын жалпы деңгээлинин туруктуулугун камсыз кылуу Улуттук банктын негизги иш максатынан болуп саналат. Мына ушул негизги максатты жүзөгө ашыруу үчүн: мамлекеттин акча-кредит саясатын аныктоо жана жүргүзүү; төлөм системасын жана банктар аралык төлөмдөрдү натыйжалуу өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү; банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу; эл аралык валюта камдарын тескөөгө алуу; коммерциялык банктардын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө; мыйзамдарга ылайык банк ишин жана айрым башка финансы-кредит мекемелеринин ишин лицензиялоо милдеттери Улуттук банкка жүктөлгөн. Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн агенти катары да иш алып барат.

Улуттук банктын юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, 720040 Бишкек ш., Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101.

2014 жана 2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын региондорунда Улуттук банктын беш областтык башкармалыгы жана бир өкүлчүлүгү иштеп турган.

2014 жана 2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банктын кызматкерлеринин жалпы саны, тиешелүүлүгүнө жараша 645 жана 595 адамды түзгөн.

2014 жана 2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банк "Республикалык инкассация башкармалыгы" мамлекеттик ишканасынын ишин контролдукка алып келет. Мындан тышкары, Улуттук банк "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАК ассоциацияланган компанияга ээ. "Республикалык инкассация башкармалыгы" мамлекеттик ишканасынын жана "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАКтын финансылык отчеттору Улуттук банктын финансылык отчетуна консолидацияланбайт жана ал Улуттук банктын отчетуна анчалык деле таасир этпейт.

Бул финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2015-жылдын жалган куран айынын жыйырмасында бекитилген.

# 1 НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР, УЛАНДЫСЫ

**(б) Кыргыз Республикасында финансылык-чарбалык ишти жүзөгө ашыруу шарттары**

Кыргыз Республикасында акыркы жылдары саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр жүргөн. Экономикасы өткөөл учурду башынан кечирип жаткан Кыргыз Республикасы учурда, экономикасы кыйла өнүккөн өлкөлөрдө иштеп жаткан, жакшы өнүгүү жолуна багытталган коммерциялык жана жөнгө салуучу инфраструктураларга ээ эмес. Ушундан улам, республикада ишке ашырылып жаткан финансылык-чарбалык иштер, рынок экономикасы шартында өнүгүп жаткан өлкөлөр үчүн мүнөздүү болбогон тобокелдиктер менен коштолууда. Мындан тышкары, республиканын экономикасы башка өлкөлөрдөгү капитал рынокторунда орун алып турган туруксуз жагдайлардын жана экономикалык өсүштүн басаңдоосунун таасирине да дуушарланууда. Орун алып турган белгисиздик жагдайларынын келечекте аныкталышынын натыйжасында келип чыгышы мүмкүн болгон кандайдыр бир корректировкалоолор, бул финансылык отчетто камтылбайт. Корректировкалоолор келип чыккан шартта алар Улуттук банктын ошол мезгил үчүн финансылык отчетунда чагылдырылат жана маалым болгон шартта гана аларга баа берүүгө мүмкүн болот.

# 2 ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУ ДАЯРДООНУН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ

**(а) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭСке) ылайык келүү жөнүндө билдирүү**

Улуттук банк төмөндө баяндалган мыйзамдарда белгиленген модификацияларды эске албаганда, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзам талабына ылайык өзү үчүн Финансылык отчеттулуктун эл аралык стандарттары боюнча комитет (КМСФО) тарабынан чыгарылган финансылык отчеттулуктун эл аралык стандарттарына жана Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын чечмелөө боюнча комитет (КИМСФО) тарабынан чыгарылган чечмелөөлөргө негизденген эсепке алуу саясатын, ошондой эле бухгалтердик эсепке алуу ыкмаларын белгилейт.

Баалуу металлдар (алтын жана күмүш) рыноктук наркында эсепке алынат. Ал эми баалуу металлдарды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди кайра баалоодон жалпы таза өздөштүрүлбөгөн (реализацияланбаган) пайда түздөн-түз өздүк капитал курамында таанылат. Алтынды жана күмүштү, чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди учурдагы рыноктук баада кайра баалоодон өздөштүрүлбөгөн жалпы таза чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, өткөн мезгилдердин таза өздөштүрүлбөгөн пайдасынан ашкан бөлүгүндө таанылат. Мындай болбосо ал түздөн-түз капиталдагы чогуу алгандагы башка кирешени азайтат. Баалуу металлдарды жана чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди таанууну токтотуу учурунда мурда капиталдын курамында таанылган топтолгон пайда же чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, аталган активдердин жана милдеттенмелердин колдонуудан калуусунун орточо алынган коэффициентин эске алуу менен таанылат.

Бул финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2003-жылдын бештин айынын онунда бекитилген, бир катар түзөтүүлөр, анын ичинде акыркы түзөтүү 2014-жылдын тогуздун айынын отузунда киргизилген, борбордук банктын иш мүнөзүнө ылайыктуу катары каралган эсепке алуу саясатына ылайык, борбордук банктын финансылык абалын, анын иш натыйжаларын так чагылдыруу максатында даярдалган.

**(б) Наркты аныктоо үчүн база**

Финансылык отчет, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган 1) баалуу металлдарды, 2) финансылык

## 2 ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУ ДАЯРДООНУН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ, УЛАНДЫСЫ

### (б) Наркты аныктоо үчүн база, уландысы

инструменттерди жана 3) адилет наркы боюнча чагылдырылган сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды эске албаганда, айкын сарптоолор боюнча эсепке алуу принциптерине ылайык даярдалган.

### (в) Функционалдык валюта жана финансылык отчеттун маалыматтарын чагылдырган валюта

Улуттук банктын функционалдык валютасы болуп кыргыз сому саналат. Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы катары сом, банк жүргүзгөн көпчүлүк операциялардын жана банктын ишине таасир эткен башка жагдайлардын экономикалык маңызын толук чагылдыра алат. Кыргыз сому ошондой эле, ушул финансылык отчеттун маалыматтарын чагылдырган валюта да болуп эсептелет.

Финансылык маалыматтар сом түрүндө берилген жана миңге чейин тегеректелген.

### (г) Кесипкөйлүк ой-пикирлерге, эсептик баа берүүлөргө жана жол берүүлөргө таянуу

Жетекчилик, активдердин жана милдеттенмелердин чагылдырылышына жана ушул отчетту даярдоодо шарттуу активдердин жана милдеттенмелердин чечмеленишине карата бир катар баа берүүлөрдү жана болжолдоолорду пайдаланат. Айкын натыйжалар көрсөтүлгөн баа берүүлөрдөн айырмаланышы мүмкүн. Жетекчиликтин пикири боюнча, ушул финансылык отчетту даярдоодо кесипкөйлүк ой-пикирлерди же эсептик баа берүүлөрдү талап кылган олуттуу чөйрө жок.

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ

Эсепке алуу саясатынын мындан ары баяндалган жоболору, ушул финансылык отчетто чагылдырылган бардык отчеттук мезгилдерде ырааттуу колдонулат.

### (а) Баалуу металлдар

Чет өлкө банктарынын эсептеринде баалуу металлдар алтын жана күмүш түрүндө жана Улуттук банктын сактоо жайындагы good delivery статусуна ээ алтын куймалар түрүндө чагылдырылган. Баалуу металлдар финансылык отчетто рыноктук наркы боюнча эсепке алынат. Рыноктук нарк Баалуу металлдар рыногунун Лондон ассоциациясы тарабынан отчеттук күнгө чейинки күнү белгиленген фиксингдин негизинде аныкталат. Алтынды рыноктук наркы боюнча кайра баалоодон түшкөн пайда, капиталдагы чогуу алгандагы башка кирешенин курамында түздөн-түз чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгым, түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунда, капитал эсептериндеги чогуу алгандагы башка кирешелер курамында таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп келген кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Алтынга карата өздөштүрүлгөн пайда же чыгым, түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунда эсепке алынат.

### (б) Чет өлкө валютасындагы операциялар

Чет өлкө валютасындагы операциялар Улуттук банктын тиешелүү функционалдык валютасына операциялар ишке ашырылган күнү колдонулган валюта курсу боюнча которулат. Отчеттук күнгө карата чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер, отчеттук күнү күчүндө турган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер менен операциялардан түшкөн пайда же чыгым, бир мезгилдин башталышына карата абал боюнча функционалдык валютадагы, эффективдүү пайыздык чен боюнча чегерилген пайыздардын өлчөмүнө корректировкаланган амортизациялык нарк менен бир мезгил ичиндеги төлөөлөрдүн жана отчеттук мезгилдин акы-

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Чет өлкө валютасындагы операциялар, уландысы

рына карата валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулган, чет өлкө валютасындагы амортизациялык нарк ортосундагы айырманы түшүндүрөт. Чет өлкө валютасында туюндурулган, адилет наркы боюнча бааланган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, адилет наркты аныктоо күнүнө карата күчүндө турган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасына которуунун натыйжасында келип чыккан курстук айырма, капиталдын курамындагы чогуу алгандагы башка киреше катары чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгымдар түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, чогуу алгандагы башка кирешелер курамында таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп келген кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Чет өлкө валютасында туюндурулган жана айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, операция ишке ашырылган күнгө карата күчүндө турган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасындагы операциялардан өздөштүрүлгөн пайда же чыгым түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылат.

*Алмашуу курстары*

2014- жана 2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча финансылык отчетторду даярдоодо Улуттук банк тарабынан колдонулган алмашуу курстары төмөндө келтирилген:

| | | 2014-жылдын бештин айынын отуз бири | 2013-жылдын бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|---|
| - | Сом/АКШ доллары | 58,8865 | 49,2470 |
| - | Сом/евро | 71,6943 | 67,7048 |
| - | Сом/Атайы карыз алышуу укугу | 85,3499 | 75,8250 |
| - | Сом/канада доллары | 50,7256 | 46,4262 |
| - | Сом/австралия доллары | 47,8563 | 44,0387 |
| - | Сом/швейцария франкы | 59,7393 | 55,5010 |
| - | Сом/фунт стерлинги | 91,6190 | 81,3383 |
| - | Сом/ алтындын трой унциясы | 71 017,12 | 59 318,01 |

## (в) Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери

Кассадагы улуттук валютадагы акча каражаттары жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын суммаларынын азаюусу катары эсепке алынат.

Акча агымын аныктоо максатында, акча каражаттары жана алардын эквиваленттери кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын, банктардагы бош калдыктарды (“ностро” түрүндөгү эсептерди) камтыйт.

## (г) Финансылык инструменттер

*Адилет наркы боюнча бааланган, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичинде түшкөн пайдалар же чыгымдардын курамында чагылдырылган финансылык инструменттер* финансылык активдерди же милдеттенмелерди түшүндүрүп, алар төмөнкү жагдайлардан улам келип чыгат:

- сатылып алынат же эң башкысы, жакынкы келечекте сатуу же сатып алуу максатында келип чыгат;

- биргелешип тескөөгө алынган жана ал боюнча кыска аралыкта пайда алынышы мүмкүндүгү далилденген идентификацияланган финансылык инструменттер портфелинин бөлүгү болуп саналат;

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Финансылык инструменттер, уландысы

- туунду инструмент болуп саналат (хеджирлөө инструменти катары түзүлгөн жана иш жүзүндө колдонулган туунду финансылык инструменттерди эске албаганда); же

- өзгөрүүсү баштапкы таануу учурунда бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча баалангандар категориясында аныкталгандар болуп саналса.

Улуттук банк финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди, эгерде төмөнкү шарттардын бири аткарылган болсо, алар боюнча өзгөрүүлөр бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча баалангандар категориясында классификациялашы мүмкүн:

- активдерди же милдеттенмелерди тескөө, аларга баа берүү жана ички отчеттордо чагылдыруу адилет нарктын негизинде жүзөгө ашырылат;

- мындай ыкма бухгалтердик эсепке алууга ылайык келбөө учурларын толугу менен же кыйла четтетет, алар башкача да болушу мүмкүн; же

- актив же милдеттенме тизмектелген туунду финансылык инструменттерди камтыйт, алар акча каражаттарынын агымын олуттуу өзгөртөт, эгерде алар орун албаса, келишим боюнча келип чыгышы ыктымал.

Соода үчүн каралган, алгылыктуу адилет наркка ээ бардык туунду финансылык инструменттер финансылык отчетто актив катары чагылдырылат. Соода үчүн каралган, терс адилет наркка ээ бардык туунду финансылык инструменттер финансылык отчетто милдеттенмелер катары чагылдырылат. Жетекчилик баштапкы таануу учурунда финансылык инструмент чегерилүүгө тийиш болгон категорияны аныктайт. Туунду финансылык инструменттер жана баштапкы таануу учурунда алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайдалар же чыгымдар курамында чагылдырылып, адилет наркы боюнча бааланган категорияга чегерилген финансылык инструменттер, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер категориясынан реклассификацияланбайт. Эгерде финансылык активдер кредиттер жана дебитордук карыздар аныктамасына жооп берсе, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайдалар же чыгымдардын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер категориясынан же Улуттук банк жакынкы келечекте же алардын төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейин ошол активдерди кармап турууга ниеттенип жана ага мүмкүнчүлүгү болсо, сатуу үчүн колдо болгон активдер категориясынан реклассификацияланышы мүмкүн. Башка финансылык инструменттер, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер категориясынан айрым учурларда гана реклассификацияланышы мүмкүн. Адаттагыдан башка, бир жолу болуп өтүүчү, жакынкы келечекте кайталанышы арсар болгон жагдайларды, сейрек кездешүүчү учур катары кароо зарыл.

Улуттук банк төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырууну көздөп жаткандарды эске албаганда, *кредиттер жана дебитордук карыздар*, активдүү иштеп жаткан рынокто котировкаланбаган, катталган же аныкталган төлөмдөрү менен туунду эмес финансылык активдерди түшүндүрөт:

- дароо же жакынкы келечекте сатууга ниеттенип жаткандарды;

- баштапкы таануу учурунда алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча баалангандар категориясында аныктагандарды;

- баштапкы таануу учурунда сатуу үчүн колдо болгон категорияда аныктагандарды; же

- Улуттук банк алар боюнча кредиттин баасынын түшүүсүнөн башка себептерден улам, алгач

МАЗМУНУ

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

### (г) Финансылык инструменттер, уландысы

ишке ашырылган бардык инвестициялардын ордун жаба албашы мүмкүн.

*Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар*, Улуттук банк төмөндө келтирилген учурларды эске албаганда, аларды төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейин кармап турууга ниеттенген жана ага мүмкүнчүлүгү болгон, катталган же аныкталган төлөмдөрү, ошондой эле катталган төлөө мөөнөтү менен туунду эмес финансылык активдерди түшүндүрөт:

- баштапкы таануу учурунда Улуттук банк, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгым курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча баалангандар категориясында аныктагандарды;

- Улуттук банк сатуу үчүн колдо болгондор категориясында аныктагандарды; же

- кредиттер жана дебитордук карыздар аныктамасына ылайык келгендерди.

*Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар*, сатуу үчүн колдо болгон категориясында аныкталган же кредиттер жана дебитордук карыздар, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар же алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгым курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер аныктамасына кирбеген, туунду эмес финансылык активдерди түшүндүрөт.

### *(i) Финансылык инструменттердин финансылык отчетто таанылышы*

Финансылык активдер жана милдеттенмелер, Улуттук банк көрсөтүлгөн финансылык инструменттер предметинен болуп саналган келишимдик мамилелерге катышкан учурда, финансылык абал жөнүндөгү отчетто чагылдырылат. Финансылык активдерге стандарттык ээ болуунун бардык учурлары бүтүмдөргө келишкен күнү чагылдырылат.

### *(ii) Финансылык инструменттердин наркын баалоо*

Финансылык актив же милдеттенме алгач адилет наркы боюнча бааланат плюс эгерде алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичинде алынган пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча эмес бааланган финансылык активдер же милдеттенмелер, финансылык активдерди же милдеттенмелерди сатып алууга же чыгарууга чегерилген бүтүмдөр боюнча түздөн-түз сарптоолор.

Активдер болуп саналган туунду финансылык инструменттерди кошо алганда, финансылык активдерди баштапкы таануудан кийин алар төмөнкүлөрдү эске албаганда, сатуунун же башка негизде колдонуудан калуунун натыйжасында бүтүмдөр боюнча келип чыгышы мүмкүн болгон кандайдыр бир сарптоолорду эсептен алып салуусуз адилет наркы боюнча бааланат:

- эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланган наркы боюнча бааланган кредиттер жана дебитордук карыздар;

- эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланган нарк боюнча бааланган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар;

- активдүү иш алып барган рынокто рыноктук котировкаларга ээ болбогон, адилет наркын жетиштүү деңгээлде ишеним менен аныктоо мүмкүн болбогон үлүштүк инструменттерге инвестициялар.

Адилет наркы боюнча бааланган, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгым курамында чагылдырылган финансылык милдеттенмелерди жана адилет наркы боюнча чагылдырылган, таанууну токтотуу критерийлерине жооп бербеген финансылык активди которуу учурунда келип чыккан финансылык милдеттенмелерди эске албаганда, бардык финансылык милдеттенмелер амортизацияланган наркы боюнча бааланат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(ii) Финансылык инструменттердин наркын баалоо, уландысы*

Финансылык активдин же милдеттенменин амортизацияланган наркы, ал боюнча финансылык актив же милдеттенме баштапкы таануу учурунда бааланган, баштапкы таанылган нарк менен эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу аркылуу аныкталган, төлөө учурундагы нарк ортосундагы айырманын топтолгон амортизациясынын өлчөмүнө корректировкаланган карыздын негизги суммасын төлөөнү, ошондой эле баанын түшүүсүнөн чыгымдарды эсептен алып салуу менен баштапкы таануу учурунда бааланган наркты түшүндүрөт. Сый акы жана дисконттор өлчөмү, ошондой эле бүтүмдөр боюнча сарптоолордун суммасы тиешелүү инструменттин балансттык наркына кошулуп, ошол инструменттин эффективдүү пайыздык ченине жараша амортизацияланат.

### *(iii) Адилет нарк боюнча баалоо принциби*

Адилет нарк, активдерди сатуу учурунда алынышы же рынок катышуучулары ортосунда өз эрки боюнча операцияларды жүргүзүү учурунда баалоо күнүнө карата милдеттенмелерди өткөрүлүп берилиши шартында төлөнүшү мүмкүн болгон бааны түшүндүрөт.

Улуттук банк инструменттин адилет наркын негизги рыноктогу ошол инструменттин котировкаларын пайдалануу менен баалоого аракеттенет, ал эми негизги рынок жок болсо, ошол актив же милдеттенме үчүн эң эле алгылыктуу болгондорду пайдаланат.

Эгерде бааны түздөн-түз байкоого алуу аркылуу аныктоо мүмкүн эмес болсо, Улуттук банк адилет наркты баа берүүнүн башка ыкмасын колдонуу менен аныктайт. Баа берүү ыкмаларында бирин-бири жакшы билген, мындай бүтүмгө келишүүгө чындап ниеттенген, бири-биринен көз карандысыз тараптар тарабынан (эгерде болгон болсо) жакында эле ишке ашырылган бүтүмдөргө карата маалыматтарды, маңызы боюнча ушундай эле инструменттердин адилет наркына шилтемелерди, акча каражаттарынын дисконттолгон агымына жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдү, ошондой эле опциондордун наркына баа берүү үлгүлөрүн камтыйт. Баа берүүнүн тандалып алынган ыкмаларында рыноктук маалыматтарды мүмкүн болушунча колдонуп, Улуттук банк үчүн мүнөздүү болгон баа берүүлөргө азыраак таянуу менен рынок катышуучулары баа түзүүдө эске алууга тийиш болгон бардык факторлорду камтыйт. Ошондой эле ал, экономикада финансылык инструменттердин баасын түзүүгө карата колдонулган ыкмаларга ылайык келүүгө тийиш. Баа берүү ыкмаларында колдонулган маалыматтар рынокто болжолдонгон жагдайларды жана тобокелдик факторлоруна баа берүүлөрдү, ошондой эле финансылык инструментке мүнөздүү болгон кирешелүүлүктөрдү шайкеш чагылдырат.

Финансылык инструментти баштапкы таануу учурунда адилет нарктын эң мыкты тастыктоосунан болуп бүтүмдүн баасы саналат, башкача айтканда аларга тиешелүү маалыматтар жеткиликтүү болгон же алардын адилет наркы өзгөрүлмөлүүлөрү рыноктук маалыматтарды гана камтыган, баа берүү ыкмасына негизденген инструменттер менен рынокто келишилген башка бүтүмдөргө (эч кандай модификациялоосуз же комбинацияларсыз) салыштыруу аркылуу инструменттин адилет наркы тастыкталган учурларды эске албаганда, төлөнгөн же алынган ордун толтуруп берүүлөрдүн адилет наркы.

Эгерде бүтүмдөрдүн баасы баштапкы таануу учурундагы адилет нарктын эң мыкты далилинен боло алса, финансылык инструмент алгач бүтүм баасынын негизинде бааланат жана баалоо үлгүлөрүн колдонуунун натыйжасында алгач алынган нарк менен ошол баа ортосунда келип чыккан кандай болбосун айырма, кийинчерээк инструмент колдонулган мезгил ичиндеги түшкөн пайда же чыгымдын курамында тиешелүү түрдө чагылдырылат, бирок баа берүүлөр жеткиликтүү рыноктук маалыматтар менен толук тастыкталган же бүтүм токтотулган учурдан кеч эмес чагылдырылышы зарыл.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(iii) Адилет нарк боюнча баалоо принциби, уландысы*

Эгерде, Улуттук банк бирин-бири компенсациялоочу позицияга ээ болсо, мындай позицияларга баа берүү үчүн рыноктук орточо баа колдонулат. Мында, талап же сунуш баасына чейин корректировкалоо түптөлгөн айкын жагдайга ылайык таза ачык позицияга карата гана ишке ашырылат. Адилет нарк инструментке карата кредиттик тобокелдикти чагылдырып, Улуттук банктын курамына кирген уюмдардын жана зарылчылык келип чыкса, контрагенттин кредиттик тобокелдигин эске алуу үчүн корректировкалоолорду камтыйт. Үлгүлөрдү пайдалануу менен алынган адилет наркка баа берүүлөр, эгерде Улуттук банк рынок катышуучусу үчүнчү жак болуп саналат деп болжолдоп, аларды бүтүмгө келишүү учурунда баа түзүү үчүн эске алышы мүмкүн болсо, ликвиддүүлүк тобокелдиги же үлгүлөрдүн аныкталбагандыгы факторлору сыяктуу кандай болбосун башка факторлорго карата корректировкаланат.

### *(iv) Кийинки баа берүү учурунда келип чыккан пайдалар же чыгымдар*

Финансылык активдердин же милдеттенмелердин адилет наркынын өзгөрүүсү учурунда келип чыккан пайда же чыгым төмөнкүчө чагылдырылат:

- адилет нарк боюнча баалангандар категориясында классификацияланган, алар боюнча өзгөрүүлөр бир мезгил ичинде алынган пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган финансылык инструмент боюнча пайда же чыгым, пайдалар же чыгымдар курамында чагылдырылат;

- сатуу үчүн колдо болгон финансылык актив боюнча пайда же чыгым, буга чейин капиталдын курамында чагылдырылып келинген топтолгон пайдалар же чыгымдар, пайда же чыгым курамына которулган учурда, активди таануу токтотулган учурга чейин капиталдын курамындагы чогуу алынган башка киреше катары чагылдырылат (баанын түшүүсүнөн улам келип чыккан чыгымдарды жана сатуу үчүн колдо болгон карыздык финансылык инструменттер боюнча чет өлкө валютасындагы калдыктарды которуудан түшкөн пайдаларды же чыгымдарды эске албаганда). Сатуу үчүн колдо болгон финансылык актив боюнча пайыздык кирешелер эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен пайдалар же чыгымдар курамында келип чыккан учурунда чагылдырылат.

Амортизацияланган наркы боюнча чагылдырылган финансылык активдерден жана милдеттенмелерден улам келип чыккан пайда же чыгым, финансылык активди же милдеттенмени таануу токтотулган же алардын нарксызданышы учурунда, ошондой эле тиешелүү амортизацияны чегерүү процессинде пайдалар же чыгымдар курамында чагылдырылат.

### *(v) Таанууну токтотуу*

Улуттук банк финансылык активди таанууну, ошол финансылык актив боюнча акча каражаттарынын агымына келишимде каралган укугун жоготкон шартта же анда башка тарапка ошол финансылык активге менчик укугуна байланыштуу дээрлик бардык тобокелдиктер жана пайдалар өткөрүлүп берилген же Улуттук банк анда ошол финансылык активге менчикке укукка байланыштуу бардык тобокелдиктердин жана пайдалардын олуттуу бөлүгүн өткөрүп бербеген, сактап калбаган, ошондой эле ошол финансылык активге контролдукту да сактап кала албаган бүтүмдөрдү жүзөгө ашыруунун натыйжасында ал финансылык активди өткөрүп берген учурда гана таанууну токтотот. Аларга карата таанууну токтотуу үчүн бардык талаптар сакталган, Улуттук банк тарабынан түзүлгөн же анда сакталып калган өткөрүлүп берилген финансылык активдерге катышуунун кандай болбосун үлүшү, финансылык абал жөнүндө отчетто өзүнчө актив же милдеттенме катары таанылат. Улуттук банк ал боюнча келишимдик милдеттенмелер аткарылып, жокко чыгарылып же токтотулган шартта, финансылык милдеттенмени таанууну токтотот.

МАЗМУНУ

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(v) Таанууну токтотуу, уландысы*

Эгерде Улуттук банк анын шарттарына ылайык финансылык абал жөнүндө отчетто таанылган активдерди өткөрүп берген бүтүмдөргө келишсе, бирок мында өткөрүлүп берилген активдерге менчикке укуктан улам келип чыккан тобокелдиктердин жана пайданын бардыгын же алардын бөлүгүн өзүндө сактап калган болсо, Улуттук банк өткөрүлүп берилген активдерди таанууну токтотпойт.

Улуттук банк анын шарттарына ылайык, финансылык активге менчикке укуктан келип чыккан дээрлик бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өзүндө сактап кала албаган, өткөрүп бере да албаган бүтүмдөргө келишүүдө Улуттук банк ошол активге контролдукту жоготкон болсо, мындай активди таануу токтотулат.

Эгерде, активди өткөрүп берүүдө Улуттук банк ага контролдукту өзүндө сактап калса, ал ошол активге канчалык деңгээлде катышкан болсо, ошол деңгээлде активди таанууну улантат. Мында ал, Улуттук банктын анын наркынын өзгөрүүсүнө дуушарлануусу деңгээли катары аныкталат.

Эгерде Улуттук банк, өзүнүн карыздык милдеттенмелерин сатып алса, анда алар финансылык абал жөнүндө отчеттон алынып салынат, мында милдеттенменин балансттык наркы менен төлөнгөн ордун толтуруп берүүнүн ортосундагы айырма мөөнөтүнөн мурда төлөнгөн милдеттенмеден алынган пайданын же чыгымдын курамына кошулат.

Улуттук банк өндүрүп алуу мүмкүн эмес деп таанылган активдерди эсептен алып салат.

### *(vi) Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтара сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер жана баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер*

Кайтара сатып алуу милдеттенмелери менен сатуу келишимдеринин алкагында сатылган баалуу кагаздар (“репо” бүтүмдөрү), баалуу кагаздардын күрөөсү менен камсыз кылынган каржылоону тартуу боюнча операция катары чагылдырылат. Мында баалуу кагаздарды финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдыруу улантылып, ал эми “репо” бүтүмдөрү боюнча кредитордук карыздардын курамына кирген, контрагенттер алдындагы милдеттенмелер банктардын эсептеринин жана депозиттеринин курамында же жагдайга жараша кардарлардын күндөлүк эсептеринин жана депозиттеринин курамында чагылдырылат. Сатуу баасы менен кайтара сатып алуу баасынын ортосундагы айырма пайыздык чыгашаларды түшүндүрүп, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен “репо” бүтүмдөрү аракеттенген мезгил ичинде алынган пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

Кайтара сатуу милдеттенмеси менен сатып алуу келишиминин алкагында сатылып алынган (“кайтарым репо” бүтүмдөрү), “кайтарым репо” бүтүмдөрү боюнча дебитордук карыздардын курамына кирген баалуу кагаздар банктарга берилген кредиттер жана аванстар же жагдайга жараша кардарларга берилген кредиттер курамында чагылдырылат. Сатып алуу баасы менен кайтара сатуу баасынын ортосундагы айырма пайыздык кирешени түшүндүрүп, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен “репо бүтүмдөрү” аракеттенген мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

Кайтара сатуу милдеттенмеси менен сатып алуу келишиминин алкагында алынган активдер үчүнчү тарапка сатылган болсо, баалуу кагаздарды кайтарып берүү милдеттенмеси соода үчүн каралган милдеттенме катары чагылдырылып, адилет наркы боюнча бааланат.

### *(vii) Туунду финансылык инструменттер*

Туунду финансылык инструменттер өзүндө “своп бүтүмдөрүн”, мөөнөттүү жана фьючерстик

МАЗМУНУ

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(vii) Туунду финансылык инструменттер, уландысы*

бүтүмдөрдү, пайыздык чендерге опциондорду, чет өлкө валюталарын, баалуу металлдарды жана баалуу кагаздарды, ошондой эле аталган инструменттердин кандай болбосун комбинацияларын камтыйт.

Туунду финансылык инструменттер алгач, бүтүмгө келишкен күнү адилет наркы боюнча чагылдырылып, кийинчерээк адилет наркы боюнча кайрадан бааланат. Бардык туунду финансылык инструменттер, эгерде алардын адилет наркы алгылыктуу болсо актив катары, ал эми адилет наркы терс чыкса милдеттенме катары чагылдырылат.

Туунду финансылык инструменттердин адилет наркынын өзгөрүүсү түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунда түздөн-түз таанылат.

## (д) Негизги каражаттар

### *(i) Өздүк активдер*

Негизги каражаттар объекттери финансылык отчетто, топтолгон амортизацияны жана баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымды эсептен алып салуу менен айкын сарптоолору боюнча чагылдырылат.

Эгерде, негизги каражаттардын объектиси ар кандай пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтүнө ээ бир нече компоненттерден турса, мындай компоненттер негизги каражаттардын өзүнчө объектиси катары чагылдырылат.

### *(ii) Амортизация*

Негизги каражаттар боюнча амортизация пайдалуу кызмат өтөөнүн болжолдонгон мөөнөтү ичинде бирдей ченемде чегерүү ыкмасы боюнча чегерилип, пайда же чыгымдын курамында чагылдырылат. Амортизация объектти сатып алган күндөн тартып чегерилет, ал эми чарбалык ыкмада курулган негизги каражаттардын объекттери үчүн анын курулушу аяктап, пайдаланууга даяр болгон учурда чегерилет. Жер участкалары боюнча амортизация чегерилбейт. Негизги каражаттардын ар кандай объектилеринин пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| | |
|---|---|
| - имараттар | 50 жыл |
| - курулмалар | 20 жыл |
| - эмерек жана жабдуулар | 5 жыл |
| - компьютердик жабдуулар | 3-5 жыл |
| - транспорттук каражаттар | 7 жыл |

## (е) Материалдык эмес активдер

Сатылып алынган материалдык эмес активдер финансылык отчетто, топтолгон амортизациянын жана баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдын суммаларын эсептеп алып салгандан кийин айкын наркы боюнча чагылдырылат.

Атайы программалык камсыздоолорго лицензияларды алууга жана аны колдонууга киргизүүгө кеткен сарптоолор тиешелүү материалдык эмес активдин наркында эске алынат.

Материалдык эмес активдер боюнча амортизация алардын пайдалуу кызмат өтөшүнүн болжолдонгон мөөнөтү ичинде, бирдей ченемде чегерүү ыкмасы боюнча чегерилип, пайда же чыгым-

МАЗМУНУ

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (е) Материалдык эмес активдер, уландысы

дын курамында чагылдырылат. Материалдык эмес активдердин пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтү 3 жылды түзөт.

## (ж) Активдердин баасынын түшүүсү

### *(i) Амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер*

Амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер эң башкысы, кредиттерден жана башка дебитордук карыздардан турат (мындан ары – кредиттер жана дебитордук карыздар). Улуттук банк келип чыгышы ыктымал болгон баанын түшүүсүн аныктоо максатында, кредиттерге жана дебитордук карыздарга баа берүүнү туруктуу негизде ишке ашырып турат. Кредит же дебитордук карыз нарксызданат, ушундан улам келип чыккан чыгым, кредитти же дебитордук карызды баштапкы таануудан кийинки бир же бир нече окуялардын натыйжасында баанын түшүүсүнүн объективдүү далилдери орун алса жана ошол жагдайлар (же окуя) кредит боюнча акча каражаттарынын болжолдонуп жаткан болочоктогу агымына таасир этип, анын канчалык деңгээлде ишенимдүү экендигине баа берүү мүмкүн болгон шартта гана келип чыгышы ыктымал.

Финансылык активдердин баасынын түшүүсүнүн объективдүү далилдеринде, карыз алуучу тарабынан жол берилген милдеттенмелердин аткарылбай калышы (дефолт) же төлөө мөөнөтүнүн өткөрүлүп жиберилиши, карыз алуучунун келишим боюнча милдеттенмесин же келишим шарттарын бузууга жол бериши; Улуттук банк кайсы болбосун башка учурда карыз алуучунун же эмитенттин банкроттук белгилерин кароого албаган шартта кредитти же авансты реструктуризациялоо; баалуу кагаздар үчүн активдүү рыноктун токтотулушу; камсыздоонун наркынын төмөндөшү же топко кирген карыз алуучулардын төлөөгө жөндөмдүүлүгүнүн начарлоосу же ошол топко кирген карыз алуучулардын милдеттенмелерин аткарбай коюусуна (дефолт) байланыштуу корреляцияланган экономикалык шарттардын өзгөрүүсүнө кирген жагдайлар камтылышы мүмкүн.

Улуттук банк алгач өз-өзүнчө олуттуу болуп саналган кредиттер жана дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнүн объективдүү далилдеринин бардыгына өзүнчө баа берет жана өз-өзүнчө олуттуу болуп саналбаган кредиттер жана дебитордук карыздар боюнча да өзүнчө же чогуу баа берет. Эгерде Улуттук банк, өз-өзүнчө баа берилген кредит же дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнүн объективдүү далилдердин олуттуу же жок экендигин аныктаса, кредит кредиттик тобокелдиктин ушундай эле мүнөздөмөсү менен кредиттер жана дебитордук карыздар тобуна кошулат жана ага активдер тобунун курамында баанын түшүүсү көз карашынан жамааттык негизде бааланат. Баанын түшүүсү көз карашынан өз-өзүнчө бааланган, алар боюнча баанын түшүүсүнөн чыгым келип чыгып же ал орун алып турган кредиттер жана дебитордук карыздар баанын түшүүсү көз карашынан жамааттык негизде баа берүүдө камтылбайт.

Кредит же дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнөн чыгымдын келип чыккандыгы тууралуу объективдүү далилдер орун алган учурда чыгымдын суммасы, кредиттин же дебитордук карыздардын баланстык наркы жана кредит же дебитордук карыздар боюнча баштапкы эффективдүү пайыздык ченди колдонуу менен дисконттолгон гарантиялардын жана камсыздоолордун орду толтурулуп берилген наркын кошо алганда, акча каражаттарынын келечектеги болжолдонгон агымынын ошол учурга ылайык алынган наркынын ортосундагы айырма катары өлчөнөт. Келишим шарттарына ылайык, акча каражаттарынын агымы жана ошол учурда орун алып турган экономикалык шарттарды чагылдырган колдо болгон тиешелүү маалыматтардын негизинде корректировкаланган чыгымга учуроонун калыптанган тажрыйбасы, акча каражаттарынын болжолдонгон агымын аныктоонун негизи катары кызмат кылат.

Кредит же дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдын суммасын аныктоо үчүн колдо болгон зарыл маалыматтар бир катар учурларда чектелген мүнөздө болуп,

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (ж) Активдердин баасынын түшүүсү, уландысы

### *(i) Амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер, уландысы*

учурда түптөлгөн шарттарга жана жагдайларга анчалык дал келбеши мүмкүн. Мындай жагдай, эгерде карыз алуучу финансылык кыйынчылыктарга туш болуп, ал эми мындай карыз алуучулар боюнча маалыматтар көлөмү чектелүү болгон шартта, орун алышы ыктымал. Мындай учурда Улуттук банк баанын түшүүсүнөн чыгым суммасын аныктоодо өз тажрыйбасын колдонот.

Кредиттердин жана дебитордук карыздардын баасынын түшүүсүнөн келип чыккан бардык чыгымдар, түшкөн пайда же чыгымдын курамында чагылдырылат, эгерде кийинчерээк орду жабылган нарктын көбөйүүсү баанын түшүүсүнөн чыгым таанылгандан кийинки жагдайларга объективдүү негизде байланыштуу болгон шартта гана калыбына келтирилет.

Кредит боюнча карызды өндүрүп алуу мүмкүн болбогон шартта, кредит баанын түшүүсүнө тиешелүү камдын (резервдин) эсебинен алынып салынат. Мындай кредиттер (жана кредиттердин баасынын түшүүсүнө башка тиешелүү камдар) жетекчилик кредиттер боюнча карызды өндүрүү мүмкүн эмес экендигин аныктап, кредиттер боюнча карызды өндүрүүгө тиешелүү бардык зарыл жол-жоболор аяктагандан кийин гана эсептен алынып салынат.

### *(ii) Айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган финансылык активдер*

Айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган финансылык активдер сатуу үчүн колдо болгон жана адилет наркы боюнча чагылдырылбаган финансылык активдердин курамына кирген котировкаланбаган үлүштүк инструменттерди камтыйт. Анткени, алардын адилет наркы жетиштүү ишенимдүүлүктө аныкталышы мүмкүн эмес. Мындай инвестициялардын баасынын түшкөндүгүнүн объективдүү белгилери орун алган шартта, баанын түшүүсүнөн чыгым, инвестициялардын баланстык наркы менен ушундай эле финансылык активдер боюнча пайданын учурдагы рыноктук нормасын колдонуу менен дисконттолгон, акча каражаттарынын келечекте болжолдонуп жаткан агымынын ошол учурга ылайык алынган наркынын ортосундагы айрыма катары эсептелинет.

Ушул инвестициялардын баасынын түшүүсүнөн келип чыккан бардык чыгымдар, пайда же чыгым курамында чагылдырылып, калыбына келтирилбейт.

### *(iii) Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдер*

Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдердин баасынын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдар, башка чогуу алгандагы кирешенин курамында таанылган, топтолгон чыгымды кайра классификацияланууучу корректировкалоо катары пайданын же чыгымдын курамына которуу аркылуу таанылат.

Башка чогуу алгандагы кирешенин курамынан пайда же чыгым курамына кайра классификацияланган топтолгон чыгым, негизги суммаларды жана амортизацияларды кандай болбосун төлөөлөрдү эсептен алып салгандан кийинки сатып алуу наркы менен буга чейин пайда же чыгым курамында таанылган, баанын түшүүсүнөн чыгымды эсептен алып салгандан кийинки учурдагы адилет нарк ортосундагы айырманы түшүндүрөт. Акчанын убактылуу наркына чегерилген, баанын түшүүсүнө камдын өзгөрүүсү пайыздык кирешенин компоненти катары чагылдырылат.

Сатуу үчүн колдо болгон үлүштүк баалуу кагазга инвестициялардын адилет наркынын олуттуу же ошол баалуу кагаздар боюнча айкын сарптоолордон төмөн наркка чейин узакка созулган төмөндөөсү, баанын түшүүсүнүн объективдүү далилинен болуп саналат.

Эгерде сатуу үчүн колдо болгон, баасы түшкөн үлүштүк баалуу кагаздын адилет наркы кийинчерээк өсүп жана анын көбөйүүсү пайда же чыгым курамында баанын түшүүсүнөн чыгым таанылгандан кийинки жагдайларга объективдүү байланыштуу болсо, баанын түшүүсүнөн чыгым калыбына келтирилип, калыбына келтирилген өлчөм пайда же чыгым курамында таанылат. Би-

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (ж) Активдердин баасынын түшүүсү, уландысы

### *(iii) Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдер, уландысы*

рок, сатуу үчүн колдо болгон, баасы түшкөн үлүштүк баалуу кагаздын адилет наркынын кандай болбосун кийинки калыбына келиши, башка чогуу алгандагы киреше курамында таанылат.

### *(iv) Финансылык эмес активдер*

Калтырылган салыктардан айырмаланган башка финансылык эмес активдер, баанын түшүүсү белгилерин аныктоо көз карашынан, ар бир отчеттук күнгө карата абал боюнча бааланат. Финансылык эмес активдердин орду жабылган наркынан болуп, сатуу боюнча чыгашаларды жана пайдалануудан алынган баалуулуктарды эсептен алып салгандан кийинки адилет нарктын эң чоң өлчөмү саналат. Акча каражаттарынын келечекте болжолдонгон агымын пайдалануудан баалуулукту аныктоо учурунда, салык алууга чейинки дисконттоо чендерин пайдалануу менен ошол учурга ылайык калыптанган алардын наркына карата дисконттолуп, алар акча наркына жана ошол активге мүнөздүү болгон тобокелдиктерге учурдагы рыноктук баа берүүнү чагылдырат. Башка активдер менен шартталган акча каражаттарынын агымынан олуттуу деңгээлде көз каранды болбогон акча каражаттарынын агымын шарттабаган активдер үчүн орду толтурулуп берилүүчү нарк, актив тиешелүү болгон акча каражаттарын шарттаган активдер тобу боюнча аныкталат. Активдин же акча каражаттарын шарттаган активдер тобунун баланстык наркы анын орду толтурулуп берилүүчү наркынан ашкан болсо, баанын түшүүсүнөн чыгым таанылат.

Финансылык эмес активдердин баасынын түшүүсүнөн келип чыккан бардык чыгымдар пайда же чыгым курамында чагылдырылып, эгерде орду жабылган наркты аныктоодо колдонулган баа берүүлөрдө өзгөрүүлөр жүргөн болсо гана калыбына келтирилиши мүмкүн. Активдин баасынын түшүүсүнөн кандай болбосун чыгым калыбына келтирилүүгө тийиш, бирок анын шартында активдин баланстык наркы баанын түшүүсүнөн чыгым финансылык отчетто чагылдырылбай калышынан улам келип чыккан мына ошондой эле баланстык нарктан ашпаган көлөмдө калыбына келтирилет (амортизацияны жана эскилиги жеткендерди эсептен алып салуу менен).

## (з) Жүгүртүүдөгү банкноттор жана моneталар

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар финансылык абал жөнүндө отчетто номиналдык наркы боюнча эсепке алынат.

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар милдеттенмелер катары чагылдырылат. Сактоо жайларында жана касса түйүндөрүндө турган улуттук валютадагы банкноттор жана монеталар жүгүртүүдөгү акча массасынын курамына кирбейт.

Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашаларда алардын коргоого алынышына, ташып жеткирилишине, камсыздандырылышына кеткен чыгашалар, ошондой эле башка чыгашалар камтылат. Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашалар, алар жүгүртүүгө чыгарылгандан кийин таанылып, түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунда өзүнчө статья катары чагылдырылат.

## (и) Уставдык капитал жана камдар

Улуттук банк катталган суммадагы Уставдык капиталга ээ. Уставдык капиталдын суммасын көбөйтүү жана азайтуу “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамына түзөтүүлөрдү киргизүү аркылуу ишке ашырылат. Улуттук банктын Уставдык капиталы баштапкы наркында таанылат.

Милдеттүү кам, пайданын бөлүгүн мыйзамда белгиленгендей эле, мамлекеттик бюджетке чегерүүдөн кийинки таза пайданы капиталдаштыруу аркылуу түзүлөт. Милдеттүү камдар баштапкы наркы боюнча чагылдырылат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (к) Салык алуу

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Улуттук банк пайда салыгын төлөөдөн бошотулган. Улуттук банк жүзөгө ашырган ишке чегерилген, бюджетке бардык башка милдеттүү төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык ишке ашырылат. Салык агенти катары Улуттук банк төлөгөн салыктар, түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунда административдик чыгашалардын компоненти катары кошулат.

## (л) Кирешелердин жана чыгашалардын финансылык отчетто таанылышы

Пайыздык кирешелер жана чыгашалар түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунда, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу аркылуу алардын чегерилишине жараша чагылдырылат. Эффективдүү пайыздык чен ыкмасы дегенден улам, финансылык активдин же финансылык милдеттенменин амортизацияланган наркын эсептөө, ошондой эле пайыздык кирешелерди же пайыздык чыгашаларды тиешелүү мезгилге чегерүү ыкмасын түшүнүү зарыл. Эффективдүү пайыздык чен – бул, келечекте күтүлүп жаткан төлөөлөр же акча каражаттарынын түшүүсү анын жардамы аркасында финансылык инструменттин таза утурумдук наркына ылайыкташтырылган чен. Мында, дисконттоо финансылык инструменттин болжолдонуп жаткан жүгүртүү мөөнөтү ичинде же аны колдонуу мүмкүн болсо, кыйла кыска мөөнөткө жүргүзүлөт.

Эгерде финансылык актив, баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдан улам эсептен алынып салынган (жарым жартылай) болсо, пайыздык киреше келечектеги акча агымын дисконттоо үчүн колдонулган пайыздык ченди эске алуу менен аныкталат.

Кредиттердин берилиши уюштурулушу үчүн комиссиялык төлөм, кредиттердин тейлөөгө алынышы үчүн комиссиялык төлөм жана кредиттер боюнча жалпы кирешелердин ажырагыс бөлүгү катары каралган башка комиссиялык төлөмдөр, ошондой эле бүтүмдөр боюнча тиешелүү сарптоолор келечекте алынуучу киреше катары чагылдырылып, финансылык инструмент колдонулган, болжолдонгон мөөнөт ичиндеги пайыздык киреше катары, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланат.

Башка комиссиялык төлөмдөр, ошондой эле башка кирешелер жана чыгашалар, тиешелүү кызмат көрсөтүү сунушталган күнгө карата пайда же чыгым курамында чагылдырылат.

Операциялык ижара келишимдери боюнча төлөмдөр, түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунун курамында, ижара аракеттенген мөөнөт аралыгына бирдей ченемде таанылат. Эгерде орун алган болсо, алынган жеңилдиктердин суммасы ижара аракеттенген бүтүндөй мөөнөт ичинде, ал боюнча чыгашалардын жалпы өлчөмүн азайтат.

## (м) Фидуциардык активдер

Улуттук банк, үчүнчү жактардын атынан активдерге ээлик кылуудан көрүнгөн агенттик кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштайт. Бул активдер жана аларга байланыштуу кирешелер Улуттук банктын активи болуп саналбагандыктан, финансылык отчеттон алынып салынат.

## (н) Өз ара чегеришүү

Финансылык активдер жана милдеттенмелер өз ара чегерилишет, финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырылган суммалардын өз ара чегеришүү жүргүзүү юридикалык жактан бекитилген укугу, ошондой эле өз ара чегеришүү жүргүзүү же болбосо бир учурда активди ишке ашыруу жана милдеттенмени аткаруу ниети болгон учурларда гана таза өлчөм чагылдырылат.

Бул ФОЭСке ылайык уруксат берилген учурлардан тышкары, кирешелер жана чыгашалар пайдалар же кеткен чыгымдар жөнүндө отчетто өз ара чегерилбейт.

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

### (о) Жаңы жана кайрадан каралып чыккан стандарттар

Улуттук банк финансылык отчетту даярдоодо өз ишинде колдонгон жана 2014-жылдын үчтүн айынын биринен башталган жылдык отчеттук мезгилдер үчүн күчүнө кирген баардык жаңы жана кайрадан каралып чыккан стандарттарды кабыл алган. Жаңы стандарттар Улуттук банктын финансылык отчетуна олуттуу деле таасир эткен эмес.

### (п) Жаңы стандарттар жана күчүнө кире элек түшүндүрмөлөр

Бир катар жаңы стандарттар, стандарттарга түзөтүүлөр жана түшүндүрмөлөр 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча күчүнө кире элек экендигинен улам, алар ушул финансылык отчетту даярдоодо колдонулган эмес. Ушулардын ичинен төмөндө келтирилген стандарттар, түзөтүүлөр жана түшүндүрмөлөр, Улуттук банктын ишине потенциалдуу таасир этиши мүмкүн. Улуттук банк бул стандарттарды, түзөтүүлөрдү жана түшүндүрмөлөрдү алар күчүнө кирген учурдан тартып колдонууну пландаштырууда.

- ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык инструменттер" деп аталган 9-стандарты 2018-жылдын үчтүн айынын биринен же андан кийинки жылдык отчеттук мезгилдерге карата күчүнө кирет. Жаңы стандарттын акыркы редакциясы 2014-жылдын теке айынын жыйырма үчүндө жарыяланган. Жаңы стандарт баанын түшүүсүнөн чыгымдарды кошо алганда, финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү боюнча кайра каралып чыккан көрсөтмөлөрдү камтыйт жана ал хеджирлөөнү эсепке алуунун жаңы принциптерин толуктайт. Улуттук банк, бул жаңы стандарт финансылык инструменттердин эсебин жүргүзүү процессине олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизе тургандыгын жана финансылык отчетко бир кыйла таасир этиши мүмкүндүгүн тааныйт. Улуттук банк бул стандартты мөөнөтүнөн мурда колдонууга ниеттенбейт.
- ФОЭСтин (IAS) "Өзүнчө финансылык отчет" деп аталган 27-стандартына карата түзөтүүлөр, туунду, биргелешкен жана караштуу ишканаларына финансылык салымын өзүнчө финансылык отчетто эсепке алууда үлүштүк катышуу ыкмасын колдонууга ишканаларга өбөлгө түзөт. Мында, ушул финансылык салымдарды эсепке алуу ыкмасы уюмдун эсепке алуу саясатында аныкталууга тийиш.

  Түзөөтүүлөрдө ошондой эле, башкы компания инвестициялык компания болуудан калса, ал туунду уюмга инвестицияларды үлүштүк катышуу ыкмасына же ФОЭСтин (IFRS) 9-стандартынын талабына ылайык өздүк наркында эсепке алууга тийиш.
- ФОЭСтин (IFRS) "Консолидацияланган финансылык отчет" деп аталган 10-стандартына жана "Ассоциацияланган компанияларга инвестициялар" (IAS) деп аталган 28-стандартына карата түзөтүүлөр активдерди инвесторлор, алардын биргелешкен же караштуу ишканалары ортосунда сатууга же салууга тиешелүү караштуу же биргелешкен ишкананын катышуусунда келишилген бүтүмдөрдө таанылуучу пайданын же чыгымдын өлчөмү сатылып же салынып жаткан активдер өзүнчө бизнести түзөбү же жокпу, ошого жараша болот.
- ФОЭСтин (IFRS) "Буйрутмачылар менен контрактылар боюнча түшкөн акча" деп аталган 15-стандарты. ФОЭСтин "Түшкөн акча" деп аталган 15-стандартын, "Курулушка келишимдер" деп аталган 11-стандартын, ошондой кирешелерге байланыштуу бир катар түшүндүрмөлөрдү алмаштырат. Жаңы стандарт тескөөнүн негизинде алынган акчанын таануу моделин белгилейт жана ФОЭСтин колдонулуп жаткан стандарттарынын, анын ичинде өндүрүмдүүлүк жагында көп сандаган милдеттенмелер жүктөлгөн иш багытын, өзгөрүлмөлүү баа түзүү жагдайын, кардарларды кайтарып алуу укугун, товар сунуштоочулардын кайра сатып алуу варианттарын жана татаал түзүмдү камтыган башка иш багыттарын эсепке алуу тартибинин алкагында ыраатуу камтылбаган көпчүлүк багыттар боюнча кошумча колдонмону сунуштайт. ФОЭСтин 15-стандарты 2017-жылдын үчтүн айынын биринен тартып же ан-

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (п) Жаңы стандарттар жана күчүнө кире элек түшүндүрмөлөр, уландысы

дан кийин башталган отчеттук мезгилдер үчүн күчүнө кирет. Улуттук банктын жетекчилиги ФОЭСтин 15-стандартынын финансылык отчетко тийгизе турган таасирине баа бере элек.

Төмөнкү жаңы же кайрадан каралып чыккан стандарттар Улуттук банктын финансылык отчетуна олуттуу таасир этпейт:

- ФОЭСтин (IFRS) “Нормативдик кийинкиге калтырылган эсептер” деп аталган 14-стандарт;
- Биргелешкен операцияларда үлүштөрдү сатып алуунун эсепке алынышы (ФОЭСтин (IFRS) 11-стандартына карата түзөтүүлөр);
- Амортизациялоонун алгылыктуу ыкмалары боюнча түшүндүрмөлөр (ФОЭСтин (IAS) 16 жана 38-стандарттарына карата түзөтүүлөр);
- Төөлөрдүн белгиленген планы: кызматкерлердин төлөмдөрү (ФОЭСтин (IAS)19-стандартына карата түзөтүү);
- ФОЭСке жылдык түзөтүүлөр, 2010-2012-жылдар;
- ФОЭСке жылдык түзөтүүлөр, 2011-2013-жылдар.

# 4 КЛАССИФИКАЦИЯЛООГО ӨЗГӨРТҮҮЛӨР

2013-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча финансылык отчетко бул форма Улуттук банктын финансылык абалын ынанымдуу чагылдыра алышынан улам, 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата отчеттун берүү формасына ылайык келтирүү үчүн классификациялоого өзгөртүүлөр киргизилген.

| Классификациялоонун өзгөрүү мүнөзү | Өзгөртүлгөн суммалар | Классификациялоону өзгөрткөнгө чейин | Классификациялоону өзгөрткөндөн кийин |
|---|---|---|---|
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 298 577 | 74 082 074 | 74 380 651 |
| Башка активдер | (298 577) | 1 336 634 | 1 038 057 |

# 5 БААЛУУ МЕТАЛЛДАР

| | 2014-ж.<br>миң сом | 2013-ж.<br>миң сом |
|---|---|---|
| **Чет өлкө банктарындагы эсептерде турган алтын жана башка баалуу металлдар** | | |
| Депозиттеги алтын | 5 900 938 | 4 928 839 |
| Депозиттеги күмүш | - | 352 |
| | **5 900 938** | **4 929 191** |
| **Улуттук банктын сактоо жайындагы алтын куймалар** | 3 091 019 | 1 955 886 |
| | **8 991 957** | **6 885 077** |

МАЗМУНУ

# 5 БААЛУУ МЕТАЛЛДАР, УЛАНДЫСЫ

Сактоо жайларындагы алтын куймалар “good delivery” статусуна ээ алтынды түшүндүрөт.

**Алтындын жана баалуу металлдардын чет өлкө банктарындагы эсептерде концентрацияланышы**

2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата Улуттук банк алтын түрүндөгү депозиттерди АА- тан А+ чейинки деңгээлдеги кредиттик рейтингге ээ эки банкка жайгаштырган (2013-жылдын бештин айынын отуз бирине карата алтын түрүндөгү депозиттер АА- тан А+ чейинки деңгээлиндеги кредиттик рейтингге ээ эки банкта жайгаштырылган).

# 6 КАССАДАГЫ, БАНКТАРДАГЫ ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫ МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ КАРАЖАТТАР

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Чет өлкө банктарындагы жана башка финансы мекемелериндеги эсептер жана депозиттер** | | |
| **Чет өлкө банктарындагы “ностро” эсептери** | | |
| - ААА кредиттик рейтинги менен | 20 619 795 | 19 478 565 |
| - А дан АА+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 7 564 978 | 3 011 952 |
| - ВВВ- дан ВВВ+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 7 076 | 5 918 |
| - ыйгарылган кредиттик рейтингсиз | 8 092 | 44 463 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы “ностро” эсептери** | **28 199 941** | **22 540 898** |
| **Чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | | |
| - АА- дан АА+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 14 055 289 | 24 977 985 |
| - А- дан А+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 16 633 866 | 12 621 183 |
| - ыйгарылган кредиттик рейтингсиз | 227 657 | 190 391 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | **30 916 812** | **37 789 559** |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы эсептер | | |
| - Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы “ностро” эсептери | 2 036 720 | 1 550 098 |
| - Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы мөөнөттүү депозит | 1 438 381 | 2 639 482 |
| Эл аралык валюта фондусундагы эсептер | 10 654 592 | 9 752 428 |
| **Жыйынтыгында, банктардагы жана башка финансы институттарындагы эсептер жана депозиттер** | **73 246 446** | **74 272 465** |
| Кассада чет өлкө валютасындагы каражаттар | 656 157 | 298 577 |
| Баанын түшүүсүнө кам | (227 657) | (190 391) |
| | **73 674 946** | **74 380 651** |

2014 жана 2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча баасы түшкөн, АКШ долларында деноминацияланган, мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген Кызматташуунун жана өнүгүүнүн Борбордук Азия банкында жайгаштырылган, тиешелүүлүгүнө жараша 227 657 миң сом жана 190 391 миң сом өлчөмүндөгү мөөнөттүү депозит 360 күндөн көбүрөөк убакытка мөөнөтү өткөрүлүп жиберилгендиктен, Улуттук банк 1999-жылы мөөнөтүндө төлөнбөгөн бүтүндөй суммага баанын түшүүсүнө кам түзгөн.

**Каражаттардын банктарда жана башка финансы мекемелеринде концентрацияланышы**

2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата Улуттук банк, ААА дан А чейинки кредиттик рейтингге ээ тогуз банкта жана башка финансы мекемелеринде (2013-жылы: он бир банкта жана

# 6 КАССАДАГЫ, БАНКТАРДАГЫ ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫ МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ КАРАЖАТТАР, УЛАНДЫСЫ

башка финансы мекемелери ААА дан АА- чейинки кредиттик рейтинги менен) эсептер боюнча калдыктарга ээ болгон, алардын суммалары өздүк капиталдын 10% ашат. Ушул калдыктардын чогуу алгандагы көлөмү, 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча 62 022 158 миң сомду (2013-жылы: 70 753 593 миң сом) түзгөн.

Баанын түшүүсүнөн чыгымдарга түзүлгөн камдын жылышы 20-түшүндүрмөдө берилген.

**Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери**

Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери, акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттордун максаттарында төмөнкүлөрдү камтыйт:

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Чет өлкө банктарындагы “ностро” эсептери | 28 199 941 | 22 540 898 |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы “ностро” эсеби | 2 036 720 | 1 550 098 |
| Эл аралык валюта фондусундагы эсептер | 10 654 592 | 9 752 428 |
| Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары | 656 157 | 298 577 |
| **Акча каражаттарынын жылышы боюнча отчеттогу акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **41 547 410** | **34 142 001** |

Акча каражаттардын жана алардын эквиваленттеринин бир да статьясы баасы түшкөн же мөөнөтү өткөрүлгөн болуп саналбайт.

# 7 БЕРИЛГЕН КРЕДИТТЕР

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген, наркы түшпөгөн кредиттер | 3 762 618 | 863 186 |
| Коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген, баасы түшкөн кредиттер | 460 355 | 431 344 |
| | **4 222 973** | **1 294 530** |
| Баанын түшүүсүнө кам | (460 355) | (440 399) |
| **Баанын түшүүсүнө камды эсептен алып салгандан кийинки кредиттин суммасы** | **3 762 618** | **854 131** |

Кредиттин баасынын түшүүсү, кредитти баштапкы таануудан кийин болуп өткөн жана жетиштүү ишенимдүүлүктө баалоого мүмкүн болгон, кредит боюнча акча каражаттарынын келечектеги болжолдонуп жаткан агымына таасирин тийгизген, бир же бир нече окуялардын натыйжасында жүрөт. Баанын түшүүсүнүн жеке өзүнчө белгилерине ээ болбогон кредиттер боюнча баанын түшүүсүнүн объективдүү тастыкмасы жок.

Кредиттердин баасынын түшүүсүнүн объективдүү белгилерине төмөнкүлөр кирет:

- Кредиттик келишим боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөмдөр;
- Карыз алуучунун финансылык абалынын олуттуу начарлоосу;
- Экономикалык жагдайдын начарлоосу, карыз алуучу ишин жүзөгө ашырган рыноктордогу терс өзгөрүүлөр:

Улуттук банк кредиттердин баасынын түшүүсүнө карата кам өлчөмүн, баасы түшкөн кредиттер боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн жана

# 7 БЕРИЛГЕН КРЕДИТТЕР, УЛАНДЫСЫ

алар боюнча баанын түшүүсү аныкталбаган кредит портфелдери боюнча айкын чыгымдарга жол берилген, өткөндөгү тажрыйбанын негизинде баа берет.

2014-2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча баасы түшкөн кредиттер дегенден улам, 1999-жылдан бери атайы административдик тескөө алдында турган коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген, 360 күндөн көбүрөөк убакытка төлөө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген кредиттерди түшүнүү зарыл. Улуттук банк өткөн отчеттук мезгилдерде мындай кредиттерге карата баанын түшүүсүнөн чыгымга 100% камды тааныган. Ошентип, 2014 жана 2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча, баанын түшүсүүнө кам тиешелүүлүгүнө жараша, 460 355 миң сомду жана 431 344 миң сомду түзгөн.

Баанын түшүүсүнөн чыгымдарга түзүлгөн камдын жылышы 20-түшүндүрмөдө берилген.

**Камсыздоолорго жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр**

Кийинки таблицада коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген кредиттердин камсыздоосу катары кызмат кылган күрөөлөр жөнүндө маалыматтар, бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча камсыздоолордун түрүнө жараша, үстөк камсыздоо таасирин эске албастан чагылдырылган.

| | 2014-ж. миң сом | Нарксыздабаган кредиттер портфелиндеги үлүш, % | 2013-ж. миң сом | Нарксыздабаган кредиттер портфелиндеги үлүш, % |
|---|---|---|---|---|
| Мамлекеттик баалуу кагаздар | 295 800 | 8 | 411 624 | 48 |
| Кардарларга берилген кредиттер | 3 466 818 | 92 | 433 664 | 50 |
| Кыймылсыз мүлк | - | - | 17 898 | 2 |
| | **3 762 618** | **100** | **863 186** | **100** |

Жогорку таблицада чагылдырылган суммалар, кредиттердин баланстык наркын түшүндүрөт жана камсыздоолордун адилет наркын милдеттүү түрдө чагылдырбайт. Камсыздоолордун адилет наркы кредит берилген күнгө карата бааланып, отчеттук күнгө чейинки өзгөрүүлөргө корректировкаланган эмес. Мындай кредиттердин ордунун жабылышы, камсыздоонун наркына эмес, негизинен карыз алуучулардын кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүнө жараша болот.

**Берилген кредиттердин концентрацияланышы**

2014 жана 2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банк, коммерциялык банктарга берилген, алар боюнча калдыктар өздүк капиталдын 10% ашкан кредиттерге ээ эмес.

# 8 САТУУ ҮЧҮН КОЛДО БОЛГОН ИНВЕСТИЦИЯЛАР

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Карыздык инструменттер** | | |
| **Мамлекеттик баалуу кагаздар** | | |
| Австралия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 15 110 240 | 14 569 143 |
| Канада Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 5 952 656 | 2 324 167 |
| Улуу Британия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 3 537 475 | 2 468 779 |
| Франция Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 771 389 | 2 311 341 |
| Германия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 433 497 | - |
| Россия Федерациясынын казына милдеттенмелери | 376 487 | - |
| Америка Кошмо Штаттарынын казына милдеттенмелери | 355 545 | - |
| **Жыйынтыгында, мамлекеттик баалуу кагаздар** | **26 537 289** | **21 673 430** |
| **Эл аралык мамлекеттик жана өкмөттүк эмес финансылык институттардын карыздык баалуу кагаздары** | | |
| - ААА кредиттик рейтинги менен | 5 902 086 | 7 191 177 |
| **Жыйынтыгында, карыздык инструменттер** | **32 439 375** | **28 864 607** |

Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар, баасы түшкөн же төлөө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген болуп саналбайт.

# 9 ТӨЛӨӨГӨ ЧЕЙИН КАРМАЛЫП ТУРУУЧУ ИНВЕСТИЦИЯЛАР

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Улуттук банктын менчигинде тургандар** | | |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына милдеттенмелери | 1 453 614 | 755 502 |
| **Репо келишими боюнча күрөөгө коюлгандар** | | |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына милдеттенмелери | - | 756 049 |
| | **1 453 614** | **1 511 551** |

2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча төлөөгө чейин кармалып туруучу (2013-жылы: эки коммерциялык банк 756 049 миң сом амортизациялык наркы менен) сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча камсыздоо милдетин аткарган карыздык баалуу кагаздар орун алган эмес.

Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар баасы түшкөн же төлөө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилгенден болуп саналбайт.

2014-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестиция катары классификацияланган, мамлекеттик казына векселдеринин ордун жабуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банк алдындагы милдеттенмелерин эске алуу аркылуу ишке ашырылган эмес (2013-жылы эске алуу аркылуу 100 000 миң сом жабылган).

## 10 НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАР

| миң сом | Жер, имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/ орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | | | | |
| 2014-жылдын үчтүн айынын бирине карата калдык | **544 250** | **134 417** | **145 958** | **17 661** | **400 546** | **1 242 832** |
| Сатып алуулар | 2 024 | 17 745 | 78 329 | 21 827 | 48 628 | 168 553 |
| Колдонуудан калгандар | (899) | (18 428) | (24 961) | (968) | - | (45 256) |
| Ордунан которулгандар | 23 143 | 28 721 | - | - | (51 864) | - |
| **2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата калдык** | **568 518** | **162 455** | **199 326** | **38 520** | **397 310** | **1 366 129** |
| ***Амортизация жана баанын түшүүсүнөн чыгым*** | | | | | | |
| 2014-жылдын үчтүн айынын бирине карата калдык | **(70 901)** | **(61 483)** | **(38 349)** | **(7 057)** | **-** | **(177 790)** |
| Жыл ичинде чегерилгендер | (15 926) | (30 786) | (33 019) | (6 883) | - | (86 614) |
| Колдонуудан калгандар | 496 | 18 409 | 24 961 | 968 | - | 44 834 |
| **2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата калдык** | **(86 331)** | **(73 860)** | **(46 407)** | **(12 972)** | **-** | **(219 570)** |
| ***Баланстык нарк*** | | | | | | |
| **2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | **482 187** | **88 595** | **152 919** | **25 548** | **397 310** | **1 146 559** |

## 10 НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАР, УЛАНДЫСЫ

| миң сом | Жер, имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/ орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынты-гында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | | | | |
| 2013-жылдын үчтүн айынын бирине карата калдык | **537 457** | **130 168** | **73 308** | **32 557** | **408 428** | **1 181 918** |
| Сатып алуулар | 8 776 | 26 095 | 72 797 | 2 529 | 66 339 | 176 536 |
| Колдонуудан калгандар | (10 150) | (24 145) | (19 819) | (17 425) | (38) | (71 577) |
| Ордунан которулгандар | 8 167 | 2 299 | 19 672 | - | (74 183) | (44 045) |
| **2013-жылдын бештин айынын отуз бирине карата калдык** | **544 250** | **134 417** | **145 958** | **17 661** | **400 546** | **1 242 832** |
| ***Амортизация жана баанын түшүүсүнөн чыгым*** | | | | | | |
| 2013-жылдын үчтүн айынын бирине карата калдык | **(58 910)** | **(59 172)** | **(40 443)** | **(20 475)** | **-** | **(179 000)** |
| Жыл ичинде чегерилгендер | (13 314) | (26 449) | (17 725) | (4 007) | - | (61 495) |
| Колдонуудан калгандар | 1 323 | 24 138 | 19 819 | 17 425 | - | 62 705 |
| **2013-жылдын бештин айынын отуз бирине карата калдык** | **(70 901)** | **(61 483)** | **(38 349)** | **(7 057)** | **-** | **(177 790)** |
| ***Баланстык нарк*** | | | | | | |
| **2013-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | **473 349** | **72 934** | **107 609** | **10 604** | **400 546** | **1 065 042** |

Негизги каражаттар объекттерин сатып алууга же курууга байланыштуу насыялар (займ) боюнча капиталдаштырылган сарптоолорго 2014-2013-жылдары жол берилген эмес.

МАЗМУНУ

## 11 БАШКА АКТИВДЕР

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Башка дебитордук карыздар | 264 987 | 246 006 |
| Баанын түшүүсүнө кам | (25 836) | (35 349) |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык активдер** | **239 151** | **210 657** |
| Запастар | 726 254 | 674 781 |
| Башка инвестициялар | 112 005 | 61 005 |
| Алдын ала төлөө | 16 547 | 69 725 |
| Башка активдер | 63 351 | 21 889 |
| Баанын түшүүсүнө кам | (314) | - |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык эмес активдер** | **917 843** | **827 400** |
| | **1 156 994** | **1 038 057** |

2014 жана 2013-жылдардын бештин айынын отуз биринде бүткөн жылдар үчүн башка активдер боюнча баанын түшүүсүнө камдардын жылышына тиешелүү маалыматтар 20-түшүндүрмөдө келтирилген.

## 12 ЖҮГҮРТҮҮДӨГҮ БАНКНОТТОР ЖАНА МОНЕТАЛАР

2014-2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банкноттор жана моneталар төмөнкүлөрдү өзүндө камтыган:

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 59 846 830 | 68 931 212 |
| Жүгүртүү кассасындагы банкнотторду жана монеталарды эсептен алып салуу менен | (2 772 239) | (1 977 058) |
| | **57 074 591** | **66 954 154** |

Жүгүртүүдөгү акча массасы дегенден улам, жүгүртүүдөгү, калктын колундагы жана финансы мекемелериндеги банкноттордун жана монеталардын номиналдык наркын түшүнүү зарыл.

## 13 БАНКТАРДЫН ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫ МЕКЕМЕЛЕРИНИН КАРАЖАТТАРЫ

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктардын эсептери | 8 878 352 | 6 692 487 |
| Бакшка финансылык мекемелердин эсептери | 21 933 | 14 665 |
| | **8 900 285** | **6 707 152** |

2014 жана 2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банк банктардагы эсептер боюнча өздүк капиталдын 10% ашкан калдыктарга ээ болгон эмес.

## 14 КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН КАРАЖАТТАРЫ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттарына Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин эсептери кирет.

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Улуттук валютада | 13 097 458 | 7 942 026 |
| Чет өлкө валютасында | 6 520 903 | 483 664 |
| | **19 618 361** | **8 425 690** |

## 15 ЧЫГАРЫЛГАН КАРЫЗДЫК БААЛУУ КАГАЗДАР

2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча чыгарылган карыздык баалуу кагаздарга (Улуттук банктын ноталары) төмөнкү эмиссиялардагы баалуу кагаздар кирет:

| Эмиссиялар | Баланстык нарк, миң сом | Эмиссия күнү | Төлөө күнү | Эффективдүү пайыздык чен |
|---|---|---|---|---|
| BD001150107 | 1 325 725 | 2014-ж. бештин айынын отуз бири | 2015-ж. бештин айынын жетиси | 10,69% |
| | **1 325 725** | | | |

2013-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча чыгарылган карыздык баалуу кагаздарга (Улуттук банктын ноталары) төмөнкү эмиссиялардагы баалуу кагаздар кирген:

| **Эмиссиялар** | **Баланстык нарк миң сом** | **Эмиссия күнү** | **Төлөө күнү** | **Эффективдүү пайыздык чен** |
|---|---|---|---|---|
| BD004140101 | 535 937 | 2013-ж. бештин айынын төртү | 2014-ж. үчтүн айынын бири | 4,38% |
| BD004140108 | 999 075 | 2013-ж. бештин айынын он бири | 2014-ж. үчтүн айынын сегизи | 4,32% |
| BD004140115 | 1 297 754 | 2013-ж. бештин айынын он сегизи | 2014-ж. үчтүн айынын он беши | 4,30% |
| BD002140108 | 299 780 | 2013-ж. бештин айынын жыйырма беши | 2014-ж. үчтүн айынын сегизи | 3,41% |
| BD004140122 | 1 496 201 | 2013-ж. бештин айынын жыйырма беши | 2014-ж. үчтүн айынын жыйырма экиси | 4,30% |
| BD001140107 | 1 199 508 | 2013-ж. бештин айынын отуз бири | 2014-ж. үчтүн айынын жетиси | 2,16% |
| BD004140128 | 806 382 | 2013-ж. бештин айынын отуз бири | 2014-ж. үчтүн айынын жыйырма сегизи | 4,32% |
| | **6 634 637** | | | |

# 16 АЛЫНГАН КРЕДИТТЕР

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Эл аралык валюта фондусунан алынган кредиттер | 3 331 377 | 3 970 121 |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинен алынган кредиттер | 26 109 | 59 722 |
| | **3 357 486** | **4 029 843** |

2014-2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча, алынган кредиттердин мөөнөттөрү жана шарттары төмөндө чагылдырылган:

| Эмитент | Валютасы | Пайыздык чен | Берилген күнү | Төлөө күнү | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ЭВФ, ПРГФ (жакырчылыкты кыскартуу жана экономикалык өсүшкө түрткү берүү) | АКУ | 0% | 2001-ж. бештин айынын он тогузу | 2018-ж. бугу айынын отуз бири | 915 548 | 1 445 148 |
| ЭВФ, ESF (Тышкы таасирлерге карата чара көрүү механизми) | АКУ | 0% | 2008-жылдын бештин айынын жыйырма төртү | 2019-ж. кулжа айынын жетиси | 2 415 829 | 2 524 973 |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги | АКШ доллары | 1,50% | 2004-ж. тогуздун айынын он тогузу | 2016-ж.теке айынын он беши | 26 109 | 59 722 |
| | | | | | **3 357 486** | **4 029 843** |

Жакырчылыкты кыскартуу жана экономикалык өсүшкө түрткү берүү программасы (мындан ары – ПРГФ) боюнча карыз алуулар АКУ (СПЗ) түрүндө туюндурулуп, финансылык реформаларды жана улуттук валютаны колдоого алуу максатында сунушталган. Бул программа боюнча карыз алуулар нөлдүк пайыздык ченге ээ жана ал өздөштүрүлө баштагандан кийинки 10 жылдан кийин орду жабылууга тийиш. 2014-жылдын бештин айынын онунда ЭВФтин Аткаруучу кеңеши пайыздарды төлөөдөн бошотууну 2016-жылдын акырына чейин узарткан. ПРГФ кредиттеринин шарттары бардык кредит алуучулар үчүн стандарттуу болуп саналат. Улуттук банк ПРГФ насыялары боюнча белгилүү бир милдеттенмелерди өзүнө алган.

Тышкы таасирлерге каршы аракет көрүү механизминин (ESF) алкагында карыз алуулар АКУ (СПЗ) түрүндө туюндурулуп, Кыргызстандын бийлигинин белгилүү бир тышкы таасирлерди четтетүүгө багытталган аракеттерин колдоо үчүн берилген. Кредит нөлдүк пайыздык ченге ээ жана 2014-жылдын бештин айынын онунда ЭВФтин Аткаруучу кеңеши пайыздарды төлөөдөн бошотууну 2016-жылдын акырына чейин узарткан. Бул шарт дүйнө жүзү боюнча ESF алкагында кредит алуучулар үчүн жарыяланган. Улуттук банк ESF насыяларына тиешелүү белгилүү бир милдеттенмелерди жана шарттарды аткарууну өзүнө алган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинен Улуттук банкка берилген кредит, Эл аралык өнүгүү ассоциациясы тарабынан каржыланган Төлөм жана банк системаларын модернизациялоо долбоорун ишке ашыруу үчүн каралган.

2014 жана 2013-жылдардын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл ичинде Улуттук банк тарабынан кредиттин негизги суммаларын, пайыздарды төлөө боюнча милдеттенмелерди же башка милдеттенмелерди бузууга жол бергендиги учурлары катталган эмес.

# 17 БӨЛҮШТҮРҮҮ ТАРТИБИНДЕ ЭВФтен АЛЫНГАН АКУ (СПЗ) БОЮНЧА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер | 7 232 900 | 6 426 299 |

АКУну (СПЗ) бөлүштүрүү, алардын суммасын ЭВФ мүчөлөрүнүн ортосунда анын чечими боюнча шартсыз бөлүштүрүү саналат. АКУну жалпы бөлүштүрүү 2009-жылдын баш оона айынын жыйырма сегизинде күчүнө кирген. Мындай бөлүштүрүү глобалдуу финансылык каатчылыкка каршы жамааттык монетардык жоопп болуп саналган, ал ликвиддүүлүк проблемасын башынан кечирип жаткан өлкөлөргө шарттар менен чектелбеген олуттуу финансылык ресурстарды берүү аркылуу ишке ашырылат. Бул ресурстар жөнгө салууга муктаждыкты азайтууга жана экономикалык өсүш саясатынын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, ошондой эле ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн валюталык запасын толуктоо аркылуу глобалдуу экономикалык системанын ликвиддүүлүгүн камсыз кылууга каралган. ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн арасында АКУну жалпы бөлүштүрүү, алардын ЭВФтеги квотасына пропорционалдуу негизде жүзөгө ашырылат (26-түшүндүрмө). 2009-жылдын баш оона айынын онунда глобалдуу ликвиддүүлүктү жогорулатуу максатында, АКУнун бир жолку бөлүштүрүлүшүн караган, ЭВФтин Келишимдер статьясына карата Төртүнчү түзөтүү күчүнө кирген. Ушул түзөтүүгө ылайык Кыргызстанды кошо алганда, ЭВФке мүчө өлкөлөргө атайы бөлүштүрүү 2009-жылдын аяк оона айынын тогузунда ишке ашырылган. Мүчө өлкөлөр жана АКУга ээлик кылуучулар аларды ЭВФ менен операцияларды жүргүзүү үчүн колдонушу мүмкүн. Кыргыз Республикасы 84 737 миң АКУ өлчөмүндө бөлүштүрүлгөн каражатты пайдаланууу укугуна ээ болгон. 2014 жана 2013-жылдары бул механизм колдонулган эмес. Анын пайыздык чени жума сайын ЭВФ тарабынан аныкталат жана ал бүткүл дүйнө боюнча бөлүштүрүлгөн АКУну алуучулар үчүн бирдей болуп саналат.

# 18 УСТАВДЫК КАПИТАЛ

### Белгиленген капитал

2014-жылдын бештин айынын отуз бирине жана 2013-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамга ылайык, Улуттук банктын уставдык капиталы 1 000 000 миң сомду түзөт.

### Мамлекеттик бюджетке чегерүүлөр жана милдеттүү кам

“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамга ылайык, Улуттук банктын пайдасы төмөнкүчө бөлүштүрүлүүгө тийиш:

– эгерде Улуттук банктын уставдык капиталынын жана милдеттүү камдарынын суммасы анын монетардык милдеттенмелеринин 10% азды түзсө, анда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине пайданын 70% чегерилет. Пайданын мамлекеттик бюджетке чегерилгенден кийинки калдыгы Улуттук банктын милдеттүү камдарына которулат;

– эгерде Улуттук банктын уставдык капиталынын жана милдеттүү камдарынын суммасы анын монетардык милдеттенмелеринин 10% барабар же андан ашса, анда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине пайданын 100%, ошондой эле милдеттүү камдын каражаттарынын эсебинен көрсөтүлгөн ашып калуунун суммасынын үчтөн бири, бирок камдын калдыгынын чегинде которулат.

“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамдын 13-беренесине ылайык пайданы чегерүү, финансы жылынын бүтүшү боюнча көз карандысыз тышкы аудит жүргүзүлүп, жылдык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан бекитилгенден кийин ишке ашырылат.

# 18 УСТАВДЫК КАПИТАЛ, УЛАНДЫСЫ

2014-жылдын жалган куран айынын жыйырма алтысында 2013-жылы алынган, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине чегерилүүгө тийиш болгон, 310 916 миң сом өлчөмүндөгү таза пайда бекитилип (2013-жылы: 547 626 миң сом), 133 249 миң сом (2013-жылы 234 697 миң сом) өлчөмүндөгү сумма милдеттүү камга которулган.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине чегерилүүгө тийиш болгон пайда 2014-жыл жыйынтыгы боюнча 3 777 018 миң сомду түзгөн.

**Капиталды тескөө**

Улуттук банктын капиталы дегенден улам, анын бардык милдеттенмелерин эсептеп алып салгандан кийинки Улуттук банктын активдеринин калдык наркын түшүнүү зарыл.

Капиталды тескөөгө байланыштуу Улуттук банктын максаттары, банктын өз алдынчалыгын жана ага жүктөлгөн милдеттерди аткарууга жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн капиталды тиешелүү деңгээлде колдоп туруудан көрүнөт. Улуттук банк анын тескөөсүндө турган жалпы капиталды, финансылык абал жөнүндө отчетто камтылган өздүк капитал катары карайт.

“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамда каралган, 1 000 000 миң сомду түзгөн уставдык капиталдын өлчөмүн эске албаганда, Улуттук банк үчүн капиталдын деңгээлине карата эч кандай тышкы талаптар жок.

# 19 ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕЛЕР

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Пайыздык кирешелер** | | |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 537 654 | 479 750 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 482 880 | 368 880 |
| Берилген кредиттер | 231 715 | 62 206 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 89 168 | 102 374 |
| Башкалар | 7 829 | 4 909 |
| | **1 349 246** | **1 018 119** |
| **Пайыздык чыгашалар** | | |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | (124 560) | (109 222) |
| Банктардын жана башка финансы мекемелердин каражаттары | (11 730) | (392) |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер | (5 876) | (4 998) |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу боюнча төлөөгө каралган эсептер | (1 511) | (10 735) |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | - | (45 547) |
| Башкалар | (2 776) | (1 456) |
| | **(146 453)** | **(172 350)** |
| | **1 202 793** | **845 769** |

Баасы түшкөн активдер боюнча пайыздык кирешелер жокко эсе (2013-жылы: болгон эмес).

# 20 БААНЫН ТҮШҮҮСҮНӨ КАМ

| | Банктар жана башка финансы мекемелердеги каражаттар, миң сом | Берилген кредиттер миң сом | Башка финансылык активдер миң сом | Жыйынтыгында миң сом |
|---|---|---|---|---|
| **2012-жылдын бештин айынын отуз бири** | **183 255** | **426 116** | **37 819** | **647 190** |
| Камды калыбына келтирүү | - | (12 093) | (2 470) | (14 563) |
| Мурда эсептен алынып салынган активдерди калыбына келтирүү | - | 14 461 | - | 14 461 |
| Курстук айырмачылыктардын таасири | 7 136 | 11 915 | - | 19 051 |
| **2013-жылдын бештин айынын отуз бири** | **190 391** | **440 399** | **35 349** | **666 139** |
| Камды калыбына келтирүү | - | (9 143) | (9 199) | (18 342) |
| Курстук айырмачылыктардын таасири | 37 266 | 29 099 | - | 66 365 |
| **2014-жылдын бештин айынын отуз бири** | **227 657** | **460 355** | **26 150** | **714 162** |

# 21 БААЛУУ МЕТАЛЛДАР ЖАНА ЧЕТ ӨЛКӨ ВАЛЮТАСЫ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР БОЮНЧА ТАЗА ПАЙДА

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Баалуу металлдар жана чет өлкө валютасындагы операциялар боюнча реализацияланган пайда | 4 730 809 | 258 107 |
| “Спот” бүтүмүнөн алынган пайда | 291 169 | 61 935 |
| | **5 021 978** | **320 042** |

МАЗМУНУ

# 22 АДМИНИСТРАТИВДИК ЧЫГАШАЛАР

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Персоналга кеткен сарптоолор** | | |
| Эмгек акы | 341 860 | 292 084 |
| Социалдык фондго төлөөлөр | 58 974 | 49 914 |
| | **400 834** | **341 998** |
| Амортизация жана эскилиги жеткендер | 106 230 | 68 941 |
| Ремонт иштери жана тейлөөлөр | 65 779 | 45 929 |
| Күзөт иштери | 34 637 | 28 744 |
| Байланыш жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр | 16 708 | 13 444 |
| Персоналды окутуу | 10 604 | 9 609 |
| Кесиптик кызмат көрсөтүүлөр | 9 536 | 6 635 |
| Жарыялоолор жана жазылуулар | 8 646 | 6 181 |
| Иш боюнча кыдырууларга кеткен чыгашалар | 8 271 | 6 056 |
| Социалдык-маданий иш-чараларга сарптоолор | 6 047 | 4 857 |
| Кеңсе буюмдары | 4 522 | 4 000 |
| Башка чыгашалар | 14 157 | 16 020 |
| | **685 971** | **552 414** |

## 23 СЕГМЕНТТЕР БОЮНЧА ТАЛДАП-ИЛИКТӨӨЛӨР

Улуттук банктын иши, ушул финансылык отчеттун максаттары үчүн бир отчеттук сегменттен турат. Улуттук банктын аткарган милдетине байланыштуу түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетторунун берилиши андан талап кылынбайт. Иштин бул түрү ушул финансылык отчеттун максаттары үчүн өзүнчө операциялык сегмент катары каралбайт.

## 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ

Тобокелдиктерди тескөөгө алуу Улуттук банктын ишинде маанилүү роль ойноп, анын операциялык ишинин олуттуу элементи болуп саналат. Улуттук банк өз ишин жүзөгө ашыруу процессинде дуушар болуучу негизги тобокелдиктерден болуп, рыноктук тобокелдик, кредиттик тобокелдик жана ликвиддүүлүк тобокелдиги саналат.

### (а) Тобокелдиктерди тескөө саясаты жана жол-жоболор

Улуттук банктын тобокелдиктерди тескөө саясаты банк дуушар болуучу тобокелдиктерди аныктоого, аларга баа берүүгө, талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүгө жана тескөөгө алууга, ошондой эле тиешелүү чектөөлөрдү жана контролдукту белгилөөгө тобокелдик деңгээлине туруктуу баа берүүгө жана алардын белгиленген лимиттерге ылайык келүүсүнө көз салып турууга багытталган. Тобокелдиктерди тескөө саясаты жана жол-жоболору, рыноктук жагдайлардын өзгөрүүсүн, сунушталып жаткан банктык продукттарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү, топтолгон алгылыктуу дүйнөлүк тажрыйбаларды чагылдыруу максатында, туруктуу негизде кайрадан каралып турат.

Улуттук банктын жетекчилиги, тобокелдиктерди тескөө боюнча контролдук системасынын, негизги тобокелдиктердин тескөөгө алынышы жана тобокелдиктерди тескөө боюнча саясаттын жана жол-жоболордун жактырылып, кабыл алынышы, ошондой эле ири бүтүмдөрдүн жактырылышы үчүн жоопкерчиликтүү.

Улуттук банк Башкармасы, комитеттер жана комиссиялар банктын монетардык, инвестициялык жана валюта саясаттарына байланыштуу маселелерди дайыма кароого алып, активдерди тескөө алкагында лимиттерди, ошондой эле Улуттук банктын контрагенттерине карата талаптарды белгилешет.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2013-жылдын бештин айынын жыйырма бешинде бекитилген Улуттук банктын эл аралык камдарды тескөө боюнча инвестициялык саясатына ылайык (мындан ары – Инвестициялык саясат), тобокелдиктерди тескөөнүн негизги максатынан болуп, Улуттук банктын ликвиддүүлүгүн жана активдеринин сакталышын камсыз кылуу саналат. Операциялар ушул Инвестициялык саясатта белгиленген лимиттердин чегинде ишке ашырылат.

Ушул максаттарга ылайык Улуттук банктын алтын валюта активдери жумушчу портфелине жана инвестициялык портфелге бөлүнөт.

### (б) Рыноктук тобокелдик

Рыноктук тобокелдик – бул, рыноктук баанын өзгөрүүсүнөн улам адилет нарктын же финансылык инструмент боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Рыноктук тобокелдик валюта тобокелдигинен, пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдигинен, ошондой эле башка баа тобокелдиктеринен турат. Рыноктук тобокелдик, рыноктогу жалпы жана мүнөздүү болгон өзгөрүүлөрдүн, рыноктук баанын өзгөрүлмөлүүлүгүнүн таасирине туш болгон пайыздык, валюталык жана үлүштүк финансылык инструменттерге карата ачык позициялар боюнча келип чыгат.

Рыноктук тобокелдикке дуушарланууну алгылыктуу параметрлердин чегинен чыкпагандай, ошону менен катар эле кирешелүүлүктү оптималдаштырууну камсыз кыла алгандай тескөөгө алуу жана контролдоо, рыноктук тобокелдикти тескөө милдетинен болуп саналат.

## 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

### (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

Улуттук банк бардык ачык позицияларга баа берүү жол-жобосун туруктуу ишке ашыруу аркылуу рыноктук тобокелдикти тескейт. Мындан тышкары Улуттук банк, финансылык инструменттер боюнча ачык позицияларга белгиленген лимиттерге, пайыздык чендерге, төлөө мөөнөттөрүнө жана тобокелдик көрсөткүчү/кирешелүүлүгүнүн катышына туруктуу көз салып турат.

### *(i) Пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдиги*

Пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдиги – бул, рыноктук пайыздык чендердин өзгөрүүсүнөн улам адилет нарктын же финансылык инструмент боюнча келечекте болжолдонуп жаткан акча каражаттарынын агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Улуттук банк, басымдуулук кылган рыноктук пайыздык чендердин анын финансылык абалына жана акча каражаттарынын агымына таасирлерине дуушарланышы ыктымал. Мындай өзгөрүүлөр пайыздык маржа деңгээлин көбөйтүшү сыяктуу эле, аны төмөндөтүшү да мүмкүн. Пайыздык чендердин күтүүсүз өзгөрүүсү чыгымдардын келип чыгышын шарттайт.

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

### *(i) Пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдиги, уландысы*

***Пайыздык чендердин өзгөрүү мөөнөттөрүнө талдап-иликтөөлөр***

Пайыздык чендердин өзгөрүү тобокелдиги, пайыздык чендердин өзгөрүүсүнө мониторинг жүргүзүү аркылуу тескөөгө алынат. Сый акы чени менен негизги финансылык инструменттер боюнча пайыздык чендердин өзгөрүү мөөнөтүнө карата кыскача маалыматты төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| миң сом | 3 айга чейин | 3 айдан 6 айга чейин | 6 айдан 12 айга чейин | 1 жылдан 5 жылга чейин | 5 жылдан ашкан | Пайызсыз | Балансттык нарк |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2014-жылдын бештин айынын отуз бири** | | | | | | | |
| **АКТИВДЕР** | | | | | | | |
| Баалуу металлдар | 5 900 938 | - | - | - | - | - | 5 900 938 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | 53 441 315 | 17 574 004 | - | - | - | 2 659 627 | 73 674 946 |
| Берилген кредиттер | 1 150 981 | 2 213 412 | 347 043 | 50 143 | 1 039 | - | 3 762 618 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 7 719 194 | 10 808 993 | 10 989 171 | 2 922 017 | - | - | 32 439 375 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 12 181 | 1 733 | 60 147 | 1 253 137 | 126 416 | - | 1 453 614 |
| | **68 224 609** | **30 598 142** | **11 396 361** | **4 225 297** | **127 455** | **2 659 627** | **117 231 491** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 19 618 361 | - | - | - | - | - | 19 618 361 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 325 725 | - | - | - | - | - | 1 325 725 |
| Алынган кредиттер | 118 457 | 425 043 | 425 043 | 2 388 943 | - | - | 3 357 486 |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган СПЗ боюнча милдеттенмелер | 7 232 900 | - | - | - | - | - | 7 232 900 |
| | **28 295 443** | **425 043** | **425 043** | **2 388 943** | **-** | **-** | **31 534 472** |
| | **39 929 166** | **30 173 099** | **10 971 318** | **1 836 354** | **127 455** | **2 659 627** | **85 697 019** |

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

### *(i) Пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдиги, уландысы*

***Пайыздык чендердин өзгөрүү мөөнөттөрүнө талдап-иликтөөлөр, уландысы***

| миң сом | 3 айга чейин | 3 айдан 6 айга чейин | 6 айдан 12 айга чейин | 1 жылдан 5 жылга чейин | 5 жылдан ашкан | Пайызсыз | Балансты к нарк |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2013-жылдын бештин айынын отуз бири** | | | | | | | |
| **АКТИВДЕР** | | | | | | | |
| Баалуу металлдар | 4 928 839 | - | - | - | - | 352 | 4 929 191 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | 52 826 916 | 20 031 534 | - | - | - | 1 522 201 | 74 380 651 |
| Берилген кредиттер | 154 822 | 360 648 | 97 410 | 238 340 | 2 911 | - | 854 131 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 2 970 746 | 4 989 365 | 6 302 468 | 14 602 028 | - | - | 28 864 607 |
| Төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар | 4 481 | 1 980 | 59 680 | 500 768 | 188 593 | - | 755 502 |
| Репо келишимдери боюнча күрөөгө коюлган, төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар | 6 049 | - | - | 750 000 | - | - | 756 049 |
| | **60 891 853** | **25 383 527** | **6 459 558** | **16 091 136** | **191 504** | **1 522 553** | **110 540 131** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 8 425 690 | - | - | - | - | - | 8 425 690 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтарым сатып алуу келишимдери боюнча төлөө үчүн эсептер | 585 744 | - | - | - | - | - | 585 744 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 6 634 637 | - | - | - | - | - | 6 634 637 |
| Алынган кредиттер | 253 708 | 251 360 | 550 951 | 2 847 576 | 126 248 | - | 4 029 843 |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 6 426 299 | - | - | - | - | - | 6 426 299 |
| | **22 326 078** | **251 360** | **550 951** | **2 847 576** | **126 248** | **-** | **26 102 213** |
| | **38 565 775** | **25 132 167** | **5 908 607** | **13 243 560** | **65 256** | **1 522 553** | **84 437 918** |

МАЗМУНУ

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

### *(i) Пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдиги, уландысы*

***Орточо пайыздык чендер***

Төмөндө келтирилген таблицада 2014-2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата пайыздык активдер жана милдеттенмелер боюнча орточо эффективдүү пайыздык чендер чагылдырылган. Бул чендер тиешелүү активдердин жана милдеттенмелердин төлөөгө карата кирешелүүлүгүн чагылдырат.

| | Орточо салмак-танып алынган эффективдүү пайыздык чен, % 2014-ж. | Орточо салмак-танып алынган эффективдүү пайыздык чен, % 2013-ж. |
|---|---|---|
| **Пайыздык активдер** | | |
| **Алтын** | | |
| *Чет өлкө банктарындагы депозиттердеги алтын* | 0,17 | 0,20 |
| **Банктарда жана башка финансылык институттарда депозиттердеги эсептер** | | |
| *“Ностро” түрүндөгү эсептер* | | |
| - АКШ долларында | 0,09 | 0,01 |
| - евродо | 0,04 | 0,17 |
| - канада долларында | 0,01 | 0,67 |
| - австралия долларында | 1,75 | 1,75 |
| - англия фунт стерлингинде | 0,27 | 0,08 |
| - кытай юанында | 0,35 | 0,55 |
| - норвегия кронасында | 1,05 | 1,20 |
| - швед кронасында | 0,00 | 0,58 |
| *Мөөнөттүү депозиттер* | | |
| - АКШ долларында | 0,26 | 0,27 |
| - евродо | 0,24 | 0,21 |
| - канада долларында | 1,10 | 1,08 |
| - англия фунт стерлингинде | 0,57 | 0,49 |
| - австралия долларында | 2,76 | 2,64 |
| - орус рублинде | 19,89 | 6,27 |
| - кытай юанында | 3,28 | 1,96 |
| - норвегия кронасында | 1,53 | 1,57 |
| - швед кронасында | 0,16 | 1,18 |
| **Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар** | | |
| - евродо | - 0,10 | 0,14 |
| - АКШ долларында | 0,52 | 0,19 |
| - австралия долларында | 2,41 | 2,57 |
| - канада долларында | 0,97 | 0,88 |
| - англия фунт стерлингинде | 0,57 | 0,44 |
| **Берилген кредиттер** | | |
| - кыргыз сомунда | 10,64 | 6,68 |
| **Репо келишими боюнча күрөөгө коюлган, төлөөгө чейин кармалып турууччу инвестицияларды кошо алганда, төлөөгө чейин кармалып турууччу инвестициялар** | | |
| - кыргыз сомунда | 6,55 | 5,87 |
| **Пайыздык милдеттенмелер** | | |
| **Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтарым сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер** | - | 4,19 |
| **Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар** | | |
| - кыргыз сомунда | 10,69 | 3,88 |
| **Алынган кредиттер** | | |
| - АКШ долларында | 1,50 | 1,50 |
| **ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер** | 0,05 | 0,13 |

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(i) Пайыздык чендердин өзгөрүү тобокелдиги, уландысы*

***Пайыздык чендердин өзгөрүүсүнүн тийгизген таасирине талдап-иликтөөлөр***

Пайыздык чендердин кайрадан карап чыгуу мөөнөттөрүнө жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөргө негизденген пайыздык чендердин өзгөрүү тобокелдигин тескөөгө алуу, финансылык активдердин жана милдеттенмелердин ийкемдүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү менен толукталат. Пайданын же чыгымдын, ошондой эле өздүк капиталдын пайыздык чендердин өзгөрүүсүнө карата (пайыздык чендерди кайрадан карап чыгуу тобокелдиги), киреше ийрегин пайыздык чендердин көбөйүүсү же азаюусу жагына 20 базистик пунктка катар жылышуусунун жөнөкөйлөтүлгөн сценарийинин жана 2014-2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча колдонулган пайыздык активдерге жана милдеттенмелерге тиешелүү кайрадан каралып чыккан позициялардын негизинде түзүлгөн анализдөөлөр төмөнкүчө чагылдырылышы мүмкүн:

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Чендердин азаюусу жагына 20 базистик пунктка катар жылышуу | (131 450) | (101 528) |
| Чендердин көбөйүүсү жагына 20 базистик пунктка катар жылышуу | 131 450 | 101 528 |

Пайданын же чыгымдын, ошондой эле өздүк капиталдын сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдердин адилет наркынын өзгөрүүсүнө карата ийкемдүүлүгүнө талдап-иликтөөлөр, 2014 жана 2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча колдонулган позициялардын негизинде калыптанган пайыздык чендердин өзгөрүүсүнөн улам ийкемдүүлүгүнө жана кирешелүүлүк ийрегинин пайыздык чендердин көбөйүүсү же азаюусу жагына 20 базистик пунктка катар жылышынын жөнөкөй сценарийин төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| | 2014-ж. | | 2013-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | Пайда же чыгым, миң сом | Чогуу алынган киреше жана капитал, миң сом | Пайда же чыгым, миң сом | Чогуу алынган киреше жана капитал, миң сом |
| Чендердин көбөйүүсү жагына 20 базистик пунктка катар жылышуу | - | (29 776) | - | (52 415) |
| Чендердин азаюусу жагына 20 базистик пунктка катар жылышуу | - | 34 147 | - | 55 295 |

Жогоруда келтирилген таблицада негизги жол берүүлөрдүн өзгөрүү таасири чагылдырылган, ошол эле учурда башка жол берүүлөр өзгөрүүсүз калган. Иш жүзүндө жол берилгендер менен башка факторлор ортосундагы корреляция орун алат. Бул жерде ошондой эле, көрсөтүлгөн ийкемдүүлүк линиялык эмес мүнөзгө ээ экендигин белгилеп кетүү зарыл, ошондуктан көбүрөөк же азыраак таасир этүү ушул натыйжалардын негизинде интерполировкаланууга же экстраполировкаланууга тийиш эмес.

Ийкемдүүлүккө анализдөөлөрдө, Улуттук банк активдерди жана пассивдерди жигердүү тескөөгө ала тургандыгы эске алынбайт. Буга кошумча, Улуттук банктын финансылык абалы рынокто жүргөн өзгөрүүлөргө жараша өзгөрүшү мүмкүндүгүн да кошумчалап кетүү зарыл. Мисалы, Улуттук банктын финансылык тобокелдиктерди тескөө жагындагы стратегиясы, рыноктогу баанын өзгөрүүсүнө байланыштуу тобокелдиктерди тескөөгө багытталган. Баалуу кагаздар рыногунда баанын кескин алгылыксыз мүнөздө өзгөрүп кетиши шартында, жетекчиликтин аракеттеринде инвестицияларды сатуу, инвестициялык портфелдин курамын өзгөртүү, ошондой эле коргонуунун башка ыкмалары да камтылышы мүмкүн. Демек, жол берүүдөгү өзгөрүүлөр милдеттенмелерге айкын таасир этпесе да, рынок баасы боюнча финансылык абал жөнүндө отчетто эсепке алынган активдерге олуттуу таасир этиши мүмкүн. Бул учурда, активдерге жана милдеттенмелерге баа берүүнүн ар кандай ыкмалары капитал өлчөмүнүн өзгөрүүсүнө да алып келиши мүмкүн.

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги*

Улуттук банк, бир нече чет өлкө валютасында туюндурулган активдерге жана милдеттенмелерге ээ.

Валюта тобокелдиги - бул, адилет нарктын же валюталардын алмашуу курстарынын өзгөрүүсүнөн улам, финансылык инструмент боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымынын өзгөрүүсү тобокелдиги. Улуттук банк валюта тобокелдиктеринен коргонуу жагында чараларды көрүп жаткандыгына карабастан, мындай операциялар ФОЭСке ылайык хеджирлөөгө тиешелүү аныктамаларга төп келбейт.

Улуттук банктын 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата валюталар боюнча валюта тобокелдигине дуушарлануусу төмөнкү таблицада чагылдырылган:

| миң сом | Сом | Алтын | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ | Норвегия кронасы | Фунт стерлинг | Кытай юаны | Башка валюталар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Активдер** | | | | | | | | | | | | |
| Баалуу металлдар | - | 5 900 938 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 5 900 938 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | - | - | 26 570 201 | 8 605 285 | 5 149 289 | 1 652 900 | 10 654 592 | 5 774 632 | 2 349 165 | 10 432 665 | 2 486 217 | 73 674 946 |
| Берилген кредиттер | 3 762 618 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 3 762 618 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | - | 2 528 903 | 3 538 025 | 6 976 258 | 15 592 854 | - | - | 3 537 475 | - | 265 860 | 32 439 375 |
| Төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар | 1 453 614 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 453 614 |
| Башка финансылык активдер | 239 151 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 239 151 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | **5 455 383** | **5 900 938** | **29 099 104** | **12 143 310** | **12 125 547** | **17 245 754** | **10 654 592** | **5 774 632** | **5 886 640** | **10 432 665** | **2 752 077** | **117 470 642** |

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

| миң сом | Сом | Алтын | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ | Норвегия кронасы | Фунт стерлинг | Кытай юаны | Башка валюталар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 57 074 591 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 57 074 591 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 8 293 754 | - | 606 531 | - | - | - | - | - | - | - | - | 8 900 285 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 13 097 458 | - | 5 923 278 | 597 625 | - | - | - | - | - | - | - | 19 618 361 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 325 725 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 325 725 |
| Алынган кредиттер | - | - | 26 109 | - | - | - | 3 331 377 | - | - | - | - | 3 357 486 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер | - | - | - | - | - | - | 7 232 900 | - | - | - | - | 7 232 900 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 31 310 | - | 13 549 | - | - | - | - | - | - | - | - | 44 859 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | **79 822 838** | **-** | **6 569 467** | **597 625** | **-** | **-** | **10 564 277** | **-** | **-** | **-** | **-** | **97 554 207** |
| **Таза баланстык жана баланстан тышкаркы позициялар** | **(74 367 455)** | **5 900 938** | **22 529 637** | **11 545 685** | **12 125 547** | **17 245 754** | **90 315** | **5 774 632** | **5 886 640** | **10 432 665** | **2 752 077** | **19 916 435** |

МАЗМУНУ

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

Улуттук банктын 2013-жылдын бештин айынын отуз бирине карата валюталар боюнча валюта тобокелдигине дуушарлануусу, төмөнкү таблицада чагылдырылган:

| миң сом | Сом | Алтын | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ | Норвегия кронасы | Фунт стерлинг | Кытай юаны | Башка валюталар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Активдер** | | | | | | | | | | | | |
| Баалуу металлдар | - | 4 928 839 | - | - | - | - | - | - | - | - | 352 | 4 929 191 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар | - | - | 29 599 531 | 10 503 193 | 8 607 174 | 1 772 713 | 9 752 429 | 4 833 121 | 1 563 742 | 3 838 632 | 3 910 116 | 74 380 651 |
| Берилген кредиттер | 854 131 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 854 131 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | - | 1 233 179 | 4 509 229 | 3 252 713 | 15 012 135 | -- | - | 4 857 351 | - | - | 28 864 607 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 755 502 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 755 502 |
| Репо келишимдери боюнча салынган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 756 049 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 756 049 |
| Башка финансылык активдер | 210 657 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 210 657 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | **2 576 339** | **4 928 839** | **30 832 710** | **15 012 422** | **11 859 887** | **16 784 848** | **9 752 429** | **4 833 121** | **6 421 093** | **3 838 632** | **3 910 468** | **110 750 788** |

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

| миң сом | Сом | Алтын | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ | Норвегия кронасы | Фунт стерлинг | Кытай юаны | Башка валюталар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 66 954 154 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 66 954 154 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 6 199 908 | - | 507 244 | - | - | - | - | - | - | - | - | 6 707 152 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 7 942 026 | - | 3 880 | 479 784 | - | - | - | - | - | - | - | 8 425 690 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайра сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө карата эсептер | 585 744 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 585 744 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 6 634 637 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 6 634 637 |
| Алынган кредитер | - | - | 59 722 | - | - | - | 3 970 121 | - | - | - | - | 4 029 843 |
| Бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмеллер | - | - | - | - | - | - | 6 426 299 | - | - | - | - | 6 426 299 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 13 549 | - | 11 953 | - | - | - | - | - | - | - | - | 25 502 |
| **Жыйынтыгында милдеттенмелер** | **88 330 018** | **-** | **582 799** | **479 784** | **-** | **-** | **10 396 420** | **-** | **-** | **-** | **-** | **99 789 021** |
| **Таза балансттык жана баланстан тышкаркы позициялар** | **(85 753 679)** | **4 928 839** | **30 249 911** | **14 532 638** | **11 859 887** | **16 784 848** | **(643 991)** | **4 833 121** | **6 421 093** | **3 838 632** | **3 910 468** | **10 961 767** |

МАЗМУНУ

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

Төмөнкү таблицада көрсөтүлгөндөй эле, кыргыз сомунун курсунун 2014 жана 2014-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча төмөндө келтирилген валюталарга карата алсызданышы, өздүк капиталдын жана башка чогуу алгандагы кирешенин төмөндө чагылдырылгандай көбөйүүсүнө (азаюусуна) алып келмек. Бул талдап-иликтөөлөр, Улуттук банктын көз карашы боюнча отчеттук мезгилдин акырына карата орун алышы мүмкүн болгон валюта курстарынын өзгөрүүсүнө негизденген. Ийкемдүүлүктүн бул деңгээли Улуттук банкта валюта тобокелдигине тиешелүү, негизги башкаруу персоналына берилүүчү отчетторду даярдоодо колдонулат. Жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдө калган бардык өзгөрүлмөлүүлөр, айрыкча пайыздык чендер өзгөрүүсүз калгандыгы болжолдонгон.

| | 2014-ж. | | 2013-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | Пайда же чыгым<br>миң сом | Чогуу алгандагы киреше жана капитал<br>миң сом | Пайда же чыгым<br>миң сом | Чогуу алгандагы киреше жана капитал<br>миң сом |
| АКШ доллары курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 2 252 964 | - | 3 024 991 |
| Австралия доллары курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 1 724 575 | - | 1 678 485 |
| Канада доллары курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 1 212 555 | - | 1 185 989 |
| Евро курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 1 154 569 | - | 1 453 264 |
| Кытай юани курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 1 043 267 | - | 383 863 |
| Англия фунт стерлинг курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 588 664 | - | 642 109 |

Сомдун жогоруда келтирилген валюталарга карата курсунун чыңдалуусу, 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине жана 2013-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча, эгерде калган бардык өзгөрүлмөлүүлөр өзгөрүүсүз калган учурда, кайтарым таасирге ээ болмок.

**Ийкемдүүлүккө талдап-иликтөөлөрдөгү чектөөлөр**

Жогоруда келтирилген таблицада, калган башка жол берүүлөр өзгөрүүсүз калган шартта, негизги жол берүүлөрдүн өзгөрүүсүнүн таасири чагылдырылган. Иш жүзүндө, жол берилгендер менен башка факторлор ортосунда корреляция орун алат. Бул жерде ошондой эле, көрсөтүлгөн ийкемдүүлүк бир багыттагы мүнөзгө ээ эмес, ошондуктан көбүрөөк же азыраак таасирлер ушул натыйжалардын негизинде интерполирацияланууга же экстраполирацияланууга тийиш эмес.

Ийкемдүүлүккө жогоруда келтирилген анализдөөлөрдөгү башка чектөөлөр потенциалдуу тобокелдикти ачып көрсөтүү максатында, рыноктогу гипотетикалык жылыштарды пайдаланууну камтыйт. Алар болгону, кандайдыр бир деңгээлдеги ишенимдүүлүк менен болжолдоого мүмкүн болбогон, рынокто күтүлүп жаткан өзгөрүүлөр тууралуу Улуттук банктын пикирин гана түшүндүрөт. Ошондой эле, бардык пайыздык чендер бирдей негизде өзгөрөт деп болжолдоонун өзү да чектөө болуп саналат.

### *(iii) Башка баа тобокелдиги*

Башка баа тобокелдиги – бул, ошол айкын инструментке же анын эмитентине мүнөздүү болгон факторлордун же рынокто жүгүртүлгөн ушундай эле бардык финансылык инструменттерге таасир эткен факторлордон улам өзгөрүүлөр болгонбу же жокпу андан көз карандысыз, рыноктук баалардын өзгөрүүсүнүн натыйжасында (мында, пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдигинин

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(iii) Башка баа тобокелдиги, уландысы*

же валюта тобокелдигинин таасиринен улам келип чыккан өзгөрүүлөрдөн тышкары), финансылык инструменттин адилет наркынын же ал боюнча боюнча келечекте күтүлүп жаткан акча каражаттарынын агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Башка баа тобокелдиги, Улуттук банк финансылык инструмент боюнча узун же кыска позицияга ээ болгон шартта келип чыгат.

2014 жана 2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата Улуттук банк чет өлкө банктарындагы эсептердеги алтынга жана башка баалуу металлдарга карата башка баа тобокелдигине дуушарланган.

2014 жана 2013-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча төмөндө көрсөтүлгөн баалуу металлдарга баанын өсүшү же төмөндөшү сомго эквиваленттүү суммада капиталдагы чогуу алгандагы башка кирешени төмөндө көрсөтүлгөн суммаларга көбөйтүүгө же азайтууга алып келмек. Бул талдап-иликтөө, Улуттук банктын көз карашынан алганда баалуу металлдардын баасынын өзгөрүүсүнө таянуу менен ишке ашырылып, отчеттук мезгилдин акырына карата келип чыгышы мүмкүн экендигине негизденген. Талдап-иликтөө, бардык калган өзгөрүлмөлүүлөр өзгөрүүсүз калаарын болжолдойт.

| | 2014-жылдын бештин айынын отуз бири | | 2013-жылдын бештин айынын отуз бири | |
|---|---|---|---|---|
| | Пайда же чыгым, миң сом | Чогуу алгандагы киреше жана капитал, миң сом | Пайда же чыгым, миң сом | Чогуу алгандагы киреше жана капитал, миң сом |
| Алтынга баанын сомдук эквивалентте 10% өсүшү | - | 590 094 | - | 492 884 |
| Алтынга баанын сомдук эквивалентте 10% төмөндөшү | - | (590 094) | - | (492 884) |
| Күмүшкө баанын сомдук эквивалентте 10% өсүшү | - | - | - | 35 |
| Күмүшкө баанын сомдук эквивалентте 10% төмөндөшү | - | - | - | (35) |

## (в) Кредиттик тобокелдик

Кредиттик тобокелдик – бул, карыз алуучулар же Улуттук банктын контрагенти милдеттенмелерин аткарбай коюушунун натыйжасында келип чыккан финансылык жоготуу тобокелдиги. Улуттук банк тарабынан кредит портфелинин концентрацияланышын чектөө боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү кошо алганда, кредиттик тобокелдикти тескөө саясаты жана жол-жоболору иштелип чыгып, эл аралык камдарды тескөөдө орун алышы мүмкүн болгон кредиттик тобокелдикке мониторинг жүргүзүлүшү үчүн жоопкерчиликтүү болгон инвестициялык комитет түзүлгөн.

Кредиттик тобокелдикти минималдаштыруу максатында Улуттук банк, тобокелдиктерди тескөө саясатын колдонот, анда Улуттук банктын контрагенттерине карата талаптар белгиленген. Ушул саясатка ылайык, Moody's Investors Service жана/же дүйнөнүн башка алдыңкы рейтингдик агенттиктеринин (Standard & Poor's Corporation, Fitch IBCA) классификациясы боюнча жогорку рейтингге ээ борбордук банктар, финансылык институттар, коммерциялык банктар гана Улуттук банктын контрагентинен боло алышат.

Финансылык активдер, Moody's, Fitch жана башка сыяктуу эл аралык таанымал рейтингдик агенттиктер тарабынан ыйгарылган кредиттик рейтингдерди эске алуу менен классификацияланат. Эң жогорку мүмкүн болгон рейтинг – Ааа. Финансылык активдердин инвестициялык деңгээли Ааа дан Baa га чейинки рейтингдерге туура келет. Ал эми Moody's Investors Service Baa дан төмөн рейтингге ээ финансылык активдер алып сатарлык деңгээлге чегерилет. Борбордук банк катары

МАЗМУНУ

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

**(в) Кредиттик тобокелдик, уландысы**

Улуттук банктын статусун эске алуу менен контрагенттер төмөнкүдөй эки топко бөлүнгөн:

**А тобу**

- экономикасы жана саясый абалы туруктуу Moody's Investors Service классификациясы боюнча А3төн төмөн болбогон суверендүү рейтингге ээ, өнөр жайы өнүккөн мамлекеттердин борбордук банктары;
- ЭВФ, БМР, ЕБРР, АБР, KfW сыяктуу эл аралык финансылык уюмдар, институттар жана банктар;
- Moody's Investors Service классификациясы боюнча А3төн төмөн болбогон рейтингге ээ чет өлкө коммерциялык банктары.

**В тобу**

- Moody's Investors Service классификациясы боюнча А3төн төмөн суверендүү рейтингге ээ, мамлекеттердин борбордук банктары;
- Кыргыз Республикасы кол койгон, эл аралык келишимде көрсөтүлгөн финансылык институттар;
- Moody's Investors Service классификациясы боюнча А3 төн төмөн, бирок Baa2ден төмөн болбогон рейтингге ээ чет өлкө коммерциялык банктары.

А тобуна кирген контрагенттер менен инвестициялык ишкердикти жүргүзүү, атап айтканда айрым контрагенттер, инвестициялоо инструменттери жана активдердин өлчөмү боюнча чектөөлөргө тиешелүү чечимдер, Улуттук банктын Инвестициялык комитетинин ыйгарым укуктарына ылайык белгиленет. В тобуна кирген ар бир контрагент боюнча инвестициялык ишкердикти жүргүзүү чечими, Улуттук банктын Инвестициялык комитетинин сунушу боюнча Улуттук банк Башкармасы тарабынан кабыл алынат жана бекитилет.

Бир контрагентке, ошондой эле географиялык сегменттер боюнча кредиттик тобокелдикке максималдуу дуушарлануу, кредиттик тобокелдикти контролдоо критерийлеринин биринен болуп саналат.

Улуттук банктын бир контрагентке карата кредиттик тобокелдикке максималдуу дуушарлануусу олуттуу өзгөрүлүп турат жана айрым тобокелдиктен сыяктуу эле, рынок экономикасына мүнөздүү болгон жалпы тобокелдиктерден көз каранды болуп саналат. Улуттук банктын кредиттик тобокелдигинин максималдуу деңгээли эрежедегидей эле, финансылык абал жөнүндө отчеттогу финансылык активдердин баланстык наркында чагылдырылат. Активдердин жана милдеттенмелердин өз ара чегеришүү мүмкүндүгү потенциалдуу кредиттик тобокелдикти басаңдатуу үчүн олуттуу деле мааниге ээ эмес.

Отчеттук күнгө карата финансылык активдерге карата кредиттик тобокелдиктин максималдуу деңгээлин төмөнкүчө чагылдырууга болот.

| | 2014-ж. миң сом | 2013-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | |
| Баалуу металлдар | 5 900 938 | 4 929 191 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар | 73 674 946 | 74 380 651 |
| Берилген кредиттер | 3 762 618 | 854 131 |
| Үлүштүк инвестицияларды эске албаганда, сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 32 439 375 | 28 864 607 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 1 453 614 | 755 502 |
| Репо келишимдери боюнча салынган төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | - | 756 049 |
| Башка финансылык активдер | 239 151 | 210 657 |
| **Бардыгы болуп, тобокелдиктердин максималдуу деңгээли** | **117 470 642** | **110 750 788** |

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (в) Кредиттик тобокелдик, уландысы

### Географиялык концентрациялануу

Улуттук банктын Инвестициялык комитети өз контрагенттеринин өлкөлүк тобокелдиктерине туруктуу мониторингди жүзөгө ашырып турат. Бул ыкма Улуттук банкка, валюталык запастар жайгаштырылган өлкөлөрдө инвестициялык жагдайдын өзгөрүүсүнөн улам келип чыгышы мүмкүн болгон чыгымдарды азайтууга өбөлгө түзөт.

Кийинки таблицада 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата активдердин жана милдеттенмелердин географиялык концентрациялануусу чагылдырылган:

| миң сом | Кыргыз Республикасы | ОЭСРге кирген өлкөлөр | ОЭСРге кирбеген өлкөлөр | Эл аралык финансы институттары | Жыйынтыгында, 2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата |
|---|---|---|---|---|---|
| **Активдер** | | | | | |
| Баалуу металлдар | - | 5 900 938 | - | - | 5 900 938 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | 656 156 | 58 507 869 | 381 227 | 14 129 694 | 73 674 946 |
| Берилген кредиттер | 3 762 618 | - | - | - | 3 762 618 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | 26 160 808 | 376 487 | 5 902 080 | 32 439 375 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 1 453 614 | - | - | - | 1 453 614 |
| Башка финансылык активдер | 239 151 | - | - | - | 239 151 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | **6 111 539** | **90 569 615** | **757 714** | **20 031 774** | **117 470 642** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 57 074 591 | - | - | - | 57 074 591 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | 8 878 695 | - | - | 21 590 | 8 900 285 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 19 618 361 | - | - | - | 19 618 361 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 325 725 | - | - | - | 1 325 725 |
| Алынган кредиттер | 26 109 | - | - | 3 331 377 | 3 357 486 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | - | - | - | 7 232 900 | 7 232 900 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 44 859 | - | - | - | 44 859 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | **86 968 340** | **-** | **-** | **10 585 867** | **97 554 207** |
| **Таза баланстык позиция** | **(80 856 801)** | **90 569 615** | **757 714** | **9 445 907** | **19 916 435** |

МАЗМУНУ

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (в) Кредиттик тобокелдик, уландысы

### Географиялык концентрациялануу, уландысы

Кийинки таблицада 2013-жылдын бештин айынын отуз бирине карата активдердин жана милдеттенмелердин географиялык концентрациялануусу чагылдырылган:

| миң сом | Кыргыз Республикасы | ОЭСРге кирген өлкөлөр | ОЭСРге кирбеген өлкөлөр | Эл аралык финансы институттары | Жыйынтыгында, 2013-жылдын бештин айынын отуз бирине карата |
|---|---|---|---|---|---|
| **Активдер** | | | | | |
| Баалуу металлдар | - | 4 929 191 | - | - | 4 929 191 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансы мекемелердеги каражаттар | 298 577 | 51 624 706 | 8 515 360 | 13 942 008 | 74 380 651 |
| Берилген кредиттер | 854 131 | - | - | - | 854 131 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | 21 673 430 | | 7 191 177 | 28 864 607 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 755 502 | - | - | - | 755 502 |
| Репо келишимдери боюнча салынган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 756 049 | - | - | - | 756 049 |
| Башка финансылык активдер | 210 657 | - | - | - | 210 657 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | **2 874 916** | **78 227 327** | **8 515 360** | **21 133 185** | **110 750 788** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР:** | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 66 954 154 | - | - | - | 66 954 154 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 6 692 503 | - | - | 14 649 | 6 707 152 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 8 425 690 | - | - | - | 8 425 690 |
| Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайра сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер | 585 744 | - | - | - | 585 744 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 6 634 637 | - | - | - | 6 634 637 |
| Алынган кредиттер | 59 722 | - | - | 3 970 121 | 4 029 843 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | | | | 6 426 299 | 6 426 299 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 25 502 | - | - | - | 25 502 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | **89 377 952** | **-** | **-** | **10 411 069** | **99 789 021** |
| **Таза баланстык позиция** | **(86 503 036)** | **78 227 327** | **8 515 360** | **10 722 116** | **10 961 767** |

## (г) Ликвиддүүлүк тобокелдиги

Ликвиддүүлүк тобокелдиги – бул, Улуттук банктын финансылык инструменттер боюнча милдеттенмелеринин ордун жабуу учурунда кыйынчылыктардын келип чыгуу тобокелдиги. Активдер жана милдеттенмелер боюнча ордун жабуу мөөнөттөрүнүн дал келбей калышы учурунда ликвиддүүлүк тобокелдиги келип чыгат. Активдер жана милдеттенмелер боюнча ордун жабуу

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Ликвиддүүлүк тобокелдиги, уландысы

мөөнөттөрүнүн дал келиши жана/же дал келбеши Улуттук банкты кошо алганда, финансылык институттарда орун алышы мүмкүн болгон ушул тобокелдикти тескөөдөгү негизги учур болуп саналат. Жүргүзүлүп жаткан операциялардын ар түрдүүлүгү жана аларга байланыштуу белгисиздик жагдайынын орун алышы, активдердин жана милдеттенмелердин ордун жабуу мөөнөттөрүнүн толугу менен дал келиши, финансылык инстутиттар үчүн кадимки калыптанган тажрыйба болуп саналбайт.

Улуттук банк төлөө мөөнөтүнүн келип жетишине жараша, бардык милдеттенмелерди аткаруу үчүн зарыл болгон акча каражаттарынын дайыма колдо болуп турушун камсыз кылуу максатында, ликвиддүүлүктүн зарыл деңгээлин колдоого алып турат. Улуттук банктын ликвиддүүлүктү тескөө жагындагы саясаты банк Башкармасы тарабынан кароого алынып, бекитилет.

Улуттук банк каржылоо булактарынын диверсификацияланган жана туруктуу түзүмүн, ликвиддүүлүккө карата келип чыккан күтүүсүз талаптарга оперативдүү жана кескин өзгөрүүсүз чара көрүүгө жөндөмдүү болуу үчүн жигердүү колдоого алып турууга аракеттенет.

Улуттук банк эмиссиялык банк экендигин эске алганда (ал улуттук валюта – сомдун эмиссиясын жүргүзөт), улуттук валютадагы милдеттенмелерди аткара албай калуу тобокелдиги минималдуу, мында ликвиддүүлүк тобокелдиги айрыкча Улуттук банктын чет өлкө валютасында туюндурулган финансылык милдеттенмелеринин аткарылышына тиешелүү келип чыгышы мүмкүн.

Улуттук банктын чет өлкө валютасындагы активдеринин жана милдеттенмелеринин ликвиддүүлүгүн тескөө төмөнкүлөрдөн турат:

- чет өлкө валюталары боюнча акча каражаттарынын агымын болжолдоо жана акча каражаттарынын ушул агымына байланыштуу ликвиддүү активдердин зарыл деңгээлин эсептөөлөрдөн;
- булактардын диверсификацияланган түзүмүн колдоого алуудан;
- жогорку ликвиддүү активдер портфелин тейлөөнү, аны кассалык ликвиддүүлүктүн ажырым келип чыккан шартта, коргоо чарасы катары эркин ишке ашырууга болот;
- ликвиддүүлүктү жана каржылоонун талап кылынган деңгээлин колдоо боюнча камдык пландарды иштеп чыгуудан;
- Улуттук банктын ликвиддүүлүгүнүн баланстык көрсөткүчтөрүнүн белгиленген ченемдерге ылайык келүүсүнө контролдукту жүзөгө ашыруудан.

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Ликвиддүүлүк тобокелдиги, уландысы

2014-жылдын бештин айынын отуз бирине карата төлөө мөөнөттөрү боюнча финансылык милдеттенмелерге жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдү төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| миң сом | Талап боюнча төлөнүүчү жана 1 айга жетпеген | 1 айдан 3 айга чейин | 3 айдан 6 айга чейин | 6 айдан 12 айга чейин | 1 жылдан ашкан | Акча каражатта рынын агылып чыгышынын/агылып киришинин суммардык өлчөмү | Балanстык нарк |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Туунду эмес милдеттенмелер** | | | | | | | |
| Банктардын жана башка финансылык мекемелердин каражаттары | 8 900 285 | - | - | - | - | 8 900 285 | 8 900 285 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 19 618 361 | - | - | - | - | 19 618 361 | 19 618 361 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 328 310 | - | - | - | - | 1 328 310 | 1 325 725 |
| Алынган кредиттер | 26 109 | 92 348 | 425 043 | 425 043 | 2 390 129 | 3 358 672 | 3 357 486 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган, АКУ боюнча милдеттенмелер | 7 232 294 | 606 | - | - | - | 7 232 900 | 7 232 900 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 13 111 | 4 195 | 6 839 | 6 423 | 14 291 | 44 859 | 44 859 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | **37 118 470** | **97 149** | **431 882** | **431 466** | **2 404 420** | **40 483 387** | **40 479 616** |

2013-жылдын бештин айынын отуз бирине карата төлөө мөөнөттөрү боюнча финансылык милдеттенмелерге жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдү төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| миң сом | Талап боюнча төлөнүүчү жана 1 айга жетпеген | 1 айдан 3 айга чейин | 3 айдан 6 айга чейин | 6 айдан 12 айга чейин | 1 жылдан ашкан | Акча каражатта рынын агылып чыгышынын/агылып киришинин суммардык өлчөмү | Балanстык нарк |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Туунду эмес милдеттенмелер** | | | | | | | |
| Банктардын жана башка финансылык мекемелердин каражаттары | 6 707 152 | - | - | - | - | 6 707 152 | 6 707 152 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 8 425 690 | - | - | - | - | 8 425 690 | 8 425 690 |
| Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайра сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер | 586 279 | - | - | - | - | 586 279 | 585 744 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 6 645 000 | - | - | - | - | 6 645 000 | 6 634 637 |
| Алынган кредиттер | 171 697 | 82 043 | 251 360 | 551 200 | 2 983 919 | 4 040 219 | 4 029 843 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган, АКУ боюнча милдеттенмелер | 6 425 183 | 1 116 | - | - | - | 6 426 299 | 6 426 299 |
